Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# ГЕОГРАФИЯ

***Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 10- класс окуучулары үчүн окуу китеби***

*Өзбекстан Республикасынын Элге билим берүү министрлиги басууга сунуштаган*

**ЖАҢЫ БАСЫЛЫМ**



Ташкент—2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



УУК 91(075.3)
КБК 26.8я72
Г 31

Түзүүчүлөр:

**В.Н.Федорко, Н.И.Сафарова, Ж.А.Исматов, Э.Я.Назаралиева**

**Рецензенттер:**

**М. Эгамбердиева** — Мырза Улугбек атындагы Өзбекстан Улуттук университети, География жана табигый ресурстар факультети, экономикалык жана социалдык география кафедрасы доценти, г.и.к.

**З. Абдалова** — Низамий атындагы Ташкент мамлекеттик университети, география жана аны окутуу методикасы кафедрасы доценти, г.и.к.

**Ф. Ражабов** — Ташкент областы Чырчык мамлекеттик педагогика институту, География кафедрасы башчысы г.и.ф.д (PhD), доценти, г.и.к.

**Р. Абдиев** — Наваи областы Наваи шаарындагы 11-мектептин география предмети мугалими.

**Л. Балтаева** — Ташкент шаары Юнусабад районундагы 273-мектептин география предмети мугалими.

**М. Рашидова** — Ташкент шаары Яшнабад районундагы 198-мектептин география предмети мугалими.

Карталар география илимдери боюнча философия доктору (PhD) **Виктор Федорко** редакциясы астында берилди.

География [Текст]: 10-класс үчүн окуу китеби / В. Федорко [ж.баш.]. — Ташкент: Республикалык билим берүү борбору, 2022. — 192 б.

ISBN 978-9943-8458-9-3

**ШАРТТУУ БЕЛГИЛЕР:**

— ачкыч сөздөр

— билимдерди активдештиребиз

— эстеп кал!

— суроо жана тапшырмалар

*Республикалык максаттуу китеп фондунун каражаттары эсебинен басылды.*
*Оригинал макет жана дизайн концепциясы Республикалык билим берүү борбору тарабынан иштелип чыкты*

ISBN 978-9943-8458-9-3
© Республикалык билим берүү борбору, 2022

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# МАЗМУНУ


Киришүү ....................................................................................................5

**I бөлүм. Дүйнөнүн жалпы мүнөздөмөсү ................................................................ 6**

**1-глава. Дүйнөнүн саясий картасы ....................................................................6**

1-§. Дүйнөнүн саясий картасы ..............................................................................6

2-§. Дүйнө өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча мүнөздөмөсү........10

3-§. Өлкөнүн башкаруу формасы жана мамлекеттик түзүлүшү ..................................13

4-§. Практикалык машыгуу. ***Дүйнөнүн саясий картасы менен иштөө*** .......................16

**2-глава. Дүйнөнүн табигый ресурстары ............................................................. 18**

5-§. Минералдык ресурстардын географиясы ..........................................................18

6-§. Түгөнбөөчү жана калыбына келүүчү ресурстардын географиясы.............................21

7-§. Долбоордук сабак. Глобалдык экологиялык маселелер .........................................25

**3-глава. Дүйнөнүн калкы .................................................................................. 27**

8-§. Дүйнө калкынын саны, өсүшү жана жайгашуусу ..................................................27

9-§. Дүйнө калкынын курактык, жыныстык жана расалык курамы ..................................32

10-§. Дүйнө калкынын этникалык жана диний курамы ..................................................36

11-§. Дүйнө өлкөлөрүнүн урбанизациясы ...................................................................39

12-§. Практикалык машыгуу. ***Калктын кыймылы, курамы жана жайгашуусуна тиешелүү маселелер*** ..................................43

**4-глава. Дүйнөлүк чарба географиясы ................................................................44**

13-§. Дүйнөлүк чарба жана эл аралык эмгектин бөлүнүшү ..........................................44

14-§. Дүйнөлүк экономика борборлору жана эл аралык интеграция жараяндары ..........48

15-§. Практикалык машыгуу. Дүйнөлүк чарба жана анын курамын үйрөнүү. .................... 51

16-§. Дүйнөлүк энергетиканын географиясы ...............................................................53

17-§. Практикалык машыгуу. ***Дүйнөлүк өнөр жайдын географиясы жана анын өзгөрүшүн үйрөнүү*** ...............................................56

18-§. Дүйнөлүк айыл чарба географиясы.....................................................................59

19-§. Дүйнөлүк транспорт географиясы ......................................................................63

20-§. Эл аралык экономикалык байланыштар географиясы .........................................66

21-§. Жалпылаштыруучу сабак. ...................................................................................69

**II бөлүм. Дүйнөнүн регионалдык мүнөздөмөсү ...................................................... 70**

**5-глава. Европа өлкөлөрү ...................................................................................70**

22-§. Европанын географиялык орду, чек аралары жана саясий картасы ........................70

23-§. Практикалык машыгуу. ***Европанын саясий картасын үйрөнүү*** ..............................74

24-§. Германия Федеративдик Республикасы.................................................................79

25-§. Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугу.......................................79

26-§. Франция Республикасы .......................................................................................82

27-§.Италия Республикасы ..........................................................................................85

28-§. Россия Федерациясы...........................................................................................88

29-§. Россия Федерациясынын чарбасы.........................................................................91

30-§. Жалпылаштыруучу сабак ......................................................................................94


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**6-глава. Азыя өлкөлөрү** ........ **95**
31-§. Азия континентинин географиялык орду, чек аралары жана саясий картасы ........95
32-§. Практикалык машыгуу. ***Азиянын саясий картасын үйрөнүү*** ........98
33-§. Азия өлкөлөрүнүн экономикалык өнүгүүсү ........100
34-§. Казакстан Республикасы ........103
35-§. Кыргыз Республикасы ........106
36-§. Түркмөнстан Республикасы ........109
37-§. Тажикстан Республикасы ........112
38-§. Практикалык машыгуу. ***Борбордук Азия мамлекеттеринин салыштырма географиялык мүнөздөмөсү*** ........115
39-§. Түркия Республикасы ........116
40-§. Практикалык машыгуу. ***Иран, Афганстан жана Пакистандын салыштырма географиялык мүнөздөмөсү*** ........119
41-§. Кытай Эл Республикасы ........123
42-§. Кытай экономикасы жана экономикалык райондору ........125
43-§. Корея Республикасы ........128
44-§. Япония ........131
45-§. Индия Республикасы ........134
46-§. Перс булуңунун араб мамлекеттери ........137
47-§. Жалпылаштыруучу сабак ........139

**7-глава. Африка, Австралия жана Океания, Америка өлкөлөрү** ........ **141**
48-§. Африканын географиялык орду, саясий картасы, табигый ресурстары ........141
49-§. Африка мамлекеттеринин калкы жана чарбасы ........145
50-§. Түштүк Африка Республикасы ........148
51-§. Нигерия Федеративдик Республикасы ........151
52-§. Египет Араб Республикасы ........154
53-§. Практикалык машыгуу. ***Африканын саясий картасы, табигый жана экономикалык географиялык шартын үйрөнүү*** ........157
54-§. Австралия союзу ........159
55-§. Американын саясий картасы ........162
56-§. Америка Кошмо Штаттары ........167
57-§. АКШ чарбасы жана экономикалык райондору ........170
58-§. Канада ........174
59-§. Бразилия ........176
60-§. Жалпылаштыруучу кайталоо ........179

**Глоссарий** ........ **180**
Пайдаланылган жана сунушталган адабияттардын тизмеси ........183
Эл аралык статистикалык маалыматтар менен таанышууда пайдаланууга мүмкүн болгон веб-сайттар ........184

**Тиркеме** ........ **185**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# Киришүү

Кымбаттуу окуучулар! Силер 10-класста география сабактарында бул окуу китебинин жардамы менен заманбап дүйнө, анын ири алкактары, дүйнөнүн экономикалык жана саясий системасында маанилүү орунду ээлеген өлкөлөргө тиешелүү социалдык-экономикалык географиялык өзгөчөлүктөрдү үйрөнөсүңөр, түрдүү глобалдык жана аймактык экономикалык, социалдык жана экологиялык жараяндар жөнүндө системалуу маалыматка ээ болосуңар.

Окуу китебинин негизги максаты силерге дүйнөнүн жана жана өлкөлөрүнүн экономикалык жана социалдык географиясына карата заманбап билим берүүдөн, өз алдынча билим алууга жана аны практикада колдонууга үйрөтүүдөн турат.

Окуу китеби эки **«Дүйнөнүн жалпы мүнөздөмөсү»** жана **«Дүйнөнүн регионалдык мүнөздөмөсү»** бөлүмдөрүнөн турат. Жалпы бөлүмдүн негизги милдеттери дүйнөнүн саясий картасы, табигый ресурстары, калкы жана чарбасы жөнүндөгү жалпы илимий сүрөттөөнү калыптандыруудан турат. Окуу китебинин регионалдык бөлүмүндө дүйнөнүн ири алкактары Европа, Африка, Америка жана Австралиянын саясий картасы, табигый ресурстары, калкы жана экономикасынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү ачып берилген.

Ошондой эле, бардык континенттердеги таяныч, башкача айтканда, ар тараптуу көңүл буруууга ылайык мамлекеттердин географиялык мүнөздөмөлөрүнө арналган темалар да ушул бөлүмдөн орун алган. Мамлекеттердин экономикалык-географиялык мүнөздөмөсү ушул предметке кабыл алынган усулдук жандашуудан пайдаланган абалда аткарылды.

Мында, географиялык орун, табигый шарт жана ресурстар, калктын чарбачылыктагы мааниси жагынан бааланат.

Окуу китебин жазууда авторлор Бириккен Улуттар Уюму, Эл аралык валюта фонду, БУУнун Тамак-аш жана айыл чарбачылыгы мекемеси (ФАО), БУУнун Өндүрүштү өнүктүрүү мекемеси (ЮНИДО), «British Petroleum» компаниясы, АКШнын Геологиклык кызматы, чет мамлекеттердин статистикалык башкармаларынын расмий маалыматтары, Россия Федерациясы, Европа жана Азия өлкөлөрүндө басылып чыккан маалыматтар, статистикалык жыйнактар, географиялык атластар жана башка илимий-усулдук материалдардан пайдаланышты.

Окуу китебинде дүйнө жана мамлекеттер калкынын саны 1.07.2020-жылдын абалына карата, БУУ Калкты изилдөө бюросунун расмий маалыматтары боюнча берилген.



UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

# I бөлүм. Дүйнөнүн жалпы мүнөздөмөсү

## 1-глава. Дүйнөнүн саясий картасы

Саясий карта, Бириккен Улуттар Уюму (БУУ), эң ири жана «кичи» мамлекеттер, арал мамлекеттер, жарым арал мамлекеттер, ички континенттик мамлекеттер, эгемендүү мамлекеттер.

Эгемендүү мамлекеттин кандай белгилери бар?

### 1-§. Дүйнөнүн саясий картасы

Дүйнөнүн саясий картасындагы, 2022-жылдын башындагы абалына көрө, дүйнө коомчулугу тарабынан, тактап айтканда, Бириккен Улуттар Уюму (БУУ) тарабынан эгемендүүлүгү расмий тан алынган 194 суверендүү мамлекет бар. Булардан 193 ү БУУнун иш-аракетинде мүчө мамлекеттер иретинде, бирөөсү (Ватикан) болсо күзөтүүчү мамлекет болуп катышууда.

Мамлекеттер бири-биринен түрдүү өзгөчөлүктөрү менен ажыралып турат. Мындай маанилүү жактарынан бири аймактын чоңдугу эсептелет. Дүйнөдөгү жыйырма тогуз эгемендүү мамлекеттин аянты 1 млн км$^2$ ден чоң болуп, анын ичинен он экисинин аймагы 2 млн км$^2$ден, алтоосунун аянты 5 млн км$^2$ден чоң *(1-сүрөт)*.




*1-сүрөт.* **Аймагынын чоңдугу боюнча дүйнөдөгү эгемендүү мамлекеттердин бөлүнүшү.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ошуну менен бирге дүйнөдөгү мамлекеттердин ичинде аймагынын чоңдугу жагынан майда же «кичи» бир топ мамлекеттер да көңүлдү өзүнө каратат *(1-жадыбал).* Дүйнөнүн саясий картасында аянты 1 миң км²ге жетпеген 24 эгемендүү мамлекет бар. Мындай категориядагы мамлекеттер түрдүү континенттерде, өзгөчө Европада (Ватикан, Монако, Сан-Марино, Лихтенштейн ж.б.), Азияда (Мальдив Республикасы, Сингапур, Бахрейн), Америкада (Сент-Китс жана Невс, Гренада, Барбадос ж.б), Океанияда (Науру, Тувалу, Маршалл аралдары ж.б) жайгашкан.

*1-жадыбал.* ***Дүйнөнүн 10 эң ири жана 10 эң кичи мамлекеттери (2022-жыл)***

| № | Мамлекеттер | Аймагы (млн км²) | № | Мамлекеттер | Аймагы (км²) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Россия | 17,1 | 185 | Мальта | 316 |
| 2 | Канада | 10,0 | 186 | Мальдив Республикасы | 298 |
| 3 | Кытай | 9,6 | 187 | Сент-Китс жана Невис | 261 |
| 4 | Америка Кошмо Штаттары | 9,5 | 188 | Маршал аралдары | 181 |
| 5 | Бразилия | 8,5 | 189 | Лихтенштейн | 160 |
| 6 | Австралия | 7,7 | 190 | Сан-Марино | 61 |
| 7 | Индия | 3,3 | 191 | Тувалу | 26 |
| 8 | Аргентина | 2,8 | 192 | Науру | 21 |
| 9 | Казакстан | 2,7 | 193 | Монако | 2 |
| 10 | Алжир | 2,4 | 194 | Ватикан | 0,44 |

Мамлекеттер географиялык орду жагынан биринчи кезекте, деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана мындай мүмкүнчүлүгү жок мамлекеттерге бөлүнөт. Деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү бар мамлекеттер арал, жарым арал жана деңиз бою континенттик мамлекеттерге бөлүнөт *(2-сүрөт).* Дүйнө океаны жана анын деңиздерине түздөн-түз туташ болбогон мамлекеттер **ички континенттик мамлекеттер** тобун түзөт. Мындай географиялык жайгашууга ээ мамлекеттер дүйнөнүн саясий картасында 44. Өзбекстан Республикасы да ички континенттик мамлекет эсептелет.

<table>
<tr><th colspan="4">Мамлекеттин географиялык орду боюнча топтору</th></tr>
<tr><td colspan="3">Деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ мамлекеттер (жалпы 150)</td><td rowspan="2">Деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү жок (ички континенттик) мамлекеттер (жалпы 44)<br>Австрия, Белорусь, Казакстан, Өзбекстан, Афганстан, Монголия, Чад, Эфиопия, Уганда, Боливия ж.б.</td></tr>
<tr><td>Арал мамлекеттер<br>Индонезия, Япония, Шри-Ланка, Улуу Британия, Ирландия, Мадагаскар, Куба, Ямайка ж.б.</td><td>Жарым арал мамлекеттер<br>Сауд Арабиясы, Испания, Италия, Корея Республикасы, Вьетнам ж.б</td><td>Деңиз бою континенттик амлекеттер<br>Франция, Германия, Кытай, Египет, АКШ, Канада, Австралия ж.б</td></tr>
</table>

*2-сүрөт.* **Мамлекеттердин географиялык орду боюнча бөлүнүшү.**

Дүйнөнүн азыркы саясий картасы түрдүү тарыхый жараяндардын таасиринде калыптанган. Ошолордун ичинен Биринчи жана Экинчи дүйнөлүк согуштар, калониялык системанын жемирилиши, социалисттик системанын кыйрашы өзүнчө көңүл бурууга ылайык. Ушул тарыхый

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



окуялардын таасиринде XX жана XXI кылымдарда дүйнөдө эгемендүү мамлекеттердин саны токтоосуз көбөйүп келди *(2-жадыбал).*

*2-жадыбал.* Эгемендүү мамлекеттер санынын өзгөрүп барышы (1900–2022-жылдар)

| Аймактар | Эгемендүү мамлекеттер саны | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | 1900-ж | 1945-ж | 1990-ж | 2000-ж | 2018-ж |
| Европа | 24 | 31 | 33 | 43 | 44 |
| Азия | 9 | 18 | 40 | 47 | 48 |
| Африка | 4 | 3 | 52 | 53 | 54 |
| Америка | 20 | 22 | 35 | 35 | 35 |
| Австралия жана Океания | 0 | 2 | 12 | 13 | 13 |
| Дүйнө жүзү | 57 | 76 | 172 | 191 | 194 |

Дүйнөнүн саясий картасында заманбап тарыхый доордо, башкача айтканда, 1990-жылдан кийин эң чоң өзгөрүүлөрдү келтирип чыгарган окуя — 1991-жылы мурдагы Союздун жоюлушу болду. Мунун натыйжасында 15 жаңы эгемендүү мамлекет пайда болду. Армения, Беларусь, Эстония, Грузия, Латвия, Литва, Молдова, Азербайжан, Кыргызстан, Казакстан, Россия Федерациясы, Тажикстан, Түркмөнстан, Украина, Өзбекстан.

Европада 1991–1992-жылдарда Югаславиянын бөлүнүп кетишинин натыйжасында Словения, Хорватия, Босния жана Герцеговина, Македония (2019-жылдан Түндүк Македония деп аталат). Югославиянын курамында Сербия менен Черногория гана калган. 2006-жылы Черногория Сербиядан бөлүнүп чыгып, эгемендүү мамлекетке айланды.

1993-жыл 1-январдан Чехословакия мамлекетинин ордуна Чехия жана Словакия эгемендүү республикалары түзүлдү.

Дүйнөнүн саясий картасындагы бул өзгөрүүлөр эл аралык социалисттик системанын жоюлушу менен байланыштуу болду. Ошондой эле, ушул жараян менен байланыштуу түрдө 1990-жылы Европада эки немис мамлекети (Германия Федеративдик Республикасы жана Германия Демократиялык Республикасы) кошулуп, бирдиктүү Германия Федеративдик Республикасы, Азияда Йемен Араб Республикасы жана Йемен Эл Демократиялык Республикасы биригип, бирдиктүү Йемен Республикасы түзүлдү.

Башка саясий жараяндардын таасиринде да дүйнөнүн саясий картасында жаңы суверендүү мамлекеттердин пайда болуусу улантылды. Африкада 1993-жылы көп жылдык согуштун натыйжасында Эритрея Эфиопиянын курамынан бөлүнүп, эгемендүү мамлекет статусуна ээ болду. Океанияда 1994-жылы Палау мамлекети АКШнын көзөмөлү астындагы аймактан эгемендүү мамлекетке айланды. Түштүк-чыгыш Азияда 2002-жылы Чыгыш Тимор эгемендүү мамлекеттер катарын толтурду. Африка континентинде 2011-жылы 9-июлда референдумдун натыйжалары боюнча, Судандын курамынан Түштүк Судан мамлекети бөлүнүп чыкты. Ал азыр эң жаш эгемендүү мамлекет болуп эсептелет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Жазуусуз картада тамгалар менен кайсы мамлекеттер көрсөтүлгөнүн аныктагыла.




2 Окуу китебинин тиркемеси жана атластагы дүйнөнүн саясий картасынын жардамында Европа, Азия, Африка, Америка материктеринде жайгашкан 5 тен эң ири жана эң кичине мамлекеттердин атын дептериңерге жазгыла жана жазуусуз картага белгилегиле.

3 Төмөнкү жадыбалда берилген мамлекеттердин географиялык жайгашуу өзгөчөлүктөрүнө карай арал, жарым арал, деңиз боюу континенталдык жана ички континенталдык топторго ажыраткыла.

| | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Ирландия | Египет | Монголия | Мадагаскар | Норвегия | Куба | Вьетнам | Польша |
| Кытай | Боливия | Испания | Өзбекстан | Франция | Австрия | Италия | Фижи |

4 Дүйнөнүн саясий картасынан Европа, Азия, Африка жана Океаниядагы эң жаңы (1990-жылдан кийинки мезгилде эгемендүүлүккө жетишкен) эгемендүү мамлекеттерди тапкыла.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Социалдык-экономикалык өнүгүү, жалпы ички дүң өнүм, өнүккөн өлкөлөр, өнүгүп келе жаткан өлкөлөр, «Чоң жетилик» тобу.*

*Социалдык-экономикалык өнүгүү дегенде эмнени түшүнөсүңөр?*

***Ички дүң өнүм (ИДӨ)*** *өлкөнүн экономикалык потенциалынын негизги көрсөткүчү болуп эсептелет жана ал белгилүү убакытта өлкөдө өндүрүлгөн продукция жана кызмат көрсөтүүлөрдүн базар наркын билдирет*

# 2-§. Дүйнө өлкөлөрүнүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча мүнөздөмөсү

Дүйнө өлкөлөрүнүн эң маанилүү белгилеринин бири — алардын социалдык-экономикалык өнүгүү көрсаткүчү. Мамлекеттердин социалдык-экономикалык өнүккөндүгүн баалоо үчүн бир нече критерийлер колдонулат. Бул критерийлердин негизгилери:

— жылпы ички дүң өнүмүнүн жалпы жана калктын жан башына туура келүүчү көлөмү;

— улуттук экономика тармактарынын курамы;

— мамлекет экспортунун товар курамы;

— түрдүү көрсөткүчтөр менен белгиленүүчү калктын турмуш көрсаткүчү;

Дүйнө өлкөлөрү жогорудагы критерийлер негизинде БУУ тарабынан 3 ири блокко бөлүнөт: *өнүккөн, өнүгүп келе жаткан жана экономикасы өткөөл жолундагы* өлкөлөр.

Өнүккөн өлкөлөрдүн катарына, Европадагы көптөгөн (Чыгыш Европадан тышкары), АКШ, Канада, Япония, Австралия, Жаңы Зеландия, Израиль, Корея Республикасы, Сингапур жана Түштүк Африка Республикасы сыяктуу мамлекеттер кирет. Бул мамлекеттердин социалдык-экономикалык өнүгүүсү бир катар аспектилерде көрүнөт *(3-жадыбал).*

*3-жадыбал.* ***Өнүккөн мамлекеттердин негизги белгилери***

| | |
|---|---|
| **ИДӨнүн калктын жан башына көлөмү** | • 25 000 АКШ долларынан жогору |
| **Улуттук экономика тармактарынын курамы** | • Заманбап технологияларга негизделген кайра иштөөчү өнөр жайы жогору даражада өнүккөн |
| **Мамлекет экспортунун товар курамы** | • экспорт курамында даяр продукциянын жетекчилик кылышы |
| **Калктын турмуш көрсаткүчү** | • Калктын кирешеси, саламаттыгы жана сабаттуулук көрсаткүчү абдан жогору |

Өнүккөн мамлекеттердин арасында чоң экономикалык деңгээлинин жана өндүрүү көлөмү менен «*Чоң жетилик*» тобун түзүүчү мамлекеттер өзүнчө ажыралып турат. Ушул топко АКШ, Канада, Япония, Германия, Франция, Улуу Британия жана Италия кирет. Бул өлкөлөр эл аралык экономикалык жана саясий мамилелер системасында өзгөчө орунду ээлейт *(4-жадыбал).*

Азия, Африка, Америка жана Океаниянын көпчүлүк мамлекеттери өнүгүп келе жаткан өлкөлөр блогуна кирет. Дүйнө калкынын эң чоң бөлүгү (2020-жыл маалыматтары боюнча 6,5 млрд киши) жашоочу бул мамлекеттер социалдык-экономикалык өнүгүү көрсаткүчү жана өзгөчөлүктөрү менен бири-биринен бир топ айырмаланат. Ошондуктан өнүгүп келе жаткан өлкөлөр бир нече топторго бөлүнөт. Тактап айтканда, дүйнөлүк экономикада таяныч өнүгүп келе жаткан мамлекеттер, нефть экспорттоочу өлкөлөр жана ири индустриалдык-агрардык өлкөлөр өзгөчө мааниге ээ.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Ири табигый-ресурстук, демографиялык жана экономикалык деңгээлге ээ Кытай, Индия, Бразилия жана Мексика *өнүгүп келе жаткан таяныч өлкөлөр* тобун түзөт *(4-жадыбал).*

Сауд Арабиясы, БАЭ, Катар, Кувейт, Бахрейн, Оман, Бруней мамлекеттери нефтини экспорттоочу мамлекеттер тобуна кирет. Бул өлкөлөрдө ИДӨнүн калктын жан башына туура келүүчү көлөмү кыйла жогору ( мисалы, 2020-жыл абалы боюнча, Катар бул көрсөткүч боюнча дүйнөдө 4-орунду ээлеген — 89949 АКШ доллары), бирок алардын экономикасы чийки зат ресурстарына негизделгендиги себептүү бул мамлекеттер адатта өнүккөн өлкөлөр катарына киргизилбейт.

*4-жадыбал.* «Чоң жетилик» мамлекеттери жана таяныч өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин айрым көрсөткүчтөрү (2020-жыл жыйынтыгы боюнча)

| Мамлекеттер тобу | Мамлекеттер | Аймагы миң км² | Калкы млн киши | ИДӨ млрд АКШ дол | ИДӨ боюнча дүйнөдөгү орду | Калктын жан башына ИДӨ миң АКШ дол | Калктын жан башына ИДӨ боюнча дүйнөдөгү орду |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| «Чоң жетилик» мамлекеттери | АКШ | 9519,4 | 329,9 | 20894 | 2 | 63078 | 9 |
| | Канада | 9984,6 | 38,2 | 1860 | 15 | 48947 | 25 |
| | Япония | 377,9 | 126 | 5305 | 4 | 42154 | 33 |
| | Германия | 357,4 | 83,3 | 4537 | 5 | 54551 | 18 |
| | Франция | 547 | 64,9 | 3017 | 10 | 46213 | 27 |
| | Улуу Британия | 243,8 | 66,2 | 3041 | 9 | 45329 | 28 |
| | Италия | 302,1 | 60,5 | 2462 | 11 | 41279 | 35 |
| Таяныч өнүгүп келе жаткан мамлекеттер | Кытай | 9599 | 1434,2 | 24168 | 1 | 17115 | 78 |
| | Индия | 3287,2 | 1400,1 | 9005 | 3 | 6532 | 129 |
| | Бразилия | 8515,7 | 211,8 | 3153 | 8 | 14890 | 86 |
| | Мексика | 1972,5 | 127,8 | 2443 | 12 | 19117 | 73 |

**Эскертүү:** Өлкөлөрдүн ИДӨсү сатып алуу жөндөмдүүлүгүнүн паритети боюнча берилген.

Ири табигый жана эмгек ресурстарына ээ болгон, өнөр жай жана айыл чарба тармактарында жогору натыйжаларга жетишип жаткан Түркия, Иран, Пакистан, Индонезия, Аргентина жана башка мамлекетер *ири индустриалдык-агрардык өлкөлөр* тобуна кирет.

Мурдагы Союздук республикалар жана 1991-жылга чейин социалисттик система негизинде өнүккөн, кийинчерээк андан баш тарткан Чыгыш Европа мамлекеттери (Альбания, Болгария, Польша, Руминия, Словакия, Венгрия, Чехия жана мурдаги Югословакия курамынан бөлүнүп чыккан мамлекеттер) жана Монголия БУУ тарабынан өзүнчө *өткөөл экономикасындагы мамлекеттер* блогуна бириктирилет. Өзбекстан да өткөөл экономикасындагы мамлекеттердин бири болоп эсептелет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Төмөнкү факторлордун мамлекеттердин социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө таасирин баяндагыла:

- Географиялык жайгашуусу;
- Аймагынын чоңдугу;
- Табигый шарты жана табигый байлыктары ;
- Калкынын саны.

Силердин оюңарча, мамлекеттердин өнүгүшүнө дагы кандай факторлор олуттуу таасир көрсөтөт?

2 Төмөнкү өлкөлөрдүн аттарын аныктагыла. Алардын жалпы окшоштуктарынын негизинде бул жерде дагы кайсы өлкө болушу керек экенин тапкыла.



3 Төмөнкү мамлекеттерди «Чоң жетилик» мамлекеттер, таяныч өнүгүп келе жаткан мамлекеттер, нефтини экспорттоочу мамлекеттер, ири индустриалдык-агрардык мамлекеттер жана өткөөл экономикасындагы мамлекеттер тобуна ажыраткыла.

1 ТҮРКИЯ
2 КАТАР
3 ГЕРМАНИЯ
4 МОНГОЛИЯ
5 ПОЛЬША
6 КЫТАЙ
7 АКШ
8 ӨЗБЕКСТАН
9 БРАЗИЛИЯ
10 АРГЕНТИНА
11 БРУНЕЙ
12 ИРАН
13 БАЭ
14 ИНДИЯ
15 КАНАДА

4 «Чоң жетилик» мамлекеттери, таяныч өнүгүп келе жаткан мамлекеттер жана алардын тизмесин жазуусуз картага түшүргүлө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 3-§. Өлкөнүн башкаруу формасы жана мамлекеттик түзүлүшү

*Башкаруу формасы, республика, президенттик республика, парламенттик республика, монархия, конституциялык монархия, абсолюттук монархия, мамлекеттик түзүлүш, унитардык мамлекет, федеративдик мамлекет.*

*Республикалык жана монархиялык формаларынын айырмачылыктары жөнүндө эмнелерди билесиңер?*

Дүйнө мамлекеттеринин негизги белгилеринен бири башкаруу формасы болуп эсептелет. Саясий башкаруунун эки негизги формасы — *республикалык* жана *монархиялыкка* бөлүнөт. Бул эки башкаруу формасы, биринчи кезекте, жогорку мамлекеттик бийликти калыптандыруу жана узатуу усулдары менен айырмаланат.

Дүйнөнүн саясий картасында 2022-жылдын башындагы абал боюнча, башкаруу формасына ээ болгон 151 мамлекет бар. Республикалар негизинен 3 түргө бөлүнөт: *президенттик, парламенттик* жана *аралаш (5-жадыбал).*

*5-жадыбал*. ***Президенттик парламенттик жана аралаш республикалардын негизги мүнөздөмөлөрү***

| Президенттик республика | Парламентардык республика | Аралаш республика |
|---|---|---|
| • Бийликтин негизги укуктары президенттин колунда болот, өкмөттүн курамын мамлекет башчысы түзөт.<br>• Кээ бир мамлекеттерде президент мамлекет жана өкмөт башчысы эсептелет. | • Өкмөттүн негизги укуктары парламентке тиешелүү болуп, өкмөттүн курамы парламент шайлоолорунун натыйжалары негизинде саясий партиялар тарабынан түзүлөт.<br>• Президенттин функциялары чектелген болот. | • Президент жана парламент биргеликте өкмөт курамын түзүшөт, анын иш-аракетин көзөмөл кылышат. |

Президенттик республикаларга АКШ, Мексика, Бразилия, Аргентина, Индонезия, Афганстан, Беларусь, Казакстан, Өзбекстан сыяктуу мамлекеттер мисал боло алат. Президенттик республиканын формасы Африка жана Америка континенттеринде эң көп таралган. Германия, Австрия, Италия, Болгария, Латвия, Эстония, Греция, Израиль, Индия, Түштүк Африка Республикасы жана башкалар парламенттик республикалар катарына кирет. Парламенттик республикалар көбүрөөк Европада жайгашкан. Аралаш республикалар катарына Португалия, Украина, Хорватия, Алжир, Египет жана башка мамлекеттер кирет.

Азыркы учурда дүйнөдө 43 монархиялык мамлекеттер бар, алар *конституциялык* жана *абсолюттук монархияларга* бөлүнөт. Конституциялык монархияларда мамлекет башчысы (король, эмир, князь ж.б) саясий укуктары белгилүү даражада чектелип, мамлекеттик башкарууда парламент жана өкмөттүн орду маанилүү болуп эсептелет. Абсолюттук монархия башкаруу формсына ээ болгон мамлекеттерде монархтын укуктары чектелбеген болот. Азыркы күндө монархия мамлекеттеринин көпчүлүгү (38) конституциялык монархия. Мындай мамлекеттер Европада 9, Азияда 3, Африкада 9, Америкада 6, Австралия жана Океанияда 6 жайгашкан *(3-сүрөт)*.

Конституциялык монархиялардан 14 ү *Британия Ынтымакташтыгынын королдуктары*, аларда расмий түрдө мамлекет башчысы Улуу Британия монархы (король же ханышасы) эсептелип, бирок иш-жүзүндө бул мамлекеттердин саясий системасында негизги ролду премьер министр аткарат. Ушул категориядагы мамлекеттерге Канада, Австралия, Жаңы Зеландия, Папуа-Жаңы Гвинея ж.б. кирет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Абсолюттук монархиялардын жалпы саны 5 болуп, алардын Азияда 4 (Сауд Арабиясы, Оман, Катар, Бруней), Европада 1 (Ватикан) жайгашкан. Сауд Арабиясы жана Ватикан мамлекеттери *абсолюттук теократиялык монархиялар* болуп саналат, себеби бул эки мамлекетте монарх диний жетекчи милдетин да аткарат.


*Дания ханышасы Маргрете II*


*Бруней султаны Хассанал Балкия*


*Япония императору Нарухито*

*3-сүрөт.* **Кээ бир мамлекеттердин монархтары.**

Ар кандай мамлекеттин админстирациялык-аймактык системасы (мамлекеттик түзүлүшүнүн формасы) анын саясий өзгөчөлүгү болуп эсептелет. Ушул белгиге негизделип, дүйнө өлкөлөрү эки түргө, башкача айтканда, *унитардык* жана *федеративдик* мамлекеттерге бөлүнөт. Унитардык мамлекеттерде бүткүл мамлекеттин аймагында жеке мыйзамчылык системасы амал кылат, саясий башкаруу борборлошгон абалда ишке ашырылат. Дүйнө өлкөлөрүнүн көпчүлүгү (167) унитардык мамлекет болуп саналат.

Мамлекеттик түзүлүштүн бир топ татаал формасы — бул федерация. Мындай мамлекеттерде мыйзам чыгаруу, аткаруу жана сот бийлигинин борбордук (федералдык), аймактык (штаттар, провинциялар, республикалар ж.б. тегерегинде) даражалардан түзүлөт. Федеративдик мамлекеттердин саны, 2022-жылдын баштапкы абалы боюнча, 27 болуп, анын ичинен, Европада 6, Азияда 6, Африкада 6, Америкада 7, Австралия жана Океанияда 2 федерациялар жайгашкан *(4-сүрөт)*.




*4-сүрөт.* **Унитардык жана федеративдик мамлекеттер дүйнөнүн саясий картасында.**

Соңку жылдарда айрым мамлекеттерде башкаруу жана мамлекеттик түзүлүшүнүн формасын өзгөртүү абалдары учурайт. Мисалы, 2008-жылда Непалда монархиядан баш тартып, республика башкаруу формасына өтүлдү. 2017-жылы Түркия парламенттик республикадан президенттик

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



республикасына айланды, 2021-жылы Барбадосто Британия Ынтымакташтыгынын королдуугунан баш тартып, республика башкаруу формасы жарыяланды. Ошондой эле, 2010-жылдан соң федеративдик мамлекеттердин катары Ирак, Непал, Судан, Түштүк Судан эсебинен көбөйдү.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Картада көрсөтүлгөн мамлекеттердин аталышын аныктап, аларды башкаруу формасына карай: а) президенттик республикалар; б) парламенттик республикалар; в) аралаш республикалар; г) конституциялык монархиялар; д) абсолюттук монархияларга ажыраткыла.



2. Мамлекеттик башкаруунун республикалык жана монархиялык формалары бири-биринен кандай өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат?
3. Дүйнө мамлекеттеринин канча пайызы республика, канча пайызы монархия, канча пайызы унитардык, канча пайызы федеративдик экендигин эсептегиле.
4. Окуу китеби жана атластагы дүйнөнүн саясий картасынан пайдаланып, федеративдик мамлекеттердин атын дептериңерге көчүрүп жазгыла жана жазуусуз картада белгилегиле.
5. Дүйнөнүн саясий картасынан соңку мезгилдерде федеративдик мамлекеттердин катарына кошулган өлкөлөрдү тапкыла.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 4-§. Практикалык машыгуу
## *Дүйнөнүн саясий картасы менен иштөө*

**1-тапшырма.** Төмөнкү шаарлар картада кандай цифра менен көрсөтүлгөн мамлекеттердин борбору экендигин тапкыла.

| | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| Манила | Рабат | Монтевидео | София | Тегусигальпа | Коломбо |
| Рейкявик | Браззавиль | Оттава | Сантяго | Бангкок | Веллингтон |
| Мапуту | Амстердам | Каракас | Сана | Стокгольм | Гавана |
| Исламабад | Рим | Панама | Дублин | Сеул | Нжамена |



**2-тапшырма.** Маалыматтардын кайсы бири туура берилгендигин аныктагыла.

**Австрия, Беларусь, Монголия деңиз бою континенттик мамлекеттер эсептелет.**

**Абсолюттук монархиялардын саны 5, алардан 4 сү Европада жайгашкан.**

**Австралия жана Жаңы Зеландия өнүгүп жаткан мамлекеттердин тобуна кирет.**

**Катар экономикасы чийки зат ресурстарына негизделгендиги себептүү экономикалык өнүккөн мамлекет эсептелбейт.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**3-тапшырма.** Төмөнкү маалыматтардын арасынан бири-бирине дал келген жуптарды тапкыла.

| | | |
|---|---|---|
| Президент жана парламент биргеликте өкмөт курамын түзүшөт. | ↔ | Президенттик республикасы |
| Белгилүү бир мезгилде өлкөнүн аймагында өндүрүлгөн продукт жана кызматтардын рыноктук баадагы наркы. | ↔ | Жалпы ички дүң өнүм |
| Бүткүл мамлекеттин аймагында жеке мыйзамчылык системасы амал кылат. | ↔ | Федеративдик мамлекет |
| Сауд Арабиясы, БАЭ, Катар, Кувейт, Бахрейн, Океания, Бруней. | ↔ | «Чоң жетилик» мамлекеттери |
| Өкмөттүн саясий укугу парламенттин колунда болот. | ↔ | Парламенттик республика |

**4-тапшырма.** Дүйнөнүн саясий картасы, окуу китебинин текстти жана тиркемедеги маалыматтардан пайдаланып, сүрөттөрдө кайсы мамлекеттер чагылдырылганын аныктагыла жана аларга тиешелүү географиялык өзгөчөлүктөрдү тапкыла.




*Географиялык орду:* а) арал; б) жарым арал; в) деңиз бою континенттик; г) ички континенттик.

*Жайгашкан* континент*:* д) Европа; е) Азия; и) Африка; ж) Америка.

*Башкаруу формасы:* з) президенттик республика; к) парламенттик республика; л) конституциялык монархия; м) абсолюттук монархия.

*Мамлекеттик түзүлүшү:* н) унитардык; о) федеративдик.

*Социалдык-экономикалык өнүккөндүгү:* п) «Чоң жетилик» мамлекети; р) таяныч өнүгүп жаткан мамлекет; с) нефтини экспорттоочу мамлекет; т) өткөөл экономикасындагы мамлекет.

**5-тапшырма.** Евразиядагы ички континенталдык мамлекеттердин атын жана борборун дептериңерге жазып, жазуусуз картадан белгилегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 2-глава. Дүйнөнүн табигый ресурстары

## 5-§. Минералдык ресурстардын географиясы

*Табигый ресурстар, минералдык ресурстар, отун ресурстары, рудалуу ресурстар, руда эмес ресурстар, запас, кен, ресурстар менен камсыздалгандык.*

*Минералдык ресурстардын мамлекеттин экономикалык деңгээлинде туткан ордун мисалдардын жардамында түшүндүргүлө.*

Адамзат өзүнүн жашоосу жана коомдук иш-аракетинде түрдүү табигый байлыктардан (ресурс) пайдаланат. Адамдын жашоосу жана иш-аракетинде түздөн-түз пайдалана турган бардык түрдөгү табият жемиштери табигый ресурстар деп аталат. Планетабыз өтө көп жана түрдүү табигый ресурстарга ээ. Табигый ресурстар негизинен минерал, жер, суу, биологиялык жана климаттык ресурстардан турат.

Табиятта минерал түрүндө кезигүүчү табигый байлыктар **минералдык ресурстар (пайдалуу казылмалар)** деп аталат. Алар 3 топко, башкача айтканда, *отун-энергетика, рудалуу жана руда эмес минералдык* ресурстарга бөлүнөт.

Адамзат өтө байыркы замандардан бери минералдык ресурстардан пайдаланып келген. Доорлордун өтүшү менен пайдаланыла турган минералдык ресурстардын түрү жана көлөмү улам ашып барган. Азыркы мезгилде минералдык ресурстардын 200гө жакын түрлөрүнөн чарбанын керектөөлөрү үчүн пайдаланылууда. Түгөнүүчү жана калыбына келбөөчү табигый ресурс эсептеле турган жер астындагы казылма байлыктарынан пайдалануу да жылдан жылга ашып барууда. Минералдык ресурстардан эң чоң көлөмдө колдонулуучу нефть, табигый газ, көмүр, темир рудалары жана курулуш материалдары саналат *(6-жадыбал).*

6-жадыбал. Эң маанилүү пайдалуу казылмалардын дүйнө боюнча далилденген запастары жана казып алынышы (2020-ж.)

| Пайдалуу казылма түрлөрү | Өлчөө бирдиги | Аныкталган запастары | Жылдык казып алынышы |
|---|---|---|---|
| Көмүр | млрд т | 1074,0 | 7,7 |
| Нефть | млрд т | 244,4 | 4,2 |
| Табигый газ | трлн м³ | 188,1 | 3,9 |
| Темир рудасы | млрд т | 175,5 | 2,3 |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Минералдык ресурстар жер бетинде бир кылка жайгашкан эмес. Мунун себептери түрдүү аймактарда жер кыртышынын геологиялык түзүлүшү жана өнүгүү тарыхы менен байланыштуу.

Минералдык отун-энергетика ресурстарына: көмүр, нефть, табигый газ, торф, күйүүчү сланец, уран кирет. Отун минералдык ресурстарынын кендери байыркы платформалардын четки ойдуңдуу бөлүктөрүндө көбүрөөк кездешет.

Азыркы учурда дүйнөдө 3 600 дөн ашуун көмүр бассейндери жана кендери бар болуп, алар жалпы кургактыктын 15% ын ээлейт. Ири көмүр бассейндери көбүрөөк Түндүк жарым шарда жайгашкан. АКШ, Россия, Австралия, Кытай, Индия, Индонезия, Германия, Украина, Польша жана Казакстан мамлекеттерине туура келет.

Дүйнө боюнча 600гө жакын нефть жана газ бассейндери аныкталган. Нефть жана газ кендеринин негизги бөлүгү планетабыздын Түндүк жарым шарында жайгашкан. Эң ири нефть-газ запастары Перс булуңунун мамлекеттери (Сауд Арабиясы, Иран, Ирак, БАЭ, Катар, Кувейт, Оман), Венесуэла, Түндүк Америка (АКШ, Канада, Мексика), КМШ өлкөлөрү (Россия, Түркмөнстан, Казакстан, Азербайжан, Өзбекстан), түндүк Африка (айрыкча, Ливия жана Египет), Гвинея булуңу өлкөлөрү (айрыкча, Нигерия) жана Кытайда жайгашкан.

Дүйнө экономикасында рудалуу металл казылма ресурстарынын мааниси өтө чоң. Жер жүзүндө рудалуу минералдык ресурстарга бай алкактары, мисалы, Альп-Гималай, Тынч океан боюнун алкактары бар. Кытай, Россия, АКШ, Канада, Австралия, Бразилия, ТАР, Казакстан, Индия, Чили, Перу дүйнөдө кара жана түстүү металл сырёлоруна эң бай өлкөлөр болуп саналат.

Руда эмес минералдык байлыктардан аш тузу, калий туздары, фосфорит, күкүрт, алмаз, куруулуш материалдары эң маанилүүлөрү болуп эсептелет. Алардын кендери байыркы платформаларда, бүктөлгөн тоолордо, туздуу көлдөрдө көп кездешет. Түрдүү минералдык туздардын запастары боюнча дүйнөдө Россия, АКШ, Кытай, Индия, Боливия, Беларусь, Австралия сыяктуу өлкөлөр жетекчилик кылат. Алмаздын чоң запастарына ээ болгон мамлекеттерге Россия, Австралия, Ботсвана, ТАР, Конго Демократиялык Республикасы, Канада, Ангола ж.б мамлекеттер кирет.

Түрдүү мамлекеттер минералдык ресурстар менен ар түрдүү камсыздалган. Табигый ресурстар менен камсыздалгандык дегенде табигый ресурстардын жалпы өлчөмүнүн ортосундагы кыртышты түшүнөбүз. Ал табигый ресурстун канча жылдарга чейин жетиши же ресурс запасынын калктын жан башына канчадан туура келүүсүн көрсөткүчтөрү менен туюнтулат.

Минералдык ресурстар менен камсыздалгандык көрсаткүчү боюнча дүйнө өлкөлөрү үч топко бөлүнөт: *(7-жадыбал).*

*7-жадыбал.* ***Дүйнө мамлекеттеринин минералдык ресурстар менен камсыздалгандык көрсаткүчү боюнча топторго бөлүнүшү***

| № | Мамлекеттердин топтору | **Мамлекеттер** |
|---|---|---|
| 1 | Минералдык ресурстардын көп түрлөрү менен жакшы камсыз болгон өлкөлөр | Россия, Кытай, АКШ, Канада. Бразилия, Австралия, Индия, ТАР, Казакстан |
| 2 | Минералдык ресурстардын айрым түрлөрү менен жакшы камсыз болгон өлкөлөр | Дүйнө мамлекеттеринин көпчүлүгү, мисалы, Сауд Арабиясы нефть жана табигый газга, Перу жез жана күмүш, Марокаш фосфоритке бай |
| 3 | Минералдык ресурстар менен камсыз болбогон өлкөлөр | Негизинен, аймактык жактан кичи мамлекеттер, мисалы, Ватикан, Андорра, Сан Марино, Сингапур, Сент-Люсия, Тувалу ж.б |

Минералдык ресурстан өнөр жай үчүн эң кымба чийки зат эсептелет. Ошол себептен өнөй жай чийки-заттар менен камсыздалуу проблемасы көпчүлүк мамлекеттер үчүн маанилүү. Ушул убакка чейин табигый минералдык ресурстардын, негизинен, экономикалык-техникалык жактан ыңгайлуу жайгашуу жана шартка ээ кендери өздөштүрүлдү. Соңку мезгилдерде жаңы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



минералдык кендерди изилдөө иштери, негизинен, Россиянын түндүк жана чыгыш аймактары, АКШнын батыш тоолуу бөлүгү жана Аляска, Канаданын түндүгү, Түштүк Америка, Австралия, Африканын начар өздөштүрүлгөн чөл, тоолуу жана токойлуу аймактарында активдүү алып барылууда.

Бирок жетип барууга кыйын болгон аймактардан казып алынуучу минералдык сырьёнун өздүк наркы кыйла кымбат. Ошондуктан, адамзаттын эң негизги милдеттеринин бири — минералдык ресурстардан сарамжалдуу пайдалануу жана аларды үнөмдөп иштетүү жолдорун табуудан турат.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Минералдык ресурстардын отун-энергетика, рудалуу жана рудалуу эмес түрлөрүнө бай болгон мамлекеттерге 5 тен мисал келтиргиле жана аларды дүйнөнүн саясий картасынан көрсөткүлө.
2. Төмөнкү мамлекеттердин кайсы бири минерадык ресурстар менен камсыздалгандык көрсаткүчү боюнча башка мамлекеттер менен бир топко кирбейт? Кытай, Канада, Австралия, Индия, Перу, Казакстан.
3. Сүрөттөрдө көрсөтүлгөн аймактардын кайсы биринде минералдык ресурстарды казып алуу эң оңой? Эмне үчүн? Жообуңарды негиздегиле.


А


Б


В


Г

4. Төмөнкү маалыматтардын туура же туура эмес экендигин тастыктагыла.
   - Ири көмүр бассейндери Түндүк жарым шарда жайгашкан.
   - Азыркы мезгилде минералдык ресурстардын 100гө жакын түрлөрүнөн чарба керектөөлөрү үчүн пайдаланылат.
   - Минералдык ресурстардын жер бетинде бир кылка эмес жайгашуусунун себеби климаттык шарттын түрдүүлүгүндө.
   - Алп-Гималай, Тынч океан боюнун алкактары рудалуу ресурстарга бай аймактар болуп эсептелет.
   - Руда эмес минералдык байлыктардын кендери байыркы платформалардын чеке ойдуң бөлүктөрүндө көп кездешет.
   - Россия, Австралия, Ботсвана, ТАР, Конго Демократиялык Республикасы, Канада, Ангола сыяктуу өлкөлөр алмаздын чоң запастарына ээ.
   - Дүйнөдө көмүр бассейндери жана кендери жалпы кургактыктын 30%тин ээлейт.
5. Минералдык ресурстар түгөнүүчү жана калыбына келбөөчү байлык болгондуктан алардан эффективдүү пайдалануу үчүн эмнелерге көңүл буруу керек?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 6-§. Түгөнбөөчү жана калыбына келүүчү ресурстардын географиясы

*Агроклиматтык ресурстар, жер ресурстары, суу ресурстары, биологиялык ресурстар, геотермалдык ресурстар.*

*Түгөнбөөчү жана калыбына келүүчү табигый байлыктардан пайдалануунун кандай артыкчылыктары бар?*

**Агро климаттык ресурстар**. Аймактардын түрдүү эгин жетиштирүү мүмкүнчүлүктөрү көп жагынан климатка байланыштуу. Айыл чарбасына түздөн-түз таасир көрсөтүүчү климаттык ресурстар *агроклиматтык ресурстар* деп аталат. Эң маанилүү агроклиматтык көрсөткүчтөрдүн натыйжалуу температуралары (10+С дан жогору) жылдык жыйындысы жана нымдуулук коэффициентти (жаан-чачын көлөмүнүн мүмкүн болгон бууланууга катышы) болуп эсептелет.

Климаттын жылуулук ресурстары экватордон уюлдарга карай азайып барат. Экватор айланасында натыйжалуу температуранын жылдык жыйындысы 8 000 °С дан жогору болсо, арктикалык жана субарктикалык климаттык аймактарда ал 400 °С ге да жетпейт. Ошондуктан тропиктик, субэкватордук жана экватордук климаттык алкактарында түрдүү жылуулукту сүйүүчү эгиндерди жетиштирип, бир жылда эки-үч жолу түшүм алуу мүмкүнчүлүгү бар.

Бирок дыйканчылык үчүн табигый нымдуулук фактору да чоң мааниге ээ. Жылдын ысык кезинде жаан-чачындар жетерлүү даражада жааган аймактарда дыйканчылыкты жасалма сугаруусуз өнүктүрүү мүмкүн жана айыл чарбасында кыйла каражаттын үнөмдөлүшүнө жардам берет. Климаты ысык, бирок кургакчыл болгон ички континенттик өлкөлөр үчүн болсо табигый нымдуулуктун аздыгынан сугарылма дыйканчылык мүнөздүү. Ысык муссон климаттуу аймактарда жасалма сугаруу негизинен кыштын жылуу жана кургак күндөрүндө колдонулат, нымдуу жай мезгилинде болсо дыйканчылык жаан-чачындын эсебинен өнүгөт.

**Жер ресурстары**. Азыркы учурда дүйнө жер фондусунун жалпы көлөмү 13,4 млрд гектарга тең. Адамзат үчүн эң чоң экономикалык мааниге ээ болгон айыл чарбасында пайдалана турган жерлердин дүйнөлүк жер 34% ын түзөт. Анын ичинде иштөө бериле турган жерлер үлүшү 11%, жайыттар болсо 23% ды түзөт. Иштөө бериле турган жерлер дүйнөдө жетиштириле турган азык-түлүк өндүрүмдөрүнүн 88% ын, жайыттар болсо 10% ын берет. Демек, жер ресурстарынын эң баалуу бөлүгү иштөө бериле турган (эгин эгиле турган) аянттар болуп саналат. Жер фондусунун курамына, ошону менен бирге, токойлор (30%), калк жашоочу пункттары жана инженердик куруулуштар ээлеген техногендик жерлер (3%) жана аз пайдаланыла турган же өнүмсүз (күрсүз) жерлер (33%) кирет. (5-, 6-сүрөттөр).

Дыйканчылыкта пайдалана турган жерлердин эң чоң аянттары АКШ, Индия, Россия, Кытай, Бразилия, Аргентина, Канада, Нигерия, Украина жана Австралияга туура келет. XX кылымдын ичинде иштөө бериле турган аянттардын көлөмү дүйнө боюнча эки эсеге кеңейтирилди. Дың жерлерди өздөштүрүү, саздуу жана нымдуу жерлерди ишке салуу, чөл жерлерге суу чыгаруу жолу менен эгин аянттарын кеңейтирүү иш чаралары, айрыкча, АКШ, Канада, Австралия, Россия, Казакстан, Кытай, Бразилия, Өзбекстанда кеңири көлөмдө алып барылды.



*5-сүрөт.* **Жер ресурстары**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*6-сүрөт.* **Дүйнөлүк жер фондусунун курамы (2018-ж.).**



*7-сүрөт.* **Дүйнөдөгү эң ири суу сактагычтарынын бири — Каруна дарыясындагы Гури суу сактагычы (Венесуэла).**

Ошону менен бирге жерлер акырындык менен жараксыз болуп калууда. Эң мурда, эрозия жараяны жыл сайын айыл чарбасына пайдаланыла турган 6–7 млн гектар жерден ажыратууда. Мындан сырткары, жерлердин баткакталышы жана шор басышынын натыйжасында дагы 1–1,5 млн гектар эгин аянттары кыскарууда. Шаар жана айылдардын кеңейиши, өнөр жай жана транспорт курулуштарынын жылдан жылга өсүшү да эгин аянттарынын кыскарышына алып келүүдө. Анын үстүнө топурак катмарынын табигый өнүмдүүлүгү да төмөндөп барууда. Булар жер ресурстарынан пайдаланууда чоң көйгөйлөрдү келтирип чыгарып жатат.

**Суу ресурстары.** Белгилүү болгондой, тузсуз (таза) суу ресурстары гидросферанын жалпы көлөмүнүн 3 % гана түзөт. Бирок анын негизги бөлүгү Жер шарынын четки, пайдаланууга кыйын болгон Антарктикада, Арктика жана бийик тоолордогу кар жана мөңгүлөрдө топтолгон. Адамзаттын тузсуз (таза) сууга болгон керектөөсүн кандырууучу негизги булак дарыялар болуп, алардагы суунун жалпы көлөмү болгону 47 миң км$^3$. Бул суунун эң көп бөлүгү калк сейрек жашоочу дүйнөнүн түндүк жана экватордук аймактары бойлой агат жана алардан пайдалануу анчейин кыйын.

Жер жүзүнүн экватордук жана мелүүн климаттык алкактары тузсуз суу ресурстары менен жакшы камсыздалган. Тузсуз суу менен эң жакшы камсыздалган мамлекеттер катарына Бразилия, Россия, Канада, АКШ, Венесуэла, Перу, Колумбия, Конго Демократиялык Республикасы жана башкалар кирет.

Кургактыктын ⅓ бөлүгүн ээлеген кургакчыл аймактарда суу ресурстарынын көлөмү табигый абалда аз. Анын үстүнө аларда дыйканчылык негизинен, жасалма сугаруу аркылуу алып барылат. Түндүк Африка жана Түштүк-батыш Азия өлкөлөрү мындай аймактарга кирет.

Дарыялардын сууларынан сарамжалдуу пайдалануу үчүн суу көптөгөн сактагычтар курулган *(7-сүрөт).* Азыр дүйнөдө курулган суу сактагычтардын саны 40 миңден ашты. Ири суу сактагычтардын саны боюнча АКШ, Кытай, Индия, Бразилия жана Россия өзгөчө орунду ээлейт.

Деңиз суусун тузсуздандыруу технологиясын кеңири колдонуу да дүйнөдөгү таза суу ресурстарын натыйжалуу пайдаланууга алып келет. Учурда деңиз суусун тузсуздандыруу Перс булуңу, Жер Ортолук деңизинин өлкөлөрүндө, АКШда, Японияда жана Кариб деңизинде кеңейүүдө. Тузсуздандырылган деңиз суусун пайдалануу көлөмү боюнча Кувейт эң чоң өлкө.

**Биологиялык ресурстар** деп, Жер бетиндеги өсүмдүк жана жаныбарлар дүйнөсүнүн байлыктарына айтылат. Айрыкча, токой ресурстарынын чарбалык жана экологиялык мааниси абдан чоң. Дүйнөдө токойлор 40 млн км$^2$ (4 млрд гектар), же бардык кургактыктын 30%га жакынын түзөт. Бирок токойлордун жыгач материалдарды даярдоо максатында кыйылышы, жаңы жерлерди өздөштүрүү, түрдүү өнөр жай курулуштарын көбөйүшү токойлордун азайышына алып келүүдө. Чындыгында, кийинки 200 жылдын ичинде планетабыздын токойлору эки эсеге кыскарды. Акыр-

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



кы жылдары дүйнө жүзү боюнча токой аянттары жылына орто эсеп менен 25 миллион гектарга кыскарууда.

Дүйнөдө кеңдик бойлой чоң аралыкка созулган эки — Түндүк жана Түштүк токой алкактары бар. Түндүк токой алкагы мелүүн жана азыраак бөлүгү субтропиктик климаттуу аймактар бойлой жайгашкан. Бул алкак токойлорунун маанилүү өзгөчөлүгү, аларда негизинен, тик өсүүчү сапаттуу, ийне жалбырактуу дарактардын өсүшү *(8-сүрөт)*. Мындай токойлорго Россия, Канада, АКШ, Финляндия мамлекеттери өтө бай.

Түштүк токой алкагы негизинен, тропикалык жана экватордук климаттык алкактарын бойлоп жайгашкан. Тропикалык токойлордо негизинен жазы жалбырактуу дарактар калың, аралаш жана көп ярустуу болуп өсөт. Түштүк токой алкагында Бразилия, Перу, Колумбия, Венесуэла, Конго Демократиялык Республикасы, Индия, Мянма, Индонезия сыяктуу өлкөлөр эң чоң токойлуу аянттарга ээ.

Биологиялык ресурстардын дагы бир маанилүү бөлүгү суу объектилеринин фаунасы жана флорасы болуп саналат. Маалыматтарга караганда, дүйнө калкынын белокторго болгон муктаждыгынын 20%дан ашыгын деңиз жаныбарлары жана өсүмдүктөрү камсыздайт. Айрыкча, Тынч океанынын түндүк-батыш жана түштүк-чыгыш бөлүгү жана Атлантика океанынын түндүк деңиздери балыкка абдан бай. Бирок океандар менен деңиздерде жашаган балыктар жана башка жаныбарлар коргоого муктаж болуп баратат.

**Геотермалдык ресурстар.** Жердин ички энергиясы, башкача айтканда, геотермалдык ресурстар маанилүү салттуу эмес энергия булактарынын бири болуп саналат. Геотермалдык энергия негизинен тектоникалык кыймылдар активдүү, климаты нымдуу болгон аймактар бойлоп жайгашкан. Исландия *(10-сүрөт)*, Япония, Жаңы Зеландия, Флиппин, Папуа-Жаңы Гвинея, Италия, Мексика, АКШ, Россия геотермалдык ресурстарга бай *(9-сүрөт)*.





*8-сүрөт.* **Ийне жалбырактуу Тайга токойлору (жогоруда) жазы жалбырактуу тропикалык токойлор (төмөндө).**



*9-сүрөт.* **Исландиядагы геотермалдык электр станцияларынын бири.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Агроклиматтык ресурстардын айыл чарбасын адистештирүүгө тийгизген таасирин ар түрдүү географиялык аймактардын жана өлкөлөрдүн мисалында түшүндүргүлө.

2 Төмөнкү мамлекеттерге ылайык келген бардык өзгөчөлүктөрдү жадыбалдан тапкыла жана дептериңерге белгилегиле.

А *АКШ* Б *Кытай* В *Бразилия* Г *Россия* Д *Австралия*

| | |
|---|---|
| 1 | Тузсуз суу менен эң жакшы камсыздалган. |
| 2 | Геотермалдык ресурстарга бай. |
| 3 | Дыйканчылыкта пайдалана турган жерлердин чоң аймагы туура келет. |
| 4 | Түштүк токой аймагында эң чоң токойлуу аянттарга ээ. |
| 5 | Дың жерлерди өздөштүрүү, саздуу жана нымдуу жерлерди ишке салуу, чөл жерлерге суу чыгаруу жолу менен эгин аянттарын кеңейтирүү иш-чаралары кең масштабда алып барылган. |
| 6 | Ири суу сактагычтарынын саны боюнча өзгөчө орунду ээлейт. |
| 7 | Түндүк токой аймагы токойлорго бай. |

3 Төмөндө айрым ресурстардан сарамжалдуу пайдалануу усулдары жана негизсиз пайдалануунун кесепеттерине мисалдар натыйжаларына. Силердин оюңарча, жаратылыш ресурстарын сарамжалдуу пайдалануу үчүн дагы эмнелерге маани берүү керек? Ресурстарды туура эмес пайдалануунун дагы кандай терс натыйжалары бар? Пикириңерди негиздегиле.




4 Тузсуз суу менен эң жакшы камсыздалган өлкөлөрдү жазуусуз картадан белгилегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 7-§. Долбоордук сабак. Глобалдык экологиялык проблемалар

*Табияттан пайдалануу, глобалдык, аймактык жана жергиликтүү экологиялык маселелер, экологиялык саясат, «күнөскана эффекти», «озон тешиктери», чөлдөшүү, токой-сузданyу.*

1. Төмөнкү берилген маалыматтардан жана кошумча булактардан пайдаланып ушул суроолорго жооп бергиле:

— Табияттан туура жана туура эмес пайдалануу бири-биринен кандай өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат?

— Экологиялык проблемалардын мазмуну эмнелерден турат жана анын себептери эмне менен байланыштуу?

— Глобалдык экологиялык проблемалар кандай өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат?

— Экологиялык проблемалардын терс акыбеттери эмнелерден турат?

— Эмне үчүн азыркы шартта экологиялык саясат алып баруу зарылчылыгы жаралган?

| | |
|---|---|
| **Табияттан пайдалануу** | **• Табигый ресурстардан пайдалануу, аларды коргоо жана калыбына келтирүү менен байланыштуу адамзаттын иш-аракети.** |
| **Табияттан этияттык менен туура пайдалануу** | **• Табигый байлыктарды өлчөмүндө иштетип, аларды коргоо жана кайта калыбына келтирүүдө, табигый чөйрөнүн таза абалын сактоого көңүл бурган абалда пайдалануу.** |
| **Табияттан этиятсыздык менен туура пайдалануу** | **• Табигый чөйрө жана анын ресурстарынын абалы терс тарапка өзгөрүп барышына алып келүүчү табияттан пайдалануу.** |
| **Экологиялык проблемалар** | **• Табияттан этиятсыздык менен туура эмес пайдаланууда табигый чөйрөнүн сапатынын начарланышы.** |
| **Экологиялык саясат** | **• Табигый чөйрөнү коргоо жана аны саламатташтырууга, табигый ресурстардан этияттык менен пайдаланууга багытталган иш-чаралардын системасы.** |

2. Топторго бөлүнүп, ар түрдүү глобалдык экологиялык проблемалар жөнүндө презентация же маалымат даярдагыла жана аларды класста талкуулагыла. Тапшырманы аткарууда параграфтагы маалыматтар жана кошумча булактардан пайдаланган абалда төмөнкү пландарга негизденгиле:

1. тандалган экологиялык проблеманын маңызы;
2. проблеманын себептери;
3. тиешелүү экологиялык проблеманын терс акыбеттери жана аларды чечүүнүн актуалдуулугу;
4. проблема эң көп таралган аймактар;
5. эл аралык коомчулук тарабынан проблеманы чечүүгө каратылган иш-чаралар.

**«Күнөскана эффекти» проблемасы.** Атмосферага ис газы (CO), көмүр кычкыл газы ($CO^2$) күкүрт оксиддери ($SO^2$, $SO^3$), азот (II) оксиди ($NO^2$) салмагынын ашкандыгы чоң экологиялык көйгөйлөрдү келтирүүдө. «Күнөскана» газдары деп аталган ушул газ сымал заттардын атмосферадагы бөлүкчөлөрү жер бетине келе жаткан нурланууну өткөзүп, андан кайткан жылуулук радиациясын атмосферанын төмөнкү катмарларынан жогоруга жакшы өткөзбөйт. Бул жараян атмосфера төмөнкү катмарында орточо жылдык температуранын акырындык менен көтөрүлүшүнө алып келет. Бул абал планетабыздын уюлдары жана бийик тоолордогу көп жылдык мөңгүлөрдүн аянтынын кыскарышына алып келүүдө.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





**Озон катмарынын жемирилиши проблемасы.** Кийинки жылдарда абага фтор-хлордуу бирикмелердин (фреондор) көп чыгарып жиберилиши натыйжасында Жер деги жашоонун калканы эсептелген озон катмарынын жукарышы байкалууда. «Озон тешиги» деп аталган мына ушул абал, алгач Түштүк Американын Антарктидага туташкан аймактары, соңку жылдарда Евразиянын түндүк кеңдиктери үстүндө да байкала баштады. Канаданын Монреаль шаарында 1987-жылы бир нече мамлекеттер фреон газдарын иштеп чыгарууга жана алардан пайдаланууга чектөөлөр тууралуу эл аралык келишимге кол койгон. Бүгүнкү күнгө келип, бул келишимге дүйнөдөгү көпчүлүк өлкөлөр кошулган. Адистердин пикири боюнча, эгер Монреаль келишими чечкиндүү түрдө аткарыла турган болсо, озон катмарынын нормадагы калыңдыгы 2050-жылга келип кайра калыбына келет.



**Чөлдөшүү проблемасы.** Чөл өзгөчөлүктөрүнө тийиштүү болгон аймактардын аянтынын кеңейиш жараяны чөлдөшүү деп айтылат. Дарак жана бадалдардын кесилиши, чарба малдарынын тартипсиз багылышы, суу ресурстарынан этиясыздык менен пайдалануу, анын негизги себептери болуп эсептелет. Чөлдөшүү Африка, Түштүк-батыш, Борбордук жана Түштүк Азия мамлекеттерине чоң коопсалууда. Жер жүзүндөгү чөлдөшүү белгилери күзөтүлүп жаткан аймактарда 2 миллиард кишиден ашуун калк жашайт. 1994-жыл БУУ чөлдөшүүгө каршы күрөшүү жөнүндөгү Эл аралык конвенцияны кабыл алды. 1995-жылдан баштап жыл сайын 17-июнда Бүткүл дүйнөлүк чөлдөшүү жана кургакчылыкка каршы күрөшүү күнү катары белгиленет.



**Токойлорду кыюу проблемасы.** Адамзат өзүнүн бүтүн тарыхында токойлорду кыйып, алардын аянтынын кыскарышына себепчи болгон. Бирок кескин түрдө токойлорду кыюу жараяны акыркы 100 жылдын ичинде көбөйүүдө. Айрыкча, экватордук алкактагы токойлор жана кургакчыл климаттык тоолуу аймактардагы токойлуу аянттардын кыскарышы биосферадагы табигый тең салмактуулук үчүн олтутуу коопсалууда. Бул проблемага каршы күрөшүүнүн негизги жолдору токойлорду кыюуга чек коюу жана токойлорду жасалма түрдө көбөйтүү менен байланыштуу. Дүйнө боюнча буга оң мисалдар бар. Мисалы, Улуу Британияда акыркы 50-60 жылда токойлордун аянттары 3 эсеге көбөйдү. Японияда токойлордун кыйылышы чектелгендиги себептүү, өлкөнүн аймагынын ⅔ бөлүгүн токой ландшафттары ээлеген. Өзбекстанда да Арал деңизинин кургап калган түбүн токойлоштуруу иштери баскычма-баскыч ишке ашырылууда.



**Тузсуз таза суу жетишсиздиги проблемасы.** Тузсуз суунун негизги бөлүгү Антарктида, Арктика жана бийик тоолордогу мөңгүлөрдө топтолгон. Адамзаттын таза сууга болгон керектөөсүн канааттандыруучу негизги булак дарыялар болуп, алардын чоң бөлүгү калк сейрек жашоочу суук жана экватордук климаттык аймактарды бойлоп агат жана алардан кеңири пайдалануу кыйын. Кургактыктын ⅓ бөлүгүнөн көбүрөөгүн ээлеген кургакчыл климаттык аймактарда суу жетишсиздиги бар. Негизинен, Түндүк жана Түштүк Африка, Түштүк жана Түштүк-батыш Азия өлкөлөрү, ошондой эле, Өзбекстан, Түркмөнстан, Казакстан сыяктуу Борбордук Азия мамлекеттеринде бул көйгөй кыйла олуттуу болуп эсептелет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 3-глава. Дүйнөнүн калкы

## 8-§. Дүйнө калкынын саны, өсүшү жана жайгашуусу

*Калктын саны, калктын санынын өсүшү, калктын кайта түзүлүүсү, табигый өсүү, калктын аймактык жайгашуусу, калктын жыштыгы.*

*Өлкөлөрдө калктын саны кандай факторлордун эсебинен өзгөрөт?*

Дүйнө калкынын саны 2020-жыл маалыматтары боюнча 7 миллиард 770 миллион кишиден ашуун. Планетабыздын калкы бул сандык чекке жеткендигинин өзүнө мүнөздүү тарыхы бар.

Археологиялык изилдөөлөр Түндүк-чыгыш жана Чыгыш Африка, Түштүк Европа, Алдыңкы Азия аймактарында алгачкы адамдар пайда болгондугун көрсөтөт. Убакыттын өтүшү менен байыркы адамдардын жаңы жерлерди өздөштүрүүгө болгон умтулуусунан улам өздөрү жашаган жерлеринен башка аймактарга көчүп кете башташкан. Миграциялак аракеттердин натыйжасында алгач Африканын түндүк, борбордук жана батыш бөлүктөрү, Азиянын түштүк-батыш, түштүк жана чыгыш аймактарына калктын көчүп келүүсү башталган. Кийинки мезгилдерде болсо Борбордук Азия, Европа, Австралия жана Океаниянын табигый шарты ыңгайлуу жерлеринде байыркы конуштар пайда болгон болсо, Америка материгинде адам аракети башкаларга салыштырмалуу кечирээк башталган *(10-сүрөт)*.




*10-сүрөт.* **Калктын дүйнө аймактары боюнча таралышы (картадагы сандар миграциялар канча жыл мурун болгонун билдирет).**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



***Демография*** *— калктын кайта түзүлүүсү жана курамы, алардын өзгөрүшүн изилдөөчү илим.*

***Демографиялык жарылуу*** *— өлүм көрсөткүчүнүн төмөндөшү менен калктын санынын тез темп менен көбөйүшү.*

Узак доорлор бою Европа, Азия жана Африка континенттери калктын негизги бөлүгү топтолгон аймактар болуп турду. Бул жерлерде адамзаттын тарыхында чоң из калтырган ар түрдүү мамлекеттер пайда болуп, доор өтүшү менен кризиске учураган. Улуу географиялык ачылыштардын натыйжасында континенттердин ортосунда калктын санынын кайта бөлүштүрүлүшү келип чыкты.

Материалдык жана санитардык-гигиеналык шарттардын канааттандырарлык эмес абалда экендиги, кала берсе, мезгил-мезгили менен кайталанып туруучу ачарчылык, жугуштуу оорулардын эпидемияларынын таасиринде басып өтүлгөн тарыхый доорлордо дүйнө калкынын табигый көбөйүү көрсөткүчү төмөн болгон.

XIX кылымда Европа жана Америкада болгон өнөр жай революциясы, медициналык кызматтын өнүгүшүнүн натыйжасында бул континенттердеги калктын орточо өмүр сүрүү жана табигый көбөйүү көрсөткүчү өстү.

XX кылымда дүйнө калкынын саны 1.6 млрд кишиден 6.1 млрд кишиге жетип, калктын саны өсүшүнүн эң жогорку темптери 1950-жылдардан кийинки мезгилдерге туура келет. Экинчи дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилдерде Азия, Африка жана Латын Америкасы мамлекеттеринин саясий эгемендүүлүккө жетишүүсү, аларга БУУ тарабынан гуманитардык жардамдардын берилиши натыйжасында калктын арасында өлүм көрсөткүчүнүн төмөндөшүнүн натыйжасында келип чыккан. Натыйжада 1960-1980-жылдарда дүйнөдө «демографиялык жарылуу» жараяны келип чыкты *(8-жадыбал).*

*8-жадыбал.* ***Дүйнө калкынын саны динамикасы***

| Дүйнө калкынын саны | жыл | Жылдар аралыгы |
|---|---|---|
| 1 миллиард киши | 1804 | …. |
| 2 миллиард киши | 1927 | 123 |
| 3 миллиард киши | 1960 | 33 |
| 4 миллиард киши | 1974 | 14 |
| 5 миллиард киши | 1987 | 13 |
| 6 миллиард киши | 1999 | 12 |
| 7 миллиард киши | 2011 | 12 |
| 8 миллиард киши | 2023 (БУУ прогнозу) | 12 |
| 9 миллиард киши | 2037 (БУУ прогнозу) | 14 |
| 10 миллиард киши | 2055 (БУУ прогнозу) | 18 |

Соңку жылдарда дүйнө калкынын өсүү темпи төмөндөөдө. Буга бир катар факторлор бар. Мисалы, өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүүсү, урбанизация процесси, экономикада аялдардын иш менен камсыз болуу деңгээлинин жогорулашы ж.б. Калк санынын өзгөрүшү төрөлүү жана өлүм көрсөткүчтөрүнүн негизинде калыптануучу табигый көбөйүү деңгээлине байланыштуу.

***Демографиялык кризис (депопуляция)*** *— төрөлүүнүн өлүм көрсаткүчүнан төмөн болушуна байланыштуу калк санынын азайышы.*

Төрөлүү жана өлүмдүн коэффициенттери белгилүү бир убакыттын ичинде 1000 адамга туура келүүчү төрөлүүлөрдүн жана өлүмдүн саны менен аныкталат (промилледе). 2020-жылдын маалыматы боюнча жер шарынын калкынын төрөлүү коэффициенти 19 ‰, өлүм коэффициенти 7 ‰, ал эми табигый өсүш 12 ‰ түздү. Табигый көбөйүү темпи дүйнө боюнча 1960-жылы 17 ‰, 1970-жылы 20 ‰ тең болгондугун эске алсак, өсүү темпинин төмөндөп бараткынын көрүүгө болот.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*11-сүрөт.* **Дүйнө мамлекеттери калкынын табигый көбөйүүсү (ар 1000 кишиге салыштырмалуу).**

11-сүрөттөгү картадан Азия жана айрыкча, Африканын көптөгөн өнүгүп келе жаткан өлкөлөрүндө калктын табигый көбөйүү коэффиценти жогору экенин көрүүгө болот. Тескерисинче, Европанын, Түндүк Американын жана Чыгыш Азиянын өнүккөн өлкөлөрүндө калктын табигый өсүшү бир топ төмөн. Атүгүл, Европанын бир катар өлкөлөрүндө (мисалы, Германия, Италия, Украина, Сербия, Болгария ж.б.) жана Японияда табигый көбөйүүнүн терс абалы — **демографиялык** кризис **(депопуляция)** процесси жүрүп жатат.

Табигый көбөйүү деңгээлиндеги айырмачылыктарга социалдык-экономикалык, диний жана улуттук факторлор чоң таасирин тийгизет. Калктын жашоо деңгээли, шаар жана айыл тургундарынын катышы, аялдардын коомдук турмушка катышуу деңгээли, салттуу жашоо образынын жана баалуулуктарынын сакталышы сыяктуу факторлор төрөлүү жана табигый көбөйүү деңгээлине жана анын өзгөрүшүнө алып келет.




*12-сүрөт.* **Дүйнө калкынын континенттер боюнча бөлүштүрүлүшү (2020 жана 2050-жылга карата (прогноз), %).**

Табигый көбөйүү деңгээлиндеги айырмачылыктарга байланыштуу түрдө дүйнө калкынын аймактык курамы өзгөрүүдө. Тактап айтканда, адистердин болжолдоолору боюнча, түрдүү континенттерде жана мамлекеттерде табигый көбөйүү өзгөчөлүктөрүнүн *(12-сүрөт)* таасири менен жер шарынын калкынын континенттер боюнча бөлүштүрүлүшү жана дүйнөдөгү калктын саны боюнча алдыңкы мамлекеттердин курамы жана ырааттуулугу *(9-жадыбал)* өзгөрүшү күтүлүүдө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*9-жадывал*. ***Калкынын саны боюнча дүйнөдөгү алдыңкы он өлкө (млн киш эсебинеде).***

| № | Мамлекеттер | 2020-жыл | Мамлекеттер | 2050-жыл (БУУ прогнозу) |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кытай | 1434,2 | Индия | 1663 |
| 2 | Индия | 1400,1 | Кытай | 1398,8 |
| 3 | АКШ | 329,9 | Нигерия | 401,3 |
| 4 | Индонезия | 271,7 | АКШ | 385,7 |
| 5 | Пакистан | 220,9 | Пакистан | 347,8 |
| 6 | Бразилия | 211,8 | Индонезия | 328,7 |
| 7 | Нигерия | 206,1 | Бразилия | 232,9 |
| 8 | Бангладеш | 169,8 | Бангладеш | 215,5 |
| 9 | Россия | 146,7 | Конго Демократиялык Республикасы | 212,1 |
| 10 | Мексика | 127,8 | Эфиопия | 208,6 |




*13-сүрөт.* **Дүйнө калкынын жыштыгы (адам/км2).**

Калкынын саны боюнча континенттер арасында Азия өзгөчө орунду ээлейт. Ушул континентке 2020-жылга карата дүйнө калкынын 60%га жакыны туура келген. Тактап айтканда, калкынын саны боюнча алдыңкы он өлкөнүн катарына кирген Азиянын 5 өлкөсү (Кытай, Индия, Индонезия, Пакистан, Бангладеш) дүйнө калкынын 45% түзөт. 2050-жылга келип Азиянын бул жагынан лидерлиги сакталат, бирок анын дүйнө калкын курамындагы үлүшү бир топ азайышы күтүлүүдө.

Ошондой эле, кийинки мезгилдерде табигый көбөйүү көрсөткүчүнүн төмөндөшүнө байланыштуу Европа жана Америка континенттеринин дүйнө калкындагы үлүшү бара-бара азайып барат. Азыркы учурда табигый көбөйүү салыштырмалуу жогору даражада сакталып жаткан Африканын дүйнө калкынын территориялык бөлүштүрүлүшүндөгү үлүшү бир топ жогорулайт *(12-сүрөт)*. Учурда калкынын саны боюнча дүйнөдөгү алдыңкы он өлкөнүн катарына Африка өлкөлөрүнөн Нигерия гана кирсе, 2050-жылга келип, Конго Демократиялык Республикасы менен Эфиопия да бул рейтингде орун алышы күтүлүүдө *(9-жадыбал)*.

Белгилүү болгондой, калк жер бетинде бир кылка эмес таралган. Буга табигый географиялык, тарыхый, социалдык-экономикалык жана демографиялык факторлордун таасири чоң. Мелүүн жана субтропиктик климаты бар түздүктөрдө, дарыя өрөөндөрүндө жана дельталарында, деңиз

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



жээги аймактарында калктын жыштыгы эң жогору көрсөткүчтөргө ээ. Бул абал өзгөчө байыртадан интенсивдүү даражада өздөштүрүлгөн Нил, Ганг, Инд, Янцзы, Хуанхэ сыяктуу дарыялардын өрөөндөрүндө жана дельталарында, Индия жарым аралы, Жер Ортолук деңизге туташ аймактарда даана көрүнүп турат *(13-сүрөт)*.

*10-жадыбал.* ***Калкынын жыштыгы эң жогорку жана эң төмөн болгон өлкөлөр (2020-жылга карата)***

| № | Мамлекеттер | Калк жыштыгы (киши/км²) | № | Мамлекеттер | Калк жыштыгы (киши/км²) |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Монако | 18861 | 185 | Мавритания | 4,5 |
| 2 | Сингапур | 8067 | 186 | Ботсвана | 4,0 |
| 3 | Бахрейн | 1965 | 187 | Ливия | 3,9 |
| 4 | Ватикан | 1875 | 188 | Канада | 3,8 |
| 5 | Малдив Республикасы | 1812 | 189 | Гаяна | 3,7 |
| 6 | Мальта | 1628 | 190 | Исландия | 3,6 |
| 7 | Бангладеш | 1179 | 191 | Суринам | 3,5 |
| 8 | Барбадос | 685 | 192 | Австралия | 3,3 |
| 9 | Маврикий | 635 | 193 | Намибия | 3,0 |
| 10 | Сан-Марино | 551 | 194 | Монголия | 2,2 |

Статистикалык маалыматтар дүйнө боюнча азыркы мезгилде 1 $км^2$ жерге 57 адам туура келишин көрсөтөт. Калктын жыштыгы негизинен «кичи» өлкөлөрдө эң жогору көрсөткүчкө ээ *(10-жадыбал)*. Учурда, аймагы көбүрөөк чөлдөрдөн турган Монголия, Намибия, Австралия, Ливия, Ботсвана, Мавритания, ошондой эле суук климаттуу Канада жана Исландия, аймагынын чоң бөлүгү калың экватордук токойлор менен капталган Гайана жана Суринам дүйнөдөгү калкынын жыштыгы эң төмөнболгон өлкөлөрдүн катарына кирет *(10-жадыбал)*.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Улуу географиялык ачылыштар дүйнө калкынын аймактар боюнча бөлүштүрүлүшүнө кандай таасир эткен? Элдин башка аймактарга көчүп кетүүсүнүн себептерин кандай түшүндүрөсүңөр?
2. Эмне үчүн узак тарыхый мезгил ичинде дүйнө калкынын табигый көбөйүү көрсөткүчү төмөн болгон? 19-кылымда Европада жана Америкада калктын орточо жашоо узактыгынын жана табигый көбөйүү көрсөткүчүнүн өсүшү кандай факторлор менен байланыштуу?
3. Окуу китебинин тиркемесинде берилген жадыбалдагы маалыматтарга таянып, Европа, Азия, Африка, Америка, Австралия, Океаниянын калкынын саны боюнча алдыңкы беш өлкөнү аныктап, аларды дептериңерге жазып алгыла.
4. Дүйнө калкынын аймактык жайгашуусуна кандай факторлор таасир этет? Бул сүрөттөрдө чагылдырылган жерлерге кылдаттык менен көңүл бургула жана жашоого эң ыңгайлуу аймактарды тандап, себебин түшүндүргүлө.




Силердин оюңарча, бул аймактарда жашоого ыңгайлуу шарттарды түзүү үчүн кандай иш-чараларды жасоо керек?

5. Атластагы дүйнө калкынын жыштыгы картасынан пайдаланып, жазуусуз картага дүйнөдөгү эң жыш жайгашкан аймактарды жана калкынын жыштыгы 1 $км^2$ жерге 250 адамдан ашкан өлкөлөрдү белгилегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Жашы жана жыныстык курамы, курактык топтор, калктын карышык, негизги, орто жана аралаш расалар, европеоид, м о н г о-л о и д, н е г р о и д, австралоид, метис, мулат, самбо.*

*Калктын курамы кандай өзгөчөлүк-төрдү камтыйт?*

# 9-§. Дүйнө калкынын курактык, жыныстык жана расалык курамы

***Калктын курактык курамы.*** Калк курактык курамы боюнча балдар (0-14 жаш), эмгекке жарамдуу жаштагылар (15-64 жаш) жана карылар (65 жаш жана андан жогору) сыяктуу ири топторго ажыратылат. Бул курактык топтор арасындагы катыш карыши тарыхый доорлордо өзгөрүп келген. Узак доорлор бою дүйнө калкынын курактык курамында карылардын салмагы төмөн болуп, ХХ кылымда жылдан жылга ушул топтун өкүлдөрүнүн үлүшү көбөйө баштады *(11-жадыбал)*. Буга, биринчи кезекте, медициналык кызматтын өнүгүүсү, калктын турмуш көрсаткүчүнүн өсүшү натыйжасында калкытын орточо өмүр сүрүү мезгилинин өсүшү себеп болду.

*11-жадыбал.* ***Дүйнө калкынын жаш курамынын динамикасы***

| Жылдар | Курактык топтордун салмагы, % | | |
|---|---|---|---|
| | 0-14 жаш | 15–64 жаш | 65 жаш жана андан жогору |
| 1950 | 34,5 | 60,4 | 5,1 |
| 1975 | 36,9 | 57,4 | 5,7 |
| 2000 | 31,0 | 62,2 | 6,8 |
| 2010 | 27,0 | 65,0 | 8,0 |
| 2020 | 26,0 | 65,0 | 9,0 |
| 2050 (прогноз) | 21,0 | 63,0 | 16,0 |

Дүйнө аймактарынын калкынын жаш курагы бири-биринен бир топ даражада айырмаланат *(14-сүрөт)*. Башкача айтканда, табигый өсүү жогору болгон Африка калкынын курактык курамында балдардын салмагы карылардыкына караганда жогору экедиги көзгө ташталса, демографиялык кризиске учураган Европа мамлекеттеринде бул абалдын тескерисине күбө болуу мүмкүн. Балдар салмагынын жогорулугу менен Нигер (51 %), Ангола (48 %), Чад (48 %) сыяктуу Африка мамлекеттери эң жогору даражада турат. Бул жааттагы эң төмөн көрсөткүчтөр Италия (13 %), Монако (13%), Германия (14 %) сыяктуу Европа мамлекеттеринде көрсөтүлгөн.




*14-сүрөт.* **Дүйнө аймактары калкынын курактык курамы (%, 2020-жыл).**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Калктын курактык курамында эмгекке жарамдуу жаштагылардын (15-64 жаш) тобу өзгөчө мааниге ээ. 14-сүрөттөн көрүнүп тургандай, бул топ дүйнөнүн жана бардык аймактардын калкынын жалпы санында эң чоң үлүштү ээлеп, дүйнө калкынын 65% түзөт. Төрөлүү көрсөткүчү эң жогору болгон Африкада бул топтун салмагы эң аз болсо, ал эми Азия, Америка жана Европанын бул жааттагы көрсөткүчү дүйнөлүк орточо көрсөткүчтөн жогору.

*Калктын жыныстык курамы.* Дүйнөдө аялдар жана эркектердин салмагы дээрлик барабар, аялдардын салмагы жогорураак же эркектердин салмагы жогорураак болгон аймак жана мамлекеттерди да ажыратууга болот. Статистикалык маалыматтар дүйнө калкынын жыныстык курамында эркектердин салмагы 50,5%, аялдардыкы 49,5% экендигин көрсөтөт (абсолюттук көрсөткүчтө эркектердин саны аялдардын санынан 60 миллионго көп).

Африка, Түштүк Америка, Австралия жана Океанияда жыныстар салмагы дээрлик бири-бирине барабар болсо, Европа жана Түндүк Америка мамлекеттеринде аялдардын салмагы бир топ жогору. Азияда болсо эркектердин сан жагынан жогорулугу күзөтүлөт. Айрыкча, Чыгыш, Түштүк жана Түштүк-батыш Азияда жана Түндүк Африка мамлекеттеринде эркектердин салмагы аялдардыкына караганда бир топ жогорулугун (мисалы, Катарда 67%, Кувейтде, БАЭде 57,5%) көрүүгө болот. Буга себеп, негизинен ушул аймактарда аялдардын социалдык абалынын төмөндүгү, жаш курамында карыялар салмагынын аздыгы (аялдардын орточо жашоо узактыгы эркектердикине караганда адатта узак болгондуктан, карыялар курамында аялдардын үлүшү бир топ жогору болот) жана миграциялык жараяндар таасир этет. Европа өлкөлөрүнүн көпчүлүгүндө болсо, төрөлүү көрсаткүчүнүн төмөндүгү, XX кылымда болуп өткөн эки дүйнөлүк согуштагы чоң жоготуулар сыяктуу факторлор себептүү аялдар салмагынын жогору (мисалы, Латвияда 53,7%, Украинада 53,5%, Россияда 53,1 %)

*Жаш-жыныстык пирамидалар.* Калктын курактык жана жыныстык курамын талдоодо жаш-курак прамидасынан пайдаланылат. Ал аркылуу белгилүү бир аймактын калкынын жаш топторунун жана жыныстар боюнча бөлүнүшүн көрүүгө болот *(15-сүрөт).*

Өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин жаш-жыныстык пирамидаларын салыштырган абалда төмөнкү жыйынтыкка келүүгө болот:

1) өнүккөн өлкөлөрдө калктын табигый көбөйүү көрсаткүчүнүн төмөндөшүнүн акыбетинде балдардын салмагы азайып, эмгекке жарамдуу жана улуу жаштагы адамдардын салмагы көбөйүүдө:

2) Өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө табигый көбөйүүнүн жогорку темптеринин натыйжасында жаш-жыныстык пирамидасынын төмөнкү бөлүгү чоң салмакка ээ болууда. Ошону менен бирге бул өлкөлөрдө эркектердин сан жагынан артыкчылыгы байкалат.




*15-сүрөт.* **Өнүккөн (I) жана өнүгүп келе жаткан (II) өлкөлөрдүн калкынын . жаш-жыныстык пирамидалары.**

*Калктын расалык курамы.* Расалар — адамдардын тышкы көрүнүш белгилери (тери, чач, көздүн түсү, дене түзүлүшү, жүз, мурун, эрин формасы ж.б) менен өзара айырмалануучу топтор.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Расалар өзүнүн маңызы жана пайда болуу себептери боюнча биологиялык категория катары каралып, адам организминин тышкы чөйрөгө ыңгайлашуусунун натыйжасында калыптанган. Расалардын пайда болушу узак тарыхый доорлорго барып такалат.

Дүйнө калкынын чоң бөлүгү (70 %га жакын) төрт негизги расага (европеоид, монголоид, негроид чоң расалары жана австралоид кичи расасы), калган бөлүгү аралык жана аралаш расаларга тиешелүү.

Европеоид расасы өкүлдөрү дүйнө калкынын 40%дан ашыгын түзөт жана алар Европа, Америка, Австралия жана Океания калкынын басымдуу бөлүгүн түзөт. Ошондой эле, Түштүк, Түштүк-батыш жана Борбордук Азияда жана Түндүк Африкада көп сандаган европеоиддер жашайт. Түндүк аймактарда жашаган европеоиддерге ак түстүү тери, толкун сымал же тегиз, жумшак чач, негизинен көк көздүү, кыр мурун, ичке жана орто эриндер сыяктуу белгилер мүнөздүү болуп *(16-сүрөт)*, андан ары түштүккө карай барган сайын табигый чөйрө менен байланыштуу абалда, дене, чач жана көздүн түстөрү токтошуп барат. Ошол себептен, европеоид рассасы курамында 3кө түндүк, Орто Европалык жана түштүк бутактарына бөлүнөт.

Монголоид расасынын өкүлдөрү сары түстүү тери, тегиз, кату кара түстүү чач, көзүнүн кара түстүү көрүнүштөрү, кырдуу же орто жалпак мурун, көзүнүн үстүндөгү кабагынын ажыралып турушу менен айырмаланат *(16-сүрөт)*. Монголоиддер негизинен Азия континентинде кеңири таркалган. Ошондой эле, Россиянын Азиядагы бөлүгү жана Американын түпкү калктары да монголоид расасына таандык.


*Европеоид расасы*


*Монголоид расасы*


*Негроид расасы*


*Австралоид расасы*

*16-сүрөт.* **Негизги расанын өкүлдөрү.**

Негроид расасынын өкүлдөрү негизинен Африка жана Америка континенттериндеги мамлекеттерде жашашат. Териси кара түстүү, тегиз, кату, тармал кара түстүү чач, көзүнүн кара түстүү көрүнүштөрү, жаагынын ажыралып турушу, жалпак мурун, кара эрин аларга мүнөздүү негизги белгилер болуп эсептелет *(16-сүрөт)*. Африка бул раса өкүлдөрүнүн түпкү мекени болуп эсептелип, алардын чоң бөлүгү XVI-XVIII кылымдарда Американын түрдү аймактарына милдеттүү түрдө кул кылып алып кетилген.

Австралоид расасы узак доорлор бою негроид расасынын бир көрүнүшү сыпатында бааланып келген. Бирок соңку жылдардагы изилдөөлөр алардын келип чыгышы негроиддер менен байланыштуу эместигин көрсөтүүдө. Кара түстүү тери (негроиддикине караганда бир аз ачыраак), кыска моюн, абдан кең жалпак мурун, кара күрөң чачтуу жана көздүү, калың эриндүү бул раса өкүлдөрү, негизинен Австралия жана Океания аймактарында таркалган *(16-сүрөт)*.

Негизги расалардын арасында тарыхый жактан пайда болгон аралык расанын өкүлдөрү бар. Аларга эфиоп, дравид, урал, фергана-памир расалар мисал боло алат. Дүйнө калкынын расалык курамына метис, мулат жана самбо түрүндөгү аралаш расанын өкүлдөрү кирет. Дүйнө калкынын расалык курамында метис, мулат жана самбо көрүнүшүндөгү аралаш расанын өкүлдөрү да бар.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Бул аралаш расалар Америка континентинде кеңири таралган болуп, метистер европеоид жана америкалык индейлердин, мулаттар европеоид жана негроиддердин, самболор америкалык индейлер жана негроиддердин аралашуусунун натыйжасында пайда болгон.

Расалар жөнүндө сөз болгондо, сырткы белгилер адамдардын интеллектуалдык жөндөмдүүлүктөрүнө жана адамдык сапаттарына таасир этпей турганын белгилей кетүү керек. Ошондуктан бардык расанын өкүлдөрү укуктук жактан өзара тең болушу керек. Көз карандылык жана кулчулук шартында кээ бир өлкөлөрдө калыптанган расизм идеологиясына (расалар ортосунда физикалык жана психикалык теңсиздикти пропагандалоочу көз караш) каршы күрөшүү максатында БУУ тарабынан 1965-жылы расалык дискриминациянын бардык формаларын жок кылуу жөнүндө Эл аралык Конвенция кабыл алынган.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Калктын жаш курагына табигый өсүү көрсөткүчү кандай таасир этет? Эмне үчүн узак мезгилдер аралыгында дүйнө калкынын жаш курамында карыялардын салмагы абдан төмөн көрсөткүчтө болгон?
2. Эмне үчүн өнүккөн өлкөлөрдө балдардын салмагы карыларга караганда төмөн? Бул жагдай кандай социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү жаратышы мүмкүн?
3. Расалар кандай факторлордун таасиринде пайда болгон? Европеоид расасы өкүлдөрүнүн дүйнө жүзү боюнча кеңири таралышынын себеби эмнеде?
4. Америка континентинде аралаш рассалардын пайда болуу себептерин түшүндүргүлө. Ага улуу географиялык ачылыштар кандай таасир көрсөткөн?
5. Төмөнкү маалыматтардан туурасын ажыраткыла:

- Европеоид расасы эки топко бөлүнөт;
- Түндүк Америка өлкөлөрүндө аялдардын салмагы бир топ жогору;
- Мулаттар европеоид жана америкалык индейлердин аралашуусунан пайда болгон;
- Африка континентинде төрөлүү көрсөткүчү эң жогору;
- Монголоиддер негизинен Чыгыш жана Түштүк-Чыгыш Азия өлкөлөрүндө кеңири таралган;
- Ангола балдардын салмагы эң жогору болгон өлкө эсептелет;
- Дүйнө калкынын жыныстык курамында эркектердин салмагы 49,5% түзөт;
- Европада демографиялык кризис байкалууда;
- Эфиоп жана урал расалары аралаш расаларга мисал боло алат.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Этнос, уруу, улут, тил түркүмдөрү жана топтору, эл аралык сүйлөшүү тилдери, дин, жөнөкөй дин, жергиликтүү дин, буддизм, христиан дини, ислам дини.*

*Эмне үчүн кайсы бир өлкөгө саякатка чыгуучу адамга ошол өлкөнүн калкынын улуттук жана диний курамын билүү керек?*

# 10-§. Дүйнө калкынын этникалык жана диний курамы

Калктын улуттук жана диний курамы өлкөлөрдө болуп жаткан демографиялык процесстерге чоң таасирин тийгизет. Үй-бүлөгө, балдардын саны жана тарбиясына байланыштуу диний көз караштар жана улуттук баалуулуктар көп жактан калктын табигый өсүшүнө, жаш жана жыныстык курамына өз таасирин тийгизет.

Калктын этникалык (улуттук) курамы. Дүйнө жана өз алдынча өлкөлөр калкынын маанилүү мүнөздөмөлөрүнүн бири анын этникалык, башкача айтканда, улуттук курамы болуп саналат. «Этнос» сөзү байыркы грек тилинен «эл, улут» деп которулуп, илимий адабияттарда кеңири колдонулат.

Кишилердин эң байыркы, жөнөкөй коомдук бирикмеси болгон уруулар менен уруктар бүгүнкү күндө негизинен Түндүк Америка менен Евразиянын түндүк аймактарында, Океания аралдарында, Африканын борбордук бөлүгүндө сакталып калган *(17-сүрөт)*.

Элеттер уруу, урук жана улуттар арасындагы бириктирүүчү шакекче катары кызмат кылат. Алар адатта аз сандуу болуп, белгилүү бир чакан аймактар тегерегинде жашашат. Элеттер негизинен Азия жана Африка мамлекеттеринде бар.

Улуттар жалгыз тили, аймагы, улуттук экономикасы, маданияты, менталитети жана улуттук өздүгүн сезүү өзгөчөлүктөрү жогору даражада калыптанган, көпчүлүк абалдарда өз мамлекеттүүлүгү же автономиясына ээ болгон этностор. Улуттар дүйнөнүн бардык аймак жана континенттеринде кеңири таркалган.




*17-сүрөт.* **Дүйнөнүн ар кайсы аймактарында жашаган уруулар.**

***Этностор*** — *бири-биринен тили, жашаган аймагы, маданий каада-салты жана үрп-адаттары, жашоо образы боюнча айырмаланган жана өздүк сезими болгон адамдардын тарыхый калыптанган социалдык-маданий топтору. Этностордун уруу, урук, элет жана улут формалары бар.*

Илимий маалыматтарга караганда, дүйнөдө 3-4 миң этнос болуп, алардын арасында 100 млн кишиден ашуун болгон 14, 50-100 млн киши болгон 13 улут өкүлдөрү бар. Дүйнөдөгү эң көп сандуу улуттардын катарына кытайлар (ханьдар), индиялыктар, арабдар, америкалыктар, бенгалдар, бразилиялыктар, орустар, мексикалыктар, жапондор, пенжабиликтер, бихарилер, явандыктар кирет. Дүйнөдөгү бир нече миң этникалык топтордун көпчүлүгүн аз сандуу болгон элет, уруулар жана уруктар түзөт

Дүйнө мамлекеттери улуттук курамдык өзгөчөлүктөрүнө карата бир улуттуу (мисалы, Япония, Исландия, Норвегия), бир улуттун башкаларына карганда чоң салмакка ээ болгон (мисалы, АКШ, Франция, Түркия), эки улуттуу (мисалы, Канада, Бельгия), келип чыгышы бири-бирине жакын улуттардан турган (мисалы, Афганстан, Пакистан), көп улуттуу (мисалы, Индия, Индонезия) мамлекеттер топторуна ажыратылат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Этностун калыптанышында тилдин мааниси абдан чоң. Бирок дүйнөдөгү бардык этностор өзүнчө тилге ээ эмес. Мисалы, америкалыктар үчүн англис тили, австриялыктар үчүн немис тили, бразилиялыктар үчүн португал тили байланыш жана расмий тил катары кызмат кылат.

Адистердин маалыматтарына караганда, бүгүнкү күндө дүйнөдө диалекттерди кошпогондо 3000 ден ашуун тил бар жана алардын ичинен эң көп таралган 40 тил дүйнө калкынын ⅔ бөлүгү үчүн негизги байланыш каражаты болуп саналат.

Дүйнөдө жашап жаткан тилдер теги жалпылыгы, лексикалык жана грамматикалык системаларынын окшоштугу эсебинен 20 дан ашуун тил түркүмдөрүнө бириктирилет. Алардын ичинен инди-европа тил түркүмү сүйлөөчүлөрдүн саны боюнча алдыңкы орунда турат. Дүйнө калкынын 45% бул тил түркүмүнө таандык тилде сүйлөшөт. Ошондой эле, дүйнөдө корей, япон, баск, айн, буриш сыяктуу эч кайсы тил түркүмүнө кирбеген тилдер да бар.

Дүйнөдө сүйлөшүүчүлөрдүн саны боюнча кытай, испан, англис, инди, араб, бенгал, португал, орус, япон жана яван тилдери жетекчилик кылат. Кытай, англис, испан, француз, араб жана орус тилдери БУУнун расмий тилдери болуп саналат.

**Диндер**

- **Жөнөкөй (примитивдүү)** *Тотемизм, анимизм, фетишизм, шаманизм*
- **Жергиликтүү** *Индуизм, конфуцийлик, синтоизм, даосизм, сикхизм, иудаизм*
- **Дүйнөлүк** *Буддизм, христиандык, ислам*

*18-сүрөт.* **Диндердин классификациясы.**

**Калктын диний курамы.** Диндер жөнөкөй (примитивдүү), жергиликтүү жана дүйнөлүк диндерге бөлүнөт *(18-сүрөт)*. Диний ишенимдин эң жөнөкөй көрүнүшү болгон примитивдүү диндер азыр да, негизинен уруулар арасында сакталып калган. Алардын тотемизм (Америка аймактары, Австралия аборигендери жашаган аймактар), анимизм (Тропиктик Африка, Америка, Океания), фетишизм (Тропиктик Африка), шаманизм (Россиянын түндүк аймактары) сыяктуу көрүнүштөрү бар.

Жергиликтүү диндер (бир же бир нече боордош улуттар арасында таралган диндер), негизинен бир мамлекет же аймак тегерегинде таралган *(12-жадыбал)*. Жергиликтүү диндердин арасында индуизм дини сыйынуучулардын саны боюнча алдыңкы орунда турат. Сикхизм, конфуцийлик, иудаизм, синтоизм диндери да жергиликтүү диндердин катарына кирет.

*12-жадыбал.* ***Жергиликтүү диндердин таралуу аймактары***

| № | Жергиликтүү диндер | Динге ишенгендердин негизги бөлүгү таралган аймактар |
|---|---|---|
| 1 | Индуизм | Индия, Непал, Шри-Ланка |
| 2 | Сикхизм | Индия (Пенжаб штаты) |
| 3 | Конфуцийлик | Кытай |
| 4 | Даосизм | Кытай |
| 5 | Синтоизм | Япония |
| 6 | Иудаизм | Израиль, АКШ |

Буддизм, христиандык жана ислам диндери дүйнөнүн бир нече өлкөлөрүндө жана аймактарында таралгандыгы, динге ишенгендердин саны боюнча чоң салмакка ээ болгондугу үчүн дүйнөлүк диндер катары таанылган *(13-жадыбал)*.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*13-жадыбал. Дүйнөлүк диндердин таралуу аймагы*

| № | Дүйнөлүк диндер | Динге ишенгендердин негизги бөлүгү таралган аймактар |
|---|---|---|
| 1 | **Буддизм** | Чыгыш жана Түштүк-чыгыш Азия (Кытай, Япония, Монголия ж.б) |
| 2 | **Христиандык**, анын ичинен: | Европа, Түндүк Азия, Америка, Австралия |
| 2.1 | католик | Батыш жана Түштүк Европа, Түштүк Америка |
| 2.2 | протестанттык | Түндүк Европа, Түндүк Америка, Австралия |
| 2.3 | православие | Чыгыш жана Түштүк Европа, Түндүк Азия |
| 3 | **Ислам**, анын ичинен: | Түштүк, Түштүк-батыш, Түштүк чыгыш жана Борбордук Азия, Түндүк Африка |
| 3.1 | сунниттер | Көпчүлүк мусулман мамлекеттер |
| 3.2 | шиалар | Иран, Азербайжан, Ирак, Ливан, Бахрейн |

Динге ишенгендердин санына карата (2 млрд. 400млн. кишиден ашуун) христиандык дини алдыңкы орунда турат. Бул диндин өкүлдөрү дүйнөнүн бардык аймактарына таралган. Христиандык дини католик, протестанттык жана православие сыяктуу 3 чоң багытка бөлүнөт.

Пайда болуу доору боюнча дүйнөлүк диндердин арасында эң жашы болуп эсептелген ислам дининин 1 млрд 600 млн дон ашык ишенүүчүсү бар. 50 мамлекет үчүн мамлекеттик дини эсептелген ислам дини негизинен Түндүк Африка, Түштүк-батыш, Борбордук, Түштүк, Түштүк-чыгыш Азия аймактарында кеңири таралаган. Анын суннийлик жана шиалык сыяктуу эки чоң багыттары бар. Суннийлик багытына жалпы мусулмандардын 90% жакын бөлүгү таандык. Борбордук Азия өлкөлөрү, алардын ичинен, Өзбекстанда да ислам дининин суннийлик багыты кең таркалган.

Чыгыш жана Түштүк-чыгыш Азияда (Кытай, Япония, Монголия, Мянма, Тайланд ж.б) буддизм дини 700 млн дон ашуун өкүлдөрүнө ээ. Буддизмдин махаяна, хинаяна, ламаизм сыяктуу багыттары бар.

Калктын улуттук жана диний курамы демографиялык жараяндарга гана эмес, балким мамлекеттин саясий турмушуна да чоң таасирин көрсөтөт.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Бүгүнкү күндө уруу жана уруктар сакталып калган аймактарды картадан көрсөткүлө. Эмне үчүн уруу формасындагы этностор дал ушул аймактарда сакталан?
2. Дүйнө мамлекеттери калкынын улуттук курамдык өзгөчөлүктөрүнө карай кандай топторго бөлүнөт? Калктын улуттук курамы боюнча ар түрдүү топторго таандык болгон мамлекеттерге мисалдар келтиргиле.
3. Силердин оюңарча, эмнеге кытай, англис, испан, француз, араб жана орус тилдери БУУнун расмий тилдери болуп эсептелет? Пикириңерди негиздегиле.
4. Сүрөттө берилген мамлекеттердин атын аныктагыла жана аларга тиешелүү мүнөздөмөлөрдү тандагыла.




а бир улуттуу мамлекет;
б калкы ундуизмге ишенет;
д шиалык сектасы кеңири таралган;
е көп улуттуу мамлекет.

5. Атластагы диндердин картасынан пайдаланып, дүйнөлүк диндер таралган аймактарды жазуусуз картага белгилегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 11-§. Дүйнө өлкөлөрүнүн урбанизациясы

*Шаар, урбанизация, жогору, орто жана төмөн даражадагы урбанизациялашкан мамлекеттер, жалган урбанизация, моно-шаар, шаар агломерациясы, мегалополис.*

*Шаар жана айыл калк пункттары ортосундагы айырмачылыктарды баяндагыла.*

***Шаар** — калктын басымдуу бөлүгү айыл чарбасынан башка тармактарда иштеген калк конушу?*

***Урбанизация** – (латынча «урб» – «шаар») — коомдун социалдык-экономикалык турмушунда шаарлардын маанисинин артышы, б.а. шаар калкынын саны жана салмагынын өсүшү, шаар жашоо түрүнүн таркалыш жараяны.*

Айыл жана шаарлар калктын негизги жашоочу пункттары болуп эсептелет. Азыркы доордо шаарлар ар бир мамлекеттин негизги өндүрүш, башкаруу, транспорт борборлоруна айланып калгандыгы эч кимге сыр эмес.

Адамзаттын тарыхында алгачкы шаарлардын пайда болушу дыйканчылык жана чарбачылык тармактары өкүлдөрүнүн өзара продукция алмашуу борборлору болгон базарлардын ишмердүүлүгү менен байланышкан. Географиялык жактан ыңгайлуу болгон бул соода аймактары кийинчерээк кол өнөрчүлөрдүн жана соодагерлердин жашоо жана эмгектенүү борборлоруна айланган. Убакыттын өтүшү менен ири мүлк ээлери жашаган, чоң кербен жолдорунда ыңгайлуу жайгашкан калктуу пункттар да шаарларга айлана баштаган.

Өндүрүш тармактарынын өнүгүшү, айрыкча өнөр жай революциясынын пайда болушу, заманбап транспорт жолдорунун салынышы дүйнөдөгү шаарлар санынын кескин көбөйүшүнө алып келди. Эгерде байыркы мезгилдерде шаарлардын пайда болушу негизинен ыңгайлуу географиялык жайгашуусуна жана табигый шарттарга байланыштуу болсо, кийинки мезгилде жаңы кендердин ачылышы, өнөр жай ишканаларынын жана транспорт жолдорунун курулушу, туризм жана кызмат көрсөтүү тармактарынын өнүгүшү сыяктуулар шаар пайда кылуучу негизги факторлорго айланды.

Шаарга мүнөздүү жашоо түрү көптөгөн адамдарды өзүнө тартып, аларды шаарга көчүп келүүгө үндөдү. Натыйжада XX кылымда дүйнөдө **урбанизация** даражасы тез темп менен өсүп барды.

Эгерде 1800-жылы дүйнө калкынын 3% шаарларда жашаган болсо, 100 жылдан кийин бул көрсөткүч 14%га жеткен. 2000-жылга карата дүйнөлүк урбанизациянын көрсаткүчү (шаар калкынын үлүшү) 47%ды түздү. 2020-жылга карата дүйнө калкынын 56% шаарларда жашашкан. Эң жогорку көрсөткүч (100%) Катар, Монако, Сингапур, Науру сыяктуу «кичи» өлкөлөрдө байкалат. Эң төмөнкү көрсөткүчтөр Бурунди (13%), Нигер (16%) жана Малави (17%) сыяктуу төмөн өнүккөн өлкөлөргө мүнөздүү.

Урбанизация деңгээлине көрсөткүчтөрү боюнча дүйнө мамлекеттерин үч топко бөлүү мүмкүн:

1. Шаар калкынын үлүшү 75% дан жогору болгон *жогорку деңгээлде урбанизациялашкан* мамлекеттер (мисалы, АКШ, Япония, Бельгия ж.б);
2. Шаар калкынын үлүшү 50%дан 75%га чейин болгон орточо даражада урбанизациялашкан мамлекеттер (мисалы, ТАР, Перу, Кытай ж.б);
3. Шаар калкынын үлүшү 50%дан аз болгон төмөн даражада урбанизациялашкан мамлекеттер (мисалы, Египет, Бангладеш, Молдова ж.б)

Алкактар арасында эң жогорку урбанизация даражасы Түндүк Америкага тиешелүү (82%). Бул көрсөткүч Латын Америкасында 79%, Европада 75%, Австралия жана Океанияда 68%, Азияда 51% жана Африкада 43%ды түзөт *(19-сүрөт)*.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



***Шаар агломерациясы*** — *түрдүү чоңдуктагы шаарлардын административдик, өндүрүштүк, коомдук, маданий байланыштар натыйжасында биригүүсү эсептелет.*

***Мегаполис*** — *(грекче «megalu» — «чоң», polis — «шаар» ) — ири шаарлар жана шаар агломерацияларынын бир-бирине кошулуп кетиши.*




*19-сүрөт.* **Дүйнөлүк аймактарда урбанизация деңгээлинин өзгөрүшү (% эсебинде).**

19-сүрөттөгү диаграммалар дүйнөнүн бардык алкактарында урбанизация көрсаткүчүнүн мезгил өтүшү менен өсүп барышын көрсөтүүдө. Европа, Түндүк Америка, Латын Америкасы, Австралия жана Океания аймактарында бул жараян өзгөрүштөрү салыштырмалуу жай деңгээлинде жүрүүдө. Азия жана Африка калкынын табигый өсүүсүнүн жогорулугу, айылдардан шаарларга көп сандаган калктын активдүү миграциясы сыяктуу факторлордун таасиринде урбанизация деңгээли жылдан-жылга ашып барууда.

Өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде *жалган урбанизация* көрүнүшү кең таркалган *(20-сүрөт)*. Жалган урбанизация деп, ири шаарлардын тегерегинде керектүү инфраструктура элементтерине ээ болбогон, айылдардан көчүп келген калк тарабынан тартипсиз түрдө куруулган жайлардын калыптанышына айтылат. Бул жараян айрыкча, Бразилия жана Индиядагы ири шаарларда кеңири таркалган.



*20-сүрөт.* **Жалган урбанизация көрүнүштөрү.**

Заманбап шартта көп тармактуу өндүрүш жана кызмат көрсөтүү тармактары бар болгон, административдик башкаруу функцияларын аткарган шаарлар эң жогорку темп менен өнүгүп жатат. Тескерисинче, бир ири ишкана же пайдалуу казылма кенинин негизинде калыптанган, бир өндүрүш тармагына адистешкен шаарлардын социалдык-экономикалык өнүгүүсү көп учурда көйгөйлүү абалда жүрөт. Мындай өзгөчөлүккө ээ болгон шаар пункттары *моношаарлар* деп аталат. Учурда АКШ, Австралия, Япония, Россия, Казакстан жана дүйнөнүн башка көптөгөн өлкөлөрүндө минералдык ресурстар запастарынын түгөнүшү, өндүрүш ишканаларынын жабылышы, экологиялык абалдын начарлашына байланыштуу калкынын бардыгы же өтө чоң бөлүгү көчүп кеткен, чыныгы мааниде, «өлүк» шаарларга айланган моношаарлар бар *(21-сүрөт)*.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*Виржиния шаары (АКШ)*



*Гункажима (Япония)*

*21-сүрөт.* **«Өлүк» шаарларга айланган моношаарлардын үлгүлөрү**.

Урбанизация жараянынын натыйжасында шаарлардын жана шаар тургундарынын саны гана көбөйбөстөн, балким шаар пункттары аянты да кеңейет. Шаар аймактарынын кеңейүүсүнүн натыйжасында *шаар агломерациялары* жана *мегалополистер* пайда болгон.

Шаар агломерациялары бир борборлуу (моноцентрдик) жана көп борборлуу (полицентрдик) болушу мүмкүн. Токио-Йокогама (калкы 37,8 млн адам), Жакарта (30,5 млн адам), Дели (25 млн адам), Манила (24,1 млн адам), Сеул-Инчхон (23,5 млн адам) дүйнөнүн эң ири агломерациялары болуп эсептелет.

*14-жадыбал.* ***Дүйнөнүн ири мегалополистери***

| Мегалополистин аталышы | Жайгашкан мамлекети | Курамындагы шаар агломерациясы | | Жалпы узундугу, км |
|---|---|---|---|---|
| | | Саны | Эң ириси | |
| Түндүк-чыгыш (Босваш) | АКШ | 40 | Нью-Йорк | 800 |
| Көл бою (Чипитс) | АКШ | 35 | Чикаго | 900 |
| Тынч океан бою (Сансан) | АКШ | 15 | Лос-Анжелес | 800 |
| Англис | Улуу Британия | 30 | Лондон | 400 |
| Рейн | Нидерландия, Бельгия, Германия, Франция | 30 | Рейн-Рур | 500 |
| Токайдо | Япония | 20 | Токио | 700 |

Дүйнөдөгү мегалополистердин эң ирилеринин катарына АКШнын Түндүк-чыгыш, Көл бою, Тынч океаны бою, Улуу Британиядагы Англис, Япониядагы Токайдо жана Нидерландия, Германия, Бельгия жана Франция аймактарында калыптанган Рейн мегалополистери кирет *(14-жадыбал).*



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Төмөнкү терминдеге дал келген аныктамаларды тандап, дептериңерге жазып алгыла.
1) шаар; 2) урбанизация; 3) шаар агломерациясы; 4) мегалополис.

| | |
|---|---|
| A | *коомдун социалдык-экономикалык турмушунда шаарлардын маанисин жогорулашы, шаар тургундары санынын жана салмагынын өсүшү, шаар жашоо образынын жайылуусу.* |
| B | *Ири шаарлар жана шаар агломерацияларынын бири-бирине кошулуп кетиши.* |
| D | *Түрдүү чоңдуктагы шаарлардын админстративдик, өндүрүштүк, социалдык, маданий байланыштар натыйжасында биригүүсү.* |
| E | *калктын басымдуу бөлүгү айыл чарбасынан башка тармактарда иштеген калк пункту.* |

2 XX кылымга келип урбанизация даражасынын ылдам темптер менен жогорулашына кандай фаторлор таасир көрсөткөн?

3 Өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөгү урбанизация жараяндары бири-биринен кандай өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат? Жалган урбанизациянын калыптанышына себеп эмне жана ал кандай проблемаларды келтирип чыгарышы мүмкүн?

4 Моношаарлар деп кандай шаарларга айтылат? Силердин оюңарча, моношаарлардын убакыт өтүшү менен «өлүк» шаарга айланып калбастыгы үчүн кандай иш-чараларды ишке ашыруу зарыл?

5 Атластагы урбанизация картасынан пайдаланып, жогору даражада урбанизациялашкан мамлекеттерди жазуусуз картадан белгилегиле.

6 Урбанизация жараянынын калктын жашоо образына жана айлана-чөйрөгө таасирин кандай баалоого болот? Оюңардын негизинде төмөнкү жадыбалды толтургула.

| **Урбанизация жараянынын аспектилери:** | |
|---|---|
| **Оң** | **Терс** |
| ... | ... |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 12-§. Практикалык машыгуу
## *Калктын кыймылы, курамы жана жайгашуусуна тиешелүү маселелер*

**1 Төмөнкү маалыматтардан пайдаланып, мамлекеттер калкынын жыштыгын эсептегиле:**

a **Колумбия:** аянты — 1138,9 миң км², калкынын саны — 51,3 млн киши;
b **Улуу Британия:** аянты — 243,8 миң км², калкынын саны — 67,2 млн киши;
d **Казакстан:** аянты — 2724,9 миң км², калкынын саны — 18,7 млн киши;
e **Гана:** аянты — 238,5 миң км², калкынын саны — 31,1 млн киши;

**2 Берилген сандардын негизинде белгисиз чоңдуктарды эсептеп, төмөнкү жадыбалды толтургула.**

| Мамлекеттер | Жалпы калкы, млн киши | Шаар калкынын саны, млн киши | Урбанизация даражасы, % | Айыл калкынын саны, млн киши | Айыл калкынын үлүшү, % |
|---|---|---|---|---|---|
| Мексика | ... | 93,3 | 73 | ... | ... |
| ТАР | ... | 39,9 | ... | 19,7 | ... |
| Мянма | 54,7 | ... | ... | 38,3 | ... |
| Австралия | 8,9 | ... | 59 | ... | ... |
| Уругвай | .. | 3,3 | ... | ... | 5 |

**3 Төмөнкү жадыбалда берилген маалыматтарга таянып, мамлекеттердин калкынын 2020-жылдагы табигый, миграциялык жана жалпы көбөйүшү, ошондой эле, 1.01.2021-жыл абалына карата санын эсептегиле.**

| Мамлекеттер | 1.01.2020-ж. абалы боюнча калкынын саны, миң киши | 2020-жылда төрөлгөндөрдүн саны, миң киши | 2020-жылда өлгөндөрдүн саны, миң киши | 2020-жылда көчүп келгендердин саны, миң киши | 2020-жылда көчүп кеткендердин саны, миң киши |
|---|---|---|---|---|---|
| Латвия | 1907,7 | 17,5 | 28,9 | 8,8 | 12 |
| Кыргызстан | 6523,5 | 158,1 | 40 | 1 | 5,8 |

**4 Төмөнкү маалыматтардан пайдаланып, берилген өлкөлөрдүн калкынын жаш курамындагы айырмачылыктарды аныктагыла жана бул айырмачылыктардын себептерин түшүндүрүүгө аракет кылгыла.**

| Көрсөткүчтөр | Мамлекеттер | | |
|---|---|---|---|
| | Бельгия | Мозамбик | Сауд Арабиясы |
| 0–14 жаштагы калктын салмагы, % | 17 | 46 | 25 |
| 15–64 жаштагы калктын салмагы, % | 64 | 51 | 72 |
| 65+ жаштагы калктын салмагы, % | 19 | 3 | 3 |
| Төрөлүү, 100 кишиге салыштырмалуу | 10 | 39 | 15 |
| Орточо өмүр сүрүү, жаш | 82 | 55 | 78 |
| Миграциялык көбөйүү, 100 кишиге салыштырмалуу | 4 | –2 | 12 |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 4-глава. Дүйнөлүк чарбанын географиясы

## 13-§. Дүйнөлүк чарба жана эл аралык эмгектин бөлүнүшү

*Дүйнөлүк чарба, агрардык, индустриалдык жана постиндустриалдык доорлор, илимий-техникалык революция, биринчи, экинчи, үчүнчү жана төртүнчү секторлор, эл аралык эмгектин бөлүнүшү, адистешүү.*

*Эмне себептен мамлекеттер өзара соода-сатык кылышат?*

***Дүйнөлүк чарбасы (экономикасы)*** *— өзара соода-сатык, кредит берүү, эл аралык экономикалык уюмдарды түзүү жана башка формадагы экономикалык мамилелер аркылуу байланышкан дүйнө мамлекеттеринин улуттук экономикалары комплекси болуп саналат.*

Улуттук чарбалар жалпылашкан абалда дүйнөлүк чарба катарында иш-аракет көрсөтө баштаган доор XVI-XVII кылымдар, б.а. Улуу географиялык ачылыштар доору менен байланыштуу. Ушул тарыхый доордо кымбат баалуу металл таштар, татымалдар жана кулдар менен эл аралык соода тез өнүктү.

Дүйнөлүк чарбанын калыптанышы жана өнүгүшү өндүрүш тармактарынын өрчүшү менен байланыштуу *(22-сүрөт)*. Белгилүү болгондой, дүйнө экономикасы үчүн XVIII кылымга чейинки доордо айыл чарбасы жетекчи тармак болгон. Ошону менен бирге кол өнөрчүлүк багытынын да өнүккөндүгү белгилүү болчу.

Европада башталган өнөр жай революциясы өндүрүштүн өнүгүшү үчүн негиз түздү. XVIII кылымда Дж.Уатт тарабынан буу машинасынын ойлоп табылышы түрдүү өнүмдөрдү өндүрүүчү ири ишканалар — завод жана фабрикаларды ишке түшүрүүгө шарт жаратты. Убакыттын өтүшү менен индустриялдаштыруу процесси дүйнөнүн бардык аймактарына жайыла баштады.




*22-сүрөт.* **Дүйнөлүк экономика тармактарынын динамикасы.**

Өткөн кылымдын экинчи жарымына келип *илимий-техникалык революциянын* пайда болушу менен дүйнөлүк экономикада үчүнчү — постиндустриалдык доор

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



башталды. Бул мезгилде дүйнөлүк экономиканын курамында тейлөө тармактары чоң мааниге ээ болду.

Илимий-техникалык революциянын алгачкы мезгилинде өндүрүштүн натыйжалуулугун жогорулатууга адамдын эмгегинин ордун машиналар менен алмаштыруунун эсебинен жетишилсе, экинчи мезгилде өндүрүшкө электрлештирилген татаал процесстерди киргизүү аркылуу продукциянын көлөмүн жогорулатуу жана жаңы тармактардын пайда болушуна негиз жаратты. Натыйжада автомобиль өнөр жайы пайда болуп, кара металлургия, химия сыяктуу өнөр жай тармактарында жаңы багыттар калыптанып, лазер жана рентген нурларын колдонуу мүмкүнчүлүгү пайда болду. XX кылымдын аягы — XXI кылымдын башы үчүнчү мезгил эсептелип, мында бардык өндүрүш процесстерин толук автоматташтыруу байкалат. Ошол эле учурда биотехнология, жаңы конструкциялык материалдарды өндүрүү, робототехника сыяктуу тармактардын өнүгүшү бул мезгилдин маанилүү жетишкендиктери болуп саналат.

***Илимий-техникалык революция*** *— илимий прогрессти тездешүүсү натыйжасында өндүрүшкө жаңы техника жана технологияларды киргизүүнүн үзгүлтүксүз процесси.*

Илимий-техникалык революциянын натыйжасында дүйнөлүк экономикада болуп жаткан өзгөрүүлөргө карабастан, өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн ортосунда илим жана технологиялардын өнүгүүсүндөгү айырмачылыктар дагы эле чоң бойдон калууда. Мисалы, бүткүл дүйнөдө аткарыла турган илимий изилдөөлөрдүн ⅘ бөлүгү 10 өнүккөн мамлекетке (Япония, АКШ, Германия ж.б.) туура келет. Өнүгүп келе жаткан мамлекеттерде дүйнө боюнча илимдин өнүгүшүнө багытталуучу каражаттардын 4-5% гана туура келет.

Дүйнөлүк чарбанын өнүгүшүндө анын негизги тармактары чоң мааниге ээ. Аларды продукция жана кызмат көрсөтүүлөрдү өндүрүү өзгөчөлүктөрүнө жараша бир нече секторлорго бөлүүгө болот *(23-сүрөт)*.




*23-сүрөт.* ***Дүйнөлүк экономиканын структуралык түзүлүшү.***

Айыл жана токой чарбасы, балыкчылык, аңчылык, тоо-кен өнөр жайы биринчи сектор курамына кирет. Бул сектордун тармактары негизинен өнөр жай тармактары үчүн керектүү сырьёну (чийки зат) жеткирип берет. Экинчи сектордун тармактары (кайра иштөөчү өнөр жай жана куруулуш) даяр продукцияны жаратууга багытталган болсо, калк жана ишканаларды тейлөө үчүнчү сектордун негизги милдети болуп эсептелет. Төртүнчү сектордун тармактары болсо, жаңы билим, илимий-техникалык жана технологиялык иштелмелерди жаратуу жана иш жүзүндө колдоо, жогорку квалификациялуу адистерди даярдоону камсыздайт.

Өндүрүштүк тармактардын өнүгүшү өлкөлөрдүн табигый ресурстук мүмкүнчүлүктөрү жана экономикалык-социалдык өнүгүү деңгээли менен тыгыз байланыштуу. Ошондуктан дүйнөнүн экономикалык жактан өнүккөн өлкөлөрүндө тейлөө тармагы жана өнөр жайы (айрыкча, анын заманбап тармактары) улуттук экономикада негизги орунду ээлейт. Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр үчүн болсо өндүрүүчү тармак (айыл чарбасы жана тоо-кен өнөр жайы) негизги экономикалык сектор катары жүзөгө чыгат *(24-сүрөт)*.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*24-сүрөт.* **Өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө экономиканын тармактар курамы, % эсебинде, 2019-ж.**

***Эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшү*** *— айрым өлкөлөрдүн чарбасынын белгилүү өнүмдөрүн өндүрүүгө адистешүүсү жана бул өндүрүмдөрдү башка мамлекеттер менен алмаштырышы.*

Айыл чарбасы, өнөр жай жана тейлөө тармактарынын экономикада туткан орду боюнча мамлекеттерди түрдүү топторго бөлүү мүмкүн. Азыркы күндө дүйнө мамлекеттери социалдык-экономикалык өнүгүү абалына карата агрардык *(экономиканын тармактык курамында айыл чарбасынын салмагы жогору)*, индустриалдык *(экономиканын тармактык курамында өнөр жай жана куруулуш тармактарынын салмагы жогору)* жана постиндустриялдык (экономиканын тармактык курамында үчүнчү жана төртүнчү сектор тармактарынын салмагы жогору) топторго бөлүнөт. Ошону менен бирге экономикасында айыл чарбасы жана өнөр жайынын салмагына карай агрардык-индустриялдык же индустриялдык-агрардык мамлекеттерге ажыратылат. Сенегал — агрардык, Бразилия — индустриялдык, Германия — постиндустриялдык, Өзбекстан индустриялдык-агрардык, Камбоджа — агрардык-индустриялдык мамлекеттерге мисал боло алат.

Дүйнөлүк чарбанын жалгыз түзүлүш сыпатында өнүгүшү *эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшүнө* таянат. Мамлекеттердин эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшүндөгү ордуна алардын социалдык-экономикалык өнүгүшү жана экономикалык-географиялык ордунун өзгөчөлүктөрү (эң алгач, эл аралык маанидеги деңиз жолдоруна салыштырмалуу жайгашуусу), табигый шарты жана ресурстары, калктын чарбалык традициялары, арзан жана сапаттуу жумушчу күчү менен камсыздалгандыгы сыяктуу факторлор чоң таасир көрсөтөт.





Эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшү жараянында мамлекеттердин эл аралык адистешүү тармактары, б.а. чоң көлөмдө экспортко өнүм өндүрүүчү тармактар калыптанат. Мисалы, Япония дүйнөдөгү радиоэлектроника, робототехника, автомобиль жана деңиз кемелери экспорту боюнча алдыңкы болсо, Сауд Арабиясы, Ливия, Алжир, Кувейт сыяктуу мамлекеттер нефть сырьёсунун негизги экспортчулары болуп эсептелет. Перу, Замбия жана Конго Демократиялык Республикасы жез рудасы жана тазаланган жезди, Бурунди жана Уганда кофени дүйнөлүк базарга көп өлчөмдө алып кирет.

Өнүгүп келе жаткан өлкөлөр көпчүлүк учурларда айыл чарба жана тоо-кен өнөр жайы тармагына, ал эми өнүккөн өлкөлөр негизинен кайра иштетүү өнөр жайы, тейлөө тармактарына адистешкен. Марокко дүйнөлүк базарга негизинен фосфорит жана цитрус жемиштерин сунуштаса, АКШ түрдүү машиналарды (станоктордон тарта учуучу аппараттарга чейин), пластмасса буюмдары сыяктуу өнөр жай продукцияларын жана транспорт, маалымат-коммуникациялык кызматтардын экспорттоосу менен өзгөчөлөнүп турат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли анын эл аралык адистешүүсүнө чоң таасир көрсөтөт, адистешүү тармактары болсо анын дүйнөлүк экономикадагы ордун белгилеп берет.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Дүйнөлүк чарба дегенде эмне түшүнүлөт? Дүйнөлүк чарбанын калыптанышы эмне себептен Улуу географиялык ачылыштар мезгилине туура келгендигин түшүндүргүлө.
2. Илимий-техникалык революциянын мааниси эмнеде? Эгер илимий-техникалык революция болбогондо адамзат кандай жашамак? Пикириңерди мисалдар менен түшүндүргүлө.
3. Дүйнөлүк чарба кандай секторлорго бөлүнөт? Түрдүү мамлекеттердин чарбасында кайсы сектордун тармактары чоң мааниге ээ болушу алардын социалдык-экономикалык өнүккөндүк деңгээлине канчалык байланыштуу? Оюңарды негиздегиле.
4. Бири-бирине дал келген жуптарды таап, дептериңрге белгилегиле.

| | |
|---|---|
| *1) Агрардык мамлекет* | *А) экономиканын тармактар курамында үчүнчү жана төртүнчү сектор тармактарынын салмагы жогору* |
| *2) Индустриялдык мамлекет* | *Б) экономиканын тармактар курамында өнөр жай жана айыл чарбасынын салмагы жогору* |
| *3) Постиндустриялдык мамлекет* | *В) экономиканын тармактар курамында айыл чарбасынын жана өнөр жайдын салмагы жогору* |
| *4) Агрардык-индустриялдык мамлекет* | *Г) экономиканын тармактар курамында айыл чарбасы жана аны менен байланыштуу өндүрүш тармактарынын салмагы жогору* |
| *5) Индустриялдык-агрардык мамлекет* | *Д) экономиканын тармактар курамында өнөр жай жана курулуш тармактарынын салмагы жогору* |

5. Мамлекеттердин эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшүндөгү катышуусуна кандай факторлор таасир көрсөтөт? Эмгектин эл аралык бөлүштүрүлүшү дүйнө боюнча өндүрүш ресурстарынан сарамжалдуу пайдалануу мүмкүнчүлүгүн жаратат деген пикирге кошуласыңарбы? Эмне үчүн?



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Дүйнөлүк экономика борборлору, бир борбордуулук, эки борбордуулук, көп борбордуулук, глобалдашуу, эл аралык жана аймактык экономикалык интеграция, трансулуттук компания.*

*Эл аралык интеграция жана глобалдашуу процесстери жөнүндө эмнелерди билесиң?*

# 14-§. Дүйнөлүк экономика борборлору жана эл аралык интеграция жараяндары

Дүйнөлүк чарбанын өнүгүүсү андагы маанилүү экономикалык борборлордун иш-чаралары менен байланыштуу. Экономикалык, илимий-технологиялык жана финансылык ресурстары чоң болгон, дүйнөлүк чарбасында өзүнчө орун ээлеген мамлекет жана аймактар дүйнөнүн негизги экономикалык борборлору катары ажыратып алынат.

XVII-XIX кылымдар аралыгында дүйнөлүк экономикада Англия өз алдынча орунду ээлеген. Өзүнүн саясий жана экономикалык күч-кубатына, ошондой эле көп сандаган колониялык территорияларына ээ болгон бул өлкө XVII кылымдан бери негизги экономикалык борбор катары таанылган. Ошол доордун өнүккөн өлкөлөрү эсептелген Нидерландия, Франция, Испания, Португалия сыяктуу өлкөлөр Англия менен бирдикте Европанын дүйнөлүк экономикада алдыңкы аймакка айланышына чоң салым кошкон *(25-сүрөт)*.

**XVII – XX кылымдын башы, бир борбордуулук**

**Евроцентризм**

↓

**XX кылымдын экинчи жарымы, эки борбордуулук**

| **Европа** | **АКШ** |
|---|---|

↓

**II – Дүйнөлүк согуштан кийин, эки системалуулук**

| **Дүйнөлүк капиталисттик чарба** | **Дүйнөлүк социалисттик чарба** |
|---|---|

*25-сүрөт.* **Дүйнөлүк экономикалык борборлордун тарыхый өзгөрүшү.**

XX кылымдын башына келип, Англия өз аброюн акырындап башка өлкөлөргө өткөрө баштады. 1810-жылы дүйнөлүк сооданын 21,6% Англиянын эсебине туура келсе, арадан бир кылым убакыт өтүп бул көрсөткүч 15,3%га чейин төмөндөгөн. Бул доорго келип, АКШ дүйнөлүк экономикалык борборлордун бири катары тааныла баштады. Биринчи дүйнөлүк согушта жеңүүчүлөр трабында салгылашууларга катышкан бул өлкө өзүнүн позициясын ого бетер чыңдады. Биринчи дүйнөлүк согуштан кийинки доорлордо дүйнөлүк экономикада эки борбордуулук кырдаал (Европа жана АКШ) пайда болгон.

Арадан отуз жылга жакын убакыт өткөндөн кийин, башкача айтканда, Экинчи Дүйнөлүк согуштан кийинки мезгилде дүйнөлүк экономикада эки система — дүйнөлүк капиталисттик жана социалисттик система өнүктү. 1945-1990-жылдары биринчи системадагы өлкөлөрдө эркин экономикалык мамилелерге негизделген ар түрдүү чарба формалары өнүктүрүлгөн болсо, экинчи системадагы өлкөлөрдүн экономикасы негизинен мамлекеттин көзөмөлүндө жүргүзүлгөн. Эки системанын ортосундагы аскердик-саясий жана экономикалык атаандаштык 1990-жылдардын башына чейин уланган. Ошол мезгилге келип, социализмден баш тарткан көпчүлүк өлкөлөрдө эркин базар экономикасына өтүү процесси башталды. Ошентип, дүйнөлүк экономикада эки системалуулук абалы аяктады.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



XXI кылымда бир катар мамлекеттердин социалдык-экономикалык жана илимий-техникалык потенциалынын өсүшүнүн натыйжасында дүйнөлүк экономикада полицентрдүүлүк — көп борбордуулук абалы калыптана башталды. Азыркы күндө Европа Биримдиги, Түндүк Америка сыяктуу ири борборлор менен бир катарда Кытай, Япония, Азиянын жаңы өнөр жайы өнүккөн мамлекеттери, Перс булуңунун жээгиндеги мамлекеттер, Индия, Бразилия, Мексика, КМШ өлкөлөрү сыяктуу экономикалык борборлор да дүйнөлүк экономикада өзүнө мүнөздүү орунга ээ *(26-сүрөт)*.




*26-сүрөт.* **Дүйнөлүк экономиканын негизги борборлору.**

Түндүк Америка бүгүнкү күндө дүйнөдөгү жалпы улуттук өндүрүштүн (ЖУӨ) ¼ бөлүгүн камсыз кылган маанилүү экономикалык борбор болуп саналат *(27-сүрөт)*. Анын курамындагы АКШ жана Канада өлкөлөрүнүн «Чоң жетилик» тобуна кирери баарыбызга белгилүү.

Европа Биримдиги өз курамына 27 мамлекетти бириктирет. Анын курамындагы 5 өлкө (Германия, Франция, Италия, Испания жана Нидерландия) дүйнөдөгү ЖУӨ көлөмү боюнча алдыңкы 20 өлкөнүн катарына кирет.

Учурда түрдүү өлкөлөрдүн экономикасын Кытай менен байланышсыз элестетүү кыйын. Бүгүнкү күндө дүйнө өлкөлөрүнүн арасында көптөгөн продукцияларды өндүрүүнүн көлөмү боюнча алдыңкы орунда турган Кытай дүйнөнүн дээрлик бардык өлкөлөрү менен кеңири соода-экономикалык байланыштарды ишке ашырууда.




*27-сүрөт.* **Ири экономикалык борборлордун бүткүл дүйнөлүк . ЖУӨ (номиналдык эсепте)дөгү салмагы, % эсебинде (2019-ж).**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



***Эл аралык экономикалык интеграция*** *— мамлекеттердин өзара бекем базар мамилелерине, бирдиктүү экономикалык саясатка жана мыйзамдуулукка негизделген экономикалык биригүү жараяны.*

***Трансулуттук компания*** *— эки же андан көп мамлекетте иш-аракет көрсөтүүчү ишканалар жана чоң көлөмдө чет элдик активдерге ээ эл аралык компания.*

Бүткүл дүйнөлүк экономикалык, саясий жана маданий мамилелердин кескин өсүшүндө байкалып жаткан *глобалдашуу* жараяны бардык аймактардын жана өлкөлөрдүн чарбасынын өнүгүшүнө таасирин тийгизүүдө. Глабалдашуу жараяны, өз кезегинде, *эл аралык экономикалык интеграция* жараянынын өнүгүшүнө себепкер болду.

Интеграциялык уюмдардын аймактык (мисалы, Европа Биримдиги), тармактык (мисалы, нефтини экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму — ОПЕК) жана эл аралык монополиялар көрүнүшүндөгү түрлөрү бар. Ар бир интеграциялык уюм дүйнөлүк чарбанын өнүгүшүндө чоң мааниге ээ. Алардын арасында эл аралык монополиялардын негизги көрүнүшү болгон *трансулуттук компаниялар* (ТУК) экономикалык мүмкүнчүлүктөрүнүн жогорулугу менен ажыралып турат.

Азыркы күндө дүйнөлүк экономикада ТУКтар өндүрүштүн түрдүү тармактарында иш-аракет алып барышат. Алардын 60%дан ашыгы өнөр жайда, ⅓ бөлүгү кызмат көрсөтүүдө, 2-3% бөлүгү айыл чарбасында иш жүргүзөт. Өнөр жайда автоунаа өндүрүү, нефтини кайра иштетүү, электроника жана электротехникалык секторлорго адистешкен ишканалар ТУКдын басымдуу бөлүгүн түзсө, кызмат көрсөтүү тармактарынын ичинде соода, телекоммуникация жана коммуналдык тармак компанияларынын салмагы жогору.

Жылдык кирешеси, компаниялардын базар баасы сыяктуу көрсөткүчтөр ТУКтардын дүйнөлүк рейтингдеги ордун аныктайт. Андагы маалыматтар боюнча, АКШнын көп тармактуу «Walmart» компаниясы, Нидерландия-Улуу Британиянын «Royal Dutch Shell», Кытайдын «China Petroleum & Chemical Corp». (Sinopec Group) жана «China National Petroleum» (PetroChina) компаниялары дүйнөнүн эң ири ТУКтары катарында бааланат *(15-жадыбал).* Дүйнөнүн жетекчи 500 ТУКтарынын чоң бөлүгү АКШ, Кытай, Япония аймактарында каттоодон өткөзүлгөн.

Дүйнөлүк экономика көп кылымдык өнүгүү тарыхына ээ жана ар бир доордо жаңы экономикалык борборлор пайда болгон. Акыркы жылдарда ылдам өнүгүп жаткан глобалдашуу жараяны дүйнөлүк чарбада түрдүү масштабдагы эл аралык интеграциялык бирикмелердин пайда болушуна себеп болду.

*15-жадыбал.* ***Трансулуттук коркорациялардын алдыңкы ондугу (2020-ж.)***

| № | Компаниянын аты | Баш штабы жайгашкан өлкө | Жылдык кирешеси, млрд АКШ доллары |
|---|---|---|---|
| 1 | Walmart | АКШ | 523,9 |
| 2 | Sinopec Group | Кытай | 407 |
| 3 | State Grid | Кытай | 383,9 |
| 4 | China National Petroleum | Кытай | 379,1 |
| 5 | Royal Dutch Shell | Нидерландия-Улуу Британия | 352,1 |
| 6 | Saudi Aramco | Сауд Арабиясы | 329,7 |
| 7 | Volkswagen | Германия | 282,7 |
| 8 | BP plc | Улуу Британия | 282,6 |
| 9 | Amazon | АКШ | 280,5 |
| 10 | Toyota Motor | Япония | 275,3 |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



### Суроо жана тапшырмалар

1 Европанын XVII кылымдан баштап XX кылымдын башына чейин дүйнөлүк чарбада жалгыз борбор болгондугу кандай факторлор менен байланыштуу деп ойлойсуңар?

2 XX кылымдын экинчи жарымында дүйнөлүк чарба кандай чоң системаларга бөлүнүп өнүктү? 1990-жылдарга келип көптөгөн социалистик өлкөлөр базар экономикасына өтүү жараянын баштап жибергенин себебин түшүндүргүлө.

3 Ой-пикириңердин негизинде төмөнкү жадыбалды толтургула.

| Мамлекеттер | Ири экономикалык борбор катары калыптанышынын негизги факторлору |
|---|---|
| *Кытай* | ……… |
| *Япония* | ……… |
| *Бразилия* | ……… |

4 Заманбап дүйнөлүк чарбанын өзгөчөлүктөрү кандай? Силердин оюңарча, келечекте дагы кайсы аймактар жана өлкөлөр дүйнөлүк чарбанын борборлору катары таанылышы мүмкүн? Пикириңерди негиздегиле.

5 Трансулуттук компаниялар дегенде кандай компаниялар түшүнүлөт? Кошумча ресурстарды пайдалануу менен Өзбекстанда кандай чет элдик ТУКтар иштеп жатканын аныктагыла.

# 15-§. Практикалык машыгуу
## *Дүйнөлүк чарба жана анын курамын үйрөнүү*

1. Төмөнкү сүрөттөрдө келтирилген экономикалык ишмердүүлүктүн үлгүлөрү экономиканын кайсыл секторлоруна таандык экенин түшүндүргүлө.

а


б


в


г


д


е


ё


ж


з


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2. Картада белгиленген мамлекеттерге таандык өзгөчөлүктөрдү тапкыла.




а) Жез рудасы жана жезди чоң көлөмдө экспорт кылат;

б) Дүйнөлүк базарга негизинен фосфорит, цитрус жемиштерин сунуштайт;

в) Отун сырьёсун негизги экспорттоочуларынан бири;

г) Sinopec Group трансулуттук корпорациясынын башкы штабы жайгашкан;

д) Автоунаа экспорту боюнча алдыңкы орунда;

е) Кофени чоң көлөмдө дүйнөлүк базарга алып чыгат;

ж) Транспорт, информациялык-коммуникациялык кызматтар экспорту менен өзгөчөлөнүп турат.

3. Өлкөлөрдүн экономикасынын өзара күчтүү интеграциясы дайыма оң натыйжаларды алып келеби? Анын кандай терс жактары болушу мүмкүн? Оюңардын негизинде төмөнкү жадыбалды толтургула.

| Эл аралык экономикалык интеграция | |
|---|---|
| **Артыкчылыктары** | **Коопчулуктары** |
| | |

4. Силердин оюңарча, кандай факторлордун эсебинен мамлекеттер дүйнөлүк экономиканын негизги борборлоруна айланган? Бул жараянда табигый ресурстардын фактору дайыма маанилүү роль ойнойбу? Жообуңарды негиздегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 16-§. Дүйнөлүк энергетиканын географиясы

*Отун-энергетика балансы, көмүр өнөр жайы, газ өнөр жайы, нефть өнөр жайы, электр энергетика, жылуулук энергетикасы, гидроэнергетика,атом энергетикасы, салттык эмес энергия ресурстары*

Өнөр жай дүйнөнүн, ар кайсы аймактардын жана өлкөлөрдүн экономикасынын алдыңкы тармагы болуп саналат. Анын тармактарынын арасында отун-энергетика тармагы өзгөчө орунду ээлейт. Электр энергетикасы өнөр жайдын маанилүү тармагы болуп эсептелинет жана башка тармактарды өнүктүрүүгө негиз түзөт. Ошондуктан бул тармак акыркы жылдары тез өнүгүп жатат. Нефть, көмүр, газ жана электр энергетика өнөр жайлары отун-энергетика комплексинин негизги тармактары болуп саналат.

**Нефт өнөр жайы.** Акыркы 70 жылдын ичинде дүйнөдө нефть өндүрүүнүн жалпы көлөмү 8,5 эсе өстү *(28-сүрөт)*. Нефтиге болгон суроо-талаптын жогорулугу себептүү деңиз тайыздыгындагы нефть бассейндери (мисалы, Түндүк деңиз, Мексика, Гвинея, Калифорния булуңу) дагы ишке киргизилүүдө. Норвегия, Улуу Британияда дал ушул аймактар казылып алынган нефттин 100%, АКШда болсо 50% берет

*Өлкөнүн экономикалык потенциалы жана туруктуулугунда отун өнөр жайы жана электр энергетикасы канчалык маанилүү?*




*28-сүрөт.* ***Дүйнөдө нефть өндүрүүнүн жалпы көлөмүнүн динамикасы (1950-2020-жылдар, млн тонна).***

*__ОПЕК__ — Нефть экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму. Уюмдун баш штабы Австрия борбору Вена шаарында жайгашкан (30-сүрөт). 2022-жылдын 1-январына карата Азия, Африка жана Латын Америкасынын 13 өлкөсү бул уюмга мүчө болуп эсептелет (31-сүрөт).*

2020-жылы дүйнө жүзү боюнча жалпысынан 4,2 миллиард тонна нефть өндүрүлгөн, анын басымдуу бөлүгү ОПЕК уюмуна мүчө мамлекеттердин эсебине туура келген *(29-сүрөт)*.

ОПЕК өлкөлөрү (Ангола, Бириккен Араб Эмираттары, Экватордук Гвинея, Иран, Габон, Алжир, Ирак, Конго, Кувейт, Ливия, Нигерия, Сауд Арабиясы, Венесуэла) аймагында дүйнөлүк нефть запастарынын ⅔ бөлүгү топтолгон болуп, алар жылдык нефть өндүрүүнү ⅓ бөлүгүн камсыздап келет.





*29-сүрөт.* ***ОПЕК уюмунун эски*** *(солдо)* ***жана жаңы*** *(оңдо)* ***башкы штабы.***

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*30-сүрөт.* ***Дүйнөлүк нефть өнөр жайы.***

Азыркы күндө Түштүк-батыш Азия, Түндүк Америка жана Европа (КМШ менен бирге) континенттери дүйнөдө казылып алынган «кара алтындын» дээрлик ⅔ бөлүгүн берет. 2020-жылдын жыйынтыгы боюнча , мамлекеттер арасында нефтини казып алууда АКШ (712,7 млн т). Россия (524, 4 млн т), Сауд Арабиясы (519, 6 млн т), Канада (252,2 млн т) жана Ирак (202,0 млн т) жетекчилик кылган. Ушул мамлекеттердин үлүшүнө жалпы казып алына турган нефтинин 53% на жакыны туура келген. Сауд Арабиясы, Россия, БАЭ, Кувейт, Ирак сыяктуу мамлекеттер ири нефть экспортчулары эсептелсе, АКШ, Кытай, Япония, Батыш Европа мамлекеттери негизги нефть сатып алуучу мамлекеттердин катарына кирет *(30-сүрөт)*.

Дүйнөдөгү эң ири нефтини кайра иштетүүчү заводдор ири нефть кендеринин негизинде же керектөөчүлөргө жакын аймактарда жайгашкан. Дүйнө континенттеринин ичинен Европа, Түндүк Америка, Азия, мамлекеттердин арасында болсо АКШ, Кытай, Россия нефтти кайра иштетүү боюнча алдыңкы орундарда турат.



*31-сүрөт.* ***Суюлтулган табигый газды сактай турган резервуарлар .***

**Газ өнөр жайы.** Табигый газ отун катары экологиялык жактан салыштырмалуу зыянсыз энергия булагы болгондугу менен отундун башка түрлөрүнөн айырмаланат. Ошондой эле, ал казып алуу наркынын арзандыгы, жылуулук берүү кубаттуулугунун жогорулугу сыяктуу өзгөчөлүктөргө ээ. Маалыматтарга караганда, газдын дүйнө боюнча жалпы далилденген запасы 188,1 триллион м$^3$ түзөт. Акыркы мезгилде газ казып алуунун көлөмү жылдан-жылга көбөйүүдө. Эгерде 1950-жылы ал 200 миллиард м$^3$, 2000-жылы болсо 2420 миллиард м$^3$ түзсө, 2020-жылга келип 3854 миллиард м$^3$ге жеткен. Газ казып алуу боюнча Азия, Түндүк Америка, Европа алкактары жетекчи болсо, мамлекеттер арасында АКШ (914,6 млрд м$^3$), Россия (638,5 млрд м$^3$), Иран (250,8 млрд м$^3$), Кытай (194,0 млрд м$^3$), Катар (171,3 млрд м$^3$) алдыңкы катарда турат

Дүйнөнүн 30га жакын мамлекеттеринде суюлтулган газ өндүрүлөт.Катар, Австралия, Малайзия сыяктуу мамлекеттер алардын арасында жетекчилик кылат. Япония, Кытай, Корея Республикасы суюлтулган газдын негизги керектөөчүлөрү *(31-сүрөт)*.

***Suyultirilgan gaz*** *– tashish va saqlashda qulay bo'lishi uchun sun'iy ravishda −160 °C haroratgacha sovitilgan tabiiy gaz. Tabiiy gaz suyuq holatga o'tkazilishi jarayonida o'rtacha hisobda 600 martagacha siqiladi. Bu maxsus gaz tashuvchi tankerlar yordamida uni qit'alararo eksport qilish imkonini beradi (31-rasm).*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Көмүр өнөр жайы.** Кара көмүр жана таш көмүр негизинен электр станцияларында отун катары, кара металлургия жана химия өнөр жайларында колдонулат. Казылып алынган көмүр негизинен ошол өлкөлөрдүн өзүндө керектелет, ал эми экспортко болсо анчейин аз бөлүгү чыгарылат.

Өндүрүштө нефть жана табигый газдан кеңири колдонуу көмүргө болгон суроо-талаптын төмөндөшүнө алып келди. Көмүрдүн аныкталган запастары 1074,0 млрд тоннаны түзөт, анын дүйнө боюнча жылдык өндүрүш көлөмү 7,7 млрд тоннаны тең (2020-ж.). Казылып алынган көмүрдүн 50% Кытайдын (3,9 млрд тонна) эсебине туура келет. Индия (756,5 миллион тонна), Индонезия (562,5 миллион тонна), АКШ (484,7 миллион тонна), Австралия (476,7 миллион тонна) сыяктуу өлкөлөр бул жаатта алдыңкы орунда. Дүйнөлүк аймактардын ичинен Азияда, Түндүк Америкада жана Австралияда көмүр өндүрүүнүн көлөмү жогору.

***Электр энергетика өнөр жайы.*** Дүйнөдө 2020-жылы болжол менен 27 триллион кВт/с электр энергиясы өндүрүлгөн. Кытай (7,8 триллион кВт/с), АКШ (4,3 триллион кВт/с), Индия (1,6 триллион кВт/с), Россия (1,1 триллион кВт/с), Япония (1,0 триллион кВт/с) сыяктуу өлкөлөр электр энергиясын эң көп өндүрүшөт. Электр энергиясын өндүрүүдө салттуу (жылуулук, гидро жана атомдук электр станциялары) багыттарынын үлүшү дээрлик 99% түзөт. Альтернативдик энергия булактарынын (күн, шамал, суунун сүзгүчтүгү, гейзерлерден алынуучу энергия) салмагы бир топ төмөн.

***Жылуулук электр энергетикасы*** электр энергетика өнөр жайынын жетекчи тармагы эсептелип, көмүр, газ жана нефтини, ошондой эле, алардын калдыктары негизинде ысык буу жана электр энергиясын иштеп чыгарат. Нидерландия (97%), ТАР (91%), Польша (87%), Румыния (83%), Мексика (82%) сыяктуу өлкөлөрдө өндүрүлө турган электр энергиянын негизги бөлүгү ЖЭСтерге туура келет. Туокетуо, Тайжун (Кытай), Сургут ГРЭС-2 (Россия) дүйнөдөгү эң ири ЖЕСтер болуп саналат *(32-сүрөт).*



*Туокетуо ЖЕСи (Кытай)*



*"Үч капчыгай» ГЭСи (Кытай)*



*Касивадзаки-Карива АЭСи (Япония)*

*32-сүрөт.* **Дүйнөдөгү эң ири электр станциялары.**

**Гидроэлектр энергетика** суу агымынын энергиясын гидро трубиналардын жардамы менен электр энергиясына айландырууга таянат. ГЭСтер негизинен суусу мол болгон тоо дарыяларына, өрөндөрдүн тарайган жерлерине курулат. Норвегия (99%), Бразилия (92%), Албания (90%), Колумбия (70%) сыяктуу мамлекеттерде электр энергиясынын негизги бөлүгү ГЭСтерде өндүрүлөт.

Атом электр станциясы өнөр жайы электр энергетиканын илимий-техникалык революция доорунда өнүгүүнү баштаган, татаал технологиялык жараяндарды өзүндө топтогон тармак. Азыркы күндө дүйнөнүн 30дан ашуун мамлекеттеринде АЭСтер иштейт. Эң ири АЭСтер Япония, АКШ, Франция, Германия, Россия аймагында жайгашкан. Франция (72%), Бельгия (61%), Корея Республикасы (54%) АЭСтердин негизинде алынуучу электр энергия үлүшү эң жогору болгон мамлекеттер болуп эсептелет.

Соңку жылдарда дүйнө өлкөлөрүндө экологиялык жактан зыянсыз энергия булактарына (күн, шамал, суу калкуусу, геотермалдык энергия) болгон талап күчөйүүдө. Алардын негизинде иштөөчү электр станциялары айлана-чөйрөгө дээрлик терс таасирин тийгизбейт. Геотермалдык энергиядан пайдалануу АКШ, Россия, Филиппин, Италия, Исландия сыяктуу мамлекеттерде жолго коюлган болсо, Франция, Канада, Россия, Кытайда деңиз калкуусунан, Европанын бир катар өлкөлөрү (мисалы, Нидерландия, Германия), АКШ шамалдан, АКШ жана Францияда болсо күндөн электр энергиясын алуу ишмердүүлүгү активдүү өнүгүүдө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Эмне үчүн электр энергетика өнөр жайы башка өнөр жайлардын өнүгүшү үчүн негиз болушун мисалдардын жардамында түшүндүргүлө.

2 Төмөнкүлөрдүн ичинен ОПЕКке мүчө болбогон мамлекеттерди аныктагыла:
А) Кытай; Б) Нигерия; В) Индонезия; Г) Кувейт; Д) БАЭ; Е) Бахрейн;
Ё) Габон; Ж) Россия; З) Оман; И) Иран; Й) Мали; К) Ирак.

3 Силердин оюңарча, АКШнын бир эле учурда нефть өндүрүү боюнча да, аны сатып алуу боюнча да алдыңкы орунда турушун кандай факторлор менен түшүндүрүүгө болот?

4 Берилген маалыматтардын негизинде табигый газ казып алуучу мамлекеттердин дүйнөлүк жалпы газ казып алуудагы салмагын аныктагыла.

| № | Мамлекеттер | Газ казып алуу көлөмү, Млрд м³ (2020-ж) | Дүйнөлүк жалпы газ казып алуу көлөмүндөгү салмагы, % |
|---|---|---|---|
| 1. | АКШ | 914,6 | ? |
| 2. | Россия | 638,5 | ? |
| 3. | Иран | 250,8 | ? |
| 4. | Кытай | 194,0 | ? |
| 5. | Катар | 171,3 | ? |
| 6. | Башка мамлекеттер | 1684,8 | ? |
| **Дүйнө боюнча** | | **3854** | **100** |

5 Дүйнө боюнча отун запастарынын азайышы жана энергетика тармагынын экологияга терс таасири келечекте дүйнөлүк отун-энергетикалык балансында кандай кризис жаралышына алып келиши мүмкүн деп ойлойсуңар? Силердин оюңарча, кайсыл жол бул маселенин эң жакшы чечими болот?

6 Атластагы электр энергетика картасынан пайдаланып, дүйнөдөгү эң ири атом электр станцияларын жазуусуз картага белгилегиле жана алар көбүрөөк кандай мамлекеттерде куруулгандыгын талкуулагыла.

# 17-§. Практикалык машыгуу *Дүйнөлүк өнөр жайдын географиясы жана анын өзгөрүшүн үйрөнүү*

1 Дүйнөлүк кара металлурги,я өнөр жайына тиешелүү төмөнкү жадыбал менен таанышып, суроолорго жооп бергиле.

*Дүйнө мамлекеттеринин болот эритүү боюнча жетекчи 10 өлкөсү (2000–2018-жылдар)*

| № | 2000-жыл. | | № | 2010-жыл. | | № | 2018-жыл. | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Мамлекеттер | млн т | | Мамлекеттер | млн т | | Мамлекеттер | млн т |
| 1 | Кытай | 128 | 1 | Кытай | 639 | 1 | Кытай | 928 |
| 2 | Япония | 106 | 2 | Япония | 110 | 2 | Индия | 109 |
| 3 | АКШ | 102 | 3 | АКШ | 80 | 3 | Япония | 104 |
| 4 | Россия | 59 | 4 | Индия | 69 | 4 | АКШ | 87 |
| 5 | Германия | 46 | 5 | Россия | 67 | 5 | Россия | 74 |
| 6 | Корея Рес. | 43 | 6 | Корея Рес. | 59 | 6 | Корея Рес. | 72 |
| 7 | Украина | 32 | 7 | Германия | 44 | 7 | Германия | 42 |
| 8 | Бразилия | 28 | 8 | Украина | 33 | 8 | Түркия | 37 |
| 9 | Индия | 27 | 9 | Бразилия | 33 | 9 | Бразилия | 35 |
| 10 | Италия | 26 | 10 | Түркия | 29 | 10 | Украина | 26 |
| **Дүйнө боюнча** | | **850** | **Дүйнө боюнча** | | **1433** | **Дүйнө боюнча** | | **1817** |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



— Кайсы мамлекеттерде 2000–2018-жылдар аралыгында болот эритүү көлөмү эң жогору даражада өскөн?

— Болот эритүү боюнча дүйнөнүн 10 жетекчи мамлекеттер рейтингинде 2000–2018-жылдар аралыгында кайсы мамлекеттердин жайгашкан орду жогорулады, кайсыларыныкы төмөндөдү? Буга кандай факторлор себепчи болду деп ойлойсуңар?

— 2000–2018-жылдарда Кытай, Индия жана Япониянын дүйнө боюнча болот эритүүдөгү үлүшү (% эсебинде) кандай өзгөрдү?

**2 Төмөнкү жадыбал жана диаграммалар менен таанышып, дүйнөлүк түстүү металлургия өнөр жайы географиясына тиешелүү суроолорго жооп бергиле.**

*Боксит рудалары (алюминийдин негизги сырьёсу) жана алюминий эритүү боюнча дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери (2019-ж.)*

| № | Мамлекеттер | Казып алынган боксит рудалары млн т | № | Мамлекеттер | Казып алынган боксит рудалары млн т |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кытай | 86,5 | 1 | Кытай | 36 |
| 2 | Австралия | 81,7 | 2 | Россия | 3,7 |
| 3 | Бразилия | 30,7 | 3 | Индия | 3,6 |
| 4 | Гвинея | 19,7 | 4 | Канда | 2,9 |
| 5 | Индия | 14,9 | 5 | БАЭ | 2,7 |
| 6 | Ямайка | 9,7 | 6 | Австралия | 1,6 |
| 7 | Россия | 6,6 | 7 | Бахрейн | 1,4 |
| 8 | Казакстан | 4,2 | 8 | Нарвегия | 1,3 |
| 9 | Гаяна | 1,6 | 9 | АКШ | 1,1 |
| 10 | Суринам | 1,5 | 10 | Исландия | 0,85 |




*Дүйнө боюнча боксит рудаларын казып алуу (солдо) жана алюминий эритүүдө (оңдо) континенттердин салмагы (2019-ж.)*

— Кайсы өлкөлөр боксит рудаларын көп казып ала туруп, алюминий эритүү боюнча жетекчи орундарда турбайт? Кайсы өлкөлөр, тескерисинче, боксит рудасын казып алуу боюнча жогору көрсөткүчтөргө ээ болбостон, алюминий эритүү боюнча алдыңкы өлкөлөрдүн катарына кирет? Бул айырмачылыктардын себептери эмнеде деп ойлойсуңар?

— Боксит рудасын казып алууда Азия, Латын Америкасы, Австралия жана Океяния, Африка алкактарынын салмагы кайсы мамлекеттердин эсебинен жогору?

— Алюминийди эритүүдө Азия, Түндүк Америка, Европа жана КМШ мамлекеттеринин салмагы кайсы мамлекеттердин эсебинен жогору?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**3 Төмөнкү жадыбалдар менен таанышып, дүйнөлүк автомобиль өнөр жайына тиешелүү суроолорго жооп бергиле.**

*Дүйнө мамлекеттеринин автомобиль иштеп чыгаруу боюнча жетекчи 10 мамлекети (2000–2018-жылдар)*

| № | 2000-жыл. | | № | 2010-жыл. | | № | 2018-жыл. | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | Мамлекеттер | млн даана | | Мамлекеттер | млн даана | | Мамлекеттер | млн даана |
| 1 | АКШ | 12,8 | 1 | Кытай | 18,3 | 1 | Кытай | 27,8 |
| 2 | Япония | 10,1 | 2 | Япония | 9,6 | 2 | АКШ | 11,3 |
| 3 | Германия | 5,5 | 3 | АКШ | 7,8 | 3 | Япония | 9,7 |
| 4 | Франция | 3,3 | 4 | Германия | 5,9 | 4 | Индия | 5,1 |
| 5 | Корея Рес. | 3,1 | 5 | Корея Рес. | 4,3 | 5 | Германия | 5,1 |
| 6 | Испания | 3,0 | 6 | Бразилия | 3,6 | 6 | Мексика | 4,1 |
| 7 | Канада | 2,9 | 7 | Индия | 3,5 | 7 | Корея Рес. | 4,0 |
| 8 | Кытай | 2,1 | 8 | Испания | 2,4 | 8 | Бразилия | 2,9 |
| 9 | Мексика | 1,9 | 9 | Мексика | 2,3 | 9 | Испания | 2,8 |
| 10 | Улуу Британия | 1,8 | 10 | Франция | 2,2 | 10 | Франция | 2,3 |
| **Дүйнө боюнча** | | **58,4** | **Дүйнө боюнча** | | **77,9** | **Дүйнө боюнча** | | **96,9** |

— 2000-2018-жылдар аралыгында дүйнө боюнча автомобиль өндүрүшүнүн көлөмү кандай өзгөрдү? Бул өзгөрүүлөргө кайсы өлкөлөрдүн таасири чоң болду?

— Каралып жаткан мезгилдин ичинде автомобилдерди эң көп өндүрүүчү өлкөлөрдүн рейтингинде кайсы мамлекеттердин орду сезилерлүү даражада жакшырды, тескерисинче, кайсыл өлкөлөрдүкү төмөндөп кетти?

— Тиешелүү убакыт аралыгында автомобиль өндүрүү өнүккөн өлкөлөрдө ылдам өстүбү же өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдөбү? Бул жараянга кандай факторлор таасир этти деп ойлойсуңар?

**4 Төмөнкү графиктин жардамында жогорку технологияларга негизделген өнөр жай продукцияларын өндүрүүнүн географиясына тиешелүү суроолорго жооп бергиле.**




*Жогорку технологияларга негизделген өнөр жай продукцияларын өндүрүүдө дүйнөлүк алкактардын салмагы (%), 2002-2018-ж.*

— Жогорку технологияларга негизделген өнөр жай продукцияларын өндүрүүдө 2018-жылдын абалына карата, кайсыл алкактардын салмагы жогору, кайсыл алкактардын салмагы төмөн?

— 2002–2018-жылдар аралыгында жогорку технологияларга негизделген өнөр жай продукцияларын өндүрүүдө кайсыл алкактардын салмагы сезилерлүү даражада өстү, тескерисинче, кайсыл алкактардын салмагы төмөндөдү?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 18-§. Дүйнөлүк айыл чарба географиясы

*Ачкыч сөздөр: айыл чарбасы, дыйканчылык, дандуу эгиндер, майлуу эгиндер, техникалык эгиндер, мал чарбачылыгы, бодо мал чарбачылыгы, чочко чарбасы, кой чарбасы, үй канаттуулар чарбасы, балыкчылык.*

*Айыл чарбачылыгынын кандай тармактарын билесиңер? Бул тармактын башка тармактардын өнүгүшү жана адамдардын турмушундагы маанисин мисалдардын жардамында чечмелегиле.*

Айыл чарбасы экономиканын маанилүү тармактарынын бири катары калкты тамак-аш продуктулары менен бирге жеңил жана тамак-аш өнөр жай тармактарын сырьё менен камсыз кылат. Ошол эле учурда бул тармак дүйнөлүк масштабда көп сандагы эмгек ресурстарын (1,4 миллиардга жакын адам) ишке менен камсыздайт. Бул тармак өнүккөн өлкөлөрдүн ИДӨсүндө чоң салмакка ээ болбосо да, анын өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикасында үлүшү бир топ жогору (мисалы, Сомалиде 65%). Өндүрө турган өнүмдөрүнүн өзгөчөлүктөрүнө карай, айыл чарба тармактары эки топко: *дыйканчылык жана мал чарбачылыгына бөлүнөт.*

**Дыйканчылык** — айыл чарбасынын эгин жетиштирүү менен алектенүүчү тармагы болуп эсептелет жана анын өнүгүшүнө төмөнкү факторлор таасир этет:

- айдоо, түшүмдүү жерлердин абалы;
- климаттык шарт;
- айыл чарба өсүмдүктөрүнүн биологиялык өзгөчөлүктөрү.

**Дан эгиндерин** жетиштирүү дыйканчылыктын эң ири тармагы. Дан өнүмдөрү калк азыгынын негизи болуп, бул тармакта буудай, шалы жана жүгөрү жетиштирүүнүн салмагы чоң. Дүйнөнүн жалпы дан эгиндеринин 90% түшүмү жана жалпы дан эгиндеринин 83% аянты ушул эгиндин түрлөрүнө туура келет. Мындан тышкары арпа, сулу, кара буудай, сорго сыяктуу түрлөрү да бар.

**Буудай** — дандуу эгиндердин арасында эң көп эгиле турган эгин түрү эсептелет (жалпы дандуу эгиндердин аянтынын 31%). 2018-жыл жыйынтыгына карата, дүйнөдө 735 млн тонна буудай жетиштирилип, бул жаатта Кытай (131 млн т), Индия (100 млн т), Россия (72 млн т), АКШ (51 млн т), Франция (36 млн т) жетекчилик кылат.

Алдыңкы үч өлкөнүн үлүшүнө дүйнөлүк буудай түшүмүнүн 41% туура келет. Дүйнөнүн негизги буудай эгилүүчү аймактары Түндүк (АКШ, Канада, Россия, Украина, Казакстан, Кытай) жана Түштүк (Австралия, Аргентина, Бразилия) жарым шардын орто кеңдиктерине туура келет *(33-сүрөт)*. Бүгүнкү күндө Россия, АКШ, Канада сыяктуу өлкөлөр буудайды көп экспорттосо, Египет, Индонезия, Түркия сыяктуу өлкөлөр эң ири импортчулар болуп саналат.

Дүйнөдөгү көптөгөн өлкөлөрдүн тамактануу рационунда негизги маани **шаалыга** тиешелүү. Кол эмгегине негизделген шалычылыктын өнүгүшү агроклиматтык шартка гана эмес, көп сандуу жумушчу күчүнө да байланыштуу *(34-сүрөт)*. Ушул фактыларга негизделген Түштүк-чыгыш жана Түштүк Азия дүйнөнүн негизги шалы жетиштирүүчү аймактары эсептелет.

Кытай, Индия, Бангладеш, Вьетнам сыяктуу мамлекеттер шалынын жалпы жыйымы боюнча дүйнөдө алдыңкы орундарда турат. Бул аймактарда жасалма сугаруу жардамында жылына 2-3 жолу түшүм алынат.



*33-сүрөт.* **Буудайдын маданийлештирүү (кызыл түстө) жана негизги өндүрүү (жашыл түстө) ареалдары .**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*34-сүрөт.* **Шалы плантациялары.**

**Жүгөрү** көбүнчө дан жана тоют катары колдонулуучу сабагы үчүн өстүрүлөт, АКШ, Кытай, Бразилия, Аргентина жана Украина дүйнөдөгү эң ири жүгөрү өстүрүүчү мамлекеттер болуп эсептелет.

Калктын керектөөсү үчүн дан эгиндери менен бир катарда майлуу, тамыр жемиштүү, канттуу, техникалык жана кубат берүүчү эгиндер да өстүрүлөт. Калк тарабынан керектелүүчү майдын негизги бөлүгү **соя** (АКШ, Бразилия, Аргентина), **күн карама** (Украина, Россия, Аргентина), **жер жаңгак** (Кытай, Индия, Нигерия), **зайтун** (Италия, Испания, Греция сыяктуу Жер ортолук деңиз бою мамлекеттери) сыяктуу эгиндерден алынат. Тамыр жемиштүүлөрдөн **картошка** өстүрүүдө Кытай, Индия, Украина, Россия, АКШ алдыңкы орунда турат. **Кант кызылчасын** өстүрүүдө Россия, Франция, АКШ, бал (кант) **камыш өстүрүүдө** Бразилия, Индия, Кытай жетекчилик кылат.

Кубат берүүчү эгин түрлөрү болуп саналган **чай** Кытай, Индия, Кения, **кофе** Бразилия, Вьетнам, Индонезия, **какао** Кот-д Ивуар, Гана жана Индонезия сыяктуу мамлекеттерде көп санда жетиштирилет. Техникалык эгиндер арасында **пахта** чоң салмакка ээ болуп, Кытай, АКШ, Бразилия, Пакистан сыяктуу мамлекеттер анын жалпы жыйымы боюнча алдыңкы өлкөлөр саналат. **Табигый каучук (гевея)** өстүрүүдө Таиланд, Индонезия, Вьетнам, Кытай мамлекеттери чоң салмактуу орунду ээлейт




*35-сүрөт.* ***Бодо мал чарбасынын адистешүүсү жана аймактык таралуусу.***

**Мал чарбачылыгы** бодо мал, кой, эчки, чочко чарбасы, үй канаттуулары чарбасы, жылкы чарбасы, төө чарбасы, куну айбанаттар чарбасы, бал аары чарбасы, жибекчилик сыяктуу тармактарга бөлүнөт. Бодо мал чарбасы, үй канаттуулары чарбасы, кой жана чочко чарбасы чарбачылыктын негизги тармактары болуп саналат. Дүйнөдөгү жалпы эт жана сүттүн негизги бөлүгүн **бодо мал** чарбасы жеткирип берет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мелүүн аймактын токой жана түздүк зооналарында интесивдүү, кургакчыл аймактарында көчмөнчү экстенсивдүү бодо мал чарбасы өнүккөн *(35-сүрөт)*. Дүйнөдө бодо малдардын жалпы саны 1,48 млрд баштан ашык, алардын санына карай Индия (299 млн баш), Бразилия ( 215 млн баш), АКШ (94,3 млн баш), Кытай (90,5 млн баш) жана Пакистан (84,9 млн баш) өлкөлөрү ажыралып турат (2018-жыл).

Кой чарбасы негизинен толу аймактарда, талаа жана жарым чөл алкактарында өнүккөн. Уяң жана чала уяң жүндүү кой чарбасы климаты жумшак, нымдуурак талаа жана жарым чөл алкактарында, эт жана тери берүүчү кой чарбасы, анын ичинен, каракол кой чарбасы кургакчыл жарым чөл жана чөл алкактарында өнүккөн. Маалыматтарга караганда, дүйнө боюнча 1,2 млрд башка жакын кой бар (2018-жыл). Койлордун баш саны боюнча дүйнөдө алдыңкы орундарды Кытай, Австралия, Индия, Нигерия жана Судан ээлейт *(36-сүрөт)*.




*36-сүрөт.* **Койлордун саны боюнча дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттери, млн баш эсебинде.**

**Чочко чарбасы** негизинен дан эгиндери жана картошка өстүрүү өнүккөн аймактарда, ошондой эле, ири шаарлар жана тамак-аш өнөр жайы борборлорунун жынында өнүктүрүлөт. Дүйнө боюнча чочколордун жалпы саны 1 млрд башка жакын болуп, алардын дээрлик жарымы кытайдын үлүшүнө туура келет (442 млн баш), АКШ (74,6 млн баш), Бразилия (41, 4млн баш), Испания (30,8 млн баш), Вьетнам (28,2 млн баш) сыяктуу мамлекеттер бул тармакта алдыңкы орундарды ээлейт.

**Үй канаттуулар** чарбасы калктын керектөөсү үчүн эт жана жумуртка жеткирип берүүчү тармак эсептелип, негизинен эгин аймактарнда өнүккөн. Кытай (6,3 млрд баш), Индонезия (2,4 млрд баш), АКШ (2,2 млрд баш), Бразилия (1,5 млрд баш), Иран (1,1 млрд баш) мамлекеттери үй канаттуулардын саны боюнча алдыңкы орунду ээлейт. Үй канаттуулар этин экспорту боюнча АКШ жана Бразилия жетекчилик кылат.

Ошондой эле, мал чарбасынын негизинен мелүүн алкактуу мамлекеттерине мүнөздүү болгон **жибекчилик** (Кытай, Япония, Өзбекстан, Испания, Италия ж.б), чөл жана жарым чөл мамлекеттери үчүн адистешүү тармагы эсептелген **төө чарбасы** ( Сомали, Судан, Мавритания ж.б.), дүйнөнүн көптөгөн аймактарында өнүккөн **жылкы чарбасы** (Кытай, Бразилия, Мексика ж.б), түндүк аймактардагы **бугу чарбасы** (Россия, Канада, АКШ ж.б), түндүк кеңдиктер жана дарыя жайылмаларында калыптанган **куну айбанаттар** (Россия, Канада, Скандинавия мамлекеттери) сыяктуу тармактары да дүйнөлүк экономикада өз ордуна ээ *(37-сүрөт)*.

**Балыкчылык** — эң байыркы тармактардын бири эсептлет. Балыкчылык боюнча океандардын арасында Тынч океан (океандарда балык улоонун 66%),



*37-сүрөт.* **Мал чарбачылыгынын тармактары.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



деңиздердин арасында Беринг, Япон, Норвег деңиздери алдыңкы орунду ээлейт. Мамлекеттердин арасында Кытай ( дүйнөдө балык улоо көлөмүнүн ⅓ бөлүгү туура келет), Индонезия, Индия алдыңкы орунда турат.

## Суроо жана тапшырмалар

1 Эмне үчүн өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдүн экономикасында айыл чарбасынын үлүшү бир топ жогору деп ойлойсуңар? Көпчүлүк өнүккөн мамлекеттерде айыл чарба продукциялары көп өндүрүлсө да, эмне үчүн алардын ички дүң продукциясында агрардык сектор чоң үлүшкө ээ эмес?

2 Айыл чарба тармагынын өнүгүшүнө жана адистештирилишине табигый географиялык жана улуттук-диний факторлордун таасирин кээ бир өлкөлөрдүн мисалында түшүндүрүп бергиле.

3 Жадыбалды толтургула.

| № | Эгин түрү | Эгин түрүн жетиштирүүчү алдыңкы мамлекеттер |
|---|---|---|
| 1. | Буудай | |
| 2. | Жүгөрү | |
| 3. | Кант кызылчасы | |
| 4. | Чай | |
| 5. | Какао | |
| 6. | Пахта | |

4 Төмөнкү өлкөлөрдө мал чарбачылыгынын кайсы тармагы өнүккөндүгүн тактагыла жана анын себебин түшүндүргүлө.


a


b


d

5 Айыл чарбасынын өнүгүшү өнөр жайдын кайсы тармактары менен байланыштуулугун түшүндүргүлө. Эмне үчүн өнүккөн мамлекеттердин айыл чарбасы интенсивдүү түзүлгөн абалда, өнүгүп жаткан мамлекеттерде бул тармак азыркы күнгө чейин экстенсивдүү жол менен өнүгүп жатат?

6 Атластагы айыл чарбасы картасынан пайдаланып, Европа жана Азия мамлекеттеринин айыл чарбасы адистешүүсүн жазуусуз картага белгилегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 19-§. Дүйнөлүк транспорт географиясы

*Транспорт, кургактык транспорту, автомобиль транспорту, темир жол транспорту, куур транспорту, аба транспорту, деңиз транспорту, дарыя транспорту, терминал.*

Транспорт — экономиканын маанилүү тармагы болуп, жүргүнчү, жүк, энергия жана маалымат ташууну камсыздайт. Мындан тышкары, транспорт мамлекеттер аралык продуктулар жана кызматтарды алмашуу, эл аралык экономикалык байланыштарды ишке ашыруу үчүн негиз болуп кызмат кылат. Кыймыл-аракетинин мүнөзү боюнча, **кургактык** (темир жол, автомобиль жана куур), **суу** (деңиз жана дарыя) жана **аба** транспортунун түрлөрүнө бөлүнөт.

*Жүргүнчү же жүк ташуу менен алектенүүчү компания ачууга мүмкүнчүлүгүнө ээ болсоңор, транспорттун кайсы түрүнөн пайдаланат элеңер? Эмне үчүн?*

Транспорт тармактарынын өнүгүшү мамлекеттердин социалдык-экономикалык жана технологиялык жактан өнүгүү деңгээли, аянты жана аймактын өздөштүрүлгөндүгү, табигый шарты, калкынын жыштыгы сыяктуу факторлор менен байланыштуу.

Транспорт система катары төмөнкү курамдык элементтерден түзүлгөн:
- жол инфраструктурасы (автомобиль жана темир жолдор, каналдар, куурлар ж.б.);
- терминалдар (темир жол, автовокзалдар жана станциялар, аэропорттор, деңиз жана дарыя порттору ж.б.);
- транспорт каражаттары (автоунаа, поезд, кеме ж.б.);
- транспорттук компаниялар.

Транспорт түрлөрүнүн ичинен жүк ташуу үчүн деңиз, ал эми жүргүнчүлөрдү ташуу үчүн автомобиль транспорту эң маанилүү болуп саналат.

Автомобиль транспорту эң кеңири таралган транспорт түрү болуп саналат. Буга ушул транспорт түрүндө «эшиктен-эшикке чейин» алып барып коюу мүмкүнчүлүгү себеп болгон. Соңку жылдарда тармактын өнүгүшү катуу каптамдуу жолдордун узундугунун көбөйүшү, автомагистраль жолдор тармагынын кеңейиши, эл аралык магистраль жолдор маанисинин жогорулашы менен мүнөздөлөт *(38-сүрөт)*. Автомобиль жолдорунун жалпы узундугу боюнча АКШ, Кытай, Индия, Бразилия, Россия сыяктуу ири аймакка ээ болгон мамлекеттер жетекчилик кылат.



*38-сүрөт.* **Автомагистраль жол.**

Темир жол транспорту чоң көлөмдөгү жүктөрдү алыс аралыктарга жеткирип берүү, кыймылынын аба ырайынын шарттарына көз каранды эместиги, ташуу кызматтарынын салыштырмалуу арзандыгы сыяктуу өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат.

Темир жолдордун жалпы узундугу боюнча АКШ, Кытай, Россия, Индия жана Канада мамлекеттери жетекчи болуп саналат. Жолдордун жыштыгы боюнча Европа өлкөлөрү (Чехия, Бельгия, Германия, Швейцария) алдыңкы орунда турат. Бүгүнкү күндө Азия дагы бул тармак тез өнүгүп жаткан аймак эсептелет. Темир жол транспортунун өнүгүүсүндө түрдүү жогорку ылдамдыктагы жана магниттик рельстерде жүрүүчү поезддердин мааниси чоң *(39-сүрөт)*.



*Магнит релстүү поезддер - маглев (Кытай)*



*TGV жогорку ылдамдыктагы поезд (Франция)*

*39-сүрөт.* **Заманбап жогорку ылдамдыктагы поезддер.**

Куур транспорту суюк жана газ сымал көрүнүштөгү жүктөрдү алыс аралыктарга жеткирип берет *(40-сүрөт)*. Ал өздүк нарктын төмөндүгү, жүктөрдү керектүү

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*40-сүрөт. Куур транспорту.*



*41-сүрөт.* ***Шанхай порту.***

дарекке жеткирип бере алышы жана айлана-чөйрөгө терс таасиринин төмөндүгү менен ажыралып турат. Куурлардын басымдуу бөлүгү нефть жана газ казып алуучу өлкөлөрдүн аймагына туура келет. Нефть куурларынын узундугу боюнча АКШ, Россия, Канада, Кытай, Сауд Арабиясы, газ куурларынын узундугу боюнча болсо, АКШ, Россия, Канада, Германия, Франция мамлекеттери алдыңкы орунда турат.

Суу транспорту — табигый (дарыялар, көлдөр, деңиздер, океандар) жана жасалма (каналдар, суу сактагычтар) суу жолдору аркылуу жүктөр жана жүргүнчүлөрдү ташыйт. Ал деңиз жана дарыя транспортунун түрлөрүн өз курамына бириктирет.

Деңиз транспорту аркылуу дүйнөдө ташылып жаткан жүктүн 60%дан чоң бөлүгү ташылат. Деңиз транспортунда жүк ташуу иштери деңиз соода флоту тарабынан ишке ашырылат. Анын жалпы кубаттуулугу боюнча Панама, Либерия, Маршалл аралдары, Кытай, Сингапур, Греция сыяктуу өлкөлөр жетекчилик кылат.

Деңиз транспортунда жалпы дүк ташуу көлөмүнүн эң чоң үлүшү Тынч океанына туура келет. Деңиз транспорт каражаттарына кызмат көрсөтүүчү 2 миңден ашык порттор болуп, Шанхай, Сингапур, Роттердам порттору алардын арасында жүк кабыл алуу көлөмү боюнча алдыңкы орунда турат *(41-сүрөт)*.деңиз транспортунун өнүгүшүнө эл аралык каналдар жана деңиз кысыктары чоң таасир көрсөтөт. Эл аралык каналдардын арасында Суэц жана Панама каналдарынын мааниси чоң. Деңиз кысыктарынын ичинде эң чоң транспорттук мааниге Малакка, Боб-аль-Мандеб, Ла-Манш, Хормуз, Гибралтар, Эресунн (Зонд), Босфор кысыктары ээ.

Ички суу транспорту дарыя, көлдөр жана каналдар жардамында мамлекеттердин ички аймактарына жүк жана жүргүнчү ташууну ишке ашырат. Ички суу транспорт жолдорунун узундугу боюнча Россия, Кытай, АКШ, Бразилия, Канада алдыңкы орунду ээлейт. Ички суу транспортунда Амазонка, Миссисипи, Дунай, Рейн, Волга, Янцзы, Конго сыяктуу дарыялардан көп пайдаланылат. Алар менен бир катарда кемелер каттоосунда Кыргак бою (АКШ), Улуу (Кытай), Волга-Балтика (Россия), Рейн-Майн-Дунай (Германия) жана башка дарыя каналдарынан пайдаланылат.

Аба транспорту жүргүнчүлөрдү, почта жана башка түрдөгү жүктөрдү эң жогорку ылдамдык менен ташый турган, салыштырмалуу кымбат

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



транспорт тармагы болуп саналат. Азыркы күндө дүйнө боюнча жүргүнчү ташуу көлөмүнүн 20%га жакыны аба транспортуна туура келет. Бул транспорт тармагын өнүгүшүндө аэропорттордун ролу абдан чоң. Жүргүнчүлөрдү кабыл алуу көлөмү боюнча Атланта (АКШ), Пекин (Кытай), Дубай (БАЭ) аэропорттору алдыңкы орунда

## Суроо жана тапшырмалар

1. Эмне үчүн транспорт экономиканын маанилүү тармагы болуп саналат? Эл аралык экономикалык байланыштарды өнүктүрүүдө транспорт системасынын маанисин түшүндүргүлө.
2. Транспорт системасынын өнүгүшүнө илимий-техникалык революциянын тийгизген таасирин чечмелегиле.
3. Транспорт түрлөрүнүн артыкчылыктары жана кемчилдиктерин талдоо менен төмөнкү жадыбалды толтургула.

| Транспорт түрлөрү | Артыкчылыктары | Кемчилдиктери |
|---|---|---|
| Темир жол | | |
| Автомобиль | | |
| Куур | | |
| Суу | | |
| Аба | | |

4. Теманын текстиндеги маалыматтарга таянып, төмөнкү мамлекеттер транспорттун кайсы түрлөрүнүн өнүгүүсү боюнча дүйнөдө алдыңкы орунда турарын аныктап, жоопторду дептериңерге белгилегиле.

а АКШ; б Чехия; в Греция; г Индия; д Канада;
е Либерия; ж Россия; и Бразилия; з Сауд Арабиясы;

   1. *газ куурларынын узундугу боюнча;*
   2. *деңиз соода флоту кубаттуулугу боюнча;*
   3. *темир жолдордун жыштыгы боюнча;*
   4. *ички суу транспорту жолдорунун узундугу боюнча;*
   5. *автомобиль жолдорунун узундугу боюнча;*
   6. *темир жолдорунун жалпы узундугу боюнча;*
   7. *нефть куурларынын узундугу боюнча.*

5. Атластагы транспорт картасынан пайдаланып, транспорт тармактары менен камсыздалгандык көрсаткүчү эң жогору (ар 100 км$^2$ аймакка 50 км ден көп транспорт жолдору туура келүүчү) жана эң төмөн (ар 100 км$^2$ аймакка 1 км ден аз транспорт жолдору туура келүүчү) мамлекеттерди жазуусуз картага белгилегиле. Транспорт тармактарынын жыштыгына кандай социалдык-экономикалык жана табигый факторлор таасир этишин түшүндүргүлө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Эл аралык экономикалык байланыштар, эл аралык соода, экспорт, импорт, тышкы соода айлампасы, тышкы соода балансы, эл аралык туризм.*

*Экспорт жана импорт түшүнүгүн маанисин түшүндүргүлө. Мамлекетибизден чет өлкөлөргө кайсы өнүмдөр көп экспорт кылынат?*

***Тышкы соода айлампасы*** *— мамлекеттин экспорт жана импорт жыйындысы.*

# 20-§. Эл аралык экономикалык байланыштар географиясы

**Эл аралык экономикалык байланыштар** деп, мамлекеттер ортосундагы, эл аралык уюм жана компаниялардын катышуусундагы чарба байланыштарына айтылат. Бул байланыштардын бир нече негизги багыттары бар *(42-сүрөт)*. Аларга илимий-техникалык өнүгүү, мамлекеттер аралык социалдык-экономикалык айырмачылыктар, дүйнө алкактарындагы саясий кырдаал, эл аралык экономикалык интеграция сыяктуу факторлор таасир көрсөтөт.

- ЭЛ АРАЛЫК СООДА
- ЭЛ АРАЛЫК КРЕДИТ-ФИНАНСЫ МАМИЛЕЛЕРИ
- ИЛИМИЙ-ТЕХНИКАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК
- ӨНДҮРҮШТӨГҮ ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК
- ЭЛ АРАЛЫК ТУРИЗМ

*42-сүрөт.* **Эл аралык экономикалык байланыштардын негизги көрүнүштөрү.**

Эл аралык экономикалык байланыштардын негизги көрүнүштөрү арасында эл аралык соода чоң мааниге ээ. Сооданын өтө узак тарыхы бар экендигине карабастан, анын эл аралык аренага чыгышы дүйнөлүк чарбанын калыптануу мезгилине туура келет. Мамлекеттердин тышкы соода көлөмү тышкы соода айлампасы аркылуу аныкталат. Бул көрсөткүч мамлекеттин эл аралык эмгекти бөлүштүрүүдөгү ролун аныктайт. Кытай, АКШ, Германия, Япония, Франция тышкы соода айлампасы көлөмү жагынан дүйнөдө алдыңкы орунда турат *(16-жадыбал)*.

*16-жадыбал. Дүйнө мамлекеттери арасында экспорт жана импорт көлөмү боюнча алдыңкы мамлекеттер (2020-ж)*

| № | Мамлекеттер | Тышкы соода айлампасы, млрд АКШ доллары | Экспорттук наркы, млрд АКШ доллары | Импорттук наркы, млрд АКШ доллары |
|---|---|---|---|---|
| 1 | Кытай | 4646,2 | 2590,6 | 2055,6 |
| 2 | АКШ | 3835,6 | 1430,2 | 2405,4 |
| 3 | Германия | 2559,0 | 1385,8 | 1173,2 |
| 4 | Япония | 1276,7 | 641,3 | 635,4 |
| 5 | Франция | 1071,3 | 488,5 | 582,8 |

Эл аралык сооданын курамында өнүмдөр менен соода-сатык жүргүзүү кызмат көрсөтүү соодасына караганда чоң салмакка ээ. Анын ¾ бөлүгүн өнүмдөр соодасы түзөт. Машина жана жабдуулар, транспорт каражаттары, электроника, химиялык өнүмдөр сыяктуулар эл аралык талап жогору болгон өнүмдөр болуп эсептелет. Экономикалык мүмкүнчүлүктөрү жогору болгон дүйнөнүн өнүккөн мамлекеттери эл аралык сооданын 60%дан ашыгын камсыз кылат.

Тышкы соодада мамлекеттер жана алкактардын ортосунда чоң айырмачылыктар сакталып калууда. Маалыматтарга караганда, Батыш Европа, Түндүк Америка, Азия-Тынч океан алкагынын үлүшүнө эл

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


аралык сооданын 90% туура келүүдө. Бул алкактар, негизинен даяр өнүмдөр жана жогорку сапаттуу кызматтарды экспорт кылса, Африка, Азия, Океания жана Латын Америкасындагы өнүгүп келе жаткан мамлекеттер дүйнөлүк базарга негизинен минералдык ресурстар, токой жана айыл чарба өнүмдөрүн алып чыгат.

Белгилүү бир мезгил аралыгында мамлекеттин экспорттук жана импорттук маанилериңин айырмасы *тышкы соода балансын* көрсөтөт. Мамлекеттерде бул көрсөткүч оң же терс көрүнүштө болушу мүмкүн. Тышкы соода балансында экспорт көлөмү жогору болгон мамлекеттер арасында Кытай, Германия жана Россия сыяктуу өлкөлөр өзгөчөлөнүп турат.

Соңку жылдарда чет элде өндүрүү тармактарын өнүктүрүү максатында капитал киргизип, пайда алуу жараяны — *капитал экспорту* күчөйүүдө. Чоң көлөмдөгү капитал өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин экономикасына багытталууда. АКШ, Япония, Улуу Британия, Германия, Кытай сыяктуулар дүйнөнүн эң ири капитал экспортчулары болуп саналат.

Эл аралык туризм эл аралык экономикалык байланыштардын негизги көрүнүштөрүнөн бири болуп, дүйнөлүк жалпы улуттук өндүрүштүн дээрлик 10%ын, тейлөө (кызмат көрсөтүү) экспортунун ⅓ бөлүгүн берет. Испания, Греция, Италия, Египет сыяктуу мамлекеттер бул тармакты өзүнүн улуттук экономикасынын адистешкен тармагына айландырышкан. Дүйнөлүк алкактардын арасында Европа эң чоң туристтик агымды кабыл алышы менен өзгөчөлөнүп турат. Бул алкак мамлекеттер арасында Франция, Испания, Италия, Германия, Улуу Британия жылдык келүүчү саякатчылардын саны боюнча дүйнөнүн биринчи ондук мамлекеттеринин арасынан орун алган. Соңку жылдарда Азиянын да эл аралык туризмдеги мааниси артып барууда. Айрыкча, Чыгаш, Түштүк-чыгыш жана Түштүк батыш Азия мамлекеттери көптөгөн туристтерди өзүнө тартууда. Ага бул аймактарга мүнөздүү болгон кооз табигый шарт, дүйнөгө таанымал тарыхый эстеликтердин көптүгү, диний зиярат жайлары чоң таасир көрсөтүүдө.

Африка континенти мамлекеттеринин арасында Түндүк Африка мамлекеттери өзүнчө ажыралып турат. Кыргак боюнда эс алуучулар негизинен, Марокко, Тунис, Египетке барышса, тарыхый туризм кызыгуучуларын Египет пирамидалары, байыркы Карфаген калдыктары өзүнө тартат. Африкада жүздөгөн корук жана улуттук бактар бар, алар да эң маанилүү туристик обьектилер болуп саналат. Жаратылышты сүйүүчүлөрдүн чоң бөлүгү Кения, Танзания, Руанда аймагындагы улуттук бактарга барышат *(43-сүрөт)*. ТАР, Тунис, Египет жана Марокко мамлекеттери саякатчылардын жалпы саны боюнча континетте жетекчиь.



*Кызыл деңиз боюндагы курорт (Египет)* | *Серенгети улуттук паркы (Танзания)* | *Серенгети улуттук паркы (Танзания)*

*43-сүрөт.* **Африканын кээ бир туристтик объектилери.**

Америка континентинин туризминде АКШ, Мексика, Кариб бассейни мамлекеттери чоң салмакка ээ. Австралия жана Океания алкагы туризмде кыргак бою аймактарындагы эс алуу жайларынын мааниси чоң.

Азыркы күндө туризмдин салтык көрүнүштөрү (деңиз бою, диний, тарыхый) менен бир катарда экотуризм, агротуризм, ишкердик, спорт, шопинг (соода), экстремалдык сыяктуу көрүнүштөрү да өнүгүүдө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Эл аралык экономикалык байланыштардын кандай көрүнүштөрү бар? Алардын өнүгүшүнө таасир этүүчү факторлорду түшүндүргүлө.
2. Эмне үчүн ар бир мамлекет эл аралык соода байланыштарында катышат? Ар бир мамлекет тышкы соода балансын жакшы болушуна аракет кылышынын себебин түшүндүргүлө.
3. Өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин эл аралык соода байланыштарында катышуу деңгээли жана өзгөчөлүктөрү кандай айырмаланат? Бул айырмачылыктарга кандай факторлор таасир этет?
4. Төмөнкү жадыбалда кайсы терминдердин мүнөздөмөлү берилгендигин тапкыла жана тиешелүү жоопторду дептериңерге белгилегиле.

| | |
|---|---|
| **А** | Өндүрүү тармактарын өнүктүрүү максатында капитал киргизүү жана пайда алуу жараяны. |
| **Б** | Мамлекеттин экспорт жана импорт жыйындысы. |
| **В** | Мамлекеттер ортосундагы, эл аралык уюмдар жана компаниялардын катышуусундагы айыл чарба байланыштары. |
| **Г** | Белгилүү бир убакыт аралыгында мамлекеттин экспорттук жана импорттук маанилеринин айырмасы. |

*1 эл аралык байланыштар; 2 тышкы соода айлампасы;*
*3 тышкы соода балансы; 4 капитал экспорту.*

5. Силердин оюңарча, эмне себептен эл аралык туризмде Европа континентинин салмагы жогору? Саякатчылар агымы кандай факторлор менен байланыштуулугун түшүндүргүлө.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 21-§. Жалпылаштыруучу сабак

1. Картада белгиленген мамлекеттердин унитардык же федеративдик түзүлүшкө ээ экендигин аныктагыла.




2. Өнүккөн жана өнүгүп келе жаткан мамлекеттер калкынын табигый көбөйүшү жана жаш-жыныстык курамынын өзгөчөлүктөрүн салыштырып, алардын айырмачылыктарын түшүндүргүлө.

3. Төмөнкү сүрөттөрдө көрсөтүлгөн аймактарга көңүл бургула. Бул аймактарда кайсы түрдөгү альтернативдүү энергия булактарынан пайдалануу мүмкүнчүлүктөрү жогору деп ойлойсуңар? Оюңарды негиздегиле.










4. Эмне үчүн дүйнө боюнча ташылуучу жүктөрдүн негизги бөлүгү деңиз транспорту аркылуу ташыларын түшүндүргүлө. Транспорттун бул түрү дүйнөлүк чарбанын калыптанышы жана өнүгүшүнө кандай таасир этти? Атластагы транспорт картасынан негизги деңиз жолдорун жана эң ири деңиз портторун тапкыла.

5. Окуу китебиндеги маалыматтар, атластагы айыл чарбасы жана анын тармактарына тиешелүү карталардан пайдаланып, ушул тармактын адистештирилиши жана өнүгүшүнө климаттык шарттардын тийгизген таасирин талдагыла. Силердин оюңарча, агрардык тармакты өнүктүрүүдө жердин рельефтик түзүлүшү кандай мааниге ээ? Пикириңерди мисалдар менен түшүндүргүлө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# II бөлүм. Дүйнөнүн регионалдык мүнөздөмөсү

## 5-глава. Европа өлкөлөрү

*Европа, континент, жаңы эгемендүү мамлекеттер, арал мамлекеттер, жарым арал мамлекеттер, республика, монархия, федеративдик мамлекеттер.*

*Европанын дүйнөлүк масштабда экономикалык өнүгүүсү боюнча өзгөчөлөнгөн кайсы мамлекеттерин билесиңер?*



*44-сүрөт.* **Европанын географиялык орду.**

### 22-§. Европанын географиялык орду, чек аралары жана саясий картасы

Евразия материги эки континент — Европа жана Азияга бөлүнүшү белгилүү. Европа континенти Евразия материгинин батыш бөлүгүндө жайгашкан. «Европа» сөзү байыркы ассурийликтердин тилинен келип чыгып, «күндүн батышы», тактап айтканда, «батыш» деген маанини билдирет.

Европа экваторго салыштырмалуу Түндүк жарым шарда, ал эми негизги меридианга салыштырмалуу болсо, негизинен Чыгыш жарым шарда жайгашкан *(44-сүрөт)*. Бирок Португалия, Ирландия, Исландия бүтүндөй, Испания жана Улуу Британиянын көп бөлүгү жана Франциянын эң четки батыш аймактары Батыш жарым шарда жайгашкан. Континенттин жалпы аянты 10 млн км$^2$.

Европанын кыргактары түндүктө Түндүк Муз Океаны, батышта Атлантика океаны, түштүктө Жер Ортолук жана Кара деңиз суулары менен жуулат. Жер Ортолук деңиз жана Гибралтар кысыгы Европаны Африкадан ажыратып турат.

Чыгышта Европа негизинен кургактык аркылуу Азия континенти менен чектешет. Европа жана Азиянын чек арасы көптөгөн географиялык адабияттарда Урал тоолору, Эмба дарыясы, Каспий деңизинин түндүк-батыш кыргактары, Россиянын түштүгүндөгү Кума-Маныч ойдуңу, Азов жана Кара деңиздери, Босфор кысыгы, Мрамор деңизи, Дарданелл кысыгы жана Эгей деңизи аркылуу өткөзүлөт. Айрым булактарда эки континент Каспий жана Кара деңиздери арасындагы чек арасы Чоң Кавказ тизмеси аркылуу өткөрүлөт.

Европанын азыркы саясий картасында *(45-сүрөт)*, эки континенте жайгашкан Россия Федерациясын кошкондо, 44 эгемендүү мамлекет бар. Европа кичи мамлекеттердин континенти.

Континенте Андорра, Сан-Марино, Мальта, Монако, Ватикан, Лихтенштейн сыяктуу «кичи» мамлекеттер жайгашкан. Бул мамлекеттерден тышкары, Европада 12 мамлекеттин аянты 50 миң км$^2$ ден кичине.

Ушулардын катарына Люксембург, Бельгия, Нидерландия, Дания, Черногория, Швецария, Молдова, Словакия, Түндүк Македония, Албания жана Эстония кирет. Континеттеги 10 өлкөнүн аймагы 50 миңден 100 миң км$^2$ ге чейин барат. 12

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*45-сүрөт.* **Европанын саясий картасы .**

Эскертүү: Россия Федерациясынын Европадагы бөлүгү толук көрсөтүлбөгөн

мамлекеттин аянты 100 миңден 500 миң км$^2$ ге чейинки чоңдукка ээ. Франция, Украина жана Испаниянын гана аймагы 500 миң км$^2$ ден ашат. Россия Федерациясы аянтынын чоңдугу боюнча бир гана Европада эмес, бүткүл дүйнөдөгү эң ири мамлекет. Россия аймагынын 4,1 млн км$^2$ ге тең болгон бөлүгү (24%) Европа континентинде жайгашкан. Европа мамлекеттеринин арасында арал, жарым арал, деңиз бою континенттик жана ички континенттик мамлекеттер бар *(46-сүрөт).*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Арал мамлекеттер (4 ):** Улуу Британия, Ирландия, Исландия, Мальта

**Жарым арал мамлекеттер (7):** Греция, Дания, Испания, Италия, Норвегия, Португалия, Швеция

**Деңиз бою континенттик мамлекеттер (19):** Албания, Бельгия, Болгария, Босния жана Герцеговина, Эстония, Финляндия, Франция, Германия, Латвия, Литва, Монако, Нидерландия, Польша, Россия, Румыния, Словения, Украина, Хорватия, Черногория

**Ички континенттик мамлекеттер (14):** Австрия, Андорра, Беларусь, Лихтенштейн, Люксембург, Молдова, Сан-Марино, Сербия, Словакия, Ватикан, Венгрия, Түндүк Македония, Швейцария, Чехия

*46-сүрөт.* **Европа мамлекеттеринин географиялык жайгашкан орду боюнча бөлүнүшү.**

Европадагы 44 мамлекеттен 32си республика, 12 си монархия болуп эсептелет. Андорра, Бельгия, Улуу Британия, Дания, Испания, Лихтенштейн, Люксембург, Монако, Нидерландия, Норвегия, Швеция мамлекеттери конституциялык монархияга, Ватикан мамлекети абсолюттук теократиялык монархия башкаруу формасына ээ. Европадагы республикалардын чоң бөлүгү парламенттик республикалар болуп саналат. Административдик-аймактык жактан Европадагы 6 мамлекет федеративдик түзүлүшкө ээ — Австрия, Бельгия, Босния жана Герцеговина, Германия, Россия, Швейцария.




*47-сүрөт.* **Европанын субрегиондорго бөлүнүшү (Европа Биримдигинин классификациясы боюнча).**

Европа континенти 4 субрегионго бөлүнөт. Түндүк Европа, Батыш Европа, Түштүк Европа, Чыгыш Европа *(47-сүрөт)*. Бул субрегиондор Европа өлкөлөрүнүн ортосундагы табигый, экономикалык жана тарыхый-маданий окшоштуктарды жана айырмачылыктарды эске алуу менен бөлүнгөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Европа кайсыл жарым шарда жайгашкан? Картадан континенттин чек араларын көрсөткүлө.

2 Төмөнкү суроолорго тиешелүү варианттарды тапкыла жана дептериңерге белгилегиле.

| № | Суроолор | А | Б | В | Г |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Европа континентинин аянты канча? | 4,1 млн км$^2$ | 12 млн км$^2$ | 10 млн км$^2$ | 5,9 млн км$^2$ |
| 2 | Кайсы жоопто Европадагы жарым арал мамлекеттер берилген? | Италия Исландия | Испания Дания | Греция Франция | Португалия Ирландия |
| 3 | Европа кайсыл жактан негизинен кургактык менен чектешет? | түндүктө | батышта | түштүктө | чыгышта |
| 4 | Европада канча мамлекет федеративдик түзүлүшкө ээ? | 6 | 8 | 4 | 10 |
| 5 | Берилген мамлекеттердин кайсыл бири конституциялык монархияга башкаруу формасына ээ? | Дания | Ватикан | Швеция | Норвегия |

3 Атластагы дүйнөнүн саясий картасынан пайдаланып, төмөнкү жупташтырып берилген мамлекеттердин кайсылары бири-бири менен чектеш экендигин аныктагыла.

Италия — Австрия
Франция — Андорра
Бельгия — Дания
Сербия - Венгрия
Россия — Финляндия

Германия — Словакия
Литва — Россия
Румыния — Эстония
Польша — Хорватия
Люксембург — Нидерландия

Албания — Болгария
Украина — Чехия
Норвегия — Швеция
Беларусь - Латвия
Лихтенштейн — Словения

4 Бул мамлекеттердин жалпы жактарын табыңыз.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 23-§. Практикалык машыгуу
## Европанын саясий картасын үйрөнүү

1. Төмөнкү мамлекеттерге тиешелүү маалыматтарды тапкыла жана дептериңерге белгилегиле.

I. *Австрия* II. *Португалия* III. *Исландия* IV. *Румыния*

*а) Испания менен чектеш; б) Чыгыш Европада жайгашкан; в) ички континенттик мамлекет; г) борбору Рейкявик шаары; д) Кара деңиз кыргактарын жууйт; е) Түштүк Европада жайгашкан; ё) Федеративдик түзүлүшкө ээ; ж) арал мамлекет; з) Батыш Европада жайгашкан; и) деңиз бою континенттик мамлекет; й) жарым арал мамлекет; к) Түндүк Европада жайгашкан.*

2. Төмөнкү картада кайсыл мамлекеттер чагылдырылганын тапкыла жана берилген варианттардын арасынан ошол мамлекеттердин борбор шаарын тандагыла.




А) Дублин Б) София В) Берлин Г) Осло

Д) Прага Е) Рим Ё) Париж Ж) Афина

3. Окуу китебинин тиркемесиндеги маалыматтардан пайдаланып, Европадагы аянты 100 миң км$^2$ ден чоң мамлекеттердин атын дептериңерге жазып алгыла.

4. Окуу китеби жана дүйнөнүн саясий картасынан пайдаланып, берилген маалыматтардын туура же туура эмес экендигин аныктагыла.

| | |
|---|---|
| 1 | Түндүк Македония деңиз бою континенттик мамлекеттердин тобуна кирет. |
| 2 | Дания кургактыкта Германия менен гана чектешет. |
| 3 | Греция Түштүк Европада жайгашкан. |
| 4 | Европада Улуу Британия, Исландия жана Ирландия арал мамлекеттери эсептелет. |
| 5 | Италия Приней жарым аралында жайгашкан. |
| 6 | Бельгиянын борбору - Брюссель шаары. |
| 7 | Швеция парламентардык республика болуп саналат. |
| 8 | Европанын субрегиондорунун ичинде эң ириси бул - Чыгыш Европа. |
| 9 | Босния жана Герсеговина Европадагы федеративдик мамлекеттердин бири. |
| 10 | Франция эки океан акваториясында жайгашкан. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5. Төмөнкү тамгалар менен белгиленген Европадагы «кичи» мамлекеттердин аталышын тапкыла.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Ачкыч сөздөр: Түндүк деңиз, Балтика деңизи, Киль каналы, парламенттик республика, федералдык канцлер, ГФР жана ГДРнын биригиши, тышкы миграция, лютеран чиркөөсү.*

*Германия өзүнүн кайсы продукциялары менен дүйнөгө белгилүү?*





Аянты: **357,4 миң км²**
Калкы (2020): **83,3 млн**
Борбору: **Берлин**

# 24-§. Германия Федеративдик Республикасы

Европанын экономикалык жактан эң кудуреттүү мамлекети — Германия Федеративдик Республикасы континенттин борборунда жайгашкан. Германия аянты боюнча континенттеги өлкөлөрдүн арасында 6-орунда турат. Кыргактары түндүк-батышта Түндүк деңиз, түндүк-чыгышта Балтика деңизи суулары менен жуулат. Германия аймагынан эң маанилүү эл аралык каналдардын бири — Түндүк жана Балтика деңиздерин туташтырган Киль каналы өтөт. Кургактыкта 9 мамлекет менен чектеш. Экономикалык географиялык ордунун ыңгайлуулугу Европанын түрдүү бөлүктөрүндөгү мамлекеттерди туташтыруучу ири автомобиль, темир жана суу (дарыя жана каналдар) жолдорунун өткөндүгү менен белгиленет.

Башкаруу формасы жагынан парламенттик республика. Мамлекет башчысы — президент, аткаруучу бийликтин башчысы жана эң чоң саясий укуктардын ээси өкмөт төрагасы, башкача айтканда, федералдык канцлер эсептелет. Саясий-аймактык түзүлүшү жактан — Германия федеративдик мамлекет, ал 16 федерацияга бөлүнөт. Өлкөнүн борбору — Берлин — мамлекеттин чыгыш бөлүгүндө жайгашкан.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Германия аймагынын рельефи түндүктөн түштүккө карай бийиктий берет *(48-сүрөт)*. Мамлекеттин түндүгүндө Түндүк Германия түздүгү жайгашкан, борборду аймактары бөксө жана орто тоолордон турат, түштүгүндө бийиктиги 3 000 метрге жеткен Альп тоолору жайгашкан. Пайдалуу казылмалардан таш көмүр жана коңур көмүр, темир рудасы, аш жана калий туздарынын кендери бар.

Өлкөнүн аймагы мелүүн климаттуу алкагында жайгашкан. Түндүк аймактарында деңиз, борбордук жана түштүк аймактарында мелүүн континенттик типтеги климат калыптанган. Аба ырайы тез-тез өзгөрүп турат, жамгыр көп жаайт. Кышы адатта жумшак, катуу суuктар аз болот. Деңиз бою аймактарында күчтүү шамалдар дайыма болуп турат жана бул фактордон энергетикалык максатта активдүү колдонулат

Германияда дарыялар тору абдан жыш. Эң ири дарыялар Рейн, Дунай, Эльба, Везер жана Одер. ГФРдагы бардык ири дарыялар каналдар менен өзара туташтырылгандыктан, анын ички суу транспорт жолдору Дунай аркылуу Түндүк жана Балтика деңиздеринин портторун Кара деңиз порттору менен байланыштырып турат.



*48-сүрөт.* **Германиянын рельефи.**

**Калкы.** Германия 83,3 млн

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



кишилик калкы (2020-жыл маалыматтары боюнча) менен Европада Россиядан кийинки 2-орунду ээлейт. Төрөлүүнүн төмөндүгү себептүү Германияда калктын табигый көбөйүүсү 1972-жылдан бери терс болуп келет.

Германия чет элдик мигранттардын саны (13 млн кишиден ашуун, 2019-жылдын абалына карата) боюнча континенте 1-орунда турган өлкө эсептелет. Чет өлкөлүк мигранттардын курамында Польша, Румыния, Италия, Түркия, Сирия, мурдагы Югославия мамлекеттеринен көчүп келгендер жетекчилик кылат.

Германиялыктардын 80%га жакын бөлүгү шаарларда жашайт. ГФРдин эң ири шаарлары — Берлин, Гамбург, Мюнхен, Кёльн, Франкфурт-Майн, Бремен.

Өлкөнүн калкынын улуттук курамында 85%дан көбүрөөк бөлүгү немис улутуна туура келет. ГФРдин түндүк, борбордук жана чыгыш аймактарында жашоочу немистердин арасында протестанттар (лютерандар) көпчүлүктү түзсө, түштүгүндө көбүрөөк католиктер жашашат.

Германиянын калкы ири дарыялардын өрөөндөрүндө өтө жыш жайгашкан. Айрыкча, Рейн өрөөнүнүн калкы өзгөлөрдөн ажыралып турат. Калкы эң жогорку даражада болгон аймак — Рур өнөр жай району дал ушул дарыя бассейнинде жайгашкан.

Тоолуу аймактарда, өлкөнүн түндүк-чыгышында калк сейрек жайгашкан *(49-сүрөт)*.




*49-сүрөт.* **Германия калкынын жыштыгы картасы (адам/км²).**

**Экономикасы**. Германия экономикалык деңгээли жана калкынын турмуш көрсаткүчү жагынан дүйнөдө алдыңкы мамлекеттердин бири. «Чоң жетилик» тобуна мүчө мамлекет. Европада Германия ИДӨ жана өнөр жай өндүрүүнүн көлөмү боюнча 1-орунда турат.

ГФР түрдүү өнөр жай өнүмдөрүнүн жогорку сапаты менен бүтүн дүйнөгө белгилүү. Германия өнөр жайынын жетекчи тармактарынын катарына машина куруу, химия жана фармацевтика, көмүр, кара металлургия, тамак-аш өнөр жайы кирет. Машина куруу тармактарынан станок жасоо, автомобиль куруу, электротехника, микроэлектроника, кеме куруу, авиакосмостук машина куруу сыяктуу тармактары өтө жогору даражада өнүккөн.



*50-сүрөт.* **Франкфурт-Майн шаары.**

Айыл чарбасынын таяныч тармактары эт-сүт бодо мал чарбасы жана чочко чарбасы болуп саналат. Өлкөнүн түндүк

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



жана борбордук бөлүктөрүндө буудай, арпа, жүгөрү, картошка, кызылча эгилет. Түштүктөгү тоо капталдарында жана тоо аралыгындагы өрөөндөрдө жүзүм, тамеки жана пиво өндүрүүдө колдонулуучу хмелди жетиштирүү жакшы өнүккөн.

Германия экономикасында транспорт, банк-финансы сектору, туризм жана башка тейлөө тармактары да чоң мааниге ээ. Европадагы эң ири аэропортко ээ Франкфурт-Майн шаары континенттеги негизги банк-финансылык борборлорунун бири эсептелет *(50-сүрөт)*.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Атластагы дүйнөнүн саясий картасынан пайдаланып, Германия менен чектеш мамлекеттердин атын дептериңерге жазып алгыла.
2. Германиянын социалдык-экономикалык өнүгүшүндө анын табигый шарты жана экономикалык-географиялык орду кандай мааниге ээ экендигин түшүндүргүлө.
3. Германияга чет өлкөлүк мигранттар агымынын жогорулугу кандай факторлор менен байланыштуу? Чет өлкөлөрдөн активдүү иммиграциянын кандай оң жана терс жактары болушу мүмкүн? Калкы активдүү түрдө көчүп кетип жаткан өлкөлөрдүн социалдык-экономикалык өнүгүүсүнө эмиграция жараянынын таасири кандай? Пикириңердин негизинде төмөнкү жадыбалды толтургула.

| Иммиграция | | Эмиграция | |
|---|---|---|---|
| Оң жактары | Терс жактары | Оң жактары | Терс жактары |
| .... | .... | ... | .... |

4. Германия тиешелүү берилген төмөнкү маалыматтардын арасынан туура эместерин тапкыла жана аларды оңдоп, дептериңерге көчүрүп жазгыла.
   - Аянты боюнча Европа мамлекеттеринин ичинде 9-орунда турат;
   - “Чоң жетилик» мамлекеттери тобуна мүчө;
   - Саясий-аймактык жактан федеративдүү мамлекет;
   - Айыл чарбасынын таяныч тармактары сүт-эт бодо мал чарбасы жана үй канаттуулары чарбасы эсептелет;
   - Эң ири шаарлары — Берлин, Гамбург, Мюнхен, Кёльн, Франкфурт-Майн, Бремен;
   - Европадагы эң ири деңиз портуна ээ;
   - Өлкөнүн аймагы мелүүн климаттуу алкагында жайгашкан;
   - Европада ИДӨ жна өнөр жай өндүрүүнүн көлөмү боюнча 2-орунда турат;
   - Ички суу транспорт жолдору Рейн аркылуу Түндүк жана Балтика деңиздеринин портторун Кара деңиз порттору менен байланыштырып турат;
   - Өнөр жайынын жетекчи тармактарынын катарына машина куруу, химия жана фармацевтика, көмүр, кара металлургия, тамак-аш өнөр жайы кирет.
5. Кошумча булактардан пайдаланып, Германия жана Өзбекстандын социалдык-экономикалык байланыштарынын негизги багыттары жана алардын көлөмү боюнча маалыматтарды чогулткула. Келечекте мамлекетибиз жана Германия ортосунда кайсыл тармактарда кызматташтыкты дагы да өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрү жогору? Оюңарды негиздөөгө аракет кылгыла.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 25-§. Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугу





Аянты: **243,8 миң км²**
Калкы (2020): **67,2 млн**
Борбору: **Лондон**

Улуу Британия жана Түндүк Ирландия Бириккен Королдугу Европанын түндүк-батыштагы Британия аралдарында жайгашкан. Бириккен Королдук аймагынын негизги бөлүгүн Улуу Британия аралы жана Ирландия аралынын түндүк-чыгышы түзөт. Ошондой эле, өлкөнүн курамына бир нече майдараак аралдар да кирет. Бириккен Королдук жээктери Түндүк деңиз, Ирландия деңизи жана Атлантика океанынын суулары менен жуулат. Ла-Манш кысыгы Улуу Британияны Франциянын түндүк-батыш жээктеринен ажыратып турат. Кургактыкта өлкө Ирландия менен гана чектешет.

Азыркы учурда Улуу Британиянын 15ке жакын деңиз арты аймактары, башкача айтканда, колониялары бар. Алардын чоң бөлүгү Кариб деңизиндеги аралдарда жайгашкан. Европа континентиндеги жалгыз колониялык аймак — Гибралтар да Бириккен Королдуктун деңиз арты аймагы болуп саналат. Бирок расмий деңиз арты аймактарынын эч кайсынысы Бириккен Королдуктун курамына кирбейт.

Башкаруу формасы — конституциялык монархия. Улуу Британия монархы (король же ханышасы) учурда расмий түрдө Британия Ынтымакташтыгы Королдуктары эсептелген 14 эгемендүү мамлекет, анын ичинен, Канада, Австралия, Жаңы Зеландиянын жетекчиси да болуп эсептелет.

Саясий-аймактык жактан Бириккен Королдук 4 өлкө (мамлекет) — Англия, Шотландия, Уэльс жана Түндүк Ирландиядан турат *(51-сүрөт)*. Англиядан башка 3 өлкө толук эмес автономияга ээ. Улуу Британиянын борбору — Лондон шаары мамлекеттин түштүк-чыгышында, Темза дарыясынын деңизге кошулган жерине жакын жайгашкан.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Улуу Британиянын түштүк-чыгыш бөлүгүн көбүрөөк түздүктөр, түндүк-батыш аймактарын орто тоолор ээлейт *(52-сүрөт)*. Айрыкча, Шотландия жана Уэльсте байыркы бөлүнгөн тоолор кеңири таралган. Өлкөнүн эң бийик тоосу — Бен-Невис тоосу Шотландияда жайгашкан *(53-сүрөт)*.

Мамлекетте пайдалуу казылмалардан нефть, табигый газ жана көмүр казып алынат. Нефть жана газ кендери Түндүк деңиздин астында жайгашкан. Бирок акыркы жылдарда Улуу Британия минералдык отундун бардык түрлөрүнүн импорттоочусуна айланган, себеби казып алына турган ресурстар улуттук экономиканын энергия булактарына болгон талапты кандыра албай жатат.

Атлантика океанынан жыл бою эсүүчү ным шамалдар жана Гольфстрим агымынын таасиринде мелүүн деңиз климаты калптанган. Жыл бою өлкөнүн батышында тез-тез жамгырлар жаайт, айрыкча өлкөнүн батышында жамгырсыз күндөр аз болот. Кыш анча жумшак, январдын орточо аба температурасы 0 °С тегерегинде.

**Калкы.** Бириккен Королдук Европа мамлекеттеринин ичинде калкынын саны боюнча 3-орунда турат (2020-жыл абалына карата, 67 млн кишиден көп). Калктын табигый көбөйүүсү абдан төмөн даражада болуп, калктын саны негизинен тышкы миграциянын эсебинен өсүүдө. Айрыкча, Түштүк Азия, Африка, Кариб деңизиндеги аралдардан көчүп келгендер көп.

Улуу Британияда урбанизация көрсаткүчү 85%га жакын. Мамлекеттин эң ири шаарлары катарына Лондон, Бирмингем, Манчестер, Ливерпуль, Глазго, Эдинбург кирет.

Өлкөнүн калкынын этникалык курамында эң ири улут англичандар болуп саналат. Шотландиялыктар, уэльстиктер жана ирландиялыктар да түпкү улуттар болуп эсептелет. Эң кеңири таркалган дин — англикандык чиркөө (протестант христиан сектасы).

*Бириккен Королдук, Англия, Шотландия, Уэльс, Түндүк Ирландия, конституциялык монархия, Ла-Манш кысыгы, мелүүн деңиз климаты, англикан чиркөөсү.*

*Бириккен Королдуктун дүйнөнүн экономикалык жана саясий турмушундагы орду жөнүндө эмнелерди билесиңер?*




*51-сүрөт.* **Бириккен Королдуктун курамындагы өлкөлөр.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*52-сүрөт.* **Бириккен Королдук аймагынын рельефи.**

Калктын жыштыгы Борбордук жана Түштүк Англия, Түштүк Уэльс жана Орто Шотландия түздүгүндө жогору даражада болсо, Шотландиянын түндүк-батыш тоолуу аймактарында бул көрсөткүч бир топ төмөн *(54-сүрөт)*. Бириккен Королдуктун калкынын дээрлик 85%ы Англияда жашайт. Түндүк Ирландияда болсо мамлекет калкынын болгону 3%ы гана жайгашкан.

**Экономикасы.** Улуу Британия Европа жана дүйнөлүк масштабда экономикалык жактан эң кудуреттүү мамлекеттердин бири болуп, ИДӨнүн көлөмү боюнча Европада Германиядан кийинки 2-орунда турат.

Улуу Британия өнөр жай революциясынын бешиги, ал XIX - XX кылымдын башында дүйнөнүн алдыңкы өнөр жай өнүккөн мамлекети эсептелген. Ал доордо Бириккен Королдук өнөр жайы, айрыкча токуучулук, көмүр, кара металлургия, кеме өнөр жайы тармактарынын өнүккөндүгү менен өзүнчө өзгөчөлөнүп турган. Азыркы учурда Улуу Британия өнөр жайынын алдыңкы тармактары катарына автомобиль өнөр жайы, авиа өнөр жайы, айыл чарба машина өнөр жайы, химия жана фармацевтика өнөр жайлары кирет. Мамлекет электр энергетикасы ЖЭСтерге таянат.

Айыл чарбачылыгынын алдыңкы тармактары сүт-эт бодо мал чарбасы, кой чарбасы жана чочко чарбасы болуп эсептелет. Негизги айыл чарба эгиндери: буудай, арпа, картошка, кант кызылчасы.

Улуу Британия экономикасында кызмат көрсөтүү тармактары да чоң мааниге ээ. Алардан банк-финансы тармагы, туризм, маалымат технологиялары, медицина жана жогорку билим берүү өзүнүн эл аралык экономикалык мааниси менен ажыралып турат.



*53-сүрөт.* **Бен-Невис тоосу.**




*54-сүрөт.* **Бириккен Королдуктун калкынын жыштыгы картасы (км² киши).**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Бириккен Королдуктун саясий-аймактык түзүлүшүн мүнөздөгүлө. Ал толук эмес федеративдик эсептелиши мүмкүнбү? Эмне үчүн?
2. Улуу Британия климатынын маанилүү өзгөчөлүктөрү жана аларды келтирип чыгара турган факторлорду түшүндүргүлө. Кошумча маалыматтардын негизинде бул мамлекет «Тумандуу Албион» деп аталышын себебин тапкыла.
3. Эмне үчүн Улуу Британия калкы негизинен тышкы миграциянын эсебинен көбөйүп жаткандыгын түшүндүргүлө. Эмне себептен өлкөгө Түштүк Азия, Африка, Кариб деңизи аралдарынан көчүп келгендердин саны көп?
4. Улуу Британиянын электр энергетикасы ЖЭСтерге таянышынын негизги себептери жөнүндө ой жүгүрткүлө. Мындай экономикалык жана экологиялык факторлорду кандай баалоого болот? Бул өлкөдө салттык эмес энергия булактарын кайсы тармактарын дагы да өнүктүрүү мүмкүнчүлүгү жогору. Оюңарды негиздегиле.
5. Улуу Британиянын эң көп саякатчыларды кабыл алуучу дүйнөнүн алдыңкы 10 мамлекеттеринин курамына киришине таасир этүүчү төмөнкү факторлорго баа бергиле:
   а табигый шарты жана деңиз бою ландшафтары;
   б тарыхый эстеликтери;
   в заманбап архитектурасы;
   г туризм инфраструктурасынын өнүккөндүгү;
   д тейлөө (кызмат көрсөтүү) сапатынын жогорулугу.
6. Улуу Британиядагы дүйнөгө белгилүү жогорку окуу жайларынан кайсыларын билесиңер? Эгер силерде чет өлкөдө окуу же саякат кылуу мүмкүнчүлүгү болсо, Улуу Британияны тандайт белеңер? Эмне үчүн?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Ла-Манш кысыгы, Атлантика океаны, Корсика аралы, деңиз арты аймактары, Париж агломерациясы, тышкы миграция, аймактык тилдер, «Чоң жетилик», туризм.*

*Франциянын дүйнөгө белгилүү кандай товар бренддерин билесиңер?*





Аянты: **547 миң км²**
Калкы (2020): **64,9 млн**
Борбору: **Париж**

# 26-§. Франция Республикасы

Европадагы эң ири мамлекеттердин бири — Франция Республикасы континенттин батышында жайгашкан. Мамлекет жээктери батыш жана түндүк-батыштан Атлантика океаны, түштүк-чыгыштан Жер Ортолук деңизи менен жуулат. Ла-Манш кысыгы Францияны Улуу Британиядан ажыратып турат. Кургактыкта 8 мамлекет менен чектешип, эң узун чек аралары Германия, Италия, Испания мамлекеттери менен өткөн. Жер Ортолук деңизиндеги Корсика аралы Францияга тиешелүү. Ошондой эле, Франциянын 10дон ашуун деңиз арты колониялары бар. Алар, негизинен Тынч океан жана Кариб деңизинде жайгашкан.

Башкаруу формасы — президенттик республика. Саясий-аймактык жактан Франция унитардык мамлекет болуп, 18 аймакка(регион) бөлүнөт. Алардан 12си Франциянын негизги континенттик бөлүгүндө, бирөөсү Жер Ортолук деңиздеги Корсика аралында жайгашкан, кал бешөөсү деңиз арты аймактарынан турат. Франциянын борбору — Париж шаары. Ал мамлекеттин чыгыш бөлүгүндө, Сена дарыясы өрөөнүндө жайгашкан.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Франция аймагынын ⅔ бөлүгүн тегиздиктер ээлеген. Ошону менен бирге өлкөнүн чыгыш, борбордук жана түштүк аймактарында Альп, Пиреней, Арденна, Вогеза, Борбордук массив *(55-сүрөт)*, Юра сыяктуу түрдүү бийиктиктеги тоолор бар. Альп жана Пиренейден башка Франциядагы тоо кыркалары өтө майдаланган көп кылымдык тоолор. Пайдалуу казылмалардан темир, уран жана боксит рудалары кендери бар.

Франциянын Атлантика океанына жакын бөлүгүндө мелүүн деңиз климаты, чыгыш аймактарында мелүүн континенттик, түштүктө болсо Жер Ортолук деңиз тибиндеги субтропиктик климат калыптанган. Жазы ысык, кышы жылуу жана жамгырлуу. Жаан-чачын январдан апрелге чейин эң көп күзөтүлөт.

Францияда дарыялар тору кыйла тегиз. Эң узун дарыя — Луара *(56-сүрөт)*, эң суусу мол дарыя –Рона. Ошондой эле, Сена жана Гаронна да чоң дарыялардын катарына кирет.

**Калкы.** Европа мамлекеттеринин ичинде калкынын саны боюнча 4-орунда турат. 2020-жылдагы абал боюнча, Франция калкы 65 млн кишиге жакын. Калктын табигый көбөйүүсү өтө төмөн, жылдык эсепте 0,2%га барабар. Калктын санынын көбөйүүсүнүн маанилүү булагы тышкы миграция болуп саналат. Мигранттардын ичинде мурдагы Франциянын колониясы болгон Африканын түрдүү мамлекеттеринен көчүп келгендердин саны көп.



*55-сүрөт.* **Борбордук массив тоолорунун көрүнүшү.**



*56-сүрөт.* **Луара дарыясы.**

Францияда азыркы учурда шаарлашуу көрсаткүчү 80%дан ашкан. Париждин тегерегинде континенттеги эң ири шаар агломерацияларынан бири калыптанган

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



болуп, анын калкы 10 млн кишиден көп. Ири аймактык борборлор катарына Лион, Марсель, Тулуза, Боордо шаарлары кирет.

Өлкөнүн түпкү улуттары катарына француздардан тышкары, баскитар, бретондор, лотарингдер, каталондор, окситандыктар жана корсикалыктар кирет. Франциянын Конституциясына карата, бул 7 улуттун тилдери аймактык тилдер статусуна ээ. Мамлекет калкынын диний курамында католиктер басымдуу. Калкы Париж агломерациясы, Бельгия жана Германияга чектеш аймактарда жана Жер Ортолук деңиз жээгинде жыш жайгашкан. Тоолуу аймактарында калктын жыштыгы төмөн.

**Экономикасы.** Франция Республикасы Европа жана дүйнө боюнча эң ири экономикалык деңгээлге ээ болгон мамлекеттердин бири болуп саналат. Франция «Чоң жетилик» тобуна мүчө.

Франциянын өнөр жайы курамында машина куруу, химия, кара жана түстүү металлургия, тамак-аш өнөр жайлары жетекчи мааниге ээ. Өлкө автомобиль, кеме, самолёт, станоктор, минералдык жер семирткичтер, соода, полимерлер, парфюмерия жана косметика, вино, сыр жана башка көптөгөн өнүмдөрдү өндүрүү жана дүйнө базарына жеткизүүдө өзүнчө ажыралып турат.

Франция электр энергетикасында АЭСтер биринчи даражалуу мааниге ээ. Атом электр станцияларынын өлкөдө өндүрүлүп жаткан электр энергиясы курамындагы үлүшү дээрлик 80%га тең. Бул жагынан Франция дүйнөдө биринчи орунда турат.

Айыл чарбасынын жетекчи тармагы эт-сүт бодо мал чарбасы болуп саналат. Негизги айыл чарба эгиндери: буудай, кант кызылчасы, картошка, жүгөрү, жүзүм, зыгыр. Айрыкча, жүзүмчүлүк жана виночулук тармактарында Франция өндүрүү көлөмү жана өнүмдүн салттык сапаты менен бүтүн дүйнөгө белгилүү *(57-сүрөт)*. Деңиз шельфтеринде марикультура, башкача айтканда, түрдүү деңиз организмдерин жасалма түрдө көбөйтүү жакшы өнүккөн.

Франция дүйнө өлкөлөрүнүн ичинде туристтер эң көп келе турган мамлекет болуп саналат. Айрым жылдарда чет элдик саякатчылардын саны 75 млн кишиден ашат. Туризмдин мындай даражада өнүгүүсү табигый климаттык шарты, бүтүн дүйнөгө белгилүү болгон деңиз бою курорттору (Ницца, Сен-Тропе, Канн ж.б), Франциянын шаарлары, айрыкча Парижде атактуу маданий объектилердин көптүгү менен байланыштуу. Мисалы, Париждеги Лувр музейи дүйнө боюнча келгендердин саны жагынан алдыңкы орунду ээлейт *(58-сүрөт)*.



*57-сүрөт.* **Франциянын жүзүмзарлары.**



*58-сүрөт.* **Париждеги Лувр музейи**

## Суроо жана тапшырмалар

1. Атластагы дүйнөнүн саясий картасынан пайдаланып, төмөнкүлөрдүн арасынан Францияга чектеш мамлекеттердин борборлору берилген варианттарды тапкыла.
   а Амстердам; б Люксембург; в Берн; г Вена; д Мадрид; е Копенгаген; ж Берлин; и Рим; з Вадутс; к Брюссель; л Монако; м Андорра ла Велла;
2. Франциянын экономикалык-географиялык ордунун негизги өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат? Анын экономикалык-социалдык өнүгүшүндө ага чектеш болгон мамлекеттер кандай мааниге ээ жана өз кезегинде ушул мамлекеттердин өнүгүшүнө Франциянын таасири кандай? Силердин оюңарча, мамлекеттердин өнүгүү көрсаткучү алар жайгашкан алкактагы экономикалык-социалдык абал менен канчалык байланыштуу? Оюңарды мисалдардын жардамында түшүндүргүлө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



3 Эмне үчүн Париж агломерациясында, Франциянын Бельгия жана Германияга чектеш аймактары жана Жер Ортолук деңиз жээктеринде калктын жыштыгы жогору? Белгилүү аймакта калктын абдан жыш жайгашкандыгынын себептери, анын артыкчылыктары жана терс акыбеттери жөнүндө ой жүгүрткүлө.

| Калктын абдан жыш жайгашуусуна таасир этүүчү факторлор | Калктын жогору жыштыкта жайгашкандыгынын экономикалык өнүгүүгө таасири | Калктын жогору жыштыкта жайгашкандыгынын терс акыбеттери |
|---|---|---|
| ⇩ | ⇩ | ⇩ |
| Жашоо жана эмгектенүү шарттарынын ыйгайлуулугу | Товар жана кызматтарга болгон талаптын жогорулугу | Транспорт каражаттарынын көбөйүшү натыйжасында атмосферанын булгануу даражасын жогорулашы |
| ... ... ... | ... ... ... | ... ... ... |

4 Францияда өнөр жайдын кайсы тармактары жетекчи мааниге ээ? Ал эмне үчүн көптөгөн өнүмдөрдү дүйнөлүк базарга жеткирүүдө өзүнчө өзгөчөлөнүп турат?

5 Францияда системанын жогору даражада өнүгүшүнө таасир этүүчү факторлорду түшүндүргүлө. Алардын эң белгилүү маданий объектилеринен кайсыларын билесиңер?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 27-§. Италия Республикасы

*Апеннин жары маралы, Жер Ортолук деңизи, Сицилия, Сардиния, Альп, анклав, Жер Ортолук деңиз тибиндеги климат, социал-дык-экономикалык айырмачы-лыктар, маданий мурас.*

*Эмне үчүн Италия Европа маданиятынын бешиктеринен бири болуп эсептелет?*

Италия Республикасы — Европанын түштүгүндө, Жер Ортолук деңиз бойлорунда жайгашкан. Мамлекет аймагынын чоң бөлүгүн Апенинн жарым аралы ээлейт. Италияга Жер Ортолук деңиздеги эки эң ири арал — Сицилия жана Сардиния тиешелүү. Түндүктө Франция, Австрия, Швейцария жана Словения менен чектеш. Италиянын коңшуларынын арасында Сан-Марино жана Ватикан «кичи» мамлекеттери өзүнчө орунга ээ, анткени бул өлкөлөр ар тараптан Италия аймагы менен оролгон жана башка мамлекеттер же деңиз суулары менен чек арага ээ эмес. Мындай географиялык жайгашууга ээ мамлекеттер **анклав** деп аталат.

Башкаруу формасы — парламенттик республика. Саясий-аймактык жактан Италия 20 провинциядан турган унитардык мамлекет болуп саналат. Борбору — Рим шаары мамлекеттин борбордук бөлүгүндө, Тибр дарыясынын өрөөнүндө жайгашкан.





Аянты: **302,1 миң км²**
Калкы (2020): **60,3 млн**
Борбору: **Рим**

**Табигый шарты жана ресурстары.** Италия рельефи негизинен тоолордон турат *(59-сүрөт)*. Өлкөнүн түндүгүндө Альп тоолору жайгашкан. Европанын эң бийик тоо чокусу — Монблан (4807 м) Италиянын Франция менен чек арасында жайгашкан. Апенинн жарым аралын түндүктөн түштүккө карай орточо бийиктиктеги Апеннин тоолору кесип өткөн (эң бийик точкасы — Корно-Гранде чокусу, 2,914 м). Альп жана Апеннин тоолорунун ортосунда Падан түздүгү жайгашкан. Бул түздүктө батыштан чыгышка карай Италиядагы эң ири дарыя — По дарыясы агып өтөт.

Италия сейсмикалык жана вулкандык жактан активдүү аймактардын бири. XXI кылымдын өзүндө 4 күчтүү жер титирөө болгон. Өлкөдө бир нече аракеттеги вулкан, анын ичинен, Этна (Европадагы эң бийик аракеттеги вулкан), Везувий жана Стромболи *(60-сүрөт)* бар.

Италия аймагында түрдүү пайдалуу казылмалар (нефть, табигый газ, көмүр, марганец, калий жана аш тузу) кендери бар, бирок көпчүлүк минералдык ресурстарды казып алуу көлөмү жогору эмес өлкөнүн экономикасынын керектөөлөрүн кандыра албайт.

Италияда негизинен Жер Ортолук деңиз тибиндеги субтропиктик климат үстөмдүк кылат. Жайы ысык, кышы жылуу жана жумшак, жаан-чачын көбүрөөк кыш айларына туура келет. Альп тоолору Италиянын аймагын суук аба массаларын кирип келишинен сактайт, деңизден соккон шамалдын жолун тосуп, жамгырдын жаашын күчөйтөт.

**Калкы.** Италия Европадагы эң калкы көп болгон беш мамлекетинин бири. 2020-жыл маалыматтарына карата, Италияда 60 млн кишиден ашуун калк жашайт. Калктын табигый өсүүсү терс болуп, жылдык эсепте — 0,4%га тең. Калкынын курамында чет элдик мигранттардын үлүшү өсүп баруда. Мигранттардын арасында румындар, албандар жана Түндүк Африкадан көчүп келген арабдардын саны көп.

Италияда шаар калкынын үлүшү 70%дан көп. Милан, Рим, Турин жана Неаполь эң ири шаарлары болуп саналат.

Мамлекеттик тили — итальян тили. Калкынын диний курамында католиктер саны боюнча Европада биринчи орунда турат.

Калкы Италияда бир тегиз жайгашпаган. Бул көрсөткүч По дарыясы агып өтүүчү Падан түздүгүндө эң жогору. Ошондой эле, өлкөнүн түштүгүндөгү деңиз боюндагы аймактарында калк жыш жашайт. Тоолуу аймактарда жана Сардинияда калк сейрек жайгашкан *(61-сүрөт)*.



*59-сүрөт.* **Италия рельефи.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*60-сүрөт.* ***Стромболи вулканы.***



*61-сүрөт.* **Италия калкынын жыштыгы (адам/км²).**

**Экономикасы.** Италия Европадагы «Чоң жетилик» тобуна кирүүчү 4 мамлекеттин бири. Бирок мамлекеттин түрдүү бөлүктөрүнүн экономикалык өнүгүүсүндө чоң айырмачылыктар байкалат. Италиянын эң ири жана өнүккөн экономикалык борборлору анын түндүгүндө жайгашкан (Милан жана Турин агломерациялары). Түштүк аймактары жакыр агрардык экономикасы менен ажыралып турат.

Италия өнөр жайынын алдыңкы тармактарынан машина куруу (айрыкча, автомобиль куруу жана турмуштук техника өндүрүү), химия, жеңил жана тамак-аш өнөр жайлары ажыралып турат. Өлкө жеңил автомобиль, мотоцикл, муздаткыч, велосипед, жүн кездемелери, кийим-кече, бут кийим, зайтун майы, быштак, вино, мөмө жана томат консервалары сыяктуу өнүмдөрдү экспорттоо боюнча дүйнөдө эң алдыңкы орундарды ээлейт.

Бирок Италияда отун ресурстары жана металл рудалары аз казылып алынгандыктан, энергия булактары жана өнөр жай сырьёлорунун көптөгөн түрлөрү башка өлкөлөрдөн алынып келинет. Ошондой эле, Италия дүйнөдөгү электр энергиясын эң көп көлөмдө импорт кылуучу өлкөлөрдүн бири болуп саналат.

Айыл чарбасы көбүрөөк субтропиктик дыйканчылыкка адистешкен. Италия Европа жана дүйнөлүк масштабда цитрус мөмөлөрү, жүзүм, помидор жана зайтун жетиштирүү боюнча өзүнчө ажыралып турат *(62-сүрөт)*. Улуттук экономикасынын эң кирешелүү тармактарынын бири — эл аралык туризм болуп саналат. Италияга жылына орто эсеп менен 50 млн чет элдик саякатчылар келет. Туризмдин мындай кең масштабда өнүгүшүнө мамлекеттин табигый климаттык шарты, табиятынын сулуулугу, абдан бай маданий мурасы себепчи. Италиянын Рим, Милан, Неаполь, Венеция, Флоренция, Генуа, Парма, Пиза, Верона ж.б. шаарлары чын мааниде «асман астындагы музейлер» сыпатында бүтүн дүйнөгө белгилүү. ЮНЕСКО тарабынан түзүлгөн Бүткүл дүйнөлүк маданий мурас объектилери тизмесине Италиядагы табигый жана тарыхый-маданий эстеликтер эң көп киргизилген *(63-сүрөт)*.



*62-сүрөт.* **Италиядагы зайтун плантациялары.**



*63-сүрөт.* **Неаполь шаарынын тарыхый борбору.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Италияга чектеш мамлекеттердин арасында Ватикан жана Сан-Марино кандай өзгөчөлүктөрү менен ажыралып турат? Дал ушул сыяктуу абал дагы кайсы өлгөкө тиешелүү?

2 Табигый географиялык курстардан алган билимиңерге негизденип, Италия эмне үчүн сейсмикалык жана вулкандык жактан активдүү аймактардан бири экендигин түшүндүргүлө. Табигый кырсыктардын таасирин азайтыруу үчүн эмнелерге көңүл буруу керек деп ойлойсуңар?

3 Италиянын түндүк жана түштүк аймактары экономикалык өнүгүү жагынан кандай айырмаланат? Силердин оюңарча, өлкөнүн түрдүү аймактарынын өнүгүшүндө чоң айрымачылыктардын күзөтүлүшү кандай социалдык-экономикалык көйгөйлөрдүн жаралышына себепчи болот? Мунун алдын алуу үчүн кандай иш-чараларды колдоо зарыл?

4 Эмне үчүн Италиянын айыл чарбасында Европанын көптөгөн өлкөлөрүнөн айырмалуу түрдө дыйканчылык жогору турат?

5 Италияда туризмдин жогорку даражада өнүгүшүнө кандай факторлор байланыштуу? Кошумча булактардын негизинде белгилүү тарыхый-маданий эстеликтер жөнүндө маалыматтар топтогула жана кыскача информация даярдагыла.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Чыгыш Европа, Түндүк Азия, федерация, эксклав, агроклиматтык ресурстар, табият зоналары, Байкал көлү, көп конфессиялуу өлкө, «Санкт-Петербург-Сочи-Иркутск» үч бурчтугу.*

*Россиянын географиялык орду кандай өзгөчөлүктөргө ээ? Бул факторлор өлкөнүн өнүгүшүнө кандай таасир этет?*





Аянты: **17098 миң км²**
Калкы (2020): **146,7 млн**
Борбору: **Москва**

# 28-§. Россия Федерациясы

Россия Федерациясы аянты жагынан дүйнөнүн эң ири мамлекети болуп саналат. Ал Чыгыш Европа жана Түндүк Азияда жайгашкан. Россиянын жээктери Түндүк Муз, Тынч жана Атлантика океандарына тиешелүү 12 деңиз суулары менен жуулат. Дүйнөдө 3 гана мамлекет — Россия, АКШ жана Канада бир мезгилде үч океанга чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ

Россия Федерациясы жалпы 16 мамлекет менен чектешет. Анын ичинен, Япония жана АКШ менен чек ара суу аркылуу гана өтөт. Эң узун чек ара сызыктары Казакстан, Монголия жана Кытай менен өткөн. Чектеш мамлекеттердин жалпы саны боюнча Россия дүйнө мамлекеттеринин ичинде 1-орунда турат.

Конституциясына ылайык, Россия 85 түрдүү статустагы аймактар федерациясы болуп эсептелет. Россия Федерациясынын региондору арасында республика, область, өлкө, автономиялуу округ, автономиялуу область жана федералдык маанидеги шаарлар бар. Балтика деңизи боюндагы Калининград областы Россиянын негизги аймагынан өзүнчө жайгашып, **эксклавдык** географиялык орунга ээ.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Россия аймагы түндүктөн түштүккө карай 4000 км дан ашык, батыштан чыгышка карай 10 000 км аралыкка созулгандыгы үчүн өлкөнүн табигый шарты ар түрдүү *(64-сүрөт)*. Россия аймагынын 70%ы түздүктөрдөн турат. Эң чоң аянттарды Чыгыш Европа жана Батыш Сибирь түздүктөрү ээлейт. Бийик тоолор (Кавказ, Алтай, Саян, Сихотэ-Алин ж.б) Россиянын чыгыш жана түштүк бөлүктөрүндө жайгашкан.

Россияда нефть, табигый газ, көмүр, уран, темир рудасы, алтын, алмаз ж.б пайдалуу казылмалардын ири запастары бар. Мамлекеттин экономикасы үчүн, айрыкча нефть жана табигый газ ресурстары чоң мааниге ээ. Нефть жана газдын ири кендери негизинен Батыш Сибирь түздүктөрүндө жайгашкан.

Россия негизинен мелүүн, субарктика жана арктика климаттык аймактарда жайгашкан. Кара деңиз боюндагы аймактары гана субтропиктик климатка ээ. Мамлекет аймагынын 70%дан ашык бөлүгү дыйканчылык үчүн агроклиматтык ресурстар менен жетиштүү даражада камсыздалбаган. Негизги табият зоналары — тайга, тундра, аралаш жана кең жазы жалбырактуу токойлор, талаа жана токой-талаалар. Россия токой жана жер ресурстары менен эң жакшы камсыз болгон мамлекеттердин бири.



*Тайга (Архангельск облусу)*



*Талаа (Оренбург облусу)*



*Чөл (Астрахань облусу)*

*64-сүрөт.* **Россиядагы айрым табият зоналары.**

Россия, айрыкча анын Азиядагы бөлүгү суу жана гидроэнергетика ресурстарына абдан бай. Анын эң ири дарыялары — Енисей, Лена, Обь, Амур,

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Волга. Сибирде жайгашкан Байкал көлү Жер жүзүндөгү эң терең жана эң көп тузсуз суу жыйылган көл болуп саналат.

**Калкы.** Россия Федерациясы калкынын саны боюнча дүйнө боюнча 9-орунда турат. Калктын табигый көбөйүшү терс болуп, жылдык эсепте — 0,2%га тең. Мамлекет калкынын динамикасына тышкы миграция сезилерлүү даражада таасир көрсөтүүдө.

Россия шаар калкынын үлүшү 75%га жакын. Эң ири шаарлары — Москва (12,6 млн кишиден ашык) жана Санкт-Петербург (5,3 млн кишиден ашык). Россияда азыркы мезгилде жалпы 15 «миллионер» шаар бар.

Россия көп улуттуу мамлекет болуп саналат. Калкынын 81% бөлүгүн орустар түзөт. Жалпысынан, Россия аймагында 100дөн ашуун түпкү улут жана элет өкүлдөрү жашашат. Орустардан тышкары татарлар, украиндер, башкырттар, чуваштар, чечендер жана армяндардын саны 1 млн кишиден ашат. Ошондой эле, мамлекеттик түндүк аймактарында ондогон аз сандуу элеттер бар.



*Москвадагы Христос Азат этүүчү чиркөөсү* | *Грозныйдагы «Чеченстан жүрөгү» мечити* | *Элистадагы будда сыйынуучу жайы*

*65-сүрөт.* **Россия көп конфессиялуу өлкө.**

Россия көп конфессиялуу мамлекет *(65-сүрөт)*. Өлкөдөгү эң көп сандуу дин — провaслав христиандык дини. Ага орустардан тышкары украиндер, чуваштар, мордвалар, осетиндер жана башка бир нече улут өкүлдөрү сыйынышат. Татарлар, башкырлар, Түндүк Кавказдагы көптөгөн элдер ислам динин тутушат. Буряттар, калмыктар жана тувалыктар буддизм динине сыйынышат. Мындан тышкары Россияда католиктер, еврейлер, протестанттар да жашайт

Россияда калктын жыштыгынын орточо көрсөткүчү бир топ төмөн (1 км$^2$ ге 8 киши), калкынын аймактык жайгашуусу бир тегиз эмес. Буга негизинен климаттык шарты чоң таасир көрсөткөн. Кылкы көбүрөөк Россиянын батыш жана түштүк бөлүгүндө — шарттуу түрдө бөлүнгөн «Санкт-Петербург — Сочи — Иркутск» географиялык үч бурчтугунда топтолгон.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Аймагынын басымдуу бөлүгү Азия континентинде жайгашкандыгына карабастан Россия эмне үчүн Европа мамлекеттери катарына кирет деп ойлойсуңар? Эки алкакта жайгашкан дагы кайсы мамлекеттерди билесиңер?
2. Атластагы Россия картасынан пайдаланып, Россияга чектешкен мамлекеттерди аныктагыла жана дептериңерге көчүрүп жазгыла.
3. Россиянын үч океан акваториясында жайгашуусу кандай мааниге ээ? Түздөн-түз дүйнөлүк океанга чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ болгон жана кургактыкта жайгашкан өлкөлөрдүн экономикалык-географиялык жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү эмнеси менен айырмаланат? Силердин оюңарча, ички континенттик өлкөлөрдүн экономикалык-географиялык абалын жакшыртуу үчүн эмне кылуу керек?
4. Россиянын минералдык ресурстарга эң бай өлкөлөрдүн бири болушунун негизги себептери эмне? Табигый ресурстар анын эл аралык эмгекти бөлүштүрүүдө туткан ордуна кандай таасир этет?
5. Эмне үчүн Россия аймагынын чоң бөлүгү агроклиматтык ресурстар менен жакшы камсыздалбаган? Бул сыяктуу көрүнүштөрдү дагы кайсы өлкөлөр жана континеттерде күзөтүүгө болот?
6. Төмөнкү берилген улуттардын кайсыл динге сыйынышын тапкыла жана дептериңерге белгилегиле.

а) мордвалар;
б) калмыктар;
г) украиндер;
г) татарлар;
д) орустар;
е) башкырлар;
ж) осетиндер;
з) тувалар;
и) буряттар;
л) чуваштар;
l) Түндүк Кавказдагы көптөгөн элдер.

**I. Православ христиандык динине; II. Ислам динине; III. Будда динине.**

7. Россияда калктын аймак боюнча бирдей эмес жайгашуусу кандай факторлор менен байланыштуу? Россиянын кайсы бөлүгүндө калк көбүрөөк топтолгон? Эмне үчүн?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 29-§. Россия Федерациясынын чарбасы

*Ички дүң өнүмү (ИДӨ), өнөр жай, отунэнергетика өнөр комплекси, металлургия, машина куруу, дан чарбасы, темир жол транспорту, экономикалык райондор.*

*Россиянын экономикалык өнүгүүсүнө аймагынын чоңдугу кандай терс таасирин тийгизет деп ойлойсуңар?*

Россия Федерациясы ИДӨнүн көлөмү боюнча дүйнөдө 6-орунда турат (2018-жыл). Мамлекет экономикасы индустриалдык характерге ээ.

**Өнөр жайы.** Россияда өнөр жайдын көптөгөн тармактары жакшы өнүккөн, бирок өнөр жай жана бүткүл экономикасынын таянычы отун-энергетика өнөр жайы болуп саналат. Россия нефть запастары боюнча дүйнөдө 6-орунду, көмүр запастары боюнча 2-орунду, табигый газ запастары боюнча 1-орунду ээлейт (2020-ж). Бир нече жылдардан бери Россия нефть жана табигый газ казып алуу боюнча дүйнөдөгү алдыңкы 3 мамлекеттердин катарынан орун алат. Көмүр жана уран казып алууда да дүйнөдө бир топ жогору орундарда турат. Отундун жалпы экспорту боюнча Россия дүйнөдөгү жетекчи мамлекет болуп саналат. Нефть жана табигый газ экспорту Россиянын мамлекеттик бюджети үчүн эң ири киреше булагы. Мамлекет отун өнөр жайынын эң ири району Батыш Сибирь эсептелет.

Электр энергиясын өндүрүү боюнча Россия дүйнөдө Кытай, АКШ жана Индиядан кийинки төртүнчү орунда турат (2020-жылда 1 трлн 85 млрд кВ/с). электр энергиясынын эң чоң бөлүгү жылуулук станцияларында иштеп чыгарылат (64%). Ошону менен бирге ГЭСтердин үлүшү 17%га, атом электр станцияларынын салымы 19%га барабар.

Кара металлургия да Россия өнөр жайынын таяныч тармактарынан бири. Россия дүйнөдө темир рудасын казып алуу боюнча 4-орун, болот эритүү боюнча 5-орун, болот экспорту боюнча 3-орунда турат. Жылына 70 млн тоннадан ашуун болот эритилип, 30 млн тоннадан көбүрөөк бөлүгү экспорттолот (2018-ж). Кара металл өндүрүү негизинен үч ири темир рудасы запастары — Кузнецк, Магнитогорск жана Курск магнит аномалиясына таянат. Тармактын ири борборлору: Магнитогорск, Челябинск, Новокузнецк, Череповец, Старый Оскол, Липецк.

Россия жогорку даражада өнүккөн түстүү металлургия өнөр жайына да ээ. Анын негизги өнүмдөрү — алюминий, никель, жез, алтын, күмүш, цинк жана коргошун. Анын ичинен, ал дүйнөдө алюминий жана никелди эритүү боюнча 2-орунда, аларды экспорттоо боюнча 1-орунда, алтын казып алууда 3-орунда турат (2018-жыл). Түстүү металлургиянын эң ири ишканалары Чыгыш Сибирде жайгашкан *(66-сүрөт)*. Мында Енисей жана Ангара дарыяларында курулган ири ГЭСтердин мааниси чоң.

Машина куруу өнөр жайы Россияда көп тармактуу курам жана кеңири географиясы менен өзгөчөлөнүп турат. Мамлекет машина куруучулугу авиакосмостук техника, энергетика курулмалары, поезд, кеме, жеңил жана жүк автомобили, айыл чарба машиналары, түрдүү станокторду жасоого адистешкен. Автомобиль куруу тармагынын эң ири ишканалары Тольятти, Нижний Новгород, Москва, Набережные Челны, Ульяновск шаарларында жайгашкан. Мамлекеттин эң ири автомобиль заводу — Тольятти шаарындагы «АвтоВАЗ» ишканасы *(67-сүрөт)*.



*66-сүрөт.* **«Норильск никель» ишканасы.**



*67-сүрөт.* **Тольятти шаарындагы «АвтоВАЗ» ишканасы.**

Химия өнөр жайынын эң маанилүү өнүмү минералдык жер семирткичтер эсептелет. Бардык түрдөгү минералдык жер семирткичтерди өндүрүү боюнча Россия дүйнөдө Кытайдан кийинки 2-орунду ээлейт, азот жана калий жер семирткичтерин экспорт кылууда да дүйнө өлкөлөрүнүн ичинен 2-орунда турат (2018-ж). минерал жер семирткич өнөр жайынын таяныч борборлору Воскресенск, Кингисепп, Дзержинск, Новомосковск, Соликамск, Березники шаарлары эсептелет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Целлюлоза-кагаз өнөр жайы Россиянын көптөгөн түндүк райондорунда өнүккөн. Тармактын эң ири ишканалары Архангельск, Иркутск, Киров областтарында, Красноярск жана Пермь өлкөлөрүндө жайгашкан.

**Айыл чарбасы.** Россия дүйнө өлкөлөрүнүн арасында эң чоң жер фондуна ээ, бирок айыл чарбасында пайдаланыла турган өнүмдүү жерлер болгону 10%дан көбүрөөк бөлүгүн түзөт (айыл чарбасынын аянты боюнча Россия дүйнөдө Кытай жана АКШдан кийинки 3-орунду ээлейт).

Өлкөнүн ар бир регионунда айыл чарба өнүмдөрү түрүнүн белгилүү комплекси жайгашкан, ал бул райондун адистешкендигин аныктайт. Айырмачылыктары табигый шарттарга (өсүмдүктөрдүн жарыктык, жылуулук жана нымдуулук менен камсыздалгандыгына) байланыштуу.

Дыйканчылыктын эң маанилүү тармагы — дан чарбасы. Дан чарбасы негизинен өлкөнүн түштүгүн жана түштүк-батышын ээлеген талаа жана токой-талаа зоналарында жакшы өнүккөн. Дан эгиндеринин дүң түшүмү боюнча Россия дүйнөнүн алдыңкы 5 мамлекеттеринин катарына кирет жана дан, өзгөчө буудайды экспорттоо боюнча дүйнөлүк масштабда ажыралып турат *(68-сүрөт)*. Дан эгиндеринен тышкары Россияда кант кызылчасы, картошка, күн карама, зыгыр да маанилүү айыл чарба эгиндери болуп саналат.




*68-сүрөт.* **Россиянын дан экспортунун динамикасы (1992–2017-жж, млн тонна).**

Мал чарбачылыгынын негизги тармактары — бодо мал чарбасы, канаттуулар чарбасы, чочко чарбасы эсептелет. Түндүк аймактарында бугу чарбасы, талаа, чөл жана тоолуу өлкөлөрүндө болсо жылкы чарбасы өнүккөн. Балык улоо негизнен Беринг, Охота, Япон, Баренц, Балтика жана Каспий деңиздеринде өнүккөн.

**Транспорту.** Россияда транспорттун бардык түрлөрү жакшы өнүккөн, бирок транспорт жолдорунун жыштыгы мамлекеттин түрдүү аймактарында кескин айырмаланат. Бул абал табигый климаттык шарт жана калктын жыштыгы менен байланыштуу. Жүк айлампасында эң чоң үлүш темир жол жана куур транспортторуна туура келет. Темир жолдордун узундугу боюнча Россия дүйнөдө АКШ жана Кытайдан кийинки 3-орунду, электрлештирилген темир жолдорунун узундугу боюнча Кытайдан кийинки 2-орунду ээлейт. Дүйнөдөгү эң узун темир жол Москваны Владивосток менен туташтырган Транссибирь магистралы болуп саналат.

Өлкөнүн айрым аймактарында, айрыкча түндүк өлкөлөрүндө дарыя транспортунун мааниси жогору. Бирок дарыялардын бир нече ай бою тоңушунун эсебине кемелер негизинен жайда аракеттенет. Волга дарыясы Россиянын Европа бөлүгүндө дарыя транспорт тармактарынын өзөгү болуп кызмат кылат. Ал түрдүү куйма жана каналдар аркылуу Балтика, Ак жана Азов деңиздери менен байланышкан.

Россиянын 7 шаарында (Москва, Санкт-Петербург, Нижний Новгород, Самара, Екатеринбург, Новосибирск жана Казань) метрополитен бар.

**Экономикалык райондор.** Россия Федерациясы расмий 12 экономикалык районго бөлүнөт. Алардан эң ирилери Борбордук, Түндүк-батыш, Урал, Волга бою, Батыш Сибирь, Чыгыш Сибирь, Узак Чыгыш ройондору. Өлкөнүн экономикалык райондорунун ортосундагы айырмачылык, негизинен табигый шарты жана ресурстар, тарыхый өнүгүү өзгөчөлүктөрү менен байланыштуу.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Россиянын мамлекеттик бюджети үчүн нефть жана газ экспорту эң ири киреше булагы экендигин кандай баалоого болот? Адатта сырьё экспорту экономикалык өнүгүү деңгээли боюнча кайсыл топко таандык мамлекеттердин экономикасы үчүн жогору мааниге ээ болот?

2 Россия экономиканын түрдүү көрсөткүчтөрү боюнча дүйнө мамлекеттери арасында канчанчы орунду ээлешин таап, тиешелүү жоопторду белгилегиле.

| | |
|---|---|
| 1. | Айыл чарбасы жерлеринин аянты боюнча |
| 2. | Темир рудасын казып алуу боюнча |
| 3. | Электрлештирилген темир жолдорунун узундугу боюнча |
| 4. | Электр энергиясын өндүрүү боюнча |
| 5. | Ички дүң өнүмдүн көлөмү боюнча |
| 6. | Табигый газ запастары боюнча |

А) 1-орун Б) 2- орун В) 3- орун Г) 4- орун Д) 5- орун Е) 6- орун

3 Россия дыйканчылыгынын эң маанилүү тармагы болгон дан эгиндери кандай факторлор менен байланыштуу деп ойлойсуңар? Россия жана өлкөбүздө жетиштирилип жаткан негизги эгин түрлөрүнүн айырмачылыктарын аныктагыла жана себебин түшүндүргүлө.

4 Россияда транспорттун кайсы түрлөрү жакшы өнүккөн? Эмне үчүн? Мамлекеттин кайсы аймактарында дарыя транспортунан пайдалануу чоң мааниге ээ? Россиянын эң ири дарыяларын картадан көрсөткүлө.

5 Өзбекстан жана Россия ортосундагы экономикалык байланыштар жөнүндө эмнелерди билесиңер? Бул эки мамлекеттин табигый шарты жана табигый ресурстары өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу түрдө бири-бирине кандай өнүмдөрдү жеткирип берүүдө өзүнчө мааниге ээ? Силердин оюңарча, мамлекетибизден Россияга кайсы түрдөгү өнүмдөр экспортун көбөйтүрүү мүмкүнчүлүгү бар?



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## 30-§. Жалпылаштыруучу сабак

1. Европа мамлекеттеринин экономикалык-географиялык жайгашуусун жана табигый шартын кантип баалоого болот? Континент өлкөлөрүнүн көпчүлүгүнүн өнүккөн мамлекеттердин тобуна киришинде кандай факторлордун таасири жогору деп ойлойсуңар?

2. Европанын «Чоң жетилик»ке кирге мамлекеттеринин өнөр жайынын жетекчи тармактарын салыштыргыла. Кайсы тармактар алардын бардыгында жогору мааниге ээ? Бул өлкөлөр эл аралык эмгекти бөлүштүрүүдө кайсы түрдөгү өнүмдөрдү өндүрүү менен өзүнчө ажыралып турат?

3. Төмөнкү суроолорго «Ооба» же «Жок» деп жооп бергиле.

1. Франция аймагынын чоңдугу боюнча Европадагы эң ири мамлекеттердин бири эсептелеби?
2. Сан-Марино анклав өлкөбү?
3. Европанын аймагы беш субрегионго бөлүнөбү?
4. Россия эки континенте жайгашканбы?
5. Лиссабон шаары Португалиянын борборубу?
6. Европанын жээктерин Инди океаны жууп турабы?
7. Испания «Чоң жетилик» мамлекеттери тобуна киреби?
8. Италия жана Германия мамлекеттери чектешеби?
9. Мальта жарым аралы мамлекет эсептелеби?
10. Улуу Британия ИДӨнун көлөмү боюнча Европада 1-орунда турабы?

4. Кошумча булактардын негизинде төмөнкү дүйнөгө белгилүү товар бренддери Европанын кайсы мамлекеттерине тиешелүү экендигин тапкыла.

Mercedes-Benz
а

FIAT
б

в

BENTLEY
г

д

е

5. Төмөнкү мүнөздөмөлөр кайсы мамлекетке тиешелүү экендигин тапкыла.

А) жарым аралда жайгашкан, католиктердин саны боюнча Европада биринчи орунда турат, айыл чарбасы субтропиктик дыйканчылыкка адистешкен;

Б) мелүүн деңиз климаты калыптанган, калкы негизинен тышкы миграциянын эсебинен көбөйүүдө, өнөр жай революциясынын мекени;

В) жер жүзүндөгү эң көп тузсуз суу топтолгон көлү бар, химия өнөр жайынын эң маанилүү өнүм түрү минералдык жер семирткичтер болуп саналат, расмий 12 экономикалык районго бөлүнөт;

Г) түндүк-чыгышта Балтика деңизи суулары менен жуулат, калкы ири дарыялардын өрөөндөрүндө абдан жыш жайгашкан, түрдүү өнөр жай өнүмдөрүнүн жогору сапаты менен дүйнөгө белгилүү;

Д) аймагынын ⅔ бөлүгүн түздүктөр ээлейт, электр энергетикасында АЭСтер биринчи даражалуу мааниге ээ, дүйнө мамлекетери арасында туристтер эң көп келүүчү мамлекеттердин бири болуп саналат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 6-бөлүм. Азыя өлкөлөрү

## 31-§. Азия континентинин географиялык орду, чек аралары жана саясий картасы

*Азия, континент, жаңы эгемендүү мамлекеттер, арал мамлекеттери, ички континенттик мамлекеттер, республика, монархия, федеративдик мамлекеттер.*

*Азияда жайгашкан аймагы чоң, бирок калыкынын саны жана жыштыгы төмөн болгон кайсы мамлекеттерди билесиңер?*

Дуйнөдөгү эң ири континенттин Азия деп аталышы анын географиялык орду менен байланыштуу. Байыркы ассуриялыктардын тилинде ал «Күндүн чыгышы», тактап айтканда «чыгыш» деген маанини түшүндүрөт.

Азиянын аралдар менен биргеликтеги жалпы аянты 44,5 млн км$^2$ты түзөт, калкы 2020-жыл маалыматтарына карата, 4,6 млрд кишиден көп, б.а. Азияда адамзаттын дээрлик 60%ы жашайт. Бул Азиянын заманбап дүйнөнүн экономикалык, саясий жана маданий турмушундагы ордун чагылдырат.

Азия континенти экваторго салыштырмалуу негизинен Түндүк жарым шарда, башкы меридианга салыштырмалуу болсо негизинен Чыгыш жарым шарда жайгашкан *(69-сүрөт)*.

Азия төрт океан менен жуула турган жалгыз континент. Анын жээктери түндүктө (Россиянын аймагы) Түндүк Муз океаны, түштүктө Инди океаны, чыгышта Тынч океаны жана батышта Атлантика океаны бассейнине тиешелүү Жер Ортолук жана Кара деңиз суулары менен жуулат. Суэц каналы Азияны Африкадан, Беринг кысыгы Түндүк Америкадан бөлүп турат.



*69-сүрөт.* **Азиянын географиялык орду.**

Азиянын азыркы саясий картасында *(70-сүрөт)* Россия Федерациясын эсепке албаганда, 47 эгемендүү мамлекет бар. Бул мамлекеттердин көбү Экинчи Дүйнөлук согуштан кийинки доордо саясий эгемендүүлүккө жетишкен. Континенттин эң жаш мамлекеттеринин катарына 1991-жылда мурдагы Союздун таркалышынын натыйжасында эгемендүүлүккө жетишкен Өзбекстан, Казакстан, Түркмөнстан, Тажикстан, Кыргызстан, Азербайжан, Грузия, Армения жана 2002-жылы эгемендүү мамлекетке айланган Чыгыш Тимор кирет.

Азия мамлекеттери аймагынын аянты боюнча бири-биринен кыйла айырмаланат. Россия, Кытай, Индия жана Казакстан дүйнөнүн 10 эң ири мамлекеттеринин катарына кирет. Дагы 4 мамлекет — Сауд Арабиясы, Индонезия, Иран жана Монголиянын аянты 1 млн км$^2$ ден чоң. Ошондой эле, аймагы 500 миң км$^2$ ден көп болгон Пакистан, Түркия, Афганстан, Мьянма, Йемен жана Таиланд да чоң мамлекеттер болуп саналат. Ошону менен бирге, Азияда аянты 1 миң км$^2$ ден кичине болгон 3 мамлекет — Бахрейн, Сингапур жана Мальдив

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*70-сүрөт.* **Азиянын саясий картасы.**

**Эскертүү.** Россия Федерациясынын Азиядагы бөлүгү толук көрсөтүлбөгөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Республикасы бар. Бирок, жалпысынан алганда, Азияда Европага караганда аймагы чоң жана ири мамлекеттер сезилерлүү даражада көп.

Азиянын 35 мамлекетинде деңизге түздөн-түз чыгуу мүмкүнчүлүгү бар. Бул жагдай алардын деңиз соода жолдоруна түздөн-түз чыгуу мүмкүнчүлүгүн берет. Азия мамлекеттеринин бир бөлүгү кемелердин каттоосу көп болгон деңиз жолдорунда жана булуңдарында жайгашкандыгы (Түркия, Малайзия, Сингапур, Корея Республикасы) алардын экономикалык өнүгүүсүндө маанилүү фактор болуп кызмат кылат. Азиянын 10 өлкөсү аралдарда жайгашкан - Индонезия, Филиппин, Чыгыш Тимор, Сингапур, Бруней, Япония, Шри-Ланка, Мальдив Республикасы, Кипр жана Бахрейн. Ошону менен бирге, Азияда 12 мамлекет кургактын ичинде жайгашкан. Дүйнөнүн ички континенттик өлкөлөрүнөн эң ири эки мамлекет (Казакстан жана Монголия) дал ушул Азияда жайгашкан.

Азия мамлекеттеринин саясий түзүлүшүндө да чоң айырмачылыктар бар. Континенттеги 47 мамлекеттен 34 республика, 13 монархиялык башкаруу формасына ээ. Азияда дүйнөнүн 5 абсолюттук монархияларынан төртөөсү (Сауд Арабиясы, Оман, Катар, Бруней) жайгашкан.

Админстрациялык-аймактык жагынан Азиядагы 6 мамлекет федеративдик түзүлүшкө ээ - Индия, Пакистан, Ирак, Малайзия, Непал жана Бириккен Араб Эмираттары.

Азия мамлекеттери 5 субрегионго бөлүнөт: Борбордук, Түштүк-батыш, Түштүк, Түштүк-чыгыш жана Чыгыш Азия. Өзбекстан, Казакстан, Кыргызстан, Түркмөнстан жана Тажикстан Республикалары Борбордук Азия субрегионун түзөт *(17-жадыбал)*

*17-жадыбал. Азия субрегиондорунун курамы жөнүндө маалымат*

| Азия субрегиондору | Мамлекеттер |
|---|---|
| Түштүк-батыш Азия | Афганстан, Армения, Бахрейн, БАЭ, Грузия, Иран, Иордания, Ирак, Израиль, Кипр, Ливан, Азербайжан, Катар, Кувейт, Сауд Арабиясы, Сирия, Түркия, Оман, Йемен |
| Борбордук Азия | Кыргызстан, Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан |
| Түштүк Азия | Бангладеш, Бутан, Индия, Мальдив Республикасы, Непал, Пакистан, Шри-Ланка |
| Чыгыш Азия | КЭДР, Корея Республикасы, Монголия, Кытай, Япония |
| Түштүк-чыгыш Азия | Бруней, Филиппин, Индонезия, Камбоджа, Лаос, Малайзия, Мьянма, Чыгыш Тимор, Сингапур, Таиланд, Вьетнам |

## Суроо жана тапшырмалар

1. Азиянын табигый жана саясий карталарын салыштыргыла. Кайсы өлкөлөрдө тоолуу рельеф басымдуулук кылат? Бул жагдай мамлекеттердин социалдык-экономикалык өнүгүшүнө кандай таасир көрсөтөт?

2. Төмөнку маалыматтардын туура же туура эместигин тастыктагыла.

| | |
|---|---|
| 1. | Азияда аянты 1миң км$^2$ден аз болгон 2 өлкө бар — Сингапур жана Мальдив Республикасы. |
| 2. | Азия төрт океан жууп турган жалгыз континент. |
| 3. | Россия, Кытай, Сауд Арабиясы жана Казакстан дүйнөнүн 10 ири өлкөнүн тобуна кирет. |
| 4. | Азияда Европага караганда бир топ кичи өлкөлөр сезилерлүү даражада көп. |
| 5. | КЭДР, Корея Республикасы, Монголия, Кытай жана Япония Чыгыш Азия субрегионунда жайгашкан. |
| 6. | Индонезия Азиядагы эң жаш мамлекеттердин бири болуп эсептелет. |
| 7. | Дүйнөдө ички континенттик эң чоң эки өлкө — Түркмөнстан жана Монголия эсептелет. |
| 8. | Ирак абсолюттук монархия башкаруу формасына ээ. |
| 9. | Азия континенти баш меридианга карата негизинен Чыгыш жарым шарда жайгашкан. |
| 10. | Азия субрегиондорунун арасында Түштүк-чыгыш Азия өлкөлөрү саны боюнча жетекчи болуп саналат. |

3. Теманын тексти жана окуу китебинин тиркемесинен пайдаланып, Азиядагы монархиялык мамлекеттерди тапкыла жана аларды жазуусуз картага белгилегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



4 Социалдык-экономикалык өнүгүүсү боюнча дүйнөдө өзгөчөлөнүп турган Азиянын кайсы өлкөлөрүн билесиңер? Силердин оюңарча, алардын экономикалык жактан жогорку өсүшүнө жетишүүдө экономикалык-географиялык жайгашуусу, жаратылыш шарттары жана ресурстары канчалык маанилүү?

5 Картадан Азиянын аралдарда жайгашкан өлкөлөрүн таап, алардын аттарын жана борборлорун дептериңерге жазгыла.

# 32-§. Практикалык машыгуу *Азиянын саясий картасын үйрөнүү*

1. Атластагы дүйнөнүн саясий картасынан пайдаланып, төмөнкү Азия мамлекеттеринин арасынан кургактыктын ичинде жайгашкандарын тапкыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Грузия | Камбоджа | Сирия | Непал |
| Афганстан | Ливан | Монголия | Армения |
| Бутан | Ирак | Лаос | Казакстан |
| Бруней | Йордания | Катар | Бангладеш |

2. Азия жээктерин жууп туруучу океан, деңиз, кысык жана булуңдардын аттарын дептериңерге көчүрүп жазгыла.

3. Атластагы дүйнө жана Азиянын саясий картасы, окуу китебинин тиркемесиндеги маалыматтардын негизинде төмөнкү мамлекеттердин борбор шаарын туура же туура эмес берилгендигин аныктап, каталарды оңдогула.

**Таиланд — Бангкок**
**Япония — Токио**
**Түркия — Багдад**
**Чыгыш Тимор — Дили**
**Филиппин — Мале**
**Грузия — Баку**
**Иран — Исламабад**
**Вьетнам — Ханой**
**Тажикстан — Душанбе**
**Бахрейн — Манама**
**Йемен — Дата**
**Кыргызстан — Бишкек**
**Катар — Абу-Даби**
**Шри-Ланка — Дакка**
**Индонезия — Жакарта**

4. Сүрөттө көрсөтүлгөн мамлекеттердин аталышын аныктагыла жана алардын жалпы окшош жактарын тапкыла.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5. Төмөнкү картада ажыратылып көрсөтүлгөн мамлекеттердин атын тапкыла жана аларга тиешелүү маалыматтарды туура тандагыла.



а) федеративдик түзүлүшкө ээ;
б) дүйнөнүн 2 эң ири ички континенттик мамлекеттеринен бири;
в) дүйнөнүн 10 эң ири мамлекеттеринин катарына кирет;
г) Азиянын эң жаш мамлекеттеринен бири;
д) абсалюттук монархия башкаруу формасына ээ;
е) борбору Тхимпху шаары.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Социалдык-экономикалык өнүгүү, ички дүң өнүм (ИДӨ), «Чоң жетилик» тобу, жаңы идунстриалдык мамлекеттер, индустриалдык-агрардык мамлекеттер, агрардык-индустриалдык мамлекеттер, агрардык мамлекеттер.*

*Азиянын экономикалык жактан өнүккөн мамлекеттерине мисалдар келтиргиле.*

# 33-§. Азия өлкөлөрүнүн экономикалык өнүгүүсү

Азия мамлекеттери социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли, дүйнөлүк экономикада жайгашкан орду, эл аралык адистешүүсү жагынан да бири-биринен айырмаланат. Континент мамлекеттери экономикалык өнүккөндүгү жана чарбасынын адистешүүсү боюнча бир нече топко бөлүнөт.

1. Япония — «Чоң жетилик» тобуна кирүүчү жалгыз Азия мамлекети. Япония ИДӨ көлөмү боюнча 2020-жылга карата, дүйнөнүн төртүнчү мамлекети болуп саналат. Мамлекет экономикасы инновациялык технологияларга негизделген өндүрүш тармактарына адистештирилген. Калкынын турмуш көрсаткүчү боюнча Япония дүйнөдө алдыңкы орундарды ээлеген мамлекеттердин бири.

2. Израиль — «көчүрүлгөн капитализм» тибиндеги өнүкөн мамлекет. Калкынын жан башына ИДӨнүн көлөмү боюнча Азиядагы алдыңкы мамлекеттердин бири. Израилдин экономикасы, биринчи кезекете жогору технологияларга таянуучу машина куруунун түрдүү тармактарына адистештирилген.

3. Кытай жана Индия — табигый ресурстар, калкынын саны жана ИДӨнүн көлөмү боюнча чоң жөндөмгө ээ өнүгүп жаткан өлкөлөр. Алар акыркы 20-жылда экономикасы тез өнүгүп жаткан мамлекеттерге айланды. Азыркы учурда Кытай ИДӨнүн көлөмү боюнча дүйнөдө биринчи, Индия үчүнчү орунду ээлейт. Бирок калкынын жан башына эсептегенде экономикалык көрсөткүчтөрү, айрыкча, Индияда али да өнүккөн мамлекеттердин көрсаткүчүнан бир кыйла төмөн. Эки мамлекетте да социалдык өнүгүүдө өзүнө мүнөздүү актуалдуу проблемалар бар.

4. Азиянын жаңы индустриалдык мамлекеттери — Корея Республикасы, Сингапур, Малайзия, Тайланд. 1980-жылдардан кийин иш жүзүнө ашырылган терең экономикалык реформалар себептүү бул топтогу мамлекеттер социалдык-экономикалык өнүгүүдө кескин жетишкендиктерге жетишти. Ошол себептүү алар Батышта «Азиянын жолборстору» деп аталат. Корея Республикасы жана Сингапур мамлекеттери өнүккөн мамлекеттердин катарына кошулду. Жаңы индустриалдык мамлекеттердин экономикасы микроэлектроника, электротехника, автомобиль куруу, кеме куруу сыяктуу машина куруунун тармактарына адистешкен. Бул топтогу мамлекеттер жаңы өндүрүштүк жана маалымат-коммуникация технологияларын жаратуу жана экспорттоо боюнча да чоң жетишкендиктерге жетишкен.

*18-жадыбал.* ***Азиядагы ири индустриалдык-агрардык мамлекеттердин негизги экономикалык көрсөткүчтөрү (2020-ж)***

| № | Мамлекеттер | ИДӨ, млрд АКШ доллары | Дүйнөлүк мамлекеттердин арасындагы орду | Калктын жан башына ИДӨ, АКШ доллары | Дүйнөлүк мамлекеттердин арасындагы орду |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Индонезия | 3302 | 7 | 12221 | 103 |
| 2 | Түркия | 2546 | 11 | 30449 | 51 |
| 3 | Иран | 1326 | 19 | 15764 | 83 |
| 4 | Пакистан | 1209 | 24 | 5541 | 139 |
| 5 | Вьетнам | 1061 | 26 | 10897 | 113 |
| 6 | Филиппин | 919 | 29 | 8452 | 122 |

5. Ири индустриалдык-агрардык мамлекеттер — Индонезия, Пакистан, Филиппин, Вьетнам, Түркия, Иран. Бул мамлекеттердин аймагынын аянты жана калкынын саны боюнча ири эсептелип, чоң табигый жана эмгек ресурсуна ээ. Бул мамлекеттердин экономикасы жеңил, тамак-аш, тоо-кен өнөр жайы, машина куруунун жана көп тармактуу айыл чарбасына адистешкен. ИДӨнүн көлөмү боюнча алар дүйнөнүн алдыңкы 30 мамлекетинин катарина кирет, бирок калкынын жан башына туура келүүчү көрсөткүчтөрү төмөнүрөөк *(18-жадыбал).*

6. Нефтини экспорттоочу өлкөлөр — Перс булуңундагы араб мамлекеттери жана Бруней. Бул өлкөлөр азыркы учурда калктын жан башына ИДӨнүн көрсаткүчүна карай Азияда гана эмес, бүтүн дүйнө масштабында алдыңкы орунда турат. Мунун негизги себеби, нефтини көп көлөмдө казып алуу жана аны экспорттоо эсебинен түшө турган чоң киреше жана калкынын саны салыштырмалуу аздыгы (Сауд

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Арабиясын эсепке албаганда). Акыркы жылдарда Перс булуңу араб мамлекеттеринде химия, металлургия сыяктуу өнөр жай тармактары, туризм, транзит соода, банк-финансы сектору да жакшы өнүгүп барууда.

7. Өткөөл экономикасындагы мамлекеттер. Азияда жайгашкан мурдагы Советтер Союзунун республикалары — Казакстан, Кыргызстан, Өзбекстан, Тажикстан, Түркмөнстан, Азербайжан, Армения, Грузия жана 1990-жылдардын башында социалистик системадан баш тарткан Монголия континент мамлекеттеринин өз алдынча социалдык-экономикалык тобун түзөт. Бул мамлекеттердин экономикасы негизинен сырьёну жеткирип берүүчү тармактарга (нефть-газ өнөр жайы, тоо-кен өнөр жайы, көп тармактуу айыл чарбасы) адистешкен. Бул топтогу мамлекеттердин арасында эң жогору экономикалык көрсөткүчтөр Казакстанга, эң төмөн даражадагы болсо Кыргызстан жана Тажикстанга таандык *(19-жадыбал).*

*19-жадыбал.* ***Азиянын өткөөл экономикасындагы мамлекеттеринин негизги экономикалык көрсөткүчтөрү (2020-ж.)***

| № | Мамлекеттер | ИДӨ, млрд АКШ доллары | Дүйнөлүк мамлекеттердин арасындагы орду | Калктын жан башына ИДӨ, АКШ доллары | Дүйнөлүк мамлекеттердин арасындагы орду |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Казакстан | 501 | 41 | 26551 | 59 |
| 2 | Өзбекстан | 265 | 61 | 7821 | 126 |
| 3 | Азербайжан | 146 | 76 | 14512 | 88 |
| 4 | Түркмөнстан | 99,7 | 92 | 16458 | 80 |
| 5 | Грузия | 54,8 | 108 | 14754 | 87 |
| 6 | Монголия | 40,5 | 118 | 12074 | 105 |
| 7 | Армения | 39,5 | 120 | 13323 | 95 |
| 8 | Тажикстан | 36,8 | 124 | 3879 | 156 |
| 9 | Кыргызстан | 32,6 | 134 | 5007 | 148 |

8. Туризм жана тейлөө тармагына адистешкен мамлекеттер — Кипр, Ливан, Мальдив Республикасы. Бул аймактык жактан кичине, бай рекреациялык ресурстарга ээ мамлекеттердин социалдык-экономикалык өнүгүшү азыркы шартта туризм жана кызмат көрсөтүү тармагы, айрыкча, банк-финансы сектору менен байланыштуу.

9. Жай өнүгүп жаткан агрардык-индустриалдык мамлекеттер. Бул топко Камбоджа, Бангладеш, Шри-Ланка, Иордания, Ирак, Сирия, КЭДР сыяктуу өлкөлөр кирет. Алар негизинен айыл чарбасы, тоо-кен, жеңил же тамак-аш өнөр жайына адистешкен.

10. Экономикасы эң жакыр агрардык мамлекеттер. Алар — Афганстан, Непал, Йемен, Мьянма, Чыгыш Тимор, Лаос жана Бутан сыяктуу мамлекеттер. Аларда бардык өнөр жай тармактары абдан төмөн өнүккөн, ошондой эле, айыл чарбасында эмгектин өнүмдүүлүгү анчейин төмөн.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Кытай жана Индиянын соңку жылдарда экономикасы тез өнүгүп жаткан мамлекеттерге айланышында кандай факторлордун мааниси чоң деп ойлойсуңар? Эмне себептен бул мамлекеттер азыркы мезгилде ИДӨнүн көлөмү боюнча жетекчи орундарда турса дагы экономикалык өнүккөн өлкөлөрдүн катарына кирбейт?
2. Төмөнкү мамлекеттердин аталышын аныктагыла жана алардын арасынан экономикасы эң жакыр агрардык мамлекетти тапкыла. Бул өлкөлөрдүн кайсынысынын жай экономикалык өнүгүүсүнө жаратылыш шарттары жана рельефинин түзүлүшүнүн татаалдыгы чоң таасир көрсөтөт?




3. Эмне үчүн өткөөл экономикасындагы мамлекеттердин чарбасы негизинен сырьёну жеткирүү тармактарына адистешкен? Силердин оюңарча, сырьё экспорту пайдалуубу же аларды кайра иштеп, даяр өнүмдү сатуубу? Оюңарды мисалдардын жардамында негиздегиле.
4. Азиянын туризм жана тейлөө тармагына адистешкен мамлекеттерин картадан тапкыла. Экономиканын өтө тар адистешүүсү кандай терс акыбеттерге алып келиши мүмкүн? Эмне үчүн соңку жылдарда туризм эң көп зыян көрүп жаткан тармактардан бирине айланды?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 34-§. Казакстан Республикасы

*Экономикалык географиялык орун, кескин континенталдуу кургакчыл климат, минералдык ресурстар, улуттук курам, көп тармактуу өнөр жай, кайрак жана сугат дыйканчылык, данчылык.*

Казакстан Республикасы Борбордук Азияда аймактык жактан эң ири мамлекет болуп, бул көрсөткүч боюнча дүйнө мамлекеттерини ичинде 9-орунду ээлейт. Казакстан беш мамлекет — Россия, Кытай, Өзбекстан, Кыргызстан жана Түркмөнстан менен чектешет. Казакстандын Россия менен чек арасынын узундугу (7 548 км) боюнча дүйнөдө АКШ жана Канада ортосундагы чек арадан кийинки 2-орунда турат. Түштүк батышта Каспий деңизи менен чектешет.

Казакстан экономикалык географиялык ордунун негизги өзгөчөлүктөрү Азия жана Европа мамлекеттерин туташтыруучу темир жол жана автомобиль магистралдарынын өткөндүгү, Каспий деңизине туташтыгы, Россия жана Кытайдай ири мамлекеттер менен чек аралаш экендиги менен белгиленет.

Башкаруу формасы — президенттик республика. Админстрациялык-аймактык жактан унитардык мамлекет болуп, 17 облус жана 3 республикалык маанидеги шаардан (Астана, Алматы, Чымкент) турат. Мамлекеттин борбору – Астана шаары *(71-сүрөт)*.

*Казакстан дүйнөдө кандай географиялык өзгөчөлүктөрү менен ажыралып турат?*





Аянты: **2724,9 миң км²**
Калкы (2020): **18,7 млн**
Борбору: **Астана**

**Табигый шарты жана ресурстары.** Казакстан рельефинде түздүктөр басымдуулук кылат, республиканын түндүк-чыгыш бөлүгүндө гана тоо тизмелери жайгашкан, борбордук аймактарынын рельефи болсо күчтүү майдаланган бөксө тоолордон турат.

Казакстан дүйнөдөгү пайдалуу казылмаларга эң бай мамлекеттердин бири. Нефть жана табигый газдын ири кендери Каспий деңизине жакын аймактарда, таш көмүрдүн негизги запастары (Караганда, Экибастуз бассейндери) борбордук бөлүгүндө жайгашкан. Ошондой эле, Казакстандык борбордук жана чыгыш аймактары темир, марганец, хром, уран, жез, вольфрам, цинк, коргошун ж.б. металлдардын чоң запастарына ээ. Рудалуу эмес минералдык байлыктардан фосфорит жана күкүрт өзүнчө көңүл бурууга ылайык.

Климаты мелүүн кескин континенталдуу жана кургакчыл, кышында түндүк аймагында — 50 °С дан да төмөн болот. Климаттын кургакчылдыгынан Казакстандын чексиз түздүк-талаа *(72-сүрөт)*, жарым чөл жана чөл табият зоналары калыптанган. Жаан-чачындын аздыгы, аймактын көпчүлүк бөлүгүн түздүктөр ээлегендиги өлкөнүн чоң бөлүгүндө суу ресурстарынын жетишсиздигин келтирип чыгарган. Негизги дарыялары эсептелген Иртиш, Иле, сырдарыя, Урал республиканын чеке бөлүктөрүнөн агып өтөт, тоюнуу булактары болсо коңшу өлкөлөрдүн аймагында жайгашкан. Эң чоң көлдөрү: Каспий, Балхаш, Алакөл, Тенгиз, Зайсан.



*71-сүрөт.* **Астана шаары.**



*72-сүрөт.* **Казакстан талаалары.**

**Калкы.** 2020-жыл маалыматтары боюнча, Казакстан Республикасынын калкы 18,7 млн киши. Калктын табигый көбөйүүсү Борбордук Азия мамлекеттери арасында эң төмөн даражада болуп, жылдык эсепте 1,4%га тең.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*73-сүрөт*. **Казакстан калкынын улуттук курамы (1.01.2020-ж.).**



*74-сүрөт.* **Улуттук кийимчен казактар.**



*75-сүрөт.* **Темиртау шаарындагы металлургиялык комбинаты.**

Урбанизация көрсаткүчү 59% (2020 ж.). мамлекетте азыркы учурда 3 «миллионер» шаар бар: Алматы (Алма-ата), Астана жана Чымкент. Ири шаарлары катарына Караганда, Актөбе, Тараз, Павладар ж.б. да кирет.

Казакстан калкынын жыштыгы орточо көрсөткүчү өтө төмөн болуп, 1 км² 7 киши туура келет. Калкы республиканын түштүгүндө сугат дыйканчылыгы өнүккөн дарыя өрөөндөрү жана тоо этегиндеги түздүктөрдө, өлкөнүн түндүгүндөгү өнөр жай региондорунда жыш жайгашкан.

Калкынын улуттук курамы кыйла татаал *(73-сүрөт)*. Казактардын үлүшү 68%дан көбүрөөк *(74-сүрөт)*. Ошондой эле, мамлекетте орустар, өзбектер, уйгурлар, украиндер, немистер ж.б улут өкүлдөрү көп. Орустар мамлекеттин түндүк жана чыгыш аймактарында кеңири таралган болсо, өзбектер негизинен республика түштүгүндөгү Түркстан жана Жамбыл облустары, Чымкент шаарында жашашат.

**Экономикасы.** Казакстан Борбордук Азиядагы 5 мамлекеттин ичинде экономикалык деңгээли жагынан жетекчи эсептелет. Өнөр жайдын негизги тармактары катарына нефть-газ, көмүр, кара жана түстүү металлургия *(75-сүрөт)*, химия жана машина куруучулук кирет. Казакстан нефть казуу көлөмү боюнча дүйнөнүн алдыңкы 20 мамлекеттеринин катарына, көмүр, жез, цинкти казып алууда биринчи ондукка кирет. Айрыкча, азыркы учурда уранды казып алууда Казакстандын дүйнөдө мааниси чоң, себеби ал 2009-жылдан бери бул тармакта дүйнөдө биринчи орунду ээлеп келүүдө жана жалпы казып алынып жаткан урандын 40% бөлүгүн камсыз кылууда. Электр энергиясын 90% дан жогору бөлүгү ЖЭСтерде өндүрүлөт.

Дыйкан чарбасын башкы тармагы — дан чарбасы. Ал, айрыкча, мамлекеттин түндүк облустарындагы кайрак жерлерде жакшы өнүккөн. Түштүк облустарда дыйкан чарбасы сугаруунун жардамында өнүктүрүлүп, бул жерде анын негизги тармактары жашылча-жемиш, шалычылык, жер жемиштери, бакчылык эсептелет. Мал чарбасынын жетекчи тармактары: кой чарбасы, бодо мал чарбасы, жылкы жана төө чарбасы.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Казакстандын экономикалык-географиялык ордун Борбордук Азиянын башка мамлекеттери менен салыштыргыла. Бул жаатта Казакстандын айртыкчылыктарын түшүндүргүлө.
2. Казакстандын Борбордук Азия мамлекеттери ичинде экономикалык потенциалы жогору экендигин түшүндүргүлө. Мында анын экономикалык-географиялык орду жана табигый байлыктары, анын ичинен, минералдык ресурстары кандай мааниге ээ? Минералдык ресурстардын өтө чоң запастарына ээ болгон жана экономикасында минерал сырьёну кайра иштөө жана экспорттоодо өзүнчө мааниге ээ болгон мамлекеттерге мисалдар келтиргиле.
3. Өзбектер Казакстандын кайсы бөлүгүндө кеңири таркалган? Орустар-чы? Эмне үчүн? Казакстан калкы жыштыгынын өтө төмөн болушунун себебин түшүндүргүлө.
4. Казакстан өнөр жайынын негизги тармактарына эмнелер кирет? Мамлекет электр энергетикасында ЖЭСтердин салмагынын жогорулугун негизги себеби эмнеде?
5. Өзбекстан жана Казакстан ортосундагы экономикалык-социалдык кызматташтык байланыштарын келечегин кантип баалайсыңар? Өзбекстан кандай өнөр жай өнүмдөрүн өндүрүүдө жана айыл чарба эгиндеринин кайсы түрлөрүн өстүрүүдө Казакстандан салыштырмалуу даражада артыкчылыкка ээ? Өз кезегинде, Өзбекстан Казакстан үчүн кандай өнүмдөрдү ипорттоодо кызматташ эсептелет? Оюңарды негиздегиле.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Тянь-Шань тоолору, тоо аралыгындагы өрөөндөр, тоо-кен өнөр жайы, Кумтөр кени, гидроэнергетика, тоо-жайлоо мал чарбачылыгы, туризм, Ысык-Көл.*

*Кыргыз Республикасынын аймагындагы кандай ири тоо, дарыя, көл жана суу сактагычтарын билесиңер?*





Аянты: **199,9 миң км²**
Калкы (2020): **6,6 млн**
Борбору: **Бишкек**

# 35-§. Кыргыз Республикасы

Кыргыз Республикасы (Кыргызстан) Евразия материгинин орто бөлүгүндө, негизинен Тянь-Шань тоолуу өлкөсүнүн аймагында жайгашкан. Дүйнөлүк океанга чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Ал түндүктө Казакстан, батышта Өзбекстан, түштүктө Тажикстан, чыгышта Кытай менен чектешет.

Өлкөнүн экономикалык географиялык орду кыйла ыңгайсыз болуп эсептелет, анткени эл аралык мааниге ээ транспорт магистралдары анын аймагынан дээрлик өтпөйт. Бул абал Кыргызстандын татаал рельеф шарты менен байланыштуу.

Кыргызстан 2021-жыл президенттик республика башкаруу формасына өттү. Админстрациялык-аймактык түзүлүшү 7 облус жана 2 республикалык маанидеги шаардан (Бишкек жана Ош) турат. Борбору — Бишкек шаары, өлкөнүн түндүгүндө, Чүй дарыясынын өрөөнүндө жайгашкан.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Кыргызстан табиятынын негизги өзгөчөлүктөрү анын тоолуу экендигинде *(76-сүрөт)*. Өлкө аймагынын дээрлик 90%ын тоо тизмелери ээлейт. Кыргызстандын Кытай менен чек арасында Тянь-Шань тоолорунун эң бийик чокусу — Жеңиш чокусу жайгашкан, ал өлкөнүн эң бийик чокусу эсептелет.

Кыргызстандын негизги жер асты байлыктары алтын, сурьма, сымап, вольфрам, уран, калайдан турат. Мамлекет отун запастары менен төмөн даражада камсыздалган жана тийиштүү керектөөлөрүн импорттун эсебинен кандырат.

Тянь-Шань тоолорундагы ири мөңгүлөрдүн эсебинен Кыргызстан суу-энергетика ресурстары менен жакшы камсыздалган. Эң чоң дарыялары Нарын *(77-сүрөт)*, Чүй жана Талас. Эң чоң көлү — Кыргызстан жана анын калкы үчүн теңдешсиз мааниге ээ болгон Ысык-Көл болуп саналат.

**Калкы.** Кыргызстан Борбордук Азияда калктын табигый көбөйүшүнүн салыштырмалуу жогорулугу менен ажыралып турат. Бул көрсөткүч мамлекетте жылдык эсепте 2,2%га тең. Миграциянын салдосу 0,1%ды түзөт.

Калкынын 34%ы гана шаарларда жашайт, калктын дээрлик ⅔ бөлүгү айылдарда жашашат. Өлкөнүн эң ири шаары Бишкек, калкынын саны боюнча 2020-жылдын башында 1 млн 50миң кишиден ашкан. Экинчи ири шаар эсептелген Ошто 280 миңден көбүрөөк калк жашайт *(78-сүрөт)*.



*76-сүрөт.* **Кыргызстандын аймагынын космостук фото сүрөтү.**



*77-сүрөт.* **Нарын дарыясы.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*78-сүрөт.* **Ош шаарындагы Сулайман тоо зыярат кы-луучу жайы.**



*79-сүрөт.* **Кыргыздар.**

Калкынын улуттук курамында кыргыздардын үлүшү 75%ды түзөт *(79-сүрөт)*. Мамлекет калкынын 15%га жакын бөлүгүн өзбектер түзөт, алар негизинен Кыргызстандын республикабызга түштүк коңшу түштүк аймактарында жашайт. Ошондой эле, орустар, дунгандар, уйгурлар жана тажиктер да калктын этникалык курамында маанилүү орунга ээ.

Кыргызстандын калкы тоолуу рельефте өтө бирдей эмес жайгашып, алардын басымдуу бөлүгү тоо аралыгындагы өрөөн жана ойдуңдарда топтолгон. Калкы эң жыш түрдө Фергана жана Чүй өрөөндөрүндө жашашат. Бул жагдай ошол аймактардын дыйканчылык үчүн ыңгайлуу табигый шарттарына байланыштуу.

**Экономикасы.** Кыргызстан экономикасында айыл чарабсы өнөр жайга караганда көбүрөөк мааниге ээ болгонуктан, республика агрардык-индустриалдык мамлекет болуп саналат.



*80-сүрөт.* **Ысык-Көл.**

Өнөр жайы азыркы учурда негизинен тоо-кен тармагына адистешкен. Эң маанилүү өнөр жай өнүмү алтын эсептелет жана ал өлкөнүн экспортунун эң чоң бөлүгүн түзөт. Кыргызыстан мурдагы Союздук мамлекеттердин арасында алтын казып алуу көлөмү боюнча Россия жана Өзбекстандан кийинки 3-орунда турат. Алтын негизинен Борбордук Тянь — Шандын бийик тоолорунда жайгашкан Кумтөр кенинен казып алынат. Кумтөр дүйнөдөгү 10 эң ири алтын кендеринин бири эсептелет. Өнөр жайдын башка тармактарынан жеңил, тамак-аш, машина куруу жана көмүр өнөр жайлары чоң мааниге ээ. Кыргызстандын электр энергетикасы негизинен ГЭСтерге таянат. Эң ири ГЭСтер Нарын дарыясында курулган.

Негизги айыл чарба эгиндеринин катарына буудай, пахта, картошка, жашылча-жемиш, күн карама, тамеки кирет. Дыйканчылык тоо арасындагы өрөөндөрдө өнүккөн. Кыргызстан тоолору мол түшүмдүү жайлоолорго бай болгондуктан республикада чарбачылыктын кой чарбасы, эчки, бодо мал, жылкы чарбасы сыяктуу тармактары жакшы өнүккөн.

Мамлекет экономикасында туризм да маанилүү маниге ээ. Республикага жылына 3 млн дон ашык чет элдик саякатчылар келишет. Алардын негизги бөлүгү Ысык-Көлдө эс алуу үчүн келишет *(80-сүрөт)*.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Кыргызстандын экономикалык-географиялык орду кандай бааланат? Анын терс жактарына кандай факторлор таасир көрсөтөт? Силердин оюңарда, ИДӨнүн көлөмү боюнча дүйнөдө жетекчи болгон мамлекет — Кытай менен коңшу экендиги кандай экономикалык мааниге ээ?
2. Төмөнкүлөрдүн арасынан Кыргызстандын негизги жер асты байлыктары катарына кирүүчү пайдалуу казылмаларды туюнткан шарттуу белгилерди тапкыла.




3. Эмне үчүн Кыргызстандын электр энергетикасында ГЭСтердин мааниси жогору? Мындай булактардан электр энергиясын алуу экономикалык жана экологиялык жактан кандай артыкчылыктарга ээ? ГЭСтердин эсебинен электр энергиясын негизги бөлүгүн алуучу дагы кандай өлкөлөрдү билесиңер?
4. Кыргызстанда айыл чарбасынын өнүгүшү жана анын аймактык курамына өлкөнүн рельефтик шарты кандай таасир этет? Мамлекетибиз жана Кыргызстан айыл чарбасынын негизги тармактарын салыштырып, жалпы жана айырмачылыктарын аныктагыла.
5. Кыргызтан жана Казакстандын табигый шартын, ресурстарын салыштырып, табигый географиялык айырмачылыктары экономиканын өнүгүшү жана адистешүүсүнө кандай таасир этишин аныктагыла.
6. Кыргызстандын калкынын санынан келип чыгып, бул өлкөгө келүүчү туристтердин санын кандай баалоого болот? Өзбекстандыктар үчүн Кыргызстанга саякат кылуунун кандай ыңгайлуулуктары бар деп ойлойсуңар? Саякат үчүн ушул өлкөнү тандайт белеңер?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 36-§. Түркмөнстан Республикасы

*Каспий деңизи, Каракум чөлү, Копетдаг, отун ресурстары, Каракум каналы, ахалтеке аттары, «Аваза» туристтик зонасы.*

Түркмөнстан Борбордук Азиянын түштүк-батыш бөлүгүндө жайгашкан. Түндүктө Казакстан, түндүк-чыгышта Өзбекстан, түштүк-чыгышта Афганстан, түштүктө Иран менен чектешет. Батышта Каспий деңизине туташат.

Түркмөнстандын экономикалык географиялык орду ыңгайлуу эсептелет, себеби анын аймагынан Борбордук жана Түштүк-чыгыш Азия мамлекеттерин туташтыруучу темир жол жана автомобиль магистралдары өткөн. Ошондой эле, Каспий деңизи аркылуу Түркмөнстан Россия жана Кавказ мамлекеттери менен байланышкан.

Түркмөнстан — президенттик республика. Админстрациялык-аймактык жактан 5 облус жана 1 республикалык маанидеги шаарлардан турат. Борбору — Ашхабад шаары мамлекет түштүгүндө Копетдаг тоо тизмегинин этегинде жайгашкан *(81-сүрөт)*.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Түркмөнстандын аймагын негизинен кең түздүктөр ээлейт жана анын 80%дан ашыгы Каракум чөлүнө туура келет *(82-сүрөт)*. Тоолор түштүк жана чыгыш чек ара аймактарында гана жайгашкан. Түштүк тоо жана тоо алды аймактары сейсмикалык активдүүлүгү менен ажыралып турат. Ашхабад шаарында 1948-жылдагы жер титирөө континентте XX кылымда болуп өткөн эң кырсыктуу жер титирөөлөрдүн бири болуп саналат.

Түркмөнстандын эң маанилүү минералдык байлыктары табигый газ, нефть жана түрдүү химиялык туздар. Түркмөнстан табигый газ запастары боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн арасында 4-орунда турат.

Чөлдүү түздүктөр чоң аянтты ээлегендиктен, Түрмөнстан суу ресурстарына бай эмес. Республиканын эң ири суу булагы Амударыя саналат. Амударыядан тоюна турган Каракум каналы (Каракумдарыя) дүйнөдөгү эң узун сугаруу каналы.





Аянты: **491,2 миң км$^2$**
Калкы (2020): **6 млн**
Борбору: **Ашхабад**



*81-сүрөт.* **Түркмөнстандын борбору — Ашхабад шаары.**



*82-сүрөт.* **Түркмөнстан аймагынын космостук сүрөтү.**

**Калкы.** Түркмөнстан Борбордук Азияда калкынын саны боюнча акыркы орунда турат. Мамлекетте калктын табигый көбөйүүсү жылдык эсепте 1,6%га тең. Борбордук Азия өлкөлөрүнүн ичинен Казакстанда гана бул көрсөткүч төмөн даражада күзөтүлүп жатат. Миграциянын балансы терс болуп, -0,1%га тең.

*Түркмөнстан жана Өзбекстандын табигый шартынын окшош жактары эмнелерден турат?*

Түркмөнстан калкынын 52%ы шаарларда жашайт. Ашхабад шаарынын калкы 1 млн кишиден ашык. Борбордон тышкары, Түркмөнабад, Ташауз, Мары, Түркмөнбашы шаарлары республиканын эң чоң шаарлары болуп саналат.

Калкынын улуттук курамында түркмөндөрдүн үлүшү 85%дан жогору болуп *(83-сүрөт)*, калкынын 10%га жакынын өзбектер түзөт. Өзбектер негизинен,

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*83-сүрөт.* **Түркмөндөр.**

мамлекетибизге чектеш болгон Ташауз жана Лебап облустарында жашайт.

Калыктын жайгашуусу мамлекеттин табигый географиялык өзгөчөлүктөрү менен белгиленет. Калкы негизинен Амударыя, Мургаб жана Тажан дарыяларынын өрөөндөрүндө, Капетдаг этегиндеги түздүктөрдө жана Каспий жээгинде жашайт.

**Экономикасы.** Түркмөнстан экономикасынын негизин отун-энергетика жана химия өнөр жайы түзөт. Түркмөнстан табигый газды казып алуу жана экспорттоо боюнча дүйнөнүн алдыңкы 10 өлкөлөрүнүн катарына кирет. Газ өнөр жайы бюджет үчүн чоң киреше булагы. Нефть жана газды кайра иштөө өнөр жайы да Түркмөнстанда жакшы өнүккөн. Отун ресурстары менен жакшы камсыздалгандыгы жана суу ресурстарынын жетишсиздиги себептүү республикада электр энергиясы ЖЭСтерде гана өндүрүлөт. Түркмөнстандын химия өнөр жайы минералдык жер семирткичтер, күкүрт, йод жана башка өнүмдөрдү чоң көлөмдө өндүрөт. Ошондой эле, Түкмөнстанда токуучулук, тигүүчүлүк, килем току өнөр жайы да жакшы өнүккөн болуп, өлкөнүн эл аралык адистешүүсүнө белгилүү даражада таасир көрсөтөт.

Айыл чарбасынын негизги тармактары: данчылык, пахтачылык (негизинен, кымбат баалуу ичке булалуу сорттор жетиштирилет), жүзүмчүлүк, каракөлчүлүк, жылкычылык, төө чарбасы эсептелет. Түркмөнстанда багылуучу Ахалтеки асыл тукумдуу аттары бүтүн дүйнөгө белгилүү болуп, Түркмөндөрдүн символу жана сыймыгы болуп саналат *(84-сүрөт)*. А түгүл республика гербинде да ахалтеки аты сүрөттөлгөн.

Түркмөнстанда туризмди өнүктүрүүгө да чоң көңүл бөлүнүүдө. Анын ичинен, соңку жылдарда Каспий деңизинин жээгинде «Аваза» ири туристтик зонасы жаратылды *(85-сүрөт)*.



*84-сүрөт.* **Ахалтеки аты.**



*85-сүрөт.* **«Аваза» туристтик зонасы.**

## Суроо жана тапшырмалар

1. Түркмөнстан жана Кыргызстандын географиялык ордун, табигый шартын жана ресурстарын салыштырып, негизги айырмачылыктарды аныктагыла. Эмне себептен Түркмөнстандын экономикалык-географиялык орду ыйгайлуураак эсептелет? Анын географиялык орду жана чарбасына Каспий деңизи кандай таасир көрсөтөт?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



2 Түркмөнстандын табигый шартынын өзүнчө өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат? Мамлекеттин экономикалык потенциалы жана чарбасынын адистешүүсүндө анын табигый шарты жана табигый байлыктары кандай мааниге ээ?

3 Эмне себептен Түркмөнстан аянты жагынан Борбордук Азияда экинчи орунду ээлесе да, калкынын саны боюнча алкакта акыркы орунда турат? Мамлекет калкынын жайгашуусунда кандай факторлордун таасири чоң?

4 Түркмөнстанда туризмди өнүктүрүүгө атайын көңүл бурулуп жаткандыгынын себеби эмнеде деп ойлойсуңар? Мамлекетибиздин жана Түркмөнстандын рекрациондук ресурстары жана келечекте туризмди өнүктүрүү мүмкүнчүлүктөрүн салыштыргыла. Келечекте эки мамлекет ортосунда өзара саякат байланыштарын өркүндөтүү мүмкүнчүлүктөрүн кандай баалайсыңар?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Экономикалык географиялык жайгашуу, Памир тоолору, суу жана гидроэнергетика ресурстары, Сарез көлү, тоо аралыгындагы өрөөндөр, жер ресурстары, түстүү металлургия.*

*Тажикстан географиялык шарты жагынан Борбордук Азиядагы кайсы мамлекетке окшош.*

# 37-§. Тажикстан Республикасы

Тажикстан Республикасы Борбордук Азиянын түштүк-чыгышында, Гиссар-Алай жана Памир тоолорунун аймагында жайгашкан. Түндүктө Кыргызстан, түндүк-батыш жана батышта Өзбекстан, түштүктө Афганстан, чыгышта Кытай менен чектешет.

Географиялык орду түздөн-түз Дүйнөлүк океанга чыгуу мүмкүнчүлүгүнүн жоктугу, бийик тоолор шартында кургактык транспортун өнүктүрүүнүн бир кыйла татаалдыгы, аскердик-саясий абалы тынчсыз болгон Афганстан менен коңшулугунун эсебине анчейин ыңгайсыз болуп эсептелет.

Башкаруу формасы жагынан Тажикстан президенттик республика болуп эсептелет. Администрациялык-аймактык түзүлүшү 2 облус, 1 автономиялуу облус (Тоолу Бадахшан), республикага бой сунуучу 1 шаар (Душанбе) жана 13 райондон турат. Борбору — Душанбе шаары өлкөнүн түштүк-батышындагы Гиссар өрөөнүндө жайгашкан *(86-сүрөт)*.





Аянты: **141,4 миң км²**
Калкы (2020): **9,4 млн**
Борбору: **Душанбе**

**Табигый шарты жана ресурстары.** Тажикстан тоолуу мамлекет эсептелет. Аймагынын 90 %дан чоң бөлүгүн бийик тоо тизмелери ээлейт. Чыгышта орточо бийиктиги 4000 метрден жогору болгон Памир тоо өлкөсү жайгашкан. Эң бийик точкасы Исмаил Самани чокусу — 7495 м *(87-сүрөт)*. Сейсмикалык жактан активдүү аймакта жайгашкандыктан, республикада күчтүү жер титирөөлөр болуп турат.

Тажикстандын жергеси пайдалуу кендердин ар кандай запастарына бай.

Негизинен, республиканын аймагында уран, алтын, күмүш, сурьма, полиметалл рудаларынын ири кендери бар. Бирок Тажикстан отун-энергетика ресурстарына бай эмес.

Тажикстан Республикасы суу жана гидроэнергетика ресурстары менен жакшы камсыз болгон мамлекеттердин катарына кирет. Мамлекет аймагынан Панж, Вахш, Амударыя, Зарафшан сыяктуу дарыялар агып өтөт. Каракөл, Сарез, Искандаркөл  республиканын эң чоң байлыгы. Алардан, айрыкча, Памирде жайгашкан, 1911-жылы күчтүү жер титирөөнүн натыйжасында Мургаб дарыясынын өзөнүндө пайда болгон ири дамба көл — Сарез көлү белгилүү.



*86-сүрөт.* **Душанбе шаары.** .



*87-сүрөт.* **Исмаил Самани чокусу.**

**Калкы.** Тажикстан Кыргызстан сыяктуу Борбордук Азия мамлекеттеринин арасында калкынын табигый өсүүсүнүн жогору темптери менен (жылына 2,2%) ажыралып турат.

Ошондой эле, Тажикстан аймактагы шаар калкынын үлүшү эң төмөн болгон өлкө эсептелет (26%, 2020-ж.). Борбор калаанын калкынын саны 850 миңден

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



ашат. Чоң шаарлардын категориясына Хожент, Бохтар (мурдагы Коргонтөбө) жана Кулоб шаарлары кирет.

Калкынын 85%га жакын бөлүгүн тажиктер түзөт *(88-сүрөт)*. Калкынын улуттук курамында экинчи орунда Тажикстандагы жалпы саны 1 млн кишиден көп өзбектер турат. Алар негизинен Өзбекстан менен чектеш болгон райондордо жашайт. Толу Бадахшан автономиялуу облусунда тажиктер менен бирге аларга боордош болгон бир топ жергиликтүү кичи улуттар (вахандар, рушандар, ишкашимдер, ёзгуламдар жана башкалар) өкүлдөрү жана кыргыздар жашайт.



*88-сүрөт.* **Улуттук кийимдердеги тажиктер.**

Тоолуу рельефтик шарты себептүү дыйканчылык үчүн ыңгайлуу жерлердин жетишсиздиги калктын басымдуу бөлүгүн тоо арасындагы өрөөн жана ойдуңдарда отурукташуусуна алып келген. Калкынын жогору жыштыгы менен өлкөнүн түндүгүндөгү Фергана өрөөнү, түштүк-батышында жайгашкан Гисар жана Вахш өрөөндөрү өзүнчө ажыралып турат. Памир тоолорунда болсо дарыя өрөөндөрүндөгү жана тоо капталдарында чакан айылдарда калк сейрек жашайт.

**Экономикасы.** Тажикстан Республикасына Борбордук Азия мамлекеттеринин арасында социалдык-экономикалык өнүгүүнүн салыштырмалуу төмөнүрөөк көрсөткүчтөрү мүнөздүү болуп, экономикасы агрардык-индустриалдык багытка ээ. Мамлекет өнөр жайынын жетекчи тармактарына түстүү металлургия, тоо-кен, химия, курулуш материалдары жана жеңил өнөр жайы кирет.

Мамлекеттин эң чоң өнөр жай ишканасы Турсунзада шаарындагы Тажикстан алюминий заводу эсептелет *(89-сүрөт)*. Бул ишкана Россиядан келтириле турган сырьё негизинде ири ГЭСтер өндүрүүчү энергиясынан пайдаланган абалда иштейт. Алюминий Тажикстандын экспорту курамында жетекчи орунга ээ. Тажикстан электр энергетикасы Кыргызстан сыяктуу ГЭСтерге негизделген. Эң ири ГЭСтер Вахш дарыясында курулган жана алар арасында Нурек ГЭСи өзүнчө экономикалык мааниге ээ *(89-сүрөт)*. Жеңил өнөр жай тармактары арасында токуучулук өнөр жайы өзгөчө орунда турат.





*89-сүрөт.* **Тажикстандын маанилүү экономикалык объекттери — Турсунзада шаарындагы Тажикстан алюминий заводу жана Вахш дарыясындагы Нурек ГЭСи.**

Тажикстанда дыйканчылыктын негизги тармактары: данчылык, пахтачылык, буудайчылык жана жүзүмчүлүк. Пахта жана түрдүү мөмөлөр республиканын маанилүү экспорттоочу өнүмдөрү эсептелет. Сугат дыйканчылыгы тоо аралыгындагы өрөөндөрдө жакшы өнүккөн, бирок аймактын көпчүлүк бөлүгүн тоолор ээлегендиги жана калктын жыштыгынын жогорулугу айдала турган жерлердин жетишсиздигин келтирип чыгарууда. Тоо-жайлоо чарбачылыгы бодо мал жана кой чарбасына адистешкен. Айыл чарба тармактарынын катарында жибекчилик чоң мааниге ээ.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Тажикстандын экономикалык-географиялык ордунун негизги өзгөчөлүктөрү эмнеде? Анын географиялык орду Борбордук Азиянын кайсы мамлекети менен көп жактан окшош?
2. Тажикстанда калктын аймактык жайгашуусуна чоң таасир эткен факторду түшүндүргүлө. Мамлекетте жер ресурстарынын жетишсиздиги кандай көйгөйлөрдү жаратат? Силердин оюңарча, мындай көйгөйдү чечүүнүн кандай жолдору бар?
3. Тажикстандын Борборук Азиядагы урбанизация деңгээли эң төмөн мамлекет болушуна кандай факторлор таасир көрсөткөн деп ойлойсуңар? Түрдүү өлкөлөрдө бул көрсөткүчтүн жогору же төмөн болушу алардын социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли менен канчалык байланыштуу? Силердин оюңарча, шаар калкынын салмагынын өсүшү өлкөнүн өнүгүүсүндө канчалык маанилүү?
4. Тажикстанда алюминий рудалары казып алынбаса да ири алюминий заводу болушунун негизги-географиялык факторун түшүндүргүлө. Бул завод кайсыл аймакта атмосфера абасынын булганышы менен байланыштуу экологиялык көйгөйлөрдүн жаралышына себеп болгон? Айлана-чөйрөнү жогору даражада булгоочу өнөр жай ишканаларын жайгаштырууда кандай факторлорго көңүл буруу зарыл?
5. Төмөнкү географиялык аталыштар кандай географиялык объектилерге тиешелүү экендигин тапкыла, дептериңерге жадыбал түрүндө жазып алгыла.

*Зарафшан, Хожент, Памир, Каракөл, Душанбе, Пандж, Кулаб, Вахш, Сарез, Сырдарыя, Бахтар, Гиссар-Алай*

| Тоо | Дарыя | Көл | Шаар |
|---|---|---|---|
| .... | .... | .... | .... |



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# 38-§. Практикалык машыгуу
## *Борбордук Азия мамлекеттеринин салыштырмалуу географиялык мүнөздөмөсү*

1. Окуу китеби жана атластагы Борбордук Азия мамлекеттери тууралуу маалыматтардан пайдаланып, дептериңерге төмөнкү жадыбалды толтургула:

Борбордук Азия мамлекеттерине салыштырмалуу географиялык мүнөздөмө

| Географиялык мүнөздөмөлөр | Казакстан | Кыргызстан | Түркмөнстан | Тажикстан |
|---|---|---|---|---|
| Экономикалык-географиялык орду: ыңгайлуу жана ыңгайсыз жактары | | | | |
| Аянты (миң км$^2$) | | | | |
| Калкы (млн киши) | | | | |
| Калкынын жыштыгы (км$^2$ киши) | | | | |
| Калктын жайгашуусунун өзгөчөлүктөрү | | | | |
| Рельефи | | | | |
| Негизги пайдалуу казылмалары | | | | |
| Суу ресурстары менен камсыздалгандык көрсаткүчү жана негизги булактары | | | | |
| Электр станцияларынын негизги түрү | | | | |
| Айыл чарбасынын негизги тармактары | | | | |
| Өнөр жайынын негизги тармактары | | | | |

2. Кыргызстан жана Тажикстандын географияык шартынын жалпы өзгөчөлүктөрүн аныктагыла жана аларды түшүндүргүлө.

3. Казакстан жана Түркмөнстандын окшош жактарын аныктагыла жана түшүндүргүлө.

4. Борбордук Азия мамлекеттерин кандай өзгөчөлүктөрүнө жараша эки топко ажыратууга болот? Оюнарды негиздегиле.

5. Борбордук Азия мамлекеттеринин географиялык шартынын өзара толтуруучу жактарын көрсөткүлө, ошондой эле, субрегиондун өлкөлөрүнүн өзара кызматташтыгынын зарылдыгын жана маанилүү багыттарын негиздегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Ыңгайлуу экономикалык-географиялык орду, тоолуу рельеф, субтропиктик климат, индустриалдык-агрардык экономика, рекреациондук ресурстар, эл аралык туризм.*

*Эмне себептен Түркия Евразиядагы мамлекеттердин транспорттук жана соода байланыштарында маанилүү орунду ээлейт?*

# 39-§. Түркия Республикасы

Түркия Республикасынын эң чоң өзүнө мүнөздүү жактарынын бири — анын географиялык орду менен байланыштуу. Аймагынын 97%ы Түштүк-батыш Азияда, 3% бөлүгү Чыгыш Европада жайгашкан. Азиядагы аймагы негизинен Кичи Азия жарым аралына туура келет. Европа бөлүгү болсо Балкан жарым аралында жайгашып, Чыгыш Фракия деп аталат. Түркия Республикасынын түрдүү континентерде жайгашкан бөлүктөрүн кара деңиз жана Жер Ортолук деңиздерин өзара байланыштырган Мармара деңизи, Босфор жана Дарданелл кысыктары ажыратып турат. Мамлекет кыргактары түндүктөн Кара деңиз, батыштан Эгей деңизи, түштүктөн Жер Ортолук деңизи суулары менен жуулат.

Өлкөнүн экономикалык-географиялык ордунун ыңгайлуулугу анын бир нече деңизге туташтыгы, Европа жана Азияны, Жер Ортолук жана Кара деңиз бассейндерин байланыштырган эл аралык мааниге ээ болгон транспорт жолдорунун өткөндүгү менен белгиленет.

Түркия унитардык түзүлүшкө ээ болгон президенттик республика. Борбору — Анкара шаары. Эң чоң шаары болсо Босфор кысыгынын кыргактарында жайгашкан, өзүнүн бир нече кылымдык белгилүү тарыхына ээ Станбул шаары. Стамбулдун калкы 13 млн кишиден ашуун, ал Евразиядагы эң ири шаарлардан бири болуп эсептелет.





Аянты: **783,6 миң км²**
Калкы (2020): **83,7 млн**
Борбору: **Анкара**

**Табигый шарты жана ресурстары.** Рельефи негизинен тоолуу болуп, чоң бөлүгүн Кичи Азия жана Армениянын тоолору, Тавр жана Понтий тоолору ээлейт. Түздүктөр көбүрөөк деңиздердин боюнда учурайт. Түркия аймагы жогору сейсмиктиги менен мүнөздөлөт. Хром, сымап, вольфрам рудаларынын запастары менен дүйнөлүк масштабда өзүнчө ажыралып турат.

Климаты субтропик болуп, деңизге туташкан аймактарында нымдуу, жылуу, өлкөнүн борбордук жана чыгыш аймактарында кургак жана кескин, башкача айтканда, жайы ысык, кышы суук болот. Рельефи тоолуу болгондугу себептүү Түркия гидроэнергетика ресурстарына бай *(90-сүрөт)*. Эң ири дарыялары Фрот, Дажла, Кызылирмек, эң чоң көлдөрү Ван жана Туз көлдөрү.

**Калкы.** Калкынын саны жагынан Түркия Республикасы дүйнөнүн биринчи жыйырмалыгына кирет. 2020-жыл маалыматтары боюнча калкы 83 миллион кишиден ашуун. Калкынын жылдык көбөйүүсү азыркы учурда 1,2%, бирок төрөлүү көрсаткүчү дүйнө жана Азия боюнча орточо көрсөткүчтөн төмөнүрөөк.



*90-сүрөт.* **Фрот дарыясындагы ГЭС дамбасы.**

Урбанизация көрсаткүчү 76%га тең 92020-ж). Ири шаарларынын катарына Стамбул жана Анкарадан тышкары, Измир, Бурса, Адана, Газиантеп, Анталия ж.б.кирет. Ири шаарларынын көбү батыш жана түштүк деңиз бою аймактарында жайгашкан.

Калкынын этникалык курамында түрктөр көпчүлүктү түзөт (75%дан ашуун). Жалпы калктын 15%нан көбүрөөк бөлүгүн түзгөн курддар мамлекеттин түштүк-чыгышында жашайт. Негизги дин ислам дини болуп саналат.

Калкы Түркия аймагы бойлой бир кылка жайгашпаган *(91-сүрөт)*. Мамлекеттин Мармара

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



деңизине туташ түндүк-батыш бөлүгүндө калктын жыштыгы өтө тыгыз. Анын ичинен, калкынын ⅕ бөлүгү Чыгыш Фракияда жашайт. Борбордук жана чыгыш тоолуу аймактарында калктын тыгыздыгы сейрек. Мындай айырмачылыктарга аймактардын табигый шарты жана экономикалык-географиялык ордунун ыңгайлуулугу, ошондой эле, социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээлиндеги айырмачылыктар чоң таасир көрсөткөн.




*91-сүрөт.* **Түркия калкынын жыштыгы (киши/км2).**

**Экономикасы**. Түркия ИДӨнүн көлөмү боюнча дүйнөнүн алдыңкы 15 мамлекетинин катарына кирип, ири өнөр жай жана айыл чарба өндүрүшүнө ээ. Өнөр жайдын эл аралык адистешүүсүн токуучулук, тигүүчүлүк, булгары бут-кийим, автомобиль куруу, электротехника, кен-металлургия, куруулуш материалдары, тамак-аш, фармацевтика сыяктуу тармактар белгилейт. Мындай адистешүү эмгек ресурстары, сырьё, тышкы соода байланыштары жана транспорт факторлорунун таасиринде калыптанган. Өнөр жай мамлекеттин батыш бөлүгүндө жакшы өнүккөн болсо, анын ички аймактары агрардык экономикага ээ.

Агроклиматтык жана суу ресурстарына бай Түркия түрдүү айыл чарба өнүмдөрүн (мөмө, жаңгак, жүзүм, жашылча-жемиш, чай, бал камыш, зайтун, тамеки, пахта) жетиштирүү боюнча дүйнө масштабында өзүнчө ажыралып турат. Түркия дүйнө мамлекеттеринин арасында агрардык өнүмдөрдүн эң ири экспортчуларынан бири.

Түркиянын аймагы табигый жана тарыхый-маданий рекреациялык ресурстарга, уникалдуу эстеликтерге бай *(92-сүрөт)* болуп, анын экономикасында туризм чоң мааниге ээ. Мамлекет эң көп чет элдик саякатчыларды кабыл алуучу дүйнөдөгү 10 алдыңкы мамлекеттердин бири.



*92-сүрөт.* **Түркиянын белгилүү тарыхый эстеликтери: Стамбулдагы Айя-София комплекси (солдо) жана Измир жакынындагы байыркы Эфес шаарынын урандысы (оңдо).**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Түркиянын экономикалык-географиялык орду кандай өзгөчөлүктөргө ээ? Бул фактордун мамлекеттин экономикалык-социалдык өнүгүүсүнө таасири кандай? Ушул сыяктуу абдан ыңгайлуу экономикалык-географиялык орунга ээ болгон мамлекеттерге мисалдар келтиргиле жана аларды картадан көрсөткүлө.

2 Түркиянын табигый шартынын калктын жайгашуусу жана айыл чарба адистешүүсүнө таасири кандай? Эмне үчүн мамлекеттин түндүк-батыш бөлүгүндө калк жыш жайгашкан? Өнөр жай көбүрөөк өлкөнүн кайсы аймагында жакшы өнүккөн? Эмне үчүн?

3 Түркия калкынын улуттук курамы кайсы диаграммада туура көрсөтүлгөнүн тапкыла.




4 Белгилүү болгондой, Түркия жеңил өнөр жай өнүмдөрү, биринчи кезекте, токуучулук жана тигүүчүлүк өнүмдөрүн өндүрүү жана экспорт кылууда өзүнчө өзгөчөлөнүп турат. Силердин оюңарча, мындай натыйжага жетишүүдө кандай факторлор маанилүү рол ойнойт? Мамлекетибизде Түркиянын өнүмдөрө талап канчалык даражада деп ойлойсуңар?

5 Түркияда эл аралык туризмдин жогору даражада өнүгүүсү кандай факторлор менен байланыштуу? Өзбекстандыктар үчүн Түркияга саякат кылуунун кандай артыкчылыктары бар? Өз кезегинде, Түркиялыктарды Борбордук Азия мамлекеттерине, анын ичинен, Өзбекстанга саякат кылууга тартуучу кандай маанилүү факторлор бар?

6 Кошумча булактардын негизинде Өзбекстан жана Түркия ортосундагы өзара кызматташтык байланыштарынын негизги багыттары жөнүндө маалыматтар топтогула жана информация даярдагыла.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 40-§. Практикалык машыгуу
# *Иран, Афганстан жана Пакистандын салыштырмалуу географиялык мүнөздөмөсү*



## ИРАН



Аянты: **1648 миң км²**
Калкы (2020): **84,2 млн**
Борбору: **Тегеран**

Иран жээктери түштүктө Арабия деңизи жан Перс булуңу, түндүк-батышта Каспий деңизи суулары менен жуулат. Экономикалык-географиялык орду Түштүк-батыш, Түштүк жана Борбордук Азия мамлекеттерин туташтырган транспорт жолдорунун өткөндүгү эсебинен ыңгайлуу.

Ирандын мамлекеттик структурасы ислам республикасы. Мамлекет башчысы — Жогорку жетекчи, шиа (шиит) мусулмандарынын жогорку мертебелүү руханийси (Аятулла). Президент болсо мамлекеттеги экинчи адам болуп саналат.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Иран аймагынын рельефи бир нече тоо тизмелери жана алардын ортосундагы ойдуңдардан турат *(93-сүрөт)*. Мамлекеттин минералдык байлыктарынын арасында ири нефть жана газ запастары эң чоң экономикалык мааниге ээ. Нефть жана газ кендери негизинен Перс булуңу жана Каспий деңизине жакын аймактарда жайгашкан. Климаты Түндүк-батыш аймактарында жумшак жана ным субтропиктик, борбордук жана чыгыш аймактарында кургак субтропиктик, Перс булуңу боюнда болсо ысык жана кургак тропиктик болот.

**Калкы.** Табигый көбөйүүсү орто даражада болуп, жылына 1,2% га тең болууда. Шаарларда мамлекет калкынын 75%ы жашайт. Эң ири шаарлары — Тегеран, Машхад, Караж, Исфахан, Табриз. Калкы өлкөнүн батыш бөлүгүндө жыш жайгашкан, борбордук жана чыгыш бөлүгүндөгү кээ бир чөл аймактарында болсо туруктуу калк жок. Калкынын 60%дан көбүрөөгүн перстер түзөт. Ошондой эле, азербайжандар, курддар, арабдар, түркмөндөр, армяндар жана башка улуттар жашайт. Иран калкынын диний курамында шиа (шиит) мусулмандар жетекчилик кылат.

**Экономикасы**. Өлкөнүн экономикасы көп тармактуу өнөр жай жана айыл чарбасына негизделген. Өнөр жайдын жетекчи тармактары: нефть жана нефтини кайра иштөө, газ, металлургия, машина куруу, токуучулук жана тамак-аш.

Мамлекет бюджети үчүн эң чоң киреше булагы болуп нефть жана газ экспорту эсептелет. Айыл чарбасынын негизги тармактары данчылык, бакчылык, кой, эчки жана бодо мал чарбасы. Каспий деңизинде балыкчылык жакшы өнүккөн. Кара икра экспорту боюнча Иран дүйнөдө алдыңкы орундарда туран.




*93-сүрөт.* **Иран рельеф картасы.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE








Аянты: **652,8 миң км²**
Калкы (2020): **38,9 млн**
Борбору: **Кабул**

# АФГАНСТАН

Афганстан Түштүк-батыш Азияда жайгашкан, Дүйнөлүк океанга түздөн-түз чыгуу мүмкүнчүлүгү жок. Мамлекет аймагында Азиянын түрдүү бөлүктөрүндөгү мамлекеттерди байланыштыруучу транспорт жолдору куруулса, анын экономикалык географиялык орду бир топ жакшырышы мүмкүн.

Афганстанда саясий кырдаал өтө татаал жана туруксуз болуп, өткөн кылымдын 70-жылдарынан бери уланып келе жаткан жарандык согуштун абалы менен мүнөздөлөт.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Афганстан аймагынын чоң бөлүгү, айрыкча, борбору жана чыгышы бийик тоолордон турат *(94-сүрөт)*. Мамлекетте күчтүү жер титирөөлөр тез-тез болуп турат. Афганстан түрдүү минералдык ресурстарга (көмүр, нефть, темир, жез, марганец ж.б) бай, бирок алар абдан аз көлөмдө казып алынат. Афганстанга кургак континенталдуу субтропиктик типтеги климат мүнөздүү. Тоо мөңгүлөрүнөн көптөгөн дарыялар башталып, айрымдары толук бойдон сугарууга сарпталат. Тоо дарыяларынын энергетикалык потенциалынан дээрлик пайдаланылбайт.

**Калкы.** Жылдык табигый көбөйүүсү 2,5%дан жогору. Калкы негизинен тоо этегиндеги түздүктөрдө жана тоо арасындагы өрөөндөрдө жашашат. Шаар жерлеринде калктын ¼ бөлүгү гана жашайт. Мамлекеттеги эң ири шаарлар — Кабул, калкы 3 млн киши. Герат, Кандагар жана Мазари-Шариф салыштырмалуу ири шаарлар болуп саналат. Этникалык курамы негизинен пуштундар, тажиктер, өзбектер, хазарлыктар, белуждар, түркмөндөрдөн турат. Өзбекстанга чектеш түндүк аймактарында 2 миллионго жакын өзбектер жашайт.

**Экономикасы.** Афганстан экономикалык жактан жай өнүккөн агрардык мамлекет. Айыл чарбасынын негизин сугарма дыйкан чарбасы түзөт. Дыйканчылыкта дан эгиндери, пахта, мөмө жана жүзүм жетиштирүү маанилүү роль ойнойт. Мал чарба тармактарынан кой чарбасы (анын ичинен, каракөлчүлүк) жана эчки чарбасы жетекчи мааниге ээ. Каракөл терисин даярдоо боюнча Афганстан дүйнөдө биринчи орунда турат. Өнөр жай өндүрүүсү төмөн даражада өнүккөн.




*94-сүрөт.* **Афганстандын рельефтик картасы.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# ПАКИСТАН





Аянты: **803,9 миң км²**
Калкы (2020): **220,9 млн**
Борбору: **Исламабад**

Пакистан Түштүк Азияда, негизинен Инд дарыясынын алабында жайгашкан. Жээктери түштүктө арабия деңизи суулары менен жуулат. Географиялык ордунун оң өзгөчөлүктөрү эл аралык мааниге ээ деңиз жана кургактык транспорт жолдорунун өткөндүгү менен белгиленсе, терс жактары саясий кырдаал туруксуз аймакта жайгашкандыгынан турат. Өлкөнүн азыркы саясий географиялык абалы Индия менен Кашмирдин аймагы үчүн узакка созулган конфликттин таасири астында калыптанган. Пакистан административдик-саясий түзүлүшү боюнча федеративдик мамлекет болуп, 4 провинция жана 2 федералдык аймакты өз ичине алат.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Пакистандын түндүк жана батыш бөлүктөрүн бийик тоолор ээлесе, чыгыш жана түштүк аймактары түздүк рельефине ээ *(95-сүрөт)*. Өлкөнүн чоң бөлүгүн коңшу Индиядан башталуучу жана Арабия деңизине куюлуучу Инд дарыясынын өрөөнү ээлейт. Түздүк аймактары нефть, табигый газ, көмүр, туз запастарына ээ, тоолуу бөлүгү түрдүү металл рудаларына бай. Пакистандын негизги аймагында ысык тропиктик климат өкүм сүрөт, ошондуктан түздүк бөлүгүндө чөл жана жарым чөлдөр чоң аянттарды ээлейт.

**Калкы.** Пакистанда калктын табигый көбөйүү темпи 2%дан жогору, тактап айтканда, жылына 4-4,5 млн кишиге барабар. Урбанизация даражасы 37%. Өлкөдөгү эң ири шаарлар — Карачи, Лахор, Фейсалабад, Равалпинди. Калкынын 45%га жакын бөлүгүн панжабдыктар түзөт, алардан тышкары, пуштундар, синддер, балуждардын үлүшү да чоң.

**Экономикасы.** Пакистан экономикасы ылдам өсүп бара жаткан индустриалдык-агрардык мамлекет. Өнөр жайдын жетекчи тармагы жеңил өнөр жайы, айрыкча, токуучулук өнөр жайы. Металлургия, машина куруу, химия, тамак-аш, булгары өнөр жайы өнүгүүдө. Айыл чарбасы буудай, шалы, бал камыш, пахта жетиштирүүгө адистешкен. Өлкөнүн экспорттук курамында кездемелер, шалы, пахта, булгары өнүмдөрү, килемдер жетекчи орундарды ээлейт.




*95-сүрөт.* **Пакистандын рельефтик картасы.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Иран, Афганстан жана Пакистан мамлекеттери жөнүндө берилген маалыматтар жана Атластагы карталардан пайдаланып, төмөнкү тапшырмаларды аткаргыла.**

1. Иран, Афганстан жана Пакистандын экономикалык-географиялык ордун салыштыргыла. Кайсы мамлекеттердин экономикалык-географиялык орду ыңгайлуу эсептелет? Тескерисинче, кайсы өлкөдө бир аз ыңгайсыз? Эмне үчүн? Пикриңерди картанын жардамы менен түшүндүргүлө.

2. Жадыбалды толтургула жана төмөнкү суроолорго жооп таап, тапшырмаларды аткаргыла.

| Мамлекеттер | Аянты миң км$^2$ | Калкы млн киши | Калкынын жыштыгы киши/км | Урбанизация көрсаткучу% | Шаар калкынын саны, млн киши | Айыл калкынын үлүшү,% | Айыл калкынын саны, млн киши |
|---|---|---|---|---|---|---|---|
| Иран | 1648 | 84,2 | .... | 75 | .... | .... | .... |
| Афганстан | 652,8 | 38,9 | .... | 24 | .... | .... | .... |
| Пакистан | 803,9 | 220,9 | .... | 37 | .... | .... | .... |

а) ушул мамлекеттердин кайсы бири калкынын жыштыгы боюнча жогору көрсөткүчкө ээ. Буга кандай факторлор таасир эткен деп ойлойсуңар?

б) кайсы мамлекетте айыл калкынын үлүшү эң жогору? Бул мамлекеттин социалдык-экономикалык өнүгүү көрсаткүчүна канчалык байланыштуу?

3. Окуу китебинин тексти жана атластагы дүйнөнүн саясий картасынан пайдаланып, Иран, Афганстан жана Пакистанга таандык маалыматтарды тапкыла жана тиешелүү жоопторду дептериңерге белгилегиле.

**А) Иран** **Б) Афганстан** **В) Пакистан**

1) Түштүк Азияда жайгашкан;
2) Каспий деңизинин суулары менен жээктери жуулат;
3) Ички континенттик мамлекет;
4) Калкынын диний курамында шиа мусулмандары жетекчи;
5) Өнөр жайынын жетекчи тармагы жеңил өнөр жайы;
6) Каракөл терилерин даярдоо боюнча дүйнөдө 1-орунда турат;
7) Административдик-аймактык түзүлүшү жактан федеративдик мамлекет;
8) Өлкө бюджети үчүн эң чоң киреше булагы нефть жана газ экспорту болуп эсептелет;
9) Мамлекеттин чоң бөлүгүн Инд дарыясынын өрөөнү ээлейт;
10) Шаар аймагында калкынын ¼ бөлүгү жашайт;
11) Өнөр жай өндүрүшү абдан төмөн өнүккөн;
12) Калкынын 60% ынан көп бөлүгүн перстер түзөт;
13) Айыл чарбасы буудай, шалы, бал камыш, пахта жетиштирүүгө адистешкен;
14) Кара икра экспорту боюнча дүйнөдө жетекчи орунда турат;
15) Калкынын жылдык табигый көбөйүү көрсаткүчү 2,5% дан жогору.

4. Афганстан экономикасын өнүктүрүүдө кандай факторлорго таянуу мүмкүн жана алардан өнүмдүү пайдалануу үчүн кандай шарттар жаратылышы керек? Бул өлкөдө саясий кырдаалдын туруктуу болушу өлкөбүздүн жана бүтүндөй Борбордук Азия өлкөлөрүнүн экономикалык-географиялык абалына кандай таасир этет?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 41-§. Кытай Эл Республикасы

*Чыгыш Азия, Тынч океан, социалисттик мамлекет, Улуу Кытай түздүгү, Тибет тоолору, гидроэнергетика ресурстары, көп улуттуу мамлекет, урбанизация.*

Кытай Эл Республикасы Чыгыш Азияда жайгашкан. Жээктери чыгыштан Тынч океаны деңиздеринин суулары менен жуулат. Ал кургактыкта 14 мамлекет менен чектешет. Кытай дүйнө мамлекеттери ортосунда аймагынын чоңдугу боюнча 3-орунда, калкынын саны жана өндүрүүнүн көлөмү боюнча 1-орунда турат. Жалпысынан алганда, Кытай заманбап дүйнөнүн экономикалык жана саясий системасында маанилүү орунга ээ мамлекеттердин бири.

Кытайдын экономикалык-географиялык ордунун ыңгайлуулугу Тынч океан жээктерине түздөн-түз чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ экендиги менен белгиленет.

Кытай дүйнөнүн азыркы саясий картасындагы саналуу социалисттик мамлекеттердин бири. Анын башкаруу системасы жана саясий жашоосундагы чечүүчү мааниси Кытай Коммунисттик партиясына тиешелүү болуп, партия жетекчиси бир учурдун өзүндө мамлекет жетекчиси — Кытай Эл Республикасынын төрагасы эсептелет.

Админстративдик-аймактык жактан Кытайдын курамына 23 провинция, 5 автономиялуу район, 4 борборго баш ийүүчү шаар жана 2 атайын админтративдик районго (Гангконг жана Макао) ажыратылат. Улуу Британиянын мурдгы колониясы Гонконг (Сянган) 1997-жылда, Португалиянын колониясы Макао (Аомин) 1999-жылда Кытайдын курамына кирди.





Аянты: **9599 миң км²**
Калкы (2020): **1434,2 млн**
Борбору: **Пекин**

**Табигый шарты жана ресурстары.** Кытай аймагы түндүктөн түштүккө карай 4 миң км, батыштан чыгышка 4,5 миң км га созулгандыгы үчүн табигый шарты, рельефинин түрдүүлүгү менен мүнөздөлөт *(96-сүрөт)*. Чыгышта түздүк жана тайпак тоолор кеңири таралган болсо, батыш аймактарын бийик тоолор жана чөлдүк өзгөчөлүгүнө ээ болгон тоо арасындагы ойдуңдар ээлейт *(97-98-сүрөттөр)*. Өлкөнүн климатында да сезилерлүү аймактык айырмачылыктар бар.

Кытай отун-энергетика ресурстарынан көмүр, нефть, газ жана күйүүчү сланецке бай. Мамлекет түрдүү кара жана түстүү металл рудалары менен жакшы камсыз болгон. Кытайда Янцзы, Хуанхэ, Амур сыяктуу ири дарыялар агат. Кытай гидроэнергетика ресурстарынын көлөмү боюнча дүйнөдө 1-орунда турат.



*96-сүрөт.* **Кытайдын рельефтик картасы.**



*97-сүрөт.* **Улуу Кытай түздүгү.**



*98-сүрөт.* **Батыш Кытайдагы чөл ландшафты.**

**Калкы.** 2020-жылдын маалыматтарына карата, Кытай калкынын саны боюнча дүйнөдөгү эң ири мамлекет. Азыркы учурда дүйнө калкынын 18%дан ашуун бөлүгү жашайт. Өлкө дүйнөнүн эң ири эмгек ресурстарына ээ болгон мамлекет.

Кытайда калктын табигый көбөйүүсү 2020-жылга келип 0,3%га түшүп кетти. Натыйжада мамлекет калкынын жаш курамы кескин өзгөрүп, карыялардын үлүшү улам артып барышы күзөтүлүүдө. Бул жараян Кытай өкмөтү өлкөдө узак жылдар бою ишке ашырган «бир үй-бүлөгө бир бала» принцибине негизделген мамлекеттик саясатты жумшартып, үй-бүлөлөргө 2016-жылы 2, 2021-жылы болсо 3 перзент көрүүгө чейин уруксат берди.

*Кытайдын дүйнө экономикасы жана саясатындагы орду кандай факторлор менен белгиленет?*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Калкынын этникалык курамына карай, Кытай көп улуттуу мамлекет болуп саналат. Мамлекет калкынын 90%дан көбүрөөгүн кытайлыктар — хандар түзөт. Бирок, расмий маалыматтар боюнча, өлкөдө хандардан тышкары 55 жергиликтүү улуттар жана элеттер жашайт. Булардан эң ирилери уйгурлар, монголдор, тибеттиктер, дунгандар, манчжурлар жана башкалар *(99-сүрөт)*.

Диндердин арасында кытайлыктардын улуттук диндеринин бири — конфуцийлик эң кеңири таралган. Ошону менен бирге, даосизм, буддизм, ислам, христиан диндерине ишенүүчүлөрдүн саны да көп. Мусулмандар негизинен Синьцзян-Уйгур автономиялуу районунда жашайт.



Кытайлыктар (хандар) Уйгурлар Тибеттиктер

*99-сүрөт.* **Кытай көп улуттуу мамлекет.**

Мамлекет калкы аймактык жактан тегиз бөлүштүрүлбөгөн. Калктын орточо жыштыгы 1 $км^2$ аянтка 150 кишини түзгөн, бул көрсөткүч Хуанхэ жана Янцзы дарыялары аралыгындагы түздүктө 800-1000 киши/$км^2$, Тибет тоолорунда болсо 1-2 киши/$км^2$ түзөт. Калктын 90%ы мамлекет аймагынын ⅓ бөлүгүндө жашайт.

Кытайда 2011-жыл шаар калкынын үлүшү 50% дан ашты, 2020-жылга келип урбанизация көрсаткүчү 61%га жетти. Бул көрсөткүч тез темп менен өсүп баруuда. Мамлекеттеги эң ири шаарлардын катарына Шанхай, Пекин, Гонконг, Чэнду, Гуанчжоу, Тяньцзинь, Ухань жана башкалар кирет.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Кытайдын экономикалык-географиялык ордун оң жана терс жактарын түшүндүргүлө. Атластагы дүйнөнүн саясий картасынан Кытай менен чектеш мамлекеттерди аныктагыла жана дептериңерге жазып алгыла. Ал кайсы мамлекеттер менен эң узун чек араларга ээ?
2. Кошумча булактардын негизинде базар экономикасына негизделген жана социалисттик мамлекеттердин экономикалык системасындагы негизги айырмачылыктарды аныктагыла. Кытай экономикасын аралаш экономика деп атоого болобу? Өкмөттүн экономикадагы орду кандай болушу керек деп ойлойсуңар?
3. Эмне себептен Кытай өкмөтү мамлекетте узак жылдар бою ишке ашырылып келген демографиялык саясатты жумшартты? Төрөлүү көрсаткүчүнүн өтө жогору же өтө төмөндүгү келечекте кандай социалдык-экономикалык көйгөйлөрдү күчөтүшү мүмкүн?
4. Кытайдын табигый шарты калкынын жыштыгына кандай таасир көрсөткөн? Мамлекеттин кайсы бөлүгүндө калктын жыштыгы өтө тыгыз? Тескерисинче, кайсы аймакта бул көрсөткүч өтө төмөн?
5. Кытайда урбанизациянын ылдам темпте жогорулап барышы кандай факторлор менен байланыштуу? Мамлекеттеги эң ири шаарларды картадан тапкыла. Алар Кытайдын кайсы бөлүгүндө жайгашкан?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 42-§. Кытай экономикасы жана экономикалык райондору

*Ички дүң өнүмү (ИДӨ), өнөр жай, отун-энергетика комплекси, металлургия, машина куруу, «Үч өткөөл» ГЭСи, дыйканчылык, экономикалык зоналар.*

*Силердин оюңарча, Кытай кандай факторлордун эсебинен дүйнө өнөр жай тармагында жетекчиликке жетишти?*

Кытай ички дүң өнүмдүн көлөмү боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн арасында биринчи орунду ээлейт. Бирок ИДӨнүн калктын жан башына келе турган көрсөткүчү өнүгүп келе жаткан мамлекеттердин көрсаткүчүнда.

**Өнөр жайы.** Кытайда өнөр жайдын бардык тармактары жогору даражада өнүккөн, ал өнөр жай өнүмдөрүнүн көптөгөн түрлөрүн өндүрүүдө дүйнөдө биринчи же экинчи орунда турат. Анын ичинен, көмүр казып алуу, электр энергиясын өндүрүү, болот, чоюн, алюминий, цинк, жез, коргошун, никель, алтын, ошондой эле, кара жана түстүү металлдарды эритүү, автомобиль, түрдүү электротехника жана электроника өнүмдөрү, аммияк, минералдык жер семирткичтер, цемент, кагаз, кездемелер, кийим-кече, бут кийим өнүмдөрүн өндүрүүдө Кытай дүйнөдө биринчи орунда турат.

Кытайда жыл сайын 4 млрд тоннага жакын көмүр казып алынууда. Анын негизги кендери мамлекеттин Түндүк-чыгыш жана чыгыш аймактарында жайгашкан. Кытай 2012-жылдан тарта электр энергиясын өндүрүү көлөмү боюнча дүйнөдө биринчи орунду ээлеп келет. 2020-жылы мамлекетте 7,8 трлн кВт/с дан ашуун электр энергиясы өндүрүлдү (дүйнө боюнча өндрүлгөн электр энергиясын 28%дан ашык бөлүгү). Тармакта ЖЭСтердин салмагы 70% тегерегинде болуп, аларда иштетиле турган отундун 95%ы көмүрдөн турат. Энергетиканын ылдам темпте өсүүсү Кытайдын ири шаарларындагы экологиялык абалды кескиндештирди *(100-сүрөт)*. Соңку жылдарда мамлекетте ГЭС, АЭС жана кайра калыбына келтирүүчү ресурстарга негизделген электр станцияларын көбөйтүүгө чоң көңүл бөлүнүүдө. Анын ичинен, Янцзы дарыясында дүйнөдөгү эң ири — «Үч өткөөл» (Санься) ГЭСи курулган *(101-сүрөт)*.



*100-сүрөт.* **Пекинде абанын булгануусу .**



*101-сүрөт.* **Янцзы дарыясындагы «Үч өткөөл» ГЭСи .**

Машина куруу өнөр жайы Кытайда тез өнүгүүдө. Мамлекетте телевизор, турмуштук керектөө техникасы куруулмалары, автомобилдер, компьютерлер, түрдүү өлчөө жана электротехника өнүмдөрү өндүрүлүүдө.

Жеңил жана тамак-аш өнөр жайы алдыңкы өнөр жай тармактары эсептелет. Айрыкча, токуучулук жана булгары-бут кийим өнөр жайы өтө чоң көлөмдөгү өнүмдөрдү өндүрөт.

**Айыл чарбасы.** Кытайда айыл чарбасынын негизи дыйканчылык. Жалпы эгин аянттарынын негизги бөлүгү дан эгиндери, айрыкча, шалы эгилген *(102-сүрөт)*. Кытай дүйнө өлкөлөрүнүн арасында буудай, шалы, картошка, жашылча-жемиш, мөмө, жер жемиштери, жүзүм, чай, жер жаңгактын жалпы түшүмү, кой, эчки, чочко, канаттуунун баш саны, эт, жүн, жумуртка, бал даярдоо, балык уулоо көлөмү боюнча биринчи орунду ээлейт *(20-жадыбал).*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*20-жадыбал.* ***Кытайдын дүйнө боюнча айыл чарба өнүмдөрүн өндүрүүдөгү орду (2018-жыл жыйынтыгы боюнча)***

| № | Айыл чарба өнүмдөрү | Өлчөө бирдиги | Жетиштирүү | Дүйнөдөгү үлүшү | Дүйнө боюнча алган орду |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Буудай | млн тонна | 131,4 | 17,9 | 1 |
| 2 | Шалы | млн тонна | 214,1 | 27,4 | 1 |
| 3 | Жүгөрү | млн тонна | 257,3 | 22,4 | 2 |
| 4 | Картошка | млн тонна | 90,3 | 26,3 | 1 |
| 5 | Кант камыш | млн тонна | 108,1 | 5,7 | 3 |
| 6 | Жашылча-жемиш | млн тонна | 549 | 52,3 | 1 |
| 7 | Мөмө | млн тонна | 240,8 | 24,3 | 1 |
| 8 | Чай | млн тонна | 2,6 | 41,2 | 1 |
| 9 | Эт | млн тонна | 88,1 | 25,7 | 1 |
| 10 | Жумуртка | млн тонна | 27 | 39,6 | 1 |
| 11 | Жүн | миң тонна | 417 | 19,9 | 1 |

Кытай өзүнүн негизги тамак-аш өнүмдөрүнө болгон керектөөсүн өз күчү эсебинен кандырат. Дүйнөдөгү жалпы эгин аянттарынын 9%на ээ болуп, адамзаттын 18%нан көбүрөөк бөлүгүн түзүүчү калкын өз ресурстары эсебинен тамак-аш өнүмдөрү менен камсыздай алганы айыл чарбачылыгында эмгек өнүмдүүлүгүнүн жогору экендигин чагылдырат.



*102-сүрөт.* **Кытайдагы шалы аянттары.**




*103-сүрөт.* **Кытайдын экономикалык зоналары.**

**Экономикалык райондору.** Кытайда социалдык-экономикалык өнүгүү көрсаткүчү жана адистешүүсү менен бир-биринен айырмалана турган 3 ири — Чыгыш, Борбордук жана Батыш экономикалык райондорго (зоналар) ажыратылат *(103-сүрөт)*. Ушулардан Чыгыш экономикалык району өзүнүн табигый, социалдык, демографиялык жана экономикалык деңгээлине карай ар тараптан алдыда турат. Айрыкча, деңиз бою аймактары, Шанхай, Пекин, Тянцзинь, Гуанчжоу сыяктуу ири шаарлары өзүнчө мааниге ээ. Мамлекетте жүзөгө ашырылып жаткан аймактык саясат табигый ресурстарга бай Борбордук жана Батыш экономикалык зоналарды өнүктүрүү, алардын улуттук экономикасындагы үлүшүн көтөрүүгө багытталган.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Кытай өнөр жайынын бардык тармактары жогору даражада өнүгүшүнө кандай факторлор таасир көрсөткөн? Силердин оюңарча, Кытай өнүмдөрүнүн кандай артыкчылыктары менен дүйнөнүн көптөгөн өлкөлөрүндө өз кардарларына ээ?

2 Соңку жылдарда Кытайда кандай электр станцияларын көбөйтүрүүгө чоң көңүл бурулууда? Эмне үчүн? Кошумча булактардын негизинде Кытай атмосферасынын булгануусу жөнүндө маалыматтарды жыйнагыла.

3 Кытайдын түрдүү тармактарда дүйнөлүк масштабдагы ордун таап, тиешелүү жоопторду дептериңрге белгилегиле.

**А) 1-орунда** **Б) 2-орунда** **В) 3-орунда**

*1) автомобиль өндүрүшүндө;*
*2) кант камышын өстүрүүдө;*
*3) мөмө-жемиш өстүрүүдө;*
*4) көмүр казып алууда;*
*5) жүгөрү өстүрүүдө;*
*6) бал даярдоодо;*
*7) электр энергиясын өндүрүүдө;*
*8) чай өстүрүүдө;*
*9) балык уулоонун көлөмү боюнча;*
*10) шалы өстүрүүдө.*

4 Төмөнкү соода бренддеринин негизинде иш жүргүзүүчү Кытай компаниялары жөнүндө эмнелерди билесиңер?

a Hisense
b Alibaba.com
d HUAWEI
e UnionPay 银联
f xiaomi

5 Кытайдын Чыгыш, Борбордук жана Батыш экономикалык зоналарынын ортосундагы айырмачылыктарга кандай экономикалык-географиялык факторлор таасир көрсөтөт? Эмне үчүн Чыгыш экономикалык зона өз деңгээлине карай ар тараптуу жетекчи? Аз өздөштүрүлгөн аймактарды өнүктүрүүдө мамлекеттин аймактык саясатынын негизги багыттары эмнелерди камтышы керек деп ойлойсуңар?



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Жарым арал мамлекет, байыркы платформа, тоолуу рельеф, калктын жыштыгы, бир улуттуу өлкө, жаңы индустриалдуу мамлекет, экономикалык өсүү.*

*Корея Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүндөгү жетишкендиктери жөнүндө эмнелерди билесиңер?*





Аянты: **100,2 миң км²**
Калкы (2020): **51,8 млн**
Борбору: **Сеул**

# 43-§. Корея Республикасы

Корея Республикасы Чыгыш Азияда, Корея жарым аралынын түштүк бөлүгүндө жайгашкан. Жээктери чыгыштан Япония деңизи (Кореяда Чыгыш деңизи деп аталат), батышта Сары деңиз (Корияда Батыш деңиз деп аталат), түштүктө Корея кысыгы жана Чыгыш Кытай деңизи (Кореяда Түштүк деңиз деп аталат) суулары менен жуулат, түндүктө Корея Эл Демократиялык Республикасы (КЭДР) менен чектешет. Башкаруу формасы — президенттик республика. Мамлекеттин борбору — Сеул шаары *(104-сүрөт)*.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Корея Республикасы байыркы платформада жайгашкан болуп, рельефи негизинен катуу талкаланган орто бийик тоолордон турат *(105-сүрөт)*. Рельефинин тоолуулугу эсебине мамлекетте дыйканчылыкка жарактуу жерлер көп эмес жана бул кореялыктарды жерден интесивдүү түрдө пайдаланууга үндөйт. Көмүр, вольфрам, темир, цинк, коргошун, алтын кендери бар, бирок запастары салыштырмалуу аз болгондуктан мамлекет түрдүү сырьёлорго болгон керектөөсүн көбүрөөк импорттун эсебинен кандырат.

Климаты негизинен мелүүн болуп, муссон шамалдарынын таасиринде калыптанат. Жайы ысык жана нымдуу болуп, узакка созулат, кышы болсо анчалык суук эмес, бирок кургак болот. Дарыяларынын суусу мол, энергетикалык мүмкүнчүлүктөргө бай. Эң ири дарыялары — Нактонган жана Ханган. Аянттарынын чоң бөлүгүн токойлор ээлеген.



*104-сүрөт.* **Сеул шаары.**



*105-сүрөт.* **Корея Республикасынын тоо пейзажы.**

**Калкы.** Корея Республикасы көпчүлүк Азия мамлекеттеринен калкынын табигый көбөйүүсүнүн төмөн көрсаткычү менен айырмаланат (соңку жылдарда дээрлик 0 %га теңдешти). Төрөлүү жана көбөйүүнүн төмөндүгү калктын жаш курамына таасир көрсөтүүдө. 2020-жыл абалына карата, мамлекет калкынын курамында 14 жашка чейинки болгон балдардын үлүшү 12%, 65 жаш жана андан улуулардын үлүшү болсо 16%ды түзгөн. Мындай абал мамлекетте ишчи күчү менен камсыздалгандык жана пенсия системасынын туруксуздугу менен байланыштуу көйгөйлөрдү жаратууда.

Корея Республикасы жогору урбанизацияланган мамлекет болуп, калкынын 80%дан ашуун бөлүгү шаарларда жашайт. Эң ири шаарларынын катарына Сеулдан тышкары, Пусан, Тэгу, Инчхон, Кванчжу жана Теджон кирет.

Корея Республикасы калкынын этникалык курамы жагынан бир улуттуу мамлекет. Жалпы калкынын дээрлик 99%ын кореецтер түзөт. Христиандык жана буддизм диндери кеңири таралган.



*106-сүрөт.* **Корея Республикасынын калкынын жайгашуусу (мамлекеттин түрдүү түс боёлгон ар бир бөлүгүндө калкынын ¼ бөлүгү жашайт).**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Корея Республикасында калкынын орточо жыштыгынын көрсөткүчү жогору болуп, 1 $км^2$ аянтка 500 кишиден көбүрөөк туура келет. Мамлекеттин рельефи салыштырмалуу тегиз болгон батыш жана түштүк деңиз бою аймактарында калктын жыштыгы өтө жогору даражада. Жалпысынан алганда, мамлекетте калктын аймактык бөлүнүшү абдан бир кылка эмес *(106-сүрөт)*.

**Экономикасы.** Корея Республикасы 1980-жылдардан баштап социалдык-экономикалык өнүгүүдө чоң ийгиликтерге жетишти. Бул өсүү айрыкча, өнөр жай тармагында көзгө ташталат, ошондуктан да, Корея Республикасы жаңы индустриалдык (өнөр жайлашкан) өлкөлөрдүн тобуна киргизилди.

Өнөр жайдын эң маанилүү тармактары автомобиль куруу, кеме куруу, электротехника, электроника, атом энергетикасы, металлургия, химия жана нефть-химия, жеңил өнөр жайы болуп саналат *(107-сүрөт)*. Өзгөчө кеме куруу өнөр жайы боюнча мамлекет дүйнөдө биринчи орунда турат, чоюн, цинк, коргошун эритүү, автомобилдер жана полимер өнүмдөрүн өндүрүү боюнча дүйнөнүн биринчи бештигине кирет. Корея Республикасы «Samsung Electronics», «Hyundai», «Posco» жана башка дүйнөгө белгилүү трансулуттук корпорациялардын бар экендиги менен ажыралып турат.

Дыйканчылыкта шалычылык, жашылча-жемиш, мөмөчүлүк жана жүзүмчүлүк маанилүү мааниге ээ. Мал чарбачылык тармактарынан сүт-эт, бодо мал жана чочко чарбасы өнүккөн.



*107-сүрөт.* **Корея Республикасы кеме куруу жана атом энергетикасы тармагында дүйнөдөгү жетекчи мамлекеттердин бири.**

Корея Республикасы экспорт көлөмү боюнча дүйнөнүн алдыңкы 10 мамлекеттеринин катарына кирет. Корея Республикасы Өзбекстан үчүн да маанилүү соода кызматташы эсептелет. Корея Республикасы 2020-жыл соңына карата, тышкы соода айлампасы боюнча Өзбекстандын соода кызматташтары арасында Кытай, Россия жана Казакстандан кийинки 4-орунду ээледи. Өзбекстанда Корея Республикасынын капиталы катышуусунда 900дөн ашуун ишкана иштеп жатат.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Дүйнөнүн саясий картасынын жардамында Корея Республикасынын экономикалык-географиялык ордуна мүнөздөмө бергиле жана артыкчылык жактарын негиздегиле.
2. Корея Республикасынын географиялык орду табигый климаттык шартына кандай таасир көрсөтөт? Мамлекет рельефине байланыштуу абалда кандай ресурстар жетишсиз? Эмне себептен өлкө түрдүү сырьёлорго болгон керектөөлөрүн импорттун эсебинен кандырат?
3. Мамлекет калкынын жаш курамына кандай жараян чоң таасир көрсөтүүдө? Төмөнкү жадыбалды дептериңерге чийип алгыла жана теманын текстинде берилген маалыматтардан пайдаланып аны толтургула.

| | 14 жашка чейин болгон балдар | 15-64 жаштагылар | 65 жаш жана андан улуулар |
|---|---|---|---|
| Үлүшү, % | . . | . . | . . |
| Саны, млн адам | . . | . . | . . |

4. Корея Республикасынын дүйнө өнөр жайында ээлеген ордун мүнөздөгүлө. Ал эмне үчүн жаңы индустриалдык мамлекеттердин катарына киргизилет? Силердин оюңарча, Корея Республикасынын социалдык-экономикалык өнүгүшүндө жогору жетишкендиктерге жетишүүдө кандай факторлордун мааниси чоң?
5. Мамлекетибиз жана Корея Республикасынын ортосундагы экономикалык байлныштар кайсы багыттарда өнүгүп жатат? Кошумча булактардын негизинде эки мамлекеттин ортосундагы соода айлампасынын көлөмү жана анын товарлар курамы жөнүндө маалыматтарды топтогула.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 44-§. Япония

*Ачкыч сөздөр: Арал мамлекети, император, Тынч океан сейсмикалык алкагы, Фудзияма, Канто түздүгү, бир улуттуу мамлекет, синтоизм, буддизм, Токайдо мегалополиси.*

*Япония эмне себептен «Күн чыгыш мамлекети» деп аталат?*

Япония Чыгыш Азияда жайгашкан арал мамлекет. Жалпы аралдарынын саны 6 800 ашуун болуп, аймагынын 97%ын 4 ири арал — Хонсю, Хоккайдо, Кюсю жана Сикоку аралдары ээлейт. Мамлекет жээктери түндүктө Охота, батышта Япон, түштүк-батышта Чыгыш Кытай деңизи, чыгыш жана түштүктө Тынч океан суулары менен жуулат.

Япония — конституциялык монархия, мамлекет башчысы император статусуна ээ болгон дүйнөнүн саясий картасындагы жалгыз мамлекет *(108-сүрөт)*. Иш жүзүндөгү саясий башкаруу системасында жетектөөчү роль премьер-министрге таандык. Япония 47 префектурага бөлүнүүчү унитардык мамлекет. Япониянын борбору — Токио мамлекеттин эң ири аралы Хонсюнун чыгышында, Канто түздүгүндө жайгашкан.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Тынч океан сейсмикалык алкагында жайгашкандыгы себептүү, Японияда жер титирөө жана сунамилер тез-тез болуп турат. Бул табигый өзгөчөлүк калктын жашоо шартына чоң таасир көрсөтөт, ошондуктан да япондорго балалык чагынан эле жер титирөө убагында өзүн туура кармоо эрежелери үйрөтүлөт. Мамлекет аймагынын ¾ бөлүгүн тоо жана кырлар ээлейт. Япониянын эң бийик тоо чокусу — Фудзияма вулканы япон калкы үчүн ыйык жер эсептелет *(109-сүрөт)*. Рельефинин тоолуулугу айыл чарба жерлеринин жетишсиздигине алып келген.









Аянты: **377,9 миң км²**
Калкы (2020): **126 млн**
Борбору: **Токио**



*108-сүрөт.* **Япониянын императору Нарухито ант берүү убагында 2019-ж).**



*109-сүрөт.* **Фудзияма вулканы.**

Япония пайдалуу казылмаларга бай өлкө эмес. Мамлекетте негизинен йод (запастары боюнча дүйнөдө биринчи орун), күкүрт, ошондой эле, аз өлчөмдө нефть, табигый газ, алтын, күмүш жана башка минералдык ресурстар казып алынат. Жер асты байлыктарынын аздыгы Японияны отун жана металлдарды эң көп импорттоочу мамлекеттердин бирине айландырган.

Япония негизинен мелүүн жана субтропиктик климаттык алкактарда жайгашкан. Климаты, жалпысынан алганда, муссон шамалдарынын таасиринде калыптанган, ага жогору даражадагы нымдуулук мүнөздүү. Жылдык жаанчачындын көлөмү 1700-4000 ммга барабар. Ошондой эле, Япония климатына тайфундардын тез-тез кайталанып турушу мүнөздүү. Мамлекет аймагы суусу мол дарыяларга бай болуп, алардан сугат дыйканчылык жана гидроэнергетикада кең пайдаланылат.

**Калкы.** Төрөлүүнүн өтө төмөндүгү себептүү калктын табигый азайышы байкалууда. Япония калкынын жаш курамында карыялардын үлүшү эң жогору көрсөткүчкө ээ болгон мамлекет болуп саналат (29%, 2020-ж).

Японияда шаар калкынын үлүшү 90%дан жогору. Токио дүйнөнүн эң чоң шаарларынан бири болуп эсептелет, анын агломерациясында 30 млн кишиден ашуун калк жашайт *(110-сүрөт)*. Иокогама, Осака, Нагоя, Саппоро, Кобе, Киото дагы өлкөнүн ири шаарлары болуп саналат. Хоккайдо аралында жайгашкан

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Саппородон башка бардык ири шаарлар Хонсю аралынын түштүк-чыгышында жайгашкан. Мамлекеттин бул бөлүгүндө бир нече ири шаар агломерацияларынын туташып кеткендиги эсебинен Токайдо мегалополиси калыптанган *(111-сүрөт)*.



*110-сүрөт.* **Токиодогу кисилиштердин бири.**



*111-сүрөт.* **Токайдо мегалополиси.**

Япония Корея Республикасы сыяктуу бир улуттуу өлкө эсептелет. Калкынын 98%дан көбүн япондор түзөт. Негизги диндери синтоизм (япониялыктардын улуттук дини) жана буддизм. Эң кызыктуусу, япондордун көпчүлүгү синтоизмдин да, буддизмдин да салттарына баш ийтшет.

Калктын жайгашуусуна мамлекеттин рельефи чоң таасир көрсөткөн. Япония калкынын негизги бөлүгү аймактын 10%ында жашайт. Канто түздүгүндө калк эң жыш жайгашкан.

**Экономикасы.** XX кылымдын 60-жылдарынан баштап Япониянын «Экономикалык керемети» дүйнөнү таң калтыра баштаган. Мунун маңызы Экинчи дүйнөлүк согушта жеңилип, атом бомбасынын кесепеттерин башынан өткөргөн өлкөнүн тездик менен бутка турганы жана болуп көрбөгөндөй темпте ылдам өнүгүүгө жетишкенинде. Адистердин айтымында, Япониянын «Экономикалык кереметинин» негизги булагы япон улутунун жогору даражада эмгекчилдик жана эмгек тартиби, уюшкандык жана чыдамкайлык, эмгек үчүн жоопкерчилик сезими жана сарамжалдуулук сыяктуу социалдык өзгөчөлүктөрүнө байланыштуу.

Япония экономикасы жогору даражада өнүккөн өлкө. ИДӨнүн жалпы көлөмү боюнча Кытай, АКШ жана Индиядан кийинки 4-орунду ээлейт. Япония өнөр жайы эң заманбап технологияларга негизденген тармактар — электроника, электротехника, станок куруу, кеме куруу, автомобиль куруу, жабдуулар, химия жана нефть-химия өнөр жайына адистешкен. Мамлекеттин эң атактуу трансулуттук корпорацияларынын катарына «Toyota», «Honda», «Sony», «Mitsubishi» жана башкалар кирет.

Япония дыйканчылыгынын алдыңкы тармагы — шалычылык. Шалы жалпы эгин аянттарынын жарымына эгилет. Ошондой эле, буудай, соя, түрдүү жашылча жана бакчылык тармактары да акшы өнүккөн.

Японияда транспорттун бардык түрлөрү жогору даражада өнүккөн. Айрыкча, мамлекеттин негизги шаарларын байланыштырган. «Синкансен» жогорку ылдамдыктагы поезддери өзүнчө көңүл бурууга ылайык *(112-сүрөт)*. Японияда айрым аралдардын арасында суу асты туннелдер өткөзүлгөн. Алардан эң узуну Хонсю жана Хоккайдо аралдарын байланыштыруучу Сейкан туннели болот (54 км). Японида эл аралык туризм да жакшы өнүккөн. Мамлекетке жыл сайын 30 млн тегерегинде чет өлкөлүк саякатчылар келишет. Япониянын эң негизги туристтик ресурсу анын бай жана кайталангыс тарыхый-маданий мурасы болуп саналат *(113-сүрөт)*.

Хонсю аралынын чыгышында калыптанган Тынч океан өнөр жайы алкагы экономикалык жактан Япониянын эң өнүккөн аймагы эсептелет. Бул алкак Тынч океан бойлоп 600 км ден ашык аралыкка созулган. Кюсю аралынын түштүк бөлүгү, Сикоку аралы жана айрыкча, Хоккайдо аралы экономикалык жактан салыштырмалуу начар өнүккөн.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*112-сүрөт.* **«Синкансен» жогорку ылдамдыктагы поезд.**



*113-сүрөт.* **Киото шаарындагы атактуу - Будда храмы.**

## Суроо жана тапшырмалар

1. Япониянын географиялык ордунун өзгөчөлүктөрүн түшүндүргүлө. Эмне себептен Япония отун жана металлдарды эң көп импорттоочу өлкөлөрдүн бири?
2. Төмөнкү жадыбалды дептериңерге чийип алгыла жана аны толтургула.

| **Япониянын табигый шарты жана ресурстары** | |
|---|---|
| Оң (артыкчылыктары) жактары | Терс (кемчилдиктери) жактары |
| .... | .... |

3. Төмөнкү берилген географиялык аталыштар кайсы обьектилерге тиешелүү экендигин аныктагыла.

**а) Канто; б) Токайдо; в) Сейкан; г) Саппоро; д) Фудзияма; е) Хонсю**

*1) Япониядагы эң ири арал;*
*2) Хоккайдо аралында жайгашкан ири шаар;*
*3) Япониянын борбору жайгашкан түздүк;*
*4) Япониядагы эң узун суу астындагы туннель;*
*5) Япониянын эң бийик тоо чокусу;*
*6) Японияда калыптанган дүйнөдөгү эң ири мегалополистердин бири.*

4. Япония жана Корея Республикасынын калкынын табигый иш-аракети, курамы жана жайгашуусунда кандай окшоштуктар жана айырмачылыктар бар?
5. Япониянын «Экономикалык кереметинин» мүнөздөгүлө. Бул мамлекет кайсы өзгөчөлүктөрү менен өнүгүп келе жаткан мамлекеттер үчүн үлгү боло алат, деп ойлойсуңарбы?
6. Мамлекет өнөр жайы кандай тармактарга адистешкен? Бул анын экономикалык деңгээлин кандай чагылдырат? Анын эң атактуу трансулуттук корпорациялырына мисалдар келтиргиле.
7. Япониянын эл аралык экономикалык байланыштарында төмөнкү транспорт түрлөрүнөн кайсылары негизги мааниге ээ, деп ойлойсуңар? Пикириңерди негиздегиле.

а



б



в



г



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Түштүк азия, федеративдик мамлекет, Гималай тоолору, Ганга, агроклиматтык ресурстар, этникалык түрдүү-түстүүлүк, индуизм, өнүгүп келе жаткан өлкө.*

*Индия кайсыл тармактардын өнүгүшү менен атактуу?*





Аянты: **3287,2 миң км²**
Калкы (2020): **1400,1 млн**
Борбору: **Дели**

# 45-§. Индия Республикасы

Индия Республикасы Түштүк Азиядагы эң ири мамлекет, дүйнө мамлекеттеринин арасында аянты боюнча 7-орунда, калкынын саны боюнча 2-орунда турат. Аймагы негизинен Индия жарым аралында жайгашкан. Индияга Лаккадив, Андаман жана Никобар аралдары да караштуу. Европа жана Азия мамлекеттерин байланыштырган тынымсыз каттоочу деңиз боюнда жайгашкандыгы мамлекеттин экономикалык географиялык ордунун ыңгайлуулугун белгилейт.

Индия башкаруу формасы жагынан парламенттик республика, мамлекеттик түзүлүшү боюнча федерация эсептелет. Курамында 28 штат жана 8 союздаш аймактары бар. Федерация бирдиктери негизинен этникалык принцип боюнча ажыратылган.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Индиянын табигый шарты ар түрдүү, табигый ресурстарга кыйла бай. Мамлекет аймагында планетабыздагы эң бийик тоолор, калың токойлор, саванналар менен капталган тайпак тоолор, чексиз кумдуу чөлдөрдү учуратуу мүмкүн *(114-сүрөт)*.

Индия темир, марганец, хром, титан, уран, торий рудалары, көмүр, алмаз, түрдүү кымбат баалуу таштардын запастарына бай. Индиянын түрдүү аймактары жана деңиз шельфтеринен нефть табылган.

Индия аймагында кыш мезгили дээрлик күзөтүлбөйт (Гималай тоолорунан тышкары). Ошол себептүү кээ бир эгиндерден бир жылда 2-3 жолу түшүм жыйнап алынат. Жаан-чачын мезгилдик мүнөзгө ээ болуп, негизинен июнь-октябрь айларында көп жаан жайт. Индия аймагында суусу мол дарыялар көп. Алардан эң ирилери Гималайдан башталып, Бенгалия булуңуна куюлуучу Ганга жана Брахмапутра дарыялары. Ошону менен бирге, Годавари, Маханади, Кавери, Кришна, Нармада жана Тапти ири дарыялар болуп саналат.

**Калкы.** Индия калкынын саны жагынан дүйнөдө Кытайдан кийинки экинчи орунду ээлейт (2020-ж). Бирок Индиянын калкынын табигый өсүү темптери (жылдык эсепте 1,4%) Кытайга салыштырмалуу жогорулугу эсебине эки өлкөнүн ортосунда калкынын санындагы айырма барган сайын кыскарууда. Адистердин пикири боюнча, жакынкы жылдарда Индия дүйнөдөгү калкы эң көп болгон мамлекетке айланат.



*Гималай тоолору*



*Декан тайпак тоодогу саванна*



*Тар чөлү*

*114-сүрөт.* **Индиянын табиятынын ар түрдүүлүгү.**

Индия дүйнөдөгү эң көп улуттуу мамлекет. Мамлекеттеги улут, элет жана уруу түрдүү тилдин топторуна тиешелүү. Индилер, бенгалдар, бихарлар, телугулар, панжабдыктар, тамилдер эң көп сандуу улуттар болуп саналат. Индилердин жалпы үлүшү 40%дан бир аз жогорураак. Жалпы улуттук расмий тилдери — инди жана англис тилдери. Ошондой эле, түрдүү штаттарда дагы 19 тил расмий статуска ээ.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Мамлекет калкынын диний курамы да татаал. Калктын 80%ы индуизм динине таандык. Экинчи орунда жалпы калктын 14%ын түзгөн мусулмандар турат. Индияда христиандар, сикхтер, буддистер ж.б дин өкүлдөрү да жашашат.

Индиянын тарыхында Тимурийлер династиясынын көрүнүктүү өкүлдөрүнүн бири болгон Захириддин Мухаммед Бабур жана анын урпактары теңдешсиз из калтырган. Өлкөдө Бабурийлер династиясы доорунан көптөгөн тарыхый-маданий эстеликтер калган, алардын эң белгилүүсү Аградагы Таж-Махал комплекси *(115-сүрөт)*.



*115-сүрөт.* **Таж-Махал.**

Мамлекеттин урбанизация көрсаткычы 35%ды түзөт. Шаарларынын арасында Мумбай (Бомбей), Кольката (Калькутта), Дели, Бангалор, Ченнай (Мадрас), Хайдарабад, Ахмадабад эң ири шаарлар болуп саналат.

Индиянын калкы бир кылка жайгашкан эмес. Калкынын жыштыгы Ганга дарыясынын өрөөнү жана деңиз бою түздүктөрүндө өтө жогору даражада болсо (1 км$^2$ ка 1 000 кишиден ашуун), бийик Гималай тоосу капталдарында, Түндүк-батыш жана борбордук кургакчыл аймактарында болсо, тескерисинче, кыйла сейрек жайгашкан *(116-сүрөт)*.



*116-сүрөт.* **Индия калкынын жыштыгы (киши/км$^2$).**

**Экономикасы.** Индия дүйнөдө ички дүң өнүмдөрүнүн көлөмү боюнча Кытай жана АКШдан кийинки 3-орунда турат (2020-ж) жана өнүгүп келе жаткан таяныч өлкөлөрдүн бири болуп саналат. Учурда Индияны көбүнчө «айырмачылыктар өлкөсү» деп айтышат, себеби анда байлык менен кедейлик, эң заманбап өндүрүштүк ишканалары менен натуралдык өндүрүшкө негизделген жөнөкөй чарбалар ширелишип кеткен *(117-сүрөт)*.

Индия жеңил жана тамак-аш өнөр жайына адистешкен өлкөдөн улам заманбап технологияларга негизделген өнөр жай тармактары өнүккөн өлкөгө айланып барууда. Мамлекет экономикасынын негизин металлургия, машина куруу жана химия өнөр жайы түзөт. Индия көмүр жана темир рудалары, аш тузун казууда, болот, чоюн, жез алюминий, цемент, жип-кездеме, бут кийим өндүрүүдө дүйнө өлкөлөрүнүн биринчи бештигине кирет. Мамлекетте автомобиль куруу жана кеме куруу тез өнүгүп жатат. Бангалор шаары бүтүн дүйнөгө белгилүү заманбап маалымат технологияларынын борбору болуп саналат.



*Бангалор шаарындагы технопарктардын бири*



*Жибек кездемелерин колдо токуу*

*117-сүрөт.* **Индия — «айырмачылыктар өлкөсү».**

Айыл чарбасында жалпы калкынын 40%га жакын бөлүгү эмгектенет. Табигый шартынын айыл чарбасын өнүктүрүү үчүн ыңгайлуулугу себептүү Индия аймагынын жарымынан көбү эгин аянттарына айландырылган. Эгин аянттарынын чоңдугу боюнча дүйнөдө АКШдан кийинки 2-орунда турат. Мамлекет эгин аянттарынын ⅖ бөлүгүн сугаруу талап кылынат. Сугат аянттарынын көлөмү

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



боюнча Индия Кытайдан кийин гана турат. Азыркы кезде Индия шалы, буудай, картошка, кант камыш, жер жаңгак, жашылча, мөмө, пахта, чай, мурч, түрдүү дарылык эгиндерди жетиштирүү боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн алдыңкы үчтүгүнө кирет.

## Суроо жана тапшырмалар

1. Индиянын экономикалык-географиялык ордун түшүндүргүлө. Бул фактор анын экономикалык өнүгүүсүнө кандай таасир көрсөтөт?
2. Мамлекеттин табигый шартынын негизги өзгөчөлүктөрү кандай? Табигый ресурстар Индия өнөр жайы жана айыл чарбасынын өнүгүшүндө кандай мааниге ээ?
3. Индия калкынын кандай өзгөчөлүктөрү менен өзүнчө ажыралып турат? Индия жана Кытайдын калкынын табигый иш-аракети, улуттук жана диний курамын салыштыргыла.
4. Төмөнкү картада белгиленген Индиянын ири шаарларынын атын аныктагыла.



5. Индия жөнүндөгү маалыматтардын арасынан каталарын тапкыла жана аларды оңдогула.
   - Ири индустриалдык-агрардык өлкөлөрдүн тобуна кирет;
   - Саясий-аймактык түзүлүшү боюнча федеративдүү мамлекет;
   - Калктын жыштыгы борбордук жана батыш бөлүктөрүндө өтө жогору;
   - Калктын басымдуу бөлүгү буддизм динине ишенет;
   - Атактуу Таж-Махал комплекси Агра шаарында жайгашкан;
   - Эң чоң дарыялары - Ганга жана Инд дарыялары;
   - Эгин аянттарынын чоңдугу боюнча дүйнөдө Кытайдан кийинки 2-орунда турат;
   - ИДӨнүн көлөмү боюнча дүйнөдө үчүнчү орунда турат;
   - Мумбай шаары дүйнөгө белгилүү заманбап маалымат технологияларынын борбору;
   - Учурда Индияны көбүнчө «айырмачылыктардын өлкөсү» деп аташат.
6. Атластагы Индиянын экономикалык картасынан пайдаланып өлкөнүн айыл чарба адистешүүсүн талдагыла. Ага кандай факторлор таасир эткен? Жазуусуз картага мамлекеттин негизги өнөр жай борборлору жана айыл чарба адистешүүсүн *киргизгиле.*

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 46-§. Перс булуңунун араб мамлекеттери

*Перс булуңу, Арабия жарым аралы, монархия, тропиктик чөлдөр, деңиз суусун тузсуздандыруу, нефть өнөр жайы, дин туризми.*

*Перс булуңунун араб мамлекеттеринин дүйнө экономикасындагы мааниси кандай факторлорго карата белгиленет?*

Перс булуңунун тегерегинде 8 мамлекет жайгашкан, алардан 6 — Сауд Арабиясы, Бириккен Араб Эмирликтери (БАЭ), Оман, Катар, Кувейт, Бахрейн — табигыий географиялык, социалдык-экономикалык, демографиялык жана улуттук-маданий жактан бири-бирине окшойт. Бул мамлекеттер тобу **Перс булуңунун араб мамлекеттери** деп аталат. Перс булуңундагы кичи аралдарда жайгашкан Бахрейнден тышкары, ушул топтогу бардык мамлекеттер Арабия жарым аралында жайгашкан. Алкактын экономикалык-географиялык ордунун ыңгайлуулугу үч континент — Азия, Африка жана Европа туташкан аймакта, эл аралык маанидеги деңиз жолдору боюнда жайгашкандыгы менен белгиленет. Перс булуңунун араб мамлекеттеринин аянты жана калкынын саны жагынан бири-биринен айырмаланат *(21-жадыбал).* Алкактагы аймактык жана демографиялык деңгээли боюнча эң ири мамлекет Сауд Арабиясы.

*21-жадыбал. Перс булуңунун араб мамлекеттери жөнүндө жалпы маалымат*

| Мамлекет | Борбору | Аянты (миң км$^2$) | Калкы (млн киши, 2020-ж) |
|---|---|---|---|
| Бахрейн | Манама | 0,8 | 1,5 |
| Бириккен Араб Эмираттары | Абу-Даби | 83,6 | 9,8 |
| Кувейт | Аль-Кувейт | 17,8 | 4,7 |
| Катар | Доха | 11,6 | 2,8 |
| Сауд Арабиясы | Ар-Рияд | 2149,7 | 35 |
| Оман | Маскат | 309,5 | 4,7 |

Перс булунунун араб мамлекеттеринин бардыгы монархиялык башкаруу формасына ээ. Сауд Арабиясы, Катар, Оман — абсолюттук монархиялар, Кувейт, Бахрейн — конституциялык монархия эсептелет. БАЭ болсо ар бири абсолюттук монархия эсептелген жети эмирликтердин федерациясы болуп, мамлекеттик түзүлүшүндө абсолюттук жана конституциялык монархия элементтери айкалышкан.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Арабия жарым аралы байыркы платформада жайгашкандыгы себептүү рельефинде түздүк жана тайпак тоолор негизги орунду ээлейт. Климаты тропиктик, жыл бою ысык жана кургак. Жайында күндүз аба-ырайы адатта +50 $^0$С дан жогору болот, түнкүсүн 0 $^0$С га чейин түшүшү мүмкүн. Жылдык жаандын өлчөмү 100 мм ге жетпейт. Перс булуңунун алкагында негизги табият зонасы тропиктик чөлдөр болот *(118-сүрөт).*



*118-сүрөт.* **Арабия жарым аралынын чөл ландшафты.**

Перс булуңунун араб мамлекеттеринин негизги табигый байлыгы чоң нефть жана газ запасторы эсептелет. Нефть запастары менен Сауд Арабиясы, Кувейт жана БАЭ, табигый газ запастары менен Катар, Сауд Арабиясы жана БАЭ ажыралып турат.

Климаттын кургакчылдыгы себептүү суу ресурстарынын жетишсиздиги бар. Агын суулардын жоктугунан илгертеден негизги суу булагы катары жер асты суулары кызмат кылган. Азыркы шартта суу менен камсыздоодо деңиз суусун тузсуздандыруу чоң мааниге ээ болууда *(119-сүрөт).* Дарыялар жаан жааганда гана сууга толотурган өзөндөр — өрөөндөр көрүнүшүнө ээ.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*119-сүрөт.* **Деңиз суусун тузсуздандыруучу ишкана.**



*120-сүрөт.* **Аль-Кувейт шаары.**

**Калкы.** Перс булуңунун араб мамлекеттеринин калкынын маанилүү өзгөчөлүгү чет элдик мигранттардын чоң үлүшү болот. Оманда чет элдик жумушчулар калктын 25%ын, Сауд Арабиясында 30%ын түзсө, башка мамлекеттерде бул көрсөткүч 50%дан жогору, БАЭ 90%га жакын. Чет элдик мигранттардын негизги бөлүгүн Түштүк Азия жана Түндүк Африка мамлекеттеринин жарандары түзөт.



*121-сүрөт.* **Мекке шаарындагы ыйык Каба.**

Алкак мамлекеттеринде калктын табигый өсүүсү салыштырмалуу жогору эмес. Оманда бул көрсөткүч жылына 2% тегерегинде, калган мамлекеттерде 0,9-1,2% ге барабар.

Перс булуңунун араб мамлекеттерине шаар кылкынын өтө жогору үлүшү тиешелүү. Оман, Сауд Арабиясы, БАЭ жана Бахрейнде урбанизация деңгээли 80%дан жогору, Кувейт жана Катарда болсо 100%га барабар. Эң ири шаарлар — Ар-Рияд, Жидда, Дубай, Мекке, Медина, Абу-Даби, Аль-Кувейт *(120-сүрөт)*.

Сауд Арабиясы, БАЭ, Кувейтте — сунна, Бахрейнде шиа, Оманда ибади мусулмандары көпчүлүктү түзөт. Сауд Арабиясындагы Мекке жана Медина шаарлары бүтүн дүйнө мусулмандары үчүн ыйык шаарлар болуп эсептелет *(121-сүрөт)*.

**Экономикасы.** Перс булуңунун араб мамлекеттери экономикалык өнүгүүнүн жогору деңгээли менен ажыралып турат. Калктын жан башына туура келүүчү ИДӨнүн көлөмү боюнча алкактын өлкөлөрү дүйнөдөгү алдыңкы орундарда турат.

Экономиканын таяныч тармагы — нефть жана газ өнөр жайы. Нефть жана газ экспорту алкактын өлкөлөрү үчүн эң негизги киреше булагы болуп эсептелет. Энергия булактары менен жакшы камсыздалгандыгы себептүү алкактын мамлекеттеринде химия жана нефть-химия, кара жана түстүү металлургия өнөр жайы өнүгүүдө.

Дыйканчылыктын өнүгүүсү суу ресурстарынын жетишсиздигинен чектелген. Соңку жылдарда тамчылатып сугаруу технологияларын кеңири колдонууга көңүл бурулууда. Салттык түрдө негизги айыл чарба эгини курма пальмасы болуп эсептелет. Мал чарбасынын негизги тармактары кой, эчки жана төө чарбасы.

Алкактын өлкөлөрүндө ошондой эле, банк-финансы сектору, транзит соода жана туризм да жакшы өнүгүүдө.

### Суроо жана тапшырмалар

1. Перс булуңунун араб мамлекеттеринин экономикалык-географиялык ордун түшүндүргүлө.
2. Атластагы дүйнөнүн саясий картасынын жардамында төмөнкү картадан Перс булуңунун араб мамлекеттери кайсы тамгалар менен көрсөтүлгөнүн тапкыла.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






3 Бул мамлекеттердин табигый шартынын негизги өзгөчөлүктөрү кандай? Алкак кандай ресурстардын запастары боюнча дүйнө боюнча ажыралып турат? Тескерисинче, кандай табигый ресурстар абдан жетишсиз?

4 Алкак өлкөлөрү калкынын курамында чет элдик мигранттардын үлүшү чоңдугун кандай түшүндүрүүгө болот? Силердин оюңарча, бул мамлекеттерде шаар калкынын салмагы жогорулугу кандай факторлор менен байланыштуу?

5 Жадыбалды толтургула. Алкактагы калкынын жыштыгы эң жогору жана эң төмөн мамлекеттерди аныктагыла.

| Мамлекет | Аянты (миң км$^2$) | Калкы (млн киши, 2020-ж) | Калктын жыштыгы (киши/км$^2$) |
|---|---|---|---|
| Бахрейн | 0,8 | 1,5 | . . . . |
| Бириккен Араб Эмираттары | 83,6 | 9,8 | . . . . |
| Кувейт | 17,8 | 4,7 | . . . . |
| Катар | 11,6 | 2,8 | . . . . |
| Сауд Арабиясы | 2149,7 | 35 | . . . . |
| Оман | 309,5 | 4,7 | . . . . |

6 Жазуусуз картага Перс булуңунун араб мамлекеттерини айыл чарба адистешүүсүн жана негизги өнөр жай борборлорун белгилегиле.

## 47-§. Жалпылаштыруучу сабак

1 Окуу китебинин текстиндеги маалыматтардын негизинде төмөнкү мамлекеттер кандай көрсөткүчтөр боюнча дүйнөдө алдыңкы орундарды ээлешин таап жадыбалды толтургула.

| Мамлекеттер | Дүйнө боюнча ээлеген орду | | | | |
|---|---|---|---|---|---|
| | I | II | III | IV | Алдыңкы ондукка кирет |
| Казакстан | | | | | |
| Түркмөнстан | | | | | |
| Түркия | | | | | |
| Кытай | | | | | |
| Корея Республикасы | | | | | |
| Япония | | | | | |
| Индия | | | | | |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


2 Төмөнкү тесттердин жоопторун дептериңерге жазгыла.

**I вариант**

1 **Түркмөнстанда электр энергиясы кайсы булактан алынат?**
*а) ЖЭС б) ГЭС*

2 **Кытай кургактыкта канча мамлекет менен чектешет?**
*а) 16 б) 12 в) 14*

3 **«Sony» компаниясы кайсы мамлекетке таандык?**
*а) Корея Республикасы б) Кытай в) Япония г) Сингапур*

4 **«Азия жолборсу» тобуна кирген мамлекеттерди тапкыла.**
*а) Япония б) Малайзия в) Израиль г) Кытай д) БАЭ*

**II вариант**

1 **Төмөнкүлөрдүн арасынан экономикасы үчүн туризм маанилүү мааниге ээ болгон мамлекетти тапкыла.**
*а) Кыргызстан б) Казакстан*

2 **Кайсы шаар Түркиянын эң ири шаары болуп саналат?**
*а) Анкара б) Стамбул в) Измир*

3 **Дүйнөдөгү эң көп улуттуу мамлекетти тапкыла.**
*а) Кытай б) Пакистан в) Иран г) Индия*

4 **2020-жыл жыйынтыгына карата, Корея Республикасы тышкы соода айлампасы боюнча Өзбекстандын соода кызматташтары арасында канчанчы орунду ээледи?**
*а) 2-орунду б) 5- орунду в) 1- орунду г) 4- орунду д) 3- орунду*

3 Төмөнкүлөрдүн арасынан экономикасы үчүн туризм маанилүү мааниге ээ болгон мамлекетти тапкыла.




1) «Синкансен»;
2) Балхаш;
3) «Үч өткөөл»;
4) жаңы индустриялуу өлкө;
5) Никобар;
6) Мекке;
7) ибадий мусулмандары;
8) Норак;
9) «Аваза»;
10) Ысык-Көл;
11) Чыгыш Фракия;
12) Аятулла;
13) Карачи;
14) Герат.

4 6-бөлүмдөгү ар бир тема боюнча 2 ден тест түзгүлө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 7-глава. Африка, Австралия жана Океания, Америка өлкөлөрү

## 48-§. Африканын географиялык орду, саясий картасы, табигый ресурстары

*Ачкыч сөздөр: Африка, континент, материк, Гибралтар кысыгы, Суэц каналы, колония, «Африка жылы», Сахара чөлү, чөлдөшүү, Сахель.*

*Африканын географиялык ордунун өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгүлө.*

Африка континенти ушул наамдагы материка жана ага туташ аралдардан турат. Байыркы финикиялыктар «афарик» сөзү менен Карфагенден батышта жашоочу урууларды аташкан («афар» сөзү финикиялыктардын тилинде «чаң» маанисин билдирген). Римдиктер Карфагенди жана анын тегерегин басып алгандан кийин бул аймакка Африка наамын беришти. Кийинчерээк болсо бул наам бүтүн материкке карата колдонула баштаган.

Африканын аралдар менен биргеликтеги аянты 30,3 млн км$^2$ди түзөт. Калкы 2020-жыл маалыматтары боюнча, 1,34 млрд кишиге жакын (дүйнө калкынын 17,2%ы).

Африканын ортосунан экватор сызыгы, батыштан башкы меридиан өткөн. Ошол себептүү, Африка Түндүк да, Түштүк да, Чыгыш да, Батыш да жарым аралдарда жайгашкан *(122-сүрөт)*.

Африканын жээктери түндүктө Жер Ортолук деңиз, түндүк-чыгышта Кызыл деңиз, чыгышта Инди океаны, батышта Атлантика океаны суулары менен жуулат. Кызыл деңиз, Суэц каналы жана Боб-ал-Мандоб кысыгы Африканы Азиядан, Жер Ортолук деңиз жана Гибралтар булуңу Европа континентинен ажыратат *(123-сүрөт)*.



*122-сүрөт.* **Африка континенти.**

Континенттин саясий картасынын калыптануу тарыхы өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөргө ээ. Улуу географиялык ачылыштар доорунун баштап Африканын көпчүлүк аймактары Европа мамлекеттеринин колониясына айланды. 1914-жылга келип Африкада 2 гана көз карандысыз мамлекет калган болчу: бир нече миң жылдык мамлекеттүүлүк тарыхына ээ Эфиопия жана 1847-жылы АКШнын жардамы менен пайда болгон Либерия мамлекети. Континенттин калган бөлүгү Улуу Британия, Франция, Португалия, Бельгия, Германия, Италия жана Испания тарабынан өзара бөлүнүп алынган эле *(124-сүрөт)*.

Африка мамлекеттеринин эгемендүүлүккө жетишүү жараяндары 1950-жылдарда башталды. БУУ тарабынан «Африка жылы» деп жарыяланган 1960-жылы континенттеги 17 мамлекет эгемендүүлүккө жетишти жана дүйнө коомчулугу тарабынан таанылды. Көптөгөн өлкөлөр 1960-1980-жылдарда

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*123-сүрөт.* **Гибралтар кысыгынын Европадагы жээгинен Африка жээгинин көрүнүшү.**




*124-сүрөт.* **Африка саясий картасынын 1914-жылдагы абалы.**



*126-сүрөт.* **Чөлдөшүү күчтүү өнүгүп бара жаткан Сахель өлкөсүнүн аймагы.**

эгемендүүлүктү колго киргизишти. Континенттеги эң жаш мамлекеттер — 1990-жыл эгемендүүлүккө жетишкен Намибия, 1993-жылы Эфиопиядан ажыралып чыккан Эритрея жана 2011-жыл эгемендүүлүгүн жарыялаган Түштүк Судан эсептелет. Африканын азыркы саясий картасында 54 эгемендүү мамлекет бар *(125-сүрөт)*.

Африкадагы көптөгөн мамлекеттердин чек аралары колониялык доорунда калыптанып, кээ бир абалдарда табигый жана этникалык чек араларга ылайык келбей турган жасалма көрүнүштөргө ээ. Мунун таасиринде азыркыга чейин континенте түрдүү аскердик жаңжал жана этникалык чыр-чатактар тез-тез болуп турат.

Африка саясий картасынын өзүнө мүнөздүү жактарынын бири ири аянттуу мамлекеттердин көптүгү. Дүйнөдө аянты 1 млн км$^2$ден чоң 29 мамлекеттен 12 си Африкада жайгашкан (Алжир, КДР, Судан, Ливия, Чад, Нигер, Ангола, Мали, ТАР, Эфиопия, Мавритания, Египет) болсо, аянты 1 миң км$^2$ дан ашпаган 24 мамлекеттин ичинен болгону 1 — Сейшель аралдары Африкага таандык.

Африкада жалпы 6 арал мамлекет жайгашкан. Алар Мадагаскар, Кабо-Верде, Комор, Маврикий, Сан-Томе менен Принсипи жана Сейшел аралдары. Деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгү жок мамлекеттердин саны боюнча Африка континенттер арасында жетекчилик кылат. Африкада жалпы 16 мамлекет кургактыктын ичкерисинде жайгашкан. Алардын катарында Чад, Нигер, Мали, Эфиопия, Замбия, Ботсвана сыяктуу ири мамлекеттер да бар. Эфиопия дүйнөнүн кургактык ичкерисинде жайгашкан 44 мамлекеттердин арасында калктын саны боюнча жетекчи болуп саналат.

Африканын түштүгүндө жайгашкан Лесотонун мамлекеттик географиялык ордунун өзгөчөлүгү анын бардык тараптан ТАР аймагы менен курчалганында. Негизинен, Лесото Европадагы Сан-Марино жана Ватикан сыяктуу «кичи» өлкөлөр сыяктуу анклав өлкө эсептелет.

Африка мамлекеттеринен 51 республика, 3 (Марокко, Лесето, Эсватини) монархиялык башкаруу формасына ээ. Континенттеги республикалардын көпчүлүгү президенттик республикалар эсептелет. Админстрациялык-аймактык жактан Африкадагы 6 мамлекет федеративдүк түзүлүшкө ээ — Нигерия, Эфиопия, Судан, Түштүк Судан, Сомали, Комор аралдары.

Африка мамлекеттери бай жана ар түрдүү табигый ресурстары, айрыкча, минералдык байлыктары менен ажыралып турат. Нефть жана табигый газ запастарына Нигерия, Алжир, Ливия, Ангола, Габон, Конго, Экватордук Гвинея сыяктуу мамлекеттери бай. Континентте эң чоң көмүр запастары менен ТАР ажыралып турат. Намибия, Ботсвана, Замбия, КДР, Нигер сыяктуу Африка мамлекеттери түстүү, кымбат баалуу жана радиоактивдүү металлдар, алмаздын ири кендери менен белгилүү.

Аврикада эң кең таркалган табият зоналары саванна, чала чөл жана экватордук токойлор эсептелет. Түндүк Африкада планетабыздагы эң ири чөл — Сахара жайгашкан. Анын түштүк чек арасы бойлой созулган Сахель деп аталуучу чала чөл өзгөчөлүү табигый географиялык өлкө дүйнө боюнча калкы жана айыл

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*125-сүрөт.* **Африканын саясий картасы.**

чарбасы чөлдөшүү жараянынан эң олуттуу зыян көрүп жаткан аймак болуп эсептелет.Сахель Судан, Чад, Нигер, Мали, Мавритания сыяктуу мамлекеттердин аймагын камтыйт *(126-сүрөт)*.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Атластагы дүйнөнүн саясий картасынын жардамында төмөнкү жазуусуз картада цифралар манен кайсы мамлекеттер көрсөтүлгөндүгүн тапкыла жана тиешелүү жоопторду дептериңерге жазгыла.




2 Африка саясий картасынын тарыхый калыптанышы жана азыркы заманбап абалынын өзгөчөлүктөрүн түшүндүргүлө. Эмне себептен континентте этникалык чыр-чатактар тез-тез болуп турат?

3 Дүйнөнүн саясий картасынан Африканын арал мамлекеттерин таап, аталышын жана борборлорун дептериңерге көчүрүп жазгыла.

4 Африканын географиялык ордунун өзүнчө өзгөчөлүктөрү анын табигый шартына кандай таасир көрсөткөн?

5 Атластагы токой ресурстары картасынан пайдаланып, Африканын кайсы мамлекеттери токойго бай экендигин аныктагыла жана анын себебин түшүндүргүлө.

6 Сахель аймагы кандай өзгөчөлүктөрү менен ажыралып турат? Чөлдөшүүгө каршы күрөшүүдө кандай иш-чараларды ишке ашыруу зарыл деп ойлойсуңар? Силердин оюңарча, Борбордук Азия континенти үчүн чөлдөшүү проблемасы канчалык актуалдуу?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 49-§. Африка мамлекеттеринин калкы жана чарбасы

*Калктын жыштыгы, табигый өсүү, урбанизация, түштүк европеоиддер, негроиддер, калктын этникалык жана диний курамы, сырьёну жеткирип берүүчү чарба тармактары, монокультуралык эгин.*

Африкада 2020-жыл маалыматтары боюнча 1,34 млрдга жакын киши жашайт. Бу дүйнө калкынын 17,2%ын түзөт. Континент мамлекеттеринин арасында сан жагынан ажыралып турган мамлекет Нигерия эсептелет. Анын калкы 2020-жыл малыматтары боюнча 206,1 млн кишиге барабар болуп, бул көрсөткүч боюнча дүйнө мамлекеттери боюнча 7-орунда турат.

*Африканын көпчүлүк мамлекеттери экономикалык өнүгүүнүн кандай өзгөчөлүктөрү менен дүйнө боюнча ажыралып турат?*

Калкынын саны жагынан Нигериядан кийинки алдыңкы орундарды Эфиопия (115 млн киши), Египет (100,8 млн киши), Конго Демократиялык Республикасы (89,6 млн киши), Танзания (59,7 млн киши), Түштүк африка Республикасы (59,6 млн киши) жана Кения (53,5 млн киши) сыяктуу мамлекеттер ээлейт (2020-ж).

Африка калкы континент боюнча бир кылка жайгашкан эмес *(127-сүрөт)*. Буга табигый факторлор, айрыкча, климат жана суу ресурстары чоң таасир көрсөткөн. Нил өрөөнү жана дельтасы, Жер Ортолук деңизи жана Гвинея булуң бою аймактары, Чыгыш Африканын тоо аралыгындагы ойдуңдары жана ТАРдын өнөр жайлашкан аймактарында калктын жыштыгы эң жогору даражага ээ. Азыркы учурда Сахара чөлү, Калахари, Намиб сыяктуу тропиктик чөлдөрдө калктын жыштыгы өтө төмөн.



*127-сүрөт.* **Африкада калктын жыштыгы (киши/км²).**

Африка калкы эң жогору темптер менен өсүп жаткан континент болуп саналат. Дүйнө калкы акыркы жылдарда жылдык эсепте 1,1%га көбөйүп жаткан болсо, Африкада бул көрсөткүч 2,6%ды түзөт (2020-ж). Африканын көпчүлүк мамлекеттерине төрөлүү жана калктын табигый көбөйүүсүнүн жогору темптери, орточо өмүр сүрүүнүн салыштырмалуу төмөн көрсөткүчтөрү, калктын жаш курамында балдар үлүшүнүн жогорулугу мүнөздүү *(22-жадыбал)*.

Бул абал Тунис, Марокко, Ботсвана, ТАР, Кабо-Верде, Маврикий жана Сейшель аралдары сыяктуу социалдык-экономикалык өнүгүү көрсаткүчү бир топ жогорураак болгон мамлекеттерде континенттеги жалпы абалдан айырмаланат.

Африка континенттери арасында урбанизация көрсаткүчү (43%, 2020-ж) жагынан эң акыркы орунда турат. Шаар калкынын салмагы, негизинен, Жер Ортолук деңиз бою мамлекеттери, ТАР, кичи арал мамлекеттери жана нефть өнөр жайы өнүккөн мамлекеттеринде жогору. Нигер, Руанда, Бурунди, Малави сыяктуу мамлекеттерде болсо урбанизация деңгээли 20%га да жетпейт.

*22-жадыбал. Африкадагы айрым мамлекеттер, Германия жана Япониянын демографиялык көрсөткүчтөрү (2020-жыл маалыматы боюнча)*

| Көрсөткүчтөр | Африканын айрым мамлекеттери | | Дүйнөнүн өнүккөн мамлекеттери | |
|---|---|---|---|---|
| | Нигер | КДР | Германия | Япония |
| 1 аялга туура келе турган перзенттин орточо саны | 7,1 | 6,2 | 1,6 | 1,3 |
| Калкынын жылдык табигый көбөйүүсү, % | 3,8 | 3,5 | -0,2 | -0,4 |
| Эркек жана аялдардын орточо өмүр сүрүүсү, жаш | Е. — 58<br>А. — 60 | Е. — 58<br>А. — 62 | Е. — 78<br>А. — 83 | Е. — 81<br>А. — 87 |
| Калктын жаш курамында 14 жашка чейинки балдардын үлүшү, % | 51 | 46 | 14 | 12 |
| Калктын жаш курамында 64 жаштан ашкандардын үлүшү, % | 3 | 3 | 22 | 29 |
| 1 жашка чейинки болгон наристелердин өлүмү, 1000 төрөлгөн балага салыштырмалуу % | 69 | 68 | 4 | 2 |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Калкытын расалык, этникалык жана диний курамы жактан Африка континенти эки чоң бөлүккө бөлүнөт *(128-сүрөт)*. Биринчиси, Египет, Ливия, Судан, Алжир, Марокко, Мавритания сыяктуу мамлекеттерден турган Түндүк Африка алкагы. Бул жердеги калктын курамында түштүк европеоид расасына таандык араб жана барбарлар үстөмдүк кылат, негизги дин ислам эсептелет, этникалык жана диний бүтүндүгү менен ажыралып турат. Континенттеги башка мамлекеттер болсо Тропиктик Африка алкагын түзөт. Бул мамлекеттердин калкынын этникалык курамы ар түрдүү болуп, негизинен негроид расасына тиешелүү жүздөгөн улут жана элеттерден турат. Диндерден ислам, христиандык жана түрдүү жергиликтүү диндер кеңири таралган, региондун ар түрдүү мамлекетинде алардын катышы түрдүүчө *(129-сүрөт)*.




*128-сүрөт.* **Түндүк жана Тропиктик Африка мамлекеттеринин калкынын салыштырма мүнөздөмөсү.**



*129-сүрөт.* **Африкада түрдүү диндердин таралышы.**

Африка мамлекеттеринин дүйнөлүк чарбадагы орду негизинен тоо-кен өнөр жайы жана тропиктик дыйканчылыгы менен белгиленет. Башкача айтканда, континенттеги мамлекеттердин экономикасында көбүрөөк сырьёну жеткизүү тармактары үстөмдүк кылат. Мунун негизги себептери адистешүүнүн колониялык доорунда калыптангандыгы, өндүрүштүн техникалык жана технологиялык жардылыгы менен байланыштуу.

Нигерия, Алжир, Ангола, Ливия, Габон, Конго, Экватордук Гвинея нефть жана табигый газ, Намибия жана Нигер уран, Гвинея боксит рудалары, Замбия жана КДР жез рудалары, Марокко жана ТАР болсо таш көмүр, темир, марганец, алтын, платина, алмаз сыяктуу минералдык ресурстарды казып алуу жана экспорт кылуу көлөмү боюнча ажыралып турат.

Жеңил жана тамак-аш өнөр жайы тармактары континенттин Египет, Алжир, Тунис, Марокко, ТАР сыяктуу мамлекеттеринде жакшы өнүккөн. Африка мамлекеттеринде ири өнөр жай райондору жана борборлору негизинен минералдык ресурстарды казып алуучу аймактар жана порт шаарларынын айланасында жайгашкан.

Көпчүлүк Африка мамлекеттеринин айыл чарбасы үчүн белгилүү бир эгин түрүнүн жеке бийлиги мүнөздүү. Мисалы, Судан, Мали, Чад жана Буркина-Фасода негизги эгин — пахта, Кот-д Ивуар, Гана, Камерунда - какао, Сенегал жана Гамбияда — жер жаңгак. Эфиопия жана Угандада — кофе, Кенияда — чай эсептелет. Көп тармактуу айыл чарбасы ТАР жана Жер Ортолук деңиз бою мамлекеттеринде калыптанган.

Социалдык-экономикалык өнүгүү көрсаткүчү жагынан Африка 3 бөлүккө бөлүнөт. ТАР континенттеги мамлекеттердин арасында экономикалык жактан эң кудуреттүүсү болгондуктан өзүнчө ажыратылат. Египет, Ливия, Алжир, Тунис жана Марокко — бир топ жогору даражада өнүгүп келе жаткан мамлекеттер Түндүк (Жер Ортолук деңиз бою) Африка экономикалык-географиялык алкагы катары ажыратылат. Континенттин калган бардык мамлекеттери Тропиктик Африка алкагын пайда кылат. Тропиктик Африкада 33 мамлекет БУУ тарабынан дүйнөнүн эң жай өнүккөн мамлекеттер тобуна киргизилген *(2021-ж)*.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Африка мамлекеттеринин калкынын көбөйүүсү жана жаш курамынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрүн түшүндүргүлө. Табигый көбөйүү жана калктын жаш курамы арасындагы байланышты түшүндүргүлө.
2. Африка өлкөлөрүнүн айыл чарбадагы ордун кайсы тармактар белгилеп берүүдө? Эмне үчүн?
3. Картада ажыратылып көрсөтүлгөн өлкөлөрдүн кайсылары төмөнкү өзгөчөлүктөргө мүнөздүү экендигин аныктагыла:



- а) калкынын курамында түштүк европеоид расасыны таандык арабдар жана барбарлар үстөмдүк кылат;
- б) Африкада калкынын саны боюнча алдыңкы эки мамлекет;
- в) жез казып алуу жана экспорттоо көлөмү боюнча ажыралып турат;
- г) жер жаңгак негизги эгин эсептелет;
- д) урбанизация денгээли 20% га да жетпейт.

4. Африка өлкөлөрүнүн айыл чарбасы үчүн кандай өзгөчөлүктөр мүнөздүү? Бул өзгөчөлүктөрдү айрым мамлекеттердин мисалында көрсөткүлө.
5. Атластагы Африканын экономикалык картасынан пайдаланып, жазуусуз картага континенттеги нефть, темир жана жез рудаларынын кендерин белгилегиле жана алар жайгашкан мамлекеттердин аттарын жазып алгыла.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Эл аралык деңиз жолдору, тропиктик чөлдөр, субтропиктик климат, Дракон жана Кап тоолору, Вельд пластосу, минералдык байлыктар, африканерлер, африкаанс тили, тоо-кен өнөр жайы.*

*Түштүк Африка Республикасы өзүнүн кандай табигый жана социалдык-экономикалык өзгөчөлүктөрү боюнча Африка континенти жана дүйнөлүк масштабда ажыралып турат?*





Аянты: **1219,9 миң км²**
Калкы (2020): **59,6 млн**
Борбору: **Претория**

# 50-§. Түштүк Африка Республикасы

Түштүк Африка Республикасы (ТАР) Африка континентинин эң түштүк бөлүгүндө жайгашкан. жээктери түштүк-батышта Атлантика океаны, түштүк-чыгышта Инди океаны суулары менен жуулат. ТАР маанилүү жана көп каттоочу эл аралык деңиз жолдорунун боюнда жайгашкан. Анын Кейптаун шаары Түштүк жарым шардагы эң ири порт-шаарлардан бири.

Мамлекет башкаруу формасы жагынан парламенттик республика. Борбору — Претория. Бирок бул жерде президент жана өкмөттүн резиденциялары гана жайгашкан. ТАР парламенти Кейптаунда, Жогорку соту болсо Блумфонтейн шаарында иш-аракет көрсөтөт.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Түштүк Африка Республикасынын рельефи ар түрдүү. Чыгыш бөлүгүндө Дракон тоолору *(130-сүрөт)*, түштүгүндө болсо Кап тоолору жайгашкан. Мамлекеттин түндүк жана борбордук бөлүктөрү Вельд платосу менен, батыш райондору түздүк рельефи менен ажыралып турат. ТАР ири минералдык байлыктарга бай. Мамлекетте көмүр, марганец, хром, уран, алтын, алмаз, платина, ваданий жана түрдүү сейрек металлдардын чоң запастары бар.

Түштүк Африка Республикасынын борбордук жана батыш аймактарында ысык жана кургакчыл тропиктик климат калыптанган. Мамлекет түштүгү жана чыгышындагы деңиз бою аймактарында нымдуу субтропиктик климат тиби байкалат. ТАРдын түндүк-батышында Калахари чөлү *(131-сүрөт)*, Атлантика океаны жээгинде болсо Намиб чөлү жайгашкан. Мамлекеттин кургакчыл климаттуу бөлүгүндө суу ресурстарынын жетишсиздиги бар. ТАРдагы эң ири дарыя — Оранж.

**Калкы.** Түштүк Африка Республикасы континент мамлекеттеринин арасында калкынын саны боюнча 6-орунда турат. Калктын табигый көбөйүү темптери көпчүлүк Африка мамлекеттерине салыштырмалуу төмөнүрөөк болуп, жылдык эсепте 1,1%ды түзөт. ТАР калкы коңшу мамлекеттерден көчүп келип жаткандардын эсебинен көбөйүүдө.



*130-сүрөт.* **Дракон тоолору.**



*131-сүрөт.* **Калахари чөлү.**

Шаар калкынын үлүшү 67% болуп, бул көрсөткүч Африкадагы көп мамлекеттерге салыштырмалуу жогору эсептелет *(23-жадыбал)*. Мамлекеттин эң ири шаары жана экономикалык борбору — Йоханнесбург. Андан тышкары, Кейптаун *(132-сүрөт)* жана Дурбан да мамлекеттеги ири шаарлардын катарына кирет.

Калкынын 80%дан азыраагын түрдүү жергиликтүү улут жана элет өкүлдөрү түзөт. Мамлекеттеги Европалыктардын чоң бөлүгү африканерлер — XVII–XIX кылымдарда көчүп келген голландыктардын муундары түзөт. Алар нидерланд тили негизинде калыптанган, африкаанс тилинде сүйлөшөт. ТАР конституциясы боюнча 11 тил, анын ичинен, африкаанс, англис жана жергиликтүү улуттардын 9 тили расмий статуска ээ. Эң көп таралган дин — христиандык.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*23-жадыбал. Калкка тиешелүү айрым көрсөткүчтөрдүн ТАРда жана Африка мамлекеттери боюнча орточо маанилери (2020-ж)*

| № | Көрсөткүчтөр | ТАР | Африка мамлекеттери боюнча орточо мааниси |
|---|---|---|---|
| 1 | Табигый көбөйүү (%) | 1,1 | 2,6 |
| 2 | Миграция салдосу (1000 кишиге салыштырмалуу) | 4 | -1 |
| 3 | Наристелер өлүмү (1000 тирүү төрөлгөндөргө салыштырмалуу) | 22 | 49 |
| 4 | Калктын курамында 15 жаштан кичүү балдардын үлүшү (%) | 29 | 41 |
| 5 | Калктын курамында 64 жаштан улуулардын үлүшү (%) | 6 | 3 |
| 6 | Шаар калкынын салмагы (%) | 67 | 43 |

Калкынын жайгашуусуна климаттык шарты, суу ресурстары жана өнөр жайдын өнүккөндүгү чоң таасир көрсөткөн. Мамлекеттин түндүк-чыгышындагы өнөр жай райондору, түштүк-чыгыш жана түштүк деңиз бою аймактарында калктын жштыгы жогору болсо, батыш жана түндүк-батыш чөл аймактарында калк сейрек жайгашкан.

**Экономикасы.** ТАР африканын экономикалык жактан эң өнүккөн мамлекети. Экономикасы тоо-кен өнөр жайы, машина куруу, көп тармактуу айыл чарбасы жана туризмге адистешкен. ТАРда тоо-кен өнөр жайы жогору деңгээлде өнүккөн. ТАР көмүр, темир, марганец, алтын, платина, палладий рудасы, алмаз жана башка минералдык ресурстарды казып алуу боюнча дүйнө өлкөлөрүнүн ичинде алдыңкы орундарды ээлейт. Ал дүйнөдөгү эң ири көмүр экспорттоочулардын бири. Мамлекетте электр энергиясы негизинен көмүрдө иштей турган ЖЭСтерде өндүрүлөт.

Айыл чарбасы суу ресурстарынын жетишсиздиги себептүү ТАР аймагынын 15%ында интесивдүү өнүккөн. Бирок ошого карабастан, дыйканчылык менен мал чарбасынын түрдүү тармактары жакшы өнүккөн. Дыйканчылык бакчылык жана жүзүмчүлүккө негизделген. Мал чарбасынын негизги тармактары — бодо мал, кой (анын ичинен, каракөлчүлүк), эчки чарбасы. Мал чарбасынын салттык эмес тармагы — төө куштарды көбөйтүрүү да өнүккөн *(133-сүрөт)*.

ТАРдын түштүк деңиз бою бөлүгүндө жана мамлекеттин ичкерисиндеги ири шаарларда туризм жакшы өнүккөн.



*132-сүрөт.* **Кейптаун шаары.**



*133-сүрөт.* **Төө куш фермасы.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Түштүк Африка Республикасынын экономикалык-географиялык ордун баалагыла. Анын оң жактары эмнелерден турат?
2. Мамлекеттин табигый шарты жана ресурстары анын чарбалык адистешүүсүнө кандай таасир көрсөттү? Ал кайсы түрдөгү минералдык ресурстарды казып алуу боюнча дүйнөдө алдыңкы орундарды ээлейт?
3. ТАР калкынын көбөйүүсү жана курамы, урбанизация көрсаткүчү боюнча Тропиктик Африка мамлекеттеринен кандай айырмаланат? Силердин оюңарча, буга кандай факторлор таасир эткен?
4. Тексттеги каталарды тапкыла жана аларды оңдогула.

ТАРдын батыш бөлүгүндө Дракон тоолору жайгашкан. Эң ири дарыясы — Замбези. Калкынын саны боюнча континент мамлекеттеринин арасында 8-орунда турат. Калкынын табигый көбөйүү темптери жылдык эсепте 1,4%. Урбанизация деңгээли 80%. Мамлекеттин эң ири шаары жана экономикалык борбору Кейптаун эсептелет. Тар конституциясы боюнча 9 тил расмий статуска ээ. Эң көп таралган дин — буддизм. Айыл чарбасы мамлекет аймагынын 10% бөлүгүндө интенсивдүү өнүккөн. Дыйканчылыктын эң маанилүү тармактары бакчылык жана жер эгиндери болуп саналат.

5. ТАР экономикасынын негизги тармактары кандай? Мамлекет айыл чарбасынын континенттеги башка көптөгөн мамлекеттерден айырмалуу түрдө көп тармактарга адистешкендиги кандай экономикалык-социалдык мааниге ээ?
6. Атластагы Африканын экономикалык картасынан пайдаланып, жазуусуз картага ТАР айыл чарба адистешүүсүн белгилегиле.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 51-§. Нигерия Федеративдик Республикасы

Нигерия Федеративдик Республикасы Батыш Африкада жайгашкан. Түштүктөн жээктери Атлантика океанынын Гвинея булуңунун суулары менен жуулат.

Башкаруу формасы — президенттик республика. Нигерия федеративдик мамлекет болуп, 36 штат жана федералдык борбордук аймактан турат. Штаттар негизинен калктын этникалык курамы боюнча ажыратылган. Мамлекет борбору — Абужа шаары, өлкөнүн борборунда жайгашкан *(134-сүрөт)*.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Нигериянын түндүгүндө рельеф негизинен тайпак тоолордон турат, мамлекеттин түштүк бөлүгү болсо ылдыйкы түздүктөрдөн турат *(135-сүрөт)*. Нигериянын эң чоң табигый байлыгы — нефть запастары. Нефть кендери көбүрөөк түштүктө жайгашкан.

Мамлекет негизинен экватордук жана субэкватордук климаттык алкактарда жайгашкан. Жыл бою ысык температура сакталат. Жаандын өлчөмү түштүк деңиз бою аймактарынан түндүккө карай азаят. Экватордук климаттуу бөлүгүндө жылдык жаандын өлчөмү 3000 мм тегерегинде. Ар дайым жана мезгилдик нымдуу токойлор жана саванналар негизги табият зоналары эсептелет.

*Батыш Африка, Тропиктик Африка, Гвинея булуңу, Нигер дельтасы, Лагос хауса, йоруба, игбо, нефть жана нефти карй иштөө өнөр жайы.*

*Силердин оюңарча, Африка өлкөлөрүнүн арасынан Нигериянын үйрөнүүнүн кандай мааниси бар?*










**134-сүрөт. Нигерия борборуі — Абужа шаары.**

*135-сүрөт.* **Нигериянын рельефи.**

Аянты: **923,8 миң км$^2$**
Калкы (2020): **206,1 млн**
Борбору: **Абужа**

Дарыяларынан эң ириси Негер болуп, ал узундугу жагынан Африкада Нил жана Конгодон кийинки үчүнчү дарыя. Нигер Гвинея булуңуна куюлушунда чоң дельтаны пайда кылат. Нигер дельтасы мамлекеттин маанилүү экономикалык району болуп саналат.

**Калкы.** Нигерия дүйнөнүн калкы эң көп 10 мамлекетинин ичинде калкынын эң жогору темптерде өсүп жаткандыгы менен ажыралып турат. Калктын табигый көбөйүүсү жылдык эсепте 2,5%га барабар (2020-ж) болуп, мамлекет калкы жыл сайын 4,5 — 5 млн кишиге көбөйүүдө.

Нигерия калкынын 51%ы шаарларда жашайт. Мамлекетте 10 «миллионер» шаар бар (2020-ж). Гвинея булуңу жээгинде жайгашкан Лагос шаары Нигерияда гана эмес, бүтүн Африкадагы эң ири шаар болуп саналат *(136-сүрөт)*.



*136-сүрөт.* **Лагос — Нигерия жана бүткүл Африканын эң ири шаары.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Нигерия Тропиктик Африкадагы көпчүлүк өлкөлөрдөй көп улуттуу мамлекет, калкы 250дөн ашуун жергиликтүү улут жана элеттерден турат. Эң ири улуттар — хауса, йоруба жана игбо (ар бири жалпы калктын болжол менен 20%ын түзөт). Мамлекеттик тили — англис тили. Нигериянын түндүк штаттарында ислам дини, түштүк штаттарында болсо христиандык дини көбүрөөк таралган.

Нигерияда калктын жыштыгы орто эсеп менен 1 км$^2$ ге 2020 кишиден көбүрөөк болсо, жээк бою аймактарында мындан 3-4 эсе жогору.

**Экономикасы.** Нигерия ИДӨнүн жалпы көлөмү боюнча Африкада 1-орунда турат, бирок ИДӨнүн калктын жан башына туура келүүчү өлчөмү жогору эмес — 5200 АКШ доллары тегерегинде (2020-ж). Бирок бул Тропиктик Африкадагы көп мамлекеттере салыштырмалуу бир кыйла жогору көрсөткүч (алкак боюнча орточо көрсөткүч 2800 АКШ долларына барабар).

Экономикасынын негизи жана мамлекеттик бюджет кирешесинин башкы булагы — нефть экспорту. Нефтини казып алуу жана кайра иштөө өнөр жайы Нигерия өнөр жайынын эң өнүккөн тармагы *(137-сүрөт)*. Мамлекетте токой, токуучулук, тамак-аш жана тоо-кен өнөр жайы да бир кыйла өнүккөн.



*137-сүрөт.* **Нигериядагы нефтини кайра иштөө заводдорунан бири. .**

Айыл чарбасы — калктын алектигини негизги тармагы. Нигерияда жер жаңгак, жүгөрү, шалы, сорго, пахта, түрдүү жашылча жана мөмө эгиндери жетиштирилет. Бодо мал, кой, эчки, чочко чарбасы мал чарбасынын негизги тармактары болуп эсептелет.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1 Нигериян административдик-аймактык түзүлүшүнүн федеративдик формасы кандай фактор менен байланыштуу? Бул сыяктуу жагдайды дагы кайсы мамлекеттерде байкоого болот?

2 Дүйнөнүн саясий картасынын жардамында Нигерия жана төмөнкү мамлекеттердин географиялык жайгашуусунда кандай жалпы жактар бар экендигин аныктагыла.




3 Эмне себептен Нигериянын борбору Лагостон Абужага көчүрүлгөн? Силердин оюңарча, мамлекет борборун тандоодо кандай факторлорду эске алуу керек? Оюңарды негиздегиле.

4 Нигериянын кайсы бөлүгүндө калк эң жыш жайгашкан? Мамлекетте калктын таралышына таасир этүүчү факторлорду түшүндүргүлө.

5 Атластагы Африканын экономикалык картасынан пайдаланып, жазуусуз картага мамлекеттин айыл чарбасынын адистешүүсүн жана ири өнөр жай борборлорун белгилегиле.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Суэц каналы, Синай жарым аралы, Нил дарыясы, Асван суу сактагычы, тропиктик жана субтропиктик климат, калктын жыштыгы, сугарма дыйканчылык.*

*Египет аймагында эң байыркы цивилизациялардын бири калыптанышына кандай табигый географиялык факторлор таасир көрсөткөн?*





Аянты: **1001,4 миң км²**
Калкы (2020): **100,8 млн**
Борбору: **Кахира**

# 52-§. Египет Араб Республикасы

Египет Араб Республикасы Африканын түндүк-чыгышында жана анын аз бөлүгү Азия континентиндеги Синай жарым аралында жайгашкан. Жээктери түндүктө Жер Ортолук деңизи, чыгышта Кызыл деңиз суулары менен жуулат. Египет аймагынан өтүүчү Суэц каналы бул эки деңизди туташтырат жана азыркы кезде Африка жана Азиянын чек арасы болуп эсептелет. Суэц каналынын өткөндүгү, Азия жана Африка туташкан аймакта жайгашкандыгы Египеттин экономикалык-географиялык ордунун абдан ыңгайлуулугун белгилейт.

Башкаруу формасы — президенттик республика. Египет борбору Кахира шаары мамлекеттин түндүгүндө, Нил дельтасында жайгашкан. Ал Африкадагы эң ири шаарлардын бири болуп саналат *(138-сүрөт)*.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Египет аймагы негизинен түздүктөрдөн турат. Кызыл деңизге гана жакын бөлүгү жана Синай жарым аралында тоолор бар. Мамлекетте пайдалуу казылмалардан нефть, табигый газ, темир рудалары, фосфорит кендери бар.

Египет аймагынын чоң бөлүгү тропиктик, Жер Ортолук деңиз жээги болсо субтропиктик климат алкагында жайгашкан. Жайы өтө ысык, кышы болсо жылуу. Жаан абдан аз жаайт, жылдык өлчөмү 200 ммден ашпайт.ошондуктан өлкөнүн аймагын тропиктик чөлдөр ээлейт.

Ысык жана кургак климат шартында Египет үчүн суу ресурстарынын жетишсиздиги мүнөздүү. Мамлекеттин жалгыз дарыясы — анын айнын аймагын түштүктөн түндүккө кесип өтүп, Жер Ортолук деңизине куюла турган Нил — чөлдөр арасынан агып өтүүчү транзит дарыя *(139-сүрөт)*. Дал мына ушул Нил дарыясы Египеттин бир нече миң жылдык тарыхында негизги суу булагы болгон. Нилде дүйнөдүгү эң суу сактагычтардын бири — Асвон суу сактагычы куруулган *(140-сүрөт)*.



*138-сүрөт.* **Кахира шаары.**



*139-сүрөт.* **Нил дарыясы.**

**Калкы.** Египет Африка мамлекеттеринин арасында калкынын саны боюнча Нигерия жана Эфиопиядан кийинки 3-орунда турат. Калктын табигый өсүүсү салыштырмалуу жогору даражада сактылап калууда. Мамлекет калкы жылына 1,8%га, башкача айтканда дээрлик 2 млн кишиге көбөйөт.

Египетте шаар калкынын үлүшү 45% тегерегинде жана бул көрсөткүч Түндүк Африканын башка мамлекеттерине караганда төмөнүүрөөк деңгээлде. Эң ири шаарларынын катарына Кахира, Александрия жана Гиза кирет.

Египет калкынын этникалык курамында арабдар көпчүлүктү түзөт. Ал араб мамлекеттери арасында саны боюнча жетекчи эсептелет. Кеңири таралган дин — ислам дини, бирок египеттиктердин 10%га жакын бөлүгү христиан динине тиешелүү.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Египет Араб Республикасында калк бир кылка жайгашкан эмес. Египеттиктердин 90%дан көп бөлүгү калкынын жыштыгы менен дүйнө масштабында ажыралып турган Нил өрөөнү жана дельтасында жашайт. Ошондой эле, Суэц каналынын боюнда, Жер Ортолук жана Кызыл деңиз жээктеринде калктын жыштыгы бир кыйла жогору.

**Экономикасы.** Египет Африка континентиндеги мамлекеттердин арасында эң чоң экономикалык деңгээлге ээ мамлекеттердин бири. Мамлекет экономикасы агрардык-индустриалдык характерге ээ. Өнөр жайы, негизинен, нефть-газ, токуучулук, тамак-аш жана химия тармактарына адистешкен. Ошондой эле, Египетте металлургия, машина куруу, курулуш материалдары өнөр жайы да өнүгүп барууда.

Айыл чарбасы сугат дыйканчылыкка таянат. Негизги эгиндери — пахта, буудай, шалы, жүгөрү, мөмө, жашылча-жемиш жана жер эгиндери. Египет Африка мамлекеттеринин арасында дан эгиндери, жашылча-жемиш жана мөмөлөрдүн жалпы түшүмү боюнча 1-орунду ээлейт. Бирок данга болгон керектөөлөрүн импорттун эсебинен каптайт жана дүйнө боюнча данды чет өлкөдөн эң көп сатып алуучу мамлекеттердин бири болуп эсептелет. Мал чарбасынын негизги тармагы бодо мал чарбасы.

Египеттин мамлекеттик бюджети үчүн Суэц каналы аркылуу транзиттен түшө турган бажы салыгы киреше булагы болот *(141-сүрөт)*.



*140-сүрөт.* **Асвон суу саткагычы дамбасынын спутниктен көрүнүшү.**



*141-сүрөт.* **Суэц каналы.**

Мындан тышкары, Египет экономикасынын маанилүү тармактарынан бири — туризм эсептелет. Туризмдин өнүгүүсүнө Египет деңиз бою аймактарынын табигый шарты жана өлкөнүн өтө бай тарыхый-маданий мурасы чоң таасир көрсөтөт *(142-сүрөт)*.



*142-сүрөт.* **Египет пирамидаларынын бири Чоң Сфинкс айкели.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Египет Араб Республикасынын экономикалык-географиялык ордунун өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүктөрү эмнелерден турат? Эмне үчүн көптөгөн Африка мамлекеттеринде Египеттин түштүк жана батыш чек аралары сыяктуу туура сызык формасындагы чек аралар кезигет?
2. Египеттин климаты кандай мүнөздөлөт? Мамлекет үчүн Нил дарыясынын маанисин түшүндүргүлө.
3. Египет Африкада калкынын саны боюнча алдыңкы мамлекеттердин бири экендигинин себептерин кандай түшүндүрөсүңөр? Мамлекет калкынын жайгашуусуна кандай факторлор чоң таасир көрсөткөн? Калкынын негизги бөлүгү ири дарыя өрөөндөрүндө жашаган мамлекеттерге мисалдар келтиргиле.
4. Эмне себептен Суэц каналы Египет үчүн маанилүү мааниге ээ? Дүйнөнүн саясий картасынын жардамында бул каналдын эл аралык деңиз транспортундагы маанисин түшүндүргүлө.
5. Египетте эл аралык туризмди өнүктүрүү үчүн кандай ресурс жана шарттар бар? Саякаттоо үчүн бул мамлекетти тандайт белеңер? Эмне үчүн?
6. Атластагы Африканын экономикалык картасынан пайдаланып, жазуусуз картага Египеттин ири өнөр жай борборлорун белгилегиле.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 53-§. Практикалык машыгуу
## *Африканын саясий картасы, табигый жана экономикалык географиялык шартын үйрөнүү*

**1. Төмөнкү Африка мамлекеттерин аталыштарын жана алардын жалпы жактарын аныктап, бул жерде дагы кайсы мамлекеттер болушу керектигин тапкыла.**




**2. Жадыбалды толтургула.**

| Мамлекеттер | Аянты, миң км$^2$ | Калкы, млн киши | Калкынын жыштыгы, киши/км$^2$ |
|---|---|---|---|
| Чад | 1284 | 16,9 | ... |
| Кения | 582,6 | 53,5 | ... |
| Ангола | 1246,7 | 32,5 | ... |
| Сенегал | 196,2 | 16,7 | ... |

**3. Төмөнкү мамлекеттердин жуптарынын арасынан социалдык-экономикалык өнүгүү деңгээли бири-бирине жакын болгондорун тапкыла.**

ТАР — Бурунди; Тунис — Уганда; Алжир — Малави;
Египет — Марокко; Ботсвана — Маврикий; Мавритания — Руанда.

**4. Төмөнкү пикирлерди улантыргыла.**

**Африка мамлекеттеринин социалдык-экономикалык өнүгүшүнө таасир этүүчү факторлор:**

**Оң (артыкчылык) жактары**

**Жылуулук ресурстары менен жетишерлүү даражада камсыз болгондугу**

... ... ...

**Терс (кемчилдик) жактары**

**Көптөгөн мамлекеттерде суу ресурстарынын жетишсиздиги**

... ... ...

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



5. Төмөнкү мамлекеттерге тиешелүү маалыматтарды таап, туура жоопторду дептериңерге белгилегиле.
1) ТАР; 2) Египет; 3) Нигерия.
а Аа. Негизинен субэкватордук жана экватордук климаттык аймактарда жайгашкан;
б. Калкы коңшу өлкөлөрдөн көчүп келе жаткандардын эсебинен да көбөйүүдө;
в. Африка мамлекеттеринин арасында калкынын саны боюнча үчүнчү орунда турат;
г. Көмүр, марганец, хром, уран, алтын, алмаз, платина, ванадий жана түрдүү сейрек металлдардын чоң запастары бар;
д. Африка өлкөлөрүнүн арасында дан эгиндери, жашылча жана мөмөлөрдүн дүң түшүмү боюнча биринчи орунду ээлейт;
е. Экономиканын негизи жана мамлекеттик бюджет кирешесинин негизги булагы нефть экспорту;
ё. Туризмдин өнүгүшүнө деңиз бою аймактарынын табигый шарты жана өлкөнүн абдан бай тарыхый-маданий мурастары чоң таасир көрсөтөт;
ж. 10 «миллионер» шаарлары бар;
з. Тропиктик Африка мамлекеттеринен европалыктардын салыштырмалуу жогорку үлүшү менен ажыралып турат.

6. Атластагы Африканын экономикалык картасынын жардамында Түндүк Африка жана Тропиктик Африка мамлекеттеринин айыл чарба адистешүүсүн салыштыргыла.



Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 54-§. Австралия союзу

*Материк, Британия Шыңтымакташтыгы королдугу, федеративдик мамлекет, тышкы миграция, австралиялык англичандар, австралиялык аборигендер, Сидней, Мельбурн, тоо-кен өнөр жайы.*

*Австралия табиятына мүнөздүү өзгөчөлүктөр жөнүндө эмнелерди билесиңер?*

Австралия Союзу бир бүтүн материкти ээлеген дүйнөдөгү жалгыз мамлекет. Курамына Австралия материгинен тышкары Тасмания жана башка аралдар кирет. Жээктери түндүк, батыш жана түштүктөн Инди океаны, анын деңиз жана кысыктары, чыгыш жагынан тынч океаны деңиздеринин суулары менен жуулат. Аянты жагынан дүйнөдө 6-орунда турат. Экономикалык-географиялык орду анын Түштүк жарым шарда, башка материк жана мамлекеттерден кыйла алыста жайгашкандыгы менен белгиленет. Ошону менен бирге, заманбап деңиз жана аба транспорту мамлекетти дүйнөнүн бардык алкактары менен дайыма байланышта болушун камсыздайт.

Австралия Союзу Британия Шыңтымакташтыгы королдугу эсептелип, расмий мамлекет башчысы Улуу Британия бийлиги эсептелет. Иш жүзүндө саясий башкаруу системасында башкы роль премьер министрге тиешелүү. Афстралия 6 штат жана 2 аймактан түзүлгөн федеративдик мамлекет. Мамлекет борбору — Канберра шаары Австралиянын түштүк-чыгышында жайгашкан.





Аянты: **7692,0 миң км²**
Калкы (2020): **25,8 млн**
Борбору: **Канберра**

**Табигый шарты жана ресурстары.** Австралия рельефи негизинен түздүктөр жана күчтүү майдаланган платолордон турат. Чыгышта гана орточо бийиктиктеги Чоң Суу тоо кыркасы бар. Анда австралиянын эң бийик точкасы — Костюшко чокусу (2228 метр) жайгашкан *(143-сүрөт)*.

Австралия ар түрдүү пайдалуу казылмаларга бай. Мамлекет темир, жез, никель, уран, боксит, алтын рудалары, көмүр, алмаз запастары менен дүйнө масштабында өзүнчө ажыралып турат. Көмүр кендери көбүрөөк мамлекеттин түштүк жана түштүк-чыгыш бөлүгүндө, нефть жана табигый газ болсо чыгыш жана батыш аймактарында ошондой эле океан шельфтеринде жайгашкан.



*143-сүрөт.* **Кооссюшко тоосу.**



*144-сүрөт.* **Австралия чөлдөрү.**

Австралия аймагы негизинен, субэкватордук, тропиктик жана субтропиктик климат алкактарында жайгашып, климаттын эң маанилүү өзгөчөлүгү анын кургакчылдыгынан турат. Мамлекет аймагынын чоң бөлүгүн чөл, чала чөл жана саванналар ээлейт *(144-сүрөт)*. Табиятынын эң чоң кемчилдиги суу ресурстарынын жетишсиздиги. Негизги дарыясы Муррей жана анын куймасы Дарлинг суусу мезгилдер боюнча кескин өзгөрүп турат.

**Калкы.** Австралияда калктын табигый көбөйүүсү төмөн, жылдык эсепте 0,5% тегерегинде. Калктын санынын көбөйүүсүнө тышкы миграция көбүрөөк таасир көрсөтөт. Калктын миграциялык көбөйүшү жылына 0,8-1,0%га барабар. Жалпысынан алганда, Австралиянын азыркы калкы миграциянын эсебинен калыптанган. Материктин түпкү калкы — австралиялык аборигендер мамлекет калкынын бар-жогу 1%ын түзөт. Негизги улут — австралиялык англичандар.

Австралия Союзу жогору урбанизациялашкан мамлекеттердин катарына кирет. Анда шаар калкынын үлүшү 86% га барабар (2020-ж). Эң ири шаарлары — Сидней *(145-сүрөт)*, Мельбурн, Брисбен, Перт, Аделайда.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


Австралия Союзу калктын жыштыгы эң төмөн мамлекеттердин бири. Бул жерде 1 км$^2$ аймакка орто эсеп менен 3 киши туура келет. Австралиянын калкы негизинен мамлекеттин түштүк-чыгышында жана чыгыш аймактарында топтолгон, ички аймактарында болсо калк абдан сейрек жайгашкан *(146-сүрөт)*.

**Экономикасы.** Австралия Союзу экономикасы өтө өнүккөн мамлекет болуп саналат. ИДӨнүн көлөмү боюнча Австралия дүйнөнүн жетекчи 20 мамлекеттеринин катарына кирет, калктын жан башына туура келүүчү ИДӨнүн өлчөмү болсо көпчүлүк Европа мамлекеттеринен да жогору.



*145-сүрөт.* **Сидней шаары.**

Айыл чарбасынын адистешүүсүнө мамлекеттин табигый ресурстары чоң таасир көрсөткөн. Негизинен, Австралиянын дүйнөлүк экономикадагы ордун көп жагынан тоо-кен жана отун өнөр жайы белгилейт. Ал көмүр, уран, темир, алмаз, боксит, алтын, никель, цинк, коргошун казып алуу боюнча дүйнөдөгү жетекчи 5 мамлекеттин катарына кирет. Көмүр, суюлтурулган газ, уран, кара жана түстүү металдардын негизги бөлүгү Чыгыш жана Түштүк-чыгыш Азия мамлекеттерине экспорттолот.




*146-сүрөт.* **Австралияда калктын жыштыгы (киши/км$^2$).**

Айыл чарбасында Австралия экономикасынын маанилүү тармагы. Мал чарбасынын негизги тармактары — кой чарбасы жана бодо мал чарбасы. Австралия дүйнөдө койлордун саны жана жүн иштеп чыгаруу боюнча 2-орунда, жүн экспорту боюнча 1-орунда турат *(147-сүрөт)*. Дыйканчылыгы данчылык, бакчылык жана жүзүмчүлүккө адистештирилген.

Австралиянын негизги экономикалык району анын түштүк-чыгыш аймагы эсептелет. Бул жерде мамлекет калкынын 70%ы жашайт жана Австралиянын 2 эң ири шаары — Сидней жана Мельбурн жайгашкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE





*147-сүрөт.* **Кой чарбасы — Австралия айыл чарбасынын салттуу тармагы.**

## Суроо жана тапшырмалар

1 Австралия Союзунун экономикалык-географиялык ордунун оң жана терс жактарын салыштыргыла.

2 Австралиянын азыркы калкы кандай калыптанган? Ушуга окшош жагдайлар дагы кайсы мамлекеттерге мүнөздүү?

3 Эмне үчүн Австралия Союзу калктын жыштыгы эң төмөн мамлекеттерден бир болуп саналат? Дүйнөнүн табигый картасынын жардамында калктын жыштыгына таасир этүүчү факторлорду түшүндүргүлө.

4 Австралия айыл чарбасынын эл аралык адистешүүсүндө кандай факторлор маанилүү орунга ээ? Мамлекеттин дүйнөлүк экономикадагы ордун кайсы тармактар белгилейт? Эмне үчүн Австралиянын айыл чарбасында мал чарбасы үстөмдүк кылат?

5 Атластагы Австралиянын экономикалык картасынан пайдаланып, жазуусуз картага айыл чарба адистешүүсүн жана ири өнөр жай борборлорун белгилегиле.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Америка, Түндүк Америка, Түштүк Америка, Панама каналы, Кариб деңизи, Латын Америкасы, континент, материк, Британия Ынтымакташтыгы королдугу.*

*Америка континентинде дүйнө саясаты жана экономикасында маанилүү орун туткан кайсы мамлекеттер жайгашкан?*

# 55-§. Американын саясий картасы

Америка Батыш жарым шарда жайгашкан эки материк — Түндүк жана Түштүк Американы, ошондой эле, аларга жакын аралдарды камтып алган континент. Анын жалпы аянты 42,5 млн км$^2$ ге барабар. Түндүк жана Түштүк Америка материктерин Панама каналы ажыратып турат *(148-сүрөт)*.

Континент жээктери түндүктөн Түндүк Муз, чыгыштан Атлантика, батыштан Тынч океаны суулары менен жуулат. Америка түштүктө Дрейк кысыгы аркылуу Антарктидадан, түндүк-батышта болсо Беринг кысыгы менен Азиядан ажыралып турат.

Белгилүү болгондой, Америка континети 1492-жылы испаниялык деңизчи Христофор Колумб экспедициясы тарабынан ачылган. Материктин аталышы болсо Колумб ачкан жерлер өзүнчө материк экенин далилдеген италиялык саякатчы Америго Веспуччиге атап коюлган.

Улуу географиялык ачылыштарга чейин Американын калкы индейлер менен эскимостордон турган. XVI кылымдын башынан XVIII кылымга чейин Американын бардык аймактары Испания, Португалия, Франция, Улуу Британия, Нидерландия сыяктуу Европа мамлекеттери тарабынан колонияларга айландырылган.

XVIII кылымдын аягында континенттеги биринчи көз карандысыз өлкө — Америка Кошмо Штаттары пайда болду. Американын азыркы саясий картасындагы көптөгөн өлкөлөр XIX кылымда эгемендүүлүккө ээ болушкан. XX кылымдын башында мамлекеттик көз карандысыздыкка Куба менен Панама жетишкен. Белиз, Суринам, Гайана жана Кариб деңизиндеги бир катар «кичи» арал мамлекеттери XX кылымдын 1960-80-жылдары гана көз карандысыз мамлекеттер катары дүйнөлүк саясий картадан орун ээледи.



*148-сүрөт.* **Панама каналы.**

Американын саясий картасында азыркыга чейин колониялык аймактар сакталып калган. Мындай аймактардан эң ириси Гренландия. Ал Дания королдугунун курамындагы автономиялуу аймак эсептелет. Колониялар негизинен Кариб деңизиндеги аралдарда жайгашкан. Түштүк Америка материгиндеги жалгыз колония Франция Гвианасы эсептелет.

Американын заманбап саясий картасында 35 көз карандысыз мамлекет бар (149-а, 149-б-сүрөттөр). Алар өзүнүн аймактык чоңдугу жагынан бири-биринен кескин айырмаланат. Континенттеги 4 мамлекет дүйнөнүн эң ири өлкөлөру катарынан жай алган — Канада, АКШ, Бразилия жана Аргентина.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






149-а-сүрөт. Түндүк Американын саясий картасы.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






**149-б-сүрөт. Түштүк Американын саясий картасы.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Алардан тышкары Боливия, Колумбия, Перу жана Мексиканын аянты 1 млн $км^2$ даанадан ашат. Венесуэла жана Чили мамлекеттеринин аянты 500 миң $км^2$ ден чоң. Ошону менен бирге Америкадагы 7 мамлекет аянты 1 миң $км^2$ ден аз. Алардын бардыгы Кариб деңизи аралдарында жайгашкан.

Континентте 2 мамлекет гана — Боливия жана Парагвай деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ эмес. Мексика, Гватемала, Гондурас, Никарагуа, Коста-Рика, Панама жана Колумбия жээктери, б.а. Атлантика жана Тынч океан суулары менен жуулат. АКШ жана Канада болсо үч — Атлантика, Тынч жана Түндүк Муз океандарына чектеш. Кариб деңизи жана Атлантика океанынын ага туташ бөлүгүндө 13 арал мамлекети жайгашкан *(150-сүрөт)* алардан аянты жагынан эң чоңу Куба.

Америкадагы 35 мамлекеттен 26сы республика, 9 у Британия Ынтымакташтыгы королдуктары, башкача айтканда, конституциялык монархиялар болуп саналат. Конституциялык монархиялардан 2 — Канада жана Белиз Түндүк Америка материгинде жайгашкан болсо, калган 7си Кариб деңизиндеги арал мамлекеттер.

| | |
|---|---|
| **Арал мамлекеттер** | Антигуа жана Барбуда, Багам аралдары, Барбадос, Доминика, Доминикана Республикасы, Гаити, Гренада, Куба, Сент-Китс жана Невис, Сент-Люсия, Сент-Винсент жана Гренадин, Тринидад жана Тобаго, Ямайка |
| **Деңиз бою континенттик мамлекеттер** | Америка Кошмо Штаттары, Аргентина, Белиз, Бразилия, Эквадор, Гайана, Гондурас, Гватемала, Канада, Колумбия, Коста-Рика, Мексика, Никарагуа, Панама, Перу, Сальвадор, Суринам, Уругвай, Венесуэла, Чили |
| **Ички континенттик мамлекеттер** | Боливия, Парагвай |

*150-сүрөт.* **Америкадагы мамлекеттердин географиялык жайгашуу жагынан классификацияланышы.**

Америкада 7 федеративдик мамлекет жайгашкан — АКШ, Аргентина, Бразилия, Канада, Мексика, Венесуэла ошондой эле Сент-Китс жана Невис. Сент-Китс жана Невис 2 кичи аралдан турат, Америка континентиндеги эң кичине мамлекет, ошондой эле, дүйнөдөгү эң кичине федеративдик мамлекет болуп саналат.

Америка 2 ири саясий-географиялык алкакка — Түндүк Америка жана Латын Америкасына бөлүнөт. Түндүк Америкада АКШ жана Канада жайгашкан. Америкадагы АКШдан түштүктө жайгашкан бардык мамлекеттер Латын Америкасы континентин түзөт. Дүйнөнүн бул ири алкагы Латын Амарекасы деп аталышы көп мамлекеттеринде калкы байыркы латын тилинен келип чыккан испан, португал, француз тилдеринде сүйлөшүүсү менен байланыштуу.

Түндүк Америка жана Латын Америкасы мамлекеттери социалдык-экономикалык өнүгүү көрсаткүчү жана калктын улуттук-маданий өзгөчөлүктөрү менен айырмаланат. АКШ жана Канада «Чоң жетилик» тобуна кирүүчү өнүккөн мамлекеттер болсо, Латын Америкасы мамлекеттери өнүгүп келе жаткан мамлекеттер тобуна таандык.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Америка континенти кайсы аймактарды бириктирет? Атластагы дүйнөнүн саясий картасынан континент чек араларын аныктагыла.
2. Атластагы Түндүк жана Түштүк Американын саясий карталарынан пайдаланып, төмөнкү картада белгиленген мамлекеттердин аталыштарын аныктагыла жана алардын борборлорун туура тандагыла.




*а) Каракас;*
*б) Манагуа;*
*в) Оттава;*
*г) Парамарибо;*
*д) Гавана;*
*е) Сан-Хосе;*
*ё) Сантьяго;*
*ж) Мехико;*
*з) Кито;*
*и) Асунсон;*
*й) Бельмопан;*
*к) Буэнос-Айрес;*
*л) Порт-о-Пренс;*
*м) Вашингтон;*
*н) Джорджтаун;*
*ң) Сукре;*
*о) Санто-Доминго;*
*ө) Монтевидео;*
*п) Гватемала;*
*р) Лима.*

3. Атластагы дүйнөнүн табигый жана саясий карталары жардамында Америка континенти мамлекеттери рельеф түзүлүшүн салыштыргыла жана аймагынын чоң бөлүгү тоолордон турган мамлекеттерди аныктагыла.
4. Америка континентинде жайгашкан кайсы мамлекеттердин экономикалык-географиялык орду салыштырмалуу ыңгайсыз деп бааланышы мүмкүн?
5. Түндүк Америка материги жана Түндүк Американын саясий-географиялык алкагынын ортосундагы айырманы түшүндүргүлө.
6. Латын Америкасы региону эмне себептен ушундай аталышын түшүндүргүлө.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 56-§. Америка Кошмо Штаттары

*Түндүк Америка, континенттик штаттар, Аляска, Гавайи аралдары, Колумбия Федереаль борбордук округу, Кордильера, Денали, Ажал өрөөнү, торнадо, мегалополис.*

*Тарых сабактарынан алган билимиңерди эстеп, АКШ мамлекетинин калыптанышы жөнүндө сүйлөгүлө.*

Америка Кошмо Штаттары дүйнө өлкөлөрүнүн арасында аянты боюнча 4, калкынын саны боюнча 3-орунда турат. Ошондой эле, АКШ экономикалык, аскердик-саясий жана илимий-технологиялык кудурети боюнча заманбап дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринин бири.

АКШ аймагы 3 бөлүктөн турат: Түндүк Америка материгинин орто бөлүгүндөгү штаттар, Түндүк Американын түндүк-батышында жайгашкан Аляска жана Тынч океанындагы Гавайи аралдары.

АКШ 3 — Атлантика, Тынч жана Түндүк Муз океанына чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ. Ал кургактыкта Канада жана Мексика менен гана чектешет. АКШ жана Канаданын чек арасы дүйнө боюнча эки мамлекет ортосундагы эң узун чек ара болуп эсептелет. Беринг кысыгы аркылуу АКШ Россия менен чектешет.

АКШ — президенттик республика: президент мамлекет жана өкмөт башчысы болуп эсептелет. Саясий-аймактык түзүлүшү жактан караганда, АКШ 50 штат жана Колумбия Федераль борбордук округдан түзүлгөн федерация. 48 штат жана Колумбия округу (Вашингтон шаары) континенттик штаттардын аймагында жайгашкан, 49-штат Аляска, 50-штат Гавайи эсептелет.





Аянты: **9519,4 миң км²**
Калкы (2020): **329,9 млн**
Борбору: **Вашингтон**

**Табигый шарты жана ресурстары.** АКШ аймагынын чоңдугу үчүн табигый шарты ар түрдүү. Континенттик штаттардын чыгыш жана борбордук бөлүктөрү негизинен түздүктөрдөн турат, батыш бөлүгүндө Кордильера тоолорунун бир нече тармактары өткөн. Аляска жана Гавайи штаттарынын рельефи да негизинен тоолуу. Аляска аймагында Түндүк Америка материгинин эң бийик точкасы — бийиктиги 6194 метр болгон Денали (алдыңкы аты — Мак-Кинли) чокусу жайгашкан *(151-сүрөт)*. Материктин эң төмөн точкасы — Ажал өрөөнү (86 метр) да АКШда, Калифорния штатында жайгашкан (*152-сүрөт.*)



*151-сүрөт.* **Денали тоосу.**



*152-сүрөт.* **Ажал өрөөнү.**

АКШ көмүр, нефть, табигый газ, темир, түрдүү түстүү металлдардын рудалары, минералдык туздардын ири запастарына бай. Бирок АКШда өнөр жай өндүрүүнүн көлөмү ири экендиги себептүү, өлкө минералдык сырьёнун көп түрлөрүн импорттойт. Континенттик штаттардын аймагы негизинен мелүүн жана субтропиктик, Аляcканын чоң бөлүгү субарктикалык жана арктикалык, Флорида жарым аралы жана Гавайи аралдары болсо тропиктик климат алкагында жайгашкан. Мексика булуңуна туташ аймактарда тропиктик торнадолор көп болуп турат. АКШнын негизги табият зоналары — аралаш жана жазы жалбырактуу токойлор, талаа жана токой-талаалар. Мамлекеттин батышында чала чөл жана чөлдөр да көп учурайт.

АКШ суу жана гидроэнергетика ресурстарына бай. Өлкөнүн эң ири дарыялары — Миссисипи, Миссури, Рио-Гранде, Колорадо, Колумбия. Канада менен чек арасында Жогору, Мичиган, Эри, Гурон жана Онтарио көлдөрүнөн турган Улуу көлдөр системасы жайгашкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Калкы.** АКШнын түпкү эли америкалык индеецтер эсептелет. Бирок азыркы учурда индеецтер өлкө калкынын өтө аз бөлүгүн түзөт. Американлыктардын курамында Европа өлкөлөрүнөн түрдүү доорлордо көчүп келгендердин муундары көпчүлүктү түзөт. Ошону менен бирге, АКШ калкынын курамында Латын Америкасы өлкөлөрүнөн (айрыкча, Мексика) көчүп келгендер, кара денелүүлөр, мулаттар жана башка расалык топтордун үлүшү кыйла жогору жана барган сайын ашып барууда.

АКШда 1990-жылдан баштап ар 10 жылда регулярдуу түрдө калкты каттоо жүзөгө ашырылат. 1790-жылдан 2020-жылга чейин АКШ калкынын саны дээрлик 85 эсеге ашкан жана анын өсүшү азыркыга чейин уланууда. Азыркы баскычта АКШ калкынын табигый көбөйүүсү жылдык эсепте 0,3-0,4%ды түзүп, дүйнө боюнча орточо көрсөткүчтөн (1,1%) төмөн, бирок өнүккөн мамлекеттердин орточо көрсөткүчүнө (0,0) салыштырмалуу бир кыйла жогору. Миграциялык өсүү жылдык эсепте 0,2%га тең. Ошондой эле, АКШ чет элдик мигранттардын саны (46 млн киши) боюнча дүйнөдө алдыңкы орунда турат.

АКШда шаар калкынын үлүшү 82% (2020-ж). Эң ири шаарлары — Нью-йорк *(153-сүрөт)* Лос-Анжелес, Чикаго, Хьюстон, Филадельфия. Урбанизация жараянынын өнүгүшу натыйжасында АКШ аймагында 3 мегалополис калыптанган: түндүк-чыгыштагы «Бостон-Вашингтон» (БосВаш), Улуу көлдөр боюндагы «Чикаго-Питсбург» (Чипитс) жана Тынч океан боюндагы «Сан-Франциско-Сан-Диего» (СанСан).



*153-сүрөт.* **Нью-Йорк шаары.**

АКШда эң көп колдонулуучу тил англис тили. Ошондой эле, мамлекет калкынын 50 млн кишиге жакын бөлүгү күнүмдүк турмушта испан тилинде сүйлөшөт. Испан тилинде сүйлөөчү американлыктардын үлүшү Мексика чек арасына жакын жайгашкан Нью-Мексико, Калифорния, Техас, Аризона, Невада штаттарында жогору (25-45%).

АКШда калктын жыштыгынын орточо көрсөткүчү 1 км² ге 35 кишиге барабар, бирок мамлекеттин түрдүү бөлүктөрүндө ал анчейин айырмаланат *(154-сүрөт)*. Буга негизинен табигый шарты күчтүү таасир этет. Түндүк-чыгыш, түштүк-чыгыш жана батыш океан бою штаттарында калктын жыштыгы эң жогору деңгээлде болсо, тоолуу штаттар жана айрыкча, Аляскада калк абдан сейрек жайгашкан.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE






*154-сүрөт.* **АКШнын калкынын жыштыгы (штаттар боюнча, киши/км²).**

## Суроо жана тапшырмалар

1. АКШнын географиялык орду жана аймактык түзүлүшүн мүнөздөгүлө. Ал кандай себептерден улам федеративдик мамлекет катары калыптангандыгын негиздөөгө аракет кылгыла.
2. АКШнын табигый шартынын ар түрдүү болушуна кандай факторлор таасир көрсөткөн? Атластагы дүйнөнүн табигый картасынан пайдаланып, мамлекеттин рельефтик түзүлүшүн жана суу ресурстары менен камсыздалгандык көрсаткүчүн мүнөздөгүлө.
3. АКШнын калкынын калыптанышынын негизги өзгөчөлүктөрү кандай? Силердин оюңарча, эмне себептен өлкөгө Латын Америкасынан көчүп келгендердин үлүшү улам ашып бара жатат?
4. АКШ калкынын жыштыгына кандай факторлор таасир көрсөтөт? Мамлекеттин кайсы бөлүктөрүндө калк жыш жайгашкан? Эмне үчүн?
5. Мегалополистер кандай калыптанат? Эмне себептен мамлекеттердин арасында эң көп мегалополистер АКШда калыптанган деп ойлойсуңар?

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Өнөр жай алкактары, айыл чарбасы алкактары, трансконтиненттик жолдор, Түндүк-чыгыш, Орто Батыш, Түштүк, Батыш.*

*АКШнын эл аралык экономикадагы орду жөнүндө эмнелерди билесиңер?*

# 57-§. АКШ чарбасы жана экономикалык райондору

АКШ ички дүң өнүмдүн көлөмү боюнча дүйнө мамлекеттери арасында Кытайдан кийинки экинчи орунду ээлейт жана дүйнөнүн жетекчи экономикаларынан бири эсептелет. Бирок белгилей кетүүчү нерсе, АКШнын жүздөгөн ири трансулуттук корпорациялары көптөгөн чет мамлекеттерде кеңири экономикалык иш-аракеттерди жүргүзүшү өлкөнүн экономикалык кудуретин жана дүйнөлүк чарбадагы ордун дагы жогорулатат. Ошондой эле, АКШ банк-финансылык системасынын жогору деңгээли жана АКШ долларынын негизги эл аралык волюта функциясын аткарып жаткандыгы өлкөнүн дүйнө экономикасына күчтүү таасир этишин камсыз кылат.

**Өнөр жайы.** АКШ жалпы өнөр жай өнүмдөрүнүн көлөмү боюнча дүйнөдө Кытайдан киники 2-орунда турат. Мамлекетте заманбап өнөр жайдын бардык тармактары жогору даражада өнүккөн. Айрыкча, аэрокосмостук өнөр жай, автомобиль куруу, электротехника, электроника, медицина аспап-жабдууларын өндүрүү, атом машина куруучулугу, аскердик-өнөр жай комплекси, нефть-химия өнөр жайы сыяктуу заманбап технологияларга таянып өнүгүп жаткан өнөр жай тармактарында АКШнын дүйнөлүк масштабдагы жетекчилиги дана көзгө ташталат.

Соңку жылдарда АКШ дүйнөдө нефть жана табигый газ казып алууда 1- (жылына 700 млн тоннадан ашык нефть жана 900 млрд $м^3$ дан ашык табигый газ), көмүр казып алууда 4- (жылына 500 млн тоннага жакын) орундарды ээлейт. Нефть-газ өнөр жайынын эң ири райондору Техас, Калифорния жана Аляска штаттарында калыптанган. Алясканын түндүгүндө дүйнөдөгү эң ири нефть кендеринин бири эсептелген Прадхо-Бей кени жайгашкан. Көмүр эң көп көлөмдө Вайоминг штатында казып алынат. Электр энергиясын өндүрүү көлөмү боюнча АКШ дүйнөдө Кытайдан кийинки 2-орунда турат (2020-жылда 4,3 трлн кВт/с). Мамлекеттин отун-энергетика балансында нефть жана табигый газ жетекчи мааниге ээ *(155-сүрөт)*.

Химия жана нефть-химия өнөр жайынын эң ири району мамлекет түштүгүндөгү Техас штатында калыптанган. АКШ химия өнөр жайынын эң ири борбору Хьюстон шаары болуп саналат.

Машина куруу өнөр жайы көп тармактуу болуп, ар түрдүү штаттарда түрдүүчө адистешкен. Тынч океан бою штаттары (Калифорния, Вашингтон) аэрокосмостук өнөр жай жана электроника, Улуу көлдөргө туташ штаттар (Мичиган, Иллинойс) автомобиль куруу, түндүк-чыгыш Атлантика бою штаттары кеме куруунун өнүккөндүгү менен өзүнчө ажыралып турат.

АКШда бир нече ири өнөр жай алкагы калыптанган. Мындай аймактардан эң кудуреттүүсү Атлантика океаны жана Улуу көлдөргө туташ штаттарды камтып алган Түндүк өнөр жай алкагы эсептелет. Анын үлүшүнө мамлекет өнөр жай өндүрүшүнүн дээрлик жарымы туура келет. Башка ири өнөр жай алкактарынын катарына Аппалачи тоолорун бойлоп жайгашкан Түштүк-батыш негизинен, нефть жана нефть-химия өнөр жайына адистешкен Мексика булуңу ошондой эле өлкөнүн түштүк-батышындагы Калифорния өнөр жай алкактары кирет.




*155-сүрөт.* **АКШнын отун-энергетика балансы (2019-ж).**

**Айыл чарбасы.** АКШнын негизги айыл чарба эгиндери — буудай, жүгөрү, соя, пахта, бал камыш,

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



кант кызылчасы, түрдүү жашылча жемиштер жана мөмөлөр. Жүгөрү, соя жана пахта экспорту боюнча АКШ дүйнөдө 1-орунда турат. Мал чарбасынын негизги тармактары — бодо мал чарбасы, үй канаттуулар жана чочко чарбасы. Эт жана сүт өнүмдөрүн өндүрүү жана экспорттоодо АКШ дүйнөдө алдыңкы мамлекеттердин бири.

Табигый жана тарыхый факторлорго байланыштуу абалда АКШда түрдүү тармактарга адистешкен айыл чарба алкактары пайда болгон. Кордильера тоолору этектерин ээлеген Улуу түздүктөрдөгү буудай алкагы, Борбордук түздүктөрдүн түндүгүндөгү жүгөрү алкагы, Миссисипи бассейнинин түштүгүндөгү пахта алкагы *(156-сүрөт)*, Улуу көлдөргө туташкан штаттардагы сүт алкагы, тоолуу штаттардагы эт чарбасы алкагы, Калифорниядагы бакчылык алкагы ушуларга кирет.



*156-сүрөт*. **АКШдагы ири пахта плантацияларында пахта терими.**

**Транспорту.** АКШ темир жана автомобиль жолдорунун узундугу, аэропорттордун саны, алардагы жүк жана жүргүнчүлөрдүн айлампасы боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат. Транспорт системасынын өзөгүн кеңдик багытындагы Атлантика жана Тынч океан жээктерин туташтырган, ошондой эле, түндүк жана түштүк штаттарды бириктирген меридионалдык багытка ээ трансконтиненталдык темир жана автомобиль магистралдары түзөт. Атлантика жана Тынч океандары, Мексика булуңу жана Улуу көлдөрдүн жээктеринде 100дөн ашык ири порттор бар. Булардан жүк айлампасы боюнча жетекчи Жаңы

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Орлеан шаары болуп саналат. АКШ аймагында 5000ден ашык катуу каптамалуу аэропорттор иштейт. Атланта шаарындагы аэропорт дүйнө боюнча эң көп жүргүнчүлөрдү тейлейт.

**Туризм.** АКШ өлкөгө келүүчү чет элдик саякатчылардын саны боюнча жетекчилик кылбаса да, туризмдин эсебинен эң чоң киреше алуучу мамлекет эсептелет. АКШга көбүрөөк Канада жана Европадан саякатчылар келет. Флорида, Калифорния жана Гавайи штаттарында деңиз бою туризми кеңири өнүккөн. Дүйнөгө белгилүү Нью-Йорк, Чикаго, Лос-Анжелес, Сан-Франциско жана башка шаарларына жыл сайын миллиондогон саякатчылар келишет. Өлкөдө туризмдин өнүгүшү үчүн абдан бай табигый ресурстар да бар *(157-сүрөт)*.





*157-сүрөт.* **Йеллоустон улуттук багындагы жылуу булактардан бири жана Ниагара шаркыратмасы.**

**Экономикалык райондору.** АКШ аймагында табигый жана социалдык-тарыхый факторлордун натыйжасында экономикалык кудурет жана адистешүүгө ээ болгон 4 ири экономикалык район (макрорайон) ажыратылат. Атлантика океаны боюнда жайгашкан аянты кичине, бирок калкынын саны жана жыштыгы чоң, жогору даражада өнөр жайлашкан, эң ири финансылык борборлорго ээ болгон штаттарды камтып алган *Түндүк-чыгыш;* Улуу көлдөрдөн түштүк жана батышта жайгашкан, көп тармактуу өнөр жай, данчылык жана сүт чарбачылыгына адистешкен *Орто Батыш;* пахтачылык, тамекичилик, бакчылык, нефть-химия жана токуучулук өнөр жайы, деңиз бою туризми өнүгүүсү менен ажыралып

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



турган, кара денелүү элдин салмагы салыштырмалуу жогору болгон *Түштүк;* көбүрөөк тоолуу рельеф жана кургакчыл климатка ээ, түстүү металлургия, аэрокосмостук, электроника өнөр жайы, бакчылык жана жайлоо мал чарбачылыгына адистешкен, испан тилинде сүйлөгөн элдин салыштырмалуу жогору салмагы менен ажыралып турууч *Батыш (158-сүрөт).*




*158-сүрөт.* **АКШнын ири экономикалык райондору.**

## Суроо жана тапшырмалар

1. АКШнын дүйнө экономикасына тийгизген таасири кандай факторлор менен белгиленет? АКШ жана Кытайдын экономикасын салыштыргыла.
2. АКШнын негизги өнөр жай алкактарын мүнөздөгүлө. Бул алкактар кандай факторлордун таасиринде калыптангандыгын түшүндүргүлө.
3. Атластагы Америка Кошмо Штаттарынын экономикалык картасынан пайдаланып, жазуусуз картага мамлекеттин айыл чарба адистешүүсүн белгилегиле.
4. Төмөнкү пикирди уланткыла.

| | | | |
|---|---|---|---|
| **АКШ экономикасынын түрдүү тармактарынын өнүгүшүнө таасир этүүчү факторлор:** | **Өнөр жай** | Пайдалуу казылмалар запастарынын көптүгү | ……… |
| | **Айыл чарбасы** | Агроклиматтык ресурстарга байлыгы | ……… |
| | **Туризм** | Табигый рекреация ресурстарына байлыгы | ……… |

5. Кошумча булактардын негизинде Өзбекстан жана АКШ ортосундагы кызматташтык байланыштары жөнүндө маалымат жыйнагыла жана мамлекетибиз экономикасынын кайсы тармактарына АКШнын компаниялары тарабынан көптөгөн инвестициялар киргизилип жатканын аныктагыла.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Британия Ынтымакташтыгы королдугу, тышкы миграция, Канадалык англичандар, Канадалык французздар, Торонто, Монреаль.*

*Канаданын АКШ жана Австралия менен кандай жалпы жактарын ажырата аласыңар?*





Аянты: **9984,6 миң км²**
Калкы (2020): **38,2 млн**
Борбору: **Оттава**

# 58-§. Канада

Канада Түндүк Америка материгинин түндүк бөлүгү жана ага жанаша аралдарда жайгашкан. Канаданын кыргактары түндүктө Түндүк муз океаны, чыгышта Атлантика океаны, түштүк-батышта Тынч океан суулары менен жуулат. Мамлекет кургактыкта АКШ менен гана чектешет. Канада аймагынын чоңдугу боюнча дүйнөдө 2-орунда турат.

Канада Британия Ынтымакташтыгы королдугу болуп, мамлекет башчысы расмий түрдө Улуу Британия башкаруучусу болуп эсептелет. Иш жүзүндө саясий башкаруу башында премьер министр турат. Канада 10 провинция, 3 аймактан турган федеративдик мамлекет. Борбору — Оттава шаары мамлекеттин түштүк-чыгышында жайгашкан.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Канаданын чыгыш жана батыш бөлүктөрү геологиялык түзүлүшү жана рельефинин өзгөчөлүктөрү менен кескин айырмаланат. Чыгыш бөлүгү кадимки платформада жайгашып, негизинен түздүк жана күчтүү майдаланган тайпак тоолордон турса, Тынч океанга туташ батыш бөлүгү бийик Кордильера тоолору менен капталган.

Канада дүйнөдөгү пайдалуу казылмаларга эң бай мамлекеттердин бири. Анын аймагында уран, темир рудасы, никель, жез, коргошун, цинк, алтын, нефть, табигый газ жана калий туздарынын ири кендери бар.

Канада табиятынын эң маанилүү өзгөчөлүктөрүн анын климаты белгилейт. Мамлекет аймагынын 75%ы суук климат зонасына туура келет. Негизги табият зоналары — тайга, тундра жана Арктика чөлдөрү. Канада түштүгүндө талаа ландшафты кеңири таралган.

Өлкө жер, суу жана токой ресурстарына өтө бай *(159-сүрөт)*. Түндүк жарым шардагы токойлордун дээрлик ⅓ бөлүгү Канадага туура келет. Ал көлдөрдүн саны боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат.



*159-сүрөт.* **Канаданын табияты.**



*160-сүрөт.* **Торонто шаары.**

**Калкы.** Канадага төрөлүү жана табигый көбөйүүнүн төмөн көрсаткүчү мүнөздүү болуп, жылдык эсепте табигый көбөйүү темптери 0,2%га барабар (2020-ж). Мамлекет калкынын өсүшүнө көбүрөөк тышкы миграция таасир көрсөтөт. Миграциянын сальдосу 2020-жыл 1,4%ды түзгөн.

Мамлекетте шаар калкынын үлүшү 80%дан ашык. Эң ири шаарлары — Торонто *(160-сүрөт)*, Монреаль, Ванкувер, Квебек.

Канададагы эки эң ири улут Канадалык англичандар жана Канадалык французздар. Ошондуктан, Канадада англис жана француз тилдери расмий статуска ээ. Француз тилинде сүйлөшүүчү калктын 85%ы мамлекет чыгышындагы Квебек провинциясында жашайт. Канададагы француз маданиятынын борбору Монреаль шаары саналат. Өлкөнүн түндүгүндө түпкү калкы — эскимостор жана америкалык индулар жашайт. Алардын тилдерине тиешелүү федералдык аймактарда расмий макам берилген. Интенсивдүү миграциянын эсебинен Канада калкынын этникалык түрдүү-түстүүлүгү барган сайын артып барууда.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



Калкынын орточо жыштыгы боюнча Канада дүйнөдөгү эң соңку оруңдардын биринде турат (1 км² ка 4 киши). Калкынын ⅘ бөлүгү мамлекеттин климаттык шарты бир кыйла ыңгайлуу болгон түштүк аймактарында топтолгон. Айрыкча, түштүк-чыгыш чек ара бою аймактарында калктын жыштыгы жогору *(161-сүрөт)*.

**Экономикасы.** Канада дүйнөнүн социалдык экономикалык өнүккөндүгү жагынан алдыңкы мамлекеттердин бири болуп, «Чоң жетилик» тобунун мүчөсү эмептелет.

Канада уран, никель, алтын, платина, молибден рудалары, алмаз, калий туздары, асбест, күкүрт казып алууда жетекчи оруңдарды ээлейт. Мамлекетте нефть-газ өнөр жайы да жогору даражада өнүгүүдө *(162-сүрөт)*. Ал дүйнөдөгү эң ири отун экспортчуларынан бири болуп саналат.

Канадада тоо-кен өнөр жайы менен бир катарда электр энергетикасы, жыгачты кайра иштөө жана целлюлоза-кагаз, транспорт жана айыл чарба машина куруучулугу, түстүү жана кара металлургия, химия, тамак-аш өнөр жайы жогору даражада өнүккөн.

Дыйканчылык өлкөнүн түштүгүндөгү өнүмдүү кара топурактуу талааларда жакшы өнүккөн. Канада дүйнөдөгү эң ири буудай экспортчуларынан бири. Рапс, соя жана күн карама сыяктуу майлуу эгиндерди жетиштирүү жана дүйнөлүк базарга чыгаруу боюнча да Канада дүйнөнүн алдыңкы мамлекеттеринин катарында.



*161-сүрөт.* **Канада калкынын жайгашуусу (мамлекеттин өзүнчө түс менен боёлгон ар бир бөлүгүндө калкынын ¼ бөлүгү жашайт).**



*162-сүрөт.* **Океандагы бургулоо платформасы.**

## Суроо жана тапшырмалар

1. Канаданын экономикалык-географиялык ордун түшүндүргүлө. Анын экономикалык-социалдык өнүгүшүндө АКШга коңшу экендиги кандай мааниге ээ деп ойлойсуңар
2. Канаданын табигый шартынын негизги өзгөчөлүктөрүн мүнөздөгүлө жана алардын өлкөнүн экономикасына көрсөткөн таасирин түшүндүргүлө.
3. Канада калкынын жайгашуусуна кандай факторлор таасир көрсөткөн? Эмне үчүн Канада калкынын көпчүлүк бөлүгү өлкөнүн түштүгүндө жашайт?
4. Канада калкынын этникалык жана тил курамынын өзүнө мүнөздүү өзгөчөлүгүн мүнөздөгүлө. Силердин оюңарча, эмне үчүн бул мамлекетке чет өлкөдөн көчүп келүүчүлөр көп?
5. Канада кайсы эгиндерди жетиштирүүдө жана дүйнөлүк базарга чыгарууда алдыңкы мамлекеттерден бири болуп саналат? Мамлекеттин айыл чарбасынын адистешүүсүнө таасир этүүчү факторлорду түшүндүргүлө.
6. Атластагы Канаданын экономикалык картасынан пайдаланып, мамлекет айыл чарбасынын адистешүүсүн жана негизги өнөр жай тармактарын жазуусуз картага белгилегиле.
7. Төмөнкү жазуусуз картада белгиленген Канаданын ири шаарларынын атын аныктагыла.




*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



*Амазония, экватордук жана субэкватордук климат, токой ресурстары, Сан-Паулу, Рио-де-Жанейро, фавелла, мулаттар, айыл чарба өнүмдөрү.*

*Бразилия кайсы тармактарда дүйнөгө белгилүү?*






Аянты: **8515,7 миң км²**
Калкы (2020): **211,8 млн**
Борбору: **Бразилиа**

# 59-§. Бразилия

Бразилия Федеративдик Республикасы Түштүк Америкадагы эң ири мамлекет болуп, ушул материктин жалпы аянтынын жарымына жакын бөлүгүн ээлейт. Жээктери чыгыштан Атлантика океаны суулары менен жуулат. Бразилия Чили жана Эквадордон тышкары Түштүк Америкадагы бардык мамлекеттер менен чектеш. Аймагынын чоңдугу боюнча дүйнөдө 5-орунду ээлейт.

Башкаруу формасы — президенттик республика. Саясий-аймактык жагынан 26 штат жана 1 федералдык борбордук округдан турат.

**Табигый шарты жана ресурстары.** Бразилиянын аймагы байыркы Түштүк Америка платформасында жайгашкан. Ошондуктан, рельефи түздүк жана тайпак тоолордон турат. Түндүгүндө чоң аянтты Амазония түздүгү ээлейт. Андан түштүгүндө күчтүү майдаланган Бразилия тайпак тоолору жайгашкан. Бразилия тайпак тоолугу жана Атлантика океаны арасында тар кыргак бою түздүгү жайгашкан. Бразилияда нефть, көмүр, темир, боксит, никель, уран, марганец рудалары, алмаз жана башка пайдалуу казылмалардын ири кендери бар.

Чоң бөлүгү экватордук жана субэкватордук климат алкактарында жайгашкандыгы жана Атлантика океанынан согуучу пассат шамалдарынын таасири себептүү климаттык шартына жогору даражадагы нымдуулук жана жылуулук мүнөздүү.

Нымдуу климатынан улам Бразилияда географиялык тармактар абдан жакшы өнүккөн. Мамлекет түндүгүнөн дүйнөнүн эң узун жана суусу мол дарыясы — Амазонка өтөт. Амазонканын бассейнинде планетабыздагы эң ири жана калың токой массивдеринен бири калыптанган *(163-сүрөт)*. Бразилияда Амазонкадан тышкары Парана, Токантинс, Сан-Франциску сыяктуу ири дарыялар да бар. Бразилия суу, гидроэнергетика жана токой ресурстары менен эң жакшы камсыздалган мамлекеттердин бири болуп саналат.

**Калкы.** Бразилия дүйнөдөгү калкы эң көп мамлекеттердин бири. 2020-жыл маалыматтары боюнча, Бразилияда 212 млн га жакын калк жашайт. Калктын табигый өсүүсү жогору эмес, жылдык эсепте 0,7-0,8%га барабар.

Бразилия — жогору урбанизациялашкан мамлекет. Шаар калкынын үлүшү 85%дан жогору. Бразилияда дүйнөлүк масштабда ирилиги менен ажыралып турган эки шаар — Сан-Паулу жана Рио-де-Жанейро жайгашкан *(164-сүрөт)*. Өлкөнүн ири шаарларында жакырлар жашаган жакыр райондор эбегейсиз чоң аймактарды ээлейт. Бразилияда мындай шаар аймактары «фавела» деп аталат.



*163-сүрөт.* **Амазония токойлору.**



*164-сүрөт.* **Сан-Паулу шаары.**

Бразилиялыктардын расалык курамында европеоиддер жана мулаттар көпчүлүктү түзөт. Мамлекеттик тил жана күнүмдүк турмушта эң көп колдонулган тил — португал тили. Калкынын диний курамында католиктер басымдуулук

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



кылат. Бразилия католиктердин саны боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат.

Бразилиянын Атлантика океанына туташ түштүк-чыгыш бөлүгү дүйнөдөгү калкы эң жыш жайгашкан аймактардын бири болсо, Амазония токойлорунда, тескерисинече, калк өтө сейрек жайгашкан *(165-сүрөт)*.




*165-сүрөт.* **Бразилияда калктын жыштыгы (штаттар ортосунда, киши/км²).**

**Экономикасы.** Бразилия Федеративдик Республикасы чоң экономикалык деңгээли жана тез өсүп жаткан өндүрүшү менен ажыралып турууучу өлкөлөрдүн бири. ИДӨнүн көлөмү боюнча Бразилия дүйнөдө 8-орунду ээлейт (2020-ж).

Бразилия экономикасынын жетекчи тармагы болгон өнөр жай соңку жылдарда туруктуу өсүүдө. Өнөр жайдын эң маанилүү тармактарынын бири металлургия болуп саналат. Дүйнөдөгү эң ири темир рудасы кендеринен эсептелген Минас-Жерайс жана Каражас чоң экономикалык мааниге ээ.

Металлургия өнөр жайынын тез өсүшү түрдүү машина куруу тармактарынын өнүгүшүнө оң таасир этти. Бразилияда машина куруу, самолёт куруу, микроэлектроника, радиотелемеханика сыяктуу машина куруу тармактары жакшы өнүккөн.

Бразилия электр энергиясын өндүрүү боюнча дүйнөнүн биринчи ондугуна кирет. Мамлекет электр энергетикасында ГЭСтердин орду чоң. Итайпу жана Тукуруи дүйнөдөгү эң ири ГЭСтердин катарына кирет.

Бразилия биоотун өндүрүү дүйнөдө АКШдан кийинки экинчи орунда турат. Мамлекетте бул өнүм бал камышты кайра иштөө негизинде өндүрүлөт. Автотранспорт каражаттарынын негизги бөлүгү биоотундан (этанол) пайдаланып иштейт.

Айыл чарбасында дыйканчылык жана мал чарбачылыгы да товардык мааниге ээ экендиги менен ажыралып турат. Дыйканчылыкта данчылык, кофе, бал камыш *(166-сүрөт)*, пахта, соя, тамеки, банан жетиштирүү маанилүү роль ойнойт. Бразилия дүйнөдөгү тамак-аш өнүмдөрүнүн эң ири экспорттоочуларынын бири. Анын ичинен, ал кант, кофе жана тамеки экспорту боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат.

Мал чарбсында эт чарбачылыгы жана үй канаттуулар чарбасы жогору даражада өнүккөн. Бразилия эт өндүрүү жана экспорттоо боюнча дүйнөдөгү жетекчи мамлекеттердин бири болуп саналат.



*166-сүрөт.* **Кант камыш плантациясы.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



## Суроо жана тапшырмалар

1. Дүйнөнүн саясий картасы жардамында Бразилиянын экономикалык-географиялык ордуна мүнөздөмө бергиле жана анын артыкчылык жактарын түшүндүргүлө.
2. Бразилия кайсы түрдөгү табигый ресурстарга бай? Анын климаты мамлекеттин табигый ресурстук деңгээлинде кандай мааниге ээ?
3. Бразилияда калктын жыштыгына кандай факторлор таасир көрсөтөт? Мамлекеттин кайсы бөлүктөрүндө калктын жыштыгы эң жогору же тескерисинче?
4. Бразилия электр энергетикасына кандай өзгөчөлүктөр мүнөздүү? Бул сыяктуу жагдайды дагы кайсы мамлекеттерден байкоого болот?
5. Мамлекет өнөр жайы жана айыл чарбасынын адистешүүсүнө таасир көрсөткөн факторлорду мүнөздөгүлө.
6. Бразилия жөнүндөгү маалыматтардын альтернативдүү варианттарынын арасынан туурасын тандагыла.

| | |
|---|---|
| ? ИДӨнүн көлөмү боюнча дүйнөдө 8-орунду ээлейт. | ? ИДӨнүн көлөмү боюнча дүйнөдө 5-орунду ээлейт. |
| ? Чили жана Уругвайдан тышкары Түндүк Америкадагы бардык мамлекеттер менен чектешет. | ? Чили жана Экватордон тышкары Түндүк Америкадагы бардык мамлекеттер менен чектешет. |
| ? Калкынын диний курамында протестанттар үстөмдүк кылат. | ? Калкынын диний курамында католиктер үстөмдүк кылат. |
| ? Кофе экспорту боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат. | ? Кофе экспорту боюнча дүйнөдө үчүнчү орунда турат. |
| ? Экономикасынын жетекчи тармагы айыл чарбасы. | ? Экономикасынын жетекчи тармагы өнөр жай тармагы. |



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# 60-§. Жалпылаштыруучу кайталоо

**1. Төмөнкү Африка мамлекеттерин деңизге чыгуу мүмкүнчүлүгүнө ээ жана ички континенттик мамлекеттерге ажыраткыла.**




**2. Төмөнкү маалыматтар кайсы мамлекеттерге таандык экендигин тапкыла.**

- Көлдөрдүн саны боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат.
- Түндүк Америка материгинин эң бийик чокусу жайгашкан.
- Түндүгүнөн дүйнөдөгү эң узун жана эң суусу мол дарыя өтөт.
- Аянты боюнча дүйнөдө алтынчы орунду ээлейт.
- Дүйнөдө жүн экспорттоо боюнча биринчи орунда турат.
- Эң чоң кирешени туризмден алат.
- Калктын ⅘ бөлүгү өлкөнүн түштүк аймактарында топтолгон.
- Биоотун өндүрүү боюнча дүйнөдө экинчи орунда турат.
- Автомобиль жолдорунун узундугу боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат.
- Кант экспорттоо боюнча дүйнөдө биринчи орунда турат.
- Аянтынын чоңдугу боюнча дүйнөдө экинчи орунду ээлейт.

**3. Берилген сандардын негизинде керектүү эсептөөлөрдү аткарып, жадыбалды толтургула.**

| Мамлекеттер | Калкынын саны млн киши | Урбанизация көрсаткүчү % | Шаар калкынын саны, млн киши | Айыл калкынын саны, млн киши |
|---|---|---|---|---|
| Австралия | 25,8 | 86 | .. | .. |
| АКШ | 329,9 | 82 | .. | .. |
| Канада | 38,2 | 81 | .. | .. |
| Бразилия | 211,8 | 87 | .. | .. |

**4. Атластагы Австралия, Канада жана Бразилиянын экономикалык карталарынан пайдаланып, ушул мамлекеттердин айыл чарбасынын адистешүүсүн салыштыргыла жана ага кандай факторлор таасир эткенин түшүндүргүлө.**

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


# Глоссарий

**Агроклиматтык ресурстар** — айыл чарбасына түздөн-түз таасир этүүчү климаттык ресурстар (негизинен жылуулуктун жана нымдуулуктун көлөмү).

**Аймактык адистештирүү** — белгилүү бир аймак чарбасынын тышкы базар үчүн өнүм өндүрүүгө адистештирилиши.

**Анклав мамлекет** — бардык тарабынан бир мамлекеттин аймагы менен курчалган жана башка мамлекет же деңиз суулары менен чек арасы жок мамлекет.

**Аралаш республика** - өкмөттүн курамы президент менен парламенттин өзара макулдашуусу боюнча түзүлө турган республикалык башкаруу формасы.

**Абсолюттук монархия** — мамлекет башчысынын (монархтын) саясий ыйгарым укуктары чектелбеген монархиялык башкаруу формасы.

**Геотермалдык ресурстар** — энергия булагы катары колдонууга мүмкүн болгон Жердин ички жылуулугу.

**Демографиялык кризис** — төрөлүү өлүм көрсөткүчүнө караганда төмөнүрөөк болгондугу себептүү калк санынын азайышы.

**Демографиялык жарылуу** — өлүм көрсөткүчүнүн азайышынан улам калктын санынын тез темптер менен көбөйүшү.

**Демография** — калктын кайра түзүлүшүн жана курамын, алардын өзгөрүшүн изилдөөчү илим.

**Дүйнөлүк чарба** — өзара соода, кредит берүү, эл аралык экономикалык уюмдары түзүү жана башка формадагы экономикалык мамилелер аркылуу байланышкан дүйнө өлкөлөрүнүн улуттук чарбаларынын жыйындысы.

**Жалган урбанизация** — ири шаарлардын чет жакаларында зарыл инфраструктуралык элементтерге ээ болбогон жана айылдардан көчүп келген адамдар тарабынан иретсиз курулган аймактардын пайда болушу.

**Илимий-техникалык революция** — илим-билимдин өнүгүшүнүн тездешүүсүнүн натыйжасында өндүрүшкө жаңы техника жана технологияларды киргизүүнүн тынымсыз процесси.

**Ички дүң өнүм (ИДӨ)** — белгилүү убакытта өлкөдө өндүрүлгөн пировард өнүм жана кызматтардын базар наркындагы жалпы суммасы.

**Калктын механикалык көбөйүшү** — белгилүү бир мезгилде белгилүү бир аймакка көчүп келген калк жана көчүп калктын ортосундагы катыш.

**Калктын табигый көбөйүшү** — төрөлүү көрсаткүчүнүн өлүм көрсаткүчүнан айырмасы.

**Күнөскана эффектиси** — «күнөскана» газдарынын көлөмүнүн көбөйүшүнүн натыйжасында атмосферанын төмөнкү катмарынын температурасынын жогорулашы.

**Конституциялык монархия** — мамлекет башчысынын (монархтын) саясий ыйгарым укуктары белгилүү өлчөмдө чектелген монархиялык башкаруу формасы.

**Конфессия** — дин, диний багыт.

**Мегалополис** — ири шаарлар жана шаар агломерацияларынын бири-бирине кошулуп кетиши.

**Миграция** — бул адамдардын бир аймактан экинчисине туруктуу же убактылуу көчүүсү.

**Монархия** — жогорку мамлекет бийлиги толугу менен же жарым-жартылай бир адамга (монархка) тиешелүү болгон жана адатта муундан муунга өтүп турган башкаруу формасы.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Моношаар** — белгилүү бир ири ишкананын же пайдалуу казылма кенинин негизинде калыптанган бир өндүрүш тармагына адистешкен шаар.

**Парламенттик республика** — өкмөттүн курамын парламент калыптандыра турган республикалык мамлекет башкаруу формасынын көрүнүшү.

**Порт** — океан, деңиз жээгинде же ички суу жолдорунда жайгашкан жана кемелер токтошу үчүн жасалган жер.

**Президенттик республика** - өкмөттүн курамы президент тарабынан түзүлө турган республикалык мамлекеттик башкаруу формасынын көрүнүшү.

**Раса** — бири-биринен сырткы көрүнүшү (териси, чачы, көзүнүн түсү, дене түзүлүшү, бетинин формасы, мурун, эриндери ж. б.) боюнча айырмаланган адамдардын тобу.

**Рекреация** — адамдардын физикалык жана психикалык энергиясын, денсоолугун жана эмгекке жөндөмдүүлүгүн калыбына келтирүү.

**Рекреациялык ресурстар** — рекреациялык максатта колдонула турган табигый, тарыхый-маданий, чарбалык, ден-соолукту чыңдоочу, оюн-зоок объекттери.

**Республика** — бардык мамлекеттик бийлик органдары шайлануучу же жалпы улуттук ыйгарым укуктуу мекемелер тарабынан калыптандырыла турган башкаруу формасы.

**Табияттан пайдалануу** — табигый ресурстардан пайдалануу, аларды коргоо жана калыбына келтирүү менен байланышкан адам иш-аракети.

**Табияттан туура эмес пайдалануу** — табигый чөйрө жана анын ресурстарынын абалынын терс жакка өзгөрүшүнө алып келүүчү табияттан пайдалануу.

**Табияттан туура пайдалануу** — табигый байлыктардан ченемде пайдалануу, аларды коргоого жана калыбына келтирүүгө, табигый чөйрөнүн саламат абалын сактоого көңүл бурган абалда пайдалануу.

**Тышкы соода айлампасы** — өлкөнүн белгилүү бир мезгилдеги экспортунун жана импортунун жыйындысы.

**Тышкы соода балансы** — белгилүү бир мезгил ичинде белгилүү бир өлкөнүн экспорттук жана импорттук суммасынын айырмасы.

**Трансулуттук компания** — эки же андан көп өлкөлөрдө иш алып барган ишканалар жана чоң өлчөмдө чет элдик активдерге ээ болгон эл аралык компания.

**Унитардык мамлекет** — курамындагы административдик-аймактык бирдиктери бирдиктүү бийлик органдарына баш ийген мамлекет.

**Урбанизация** — коомдун социалдык-экономикалык турмушунда шаарлардын маанисин жогорулатуу, анын ичинде шаар тургундарынын санынын жана салмагынын өсүшү, шаардык жашоо образынын жайылуу процесси.

**Улуттук дүң өнүм (УДӨ)** — белгилүү бир өлкөнүн жарандары жана компаниялары тарабынан белгилүү бир мезгил ичинде өлкөнүн аймагында жана анын тышкарысында өндүрүлгөн өнүмдөр жана кызмат көрсөтүүлөрдүн базар наркындагы жалпы суммасы.

**Федерация** — жалпы конституциялык түзүлүштүн алкагында өз алдынча ички башкарууга ээ болгон административдик-аймактык бирдиктерге ээ мамлекеттер.

**Чөлдөшүү** — чөлдүү өзгөчөлүктөргө мүнөздүү болгон аймактардын аянтынын кеңейип баруу жараяны.

**Шаар агломерациясы** — түрдүү өлчөмдөгү шаарлардын административдик, өндүрүштүк, социалдык жана маданий мамилелердин натыйжасында биригиши.

**Экологиялык проблема** — табияттан туура эмес пайдалануунун натыйжасында табигый чөйрөсүнүн сапатынын начарлашы.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



**Экологиялык саясат** — табигый чөйрөнү коргоого жана аны саламатташтырууга, табигый ресурстардан сарамжалдуу пайдаланууга багытталган иш-аракеттердин системасы.

**Эксклав** — белгилүү өлкөнүн негизги аймагынан бөлүнгөн жана башка өлкөлөрдүн аймагы менен курчалган бөлүгү.

**Этнос** — адамдардын тили, жашаган аймагы, маданий каада-салты жана үрп-адаттары, жашоо образы менен айырмаланган жана эң негизгиси, өздүгүн аңдоо сезими болгон тарыхый калыптанган социалдык-маданий тобу.

**Экономикалык географиялык орун** — белгилүү бир аймактык объектинин башка чарбалык маанидеги объекттерге карата жайгашуусу.

**Экономикалык район** — чарбанын адистештирилгендиги, социалдык-экономикалык өнүгүүнүн мүмкүнчүлүктөрү жана көйгөйлөрү менен ажыралып турган ири аймактык бөлүгү.

**Эл аралык экономикалык интеграция** — мамлекеттердин өзара бекем базар мамилелери, бирдиктүү экономикалык саясат жана мыйзамдарга негизделген өлкөлөрдүн экономикалык биригүү процесси.

**Эл аралык эмгек бөлүштүрүлүшү** — кээ бир өлкөлөрдүн чарбасынын белгилүү бир өнүмдөрдү өндүрүүгө адистешүүсү жана бул өнүмдөрдү башка өлкөлөр менен алмашуусу.



Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# Пайдаланылган жана сунушталган адабияттардын тизмеги


Алимкулов Н., Сафарова Н., Аманбаева З., Моминов Д. География (окуу колдонмо). — Ташкент, 2019 — 292б.

Эгамбердиева У.Т. Өнөр жай географиясы. Окуу китеби. — Ташкент: Фан ва технология, 2020. — 240 б.

Hildebrant B., Max L., Keller K., Neumann R.P. (2021), Human geography, Hawtorne, CA, USA, 848 p.

Каюмов А., Пардаев Г., Исломов И. Марказий Осиё мамлакатлари иқтисодий ва ижтимоий географияси (окуу колдонмо). — Ташкент, 2015 — 160 б.

Каюмов А., Сафаров И., Тиллабоева М., Федорко В. География (Жахон иқтисодий ва ижтимоий географияси) Жалпы орто билим берүүчү мектептердин 9-класс окуучулар үчүн окуу китеби: кайра иштелген жана толтурулган бешинчи басылышы. — Ташкент: Өзбекстан. 2019 — 176 б.

Paul L. Knox (2017), The geography of Western Europe, Abingdon, 264 p.

Сафарова Н.И., Камилова Н.К., Исломов Н.К., Каракулов Н.М. Жахон мамлакатлари иқтисодий ва ижтимоий географияси (окуу колдонмо). — Ташкент: Махалла ва оила, 2022 — 242 б.

World regional geography — people, places and globalization (2016), LibreTexts, 651 p.

Агафошин М.М., Горохов С.А., Заяц Д.В. Экономическая и социальная география зарубежных стран: учебное пособие. — Москва: ЮНИТИ-ДАНА, 2020. — 223 с.

Агафошин М.М., Горохов С.А., Лобжанидзе А.А., Лопатников Д.Л., Толкунова С.Г. Общая экономическая и социальная география: учебное пособие. — Москва: ЮНИТИ-ДАНА, 2020. — 127 с.

Анохин А.А., Житин Д.В. География населения с основами демографии. Учебник. — Москва: Юрайт, 2019. — 203 с.

Бабурин В.Л., Гладкевич Г.И. Экономическая и социальная география стран Ближнего

Зарубежья. — Москва: Ленанд, 2021. — 440 с.

Лобжанидзе А.А., Горохов С.А., Заяц Д.В. Этногеография и география религий. Учебник и практикум. 2-е изд., пер. и доп. — Москва: Юрайт, 2019. — 279 с.

Новая географическая картина мира. Часть 1: учебное пособие / под редакцией В.А.

Колосова, Д.В. Зайца. — Москва: Дрофа, 2020. — 319 с.

Новая географическая картина мира. Часть 2: учебное пособие / под редакцией В.А.

Колосова, Д.В. Зайца. — Москва: Дрофа, 2020. — 287 с.

Окунев И.Ю. Политическая география: учебное пособие для вузов. — Москва: Аспект Пресс, 2019. — 512 с.

Родионова И.А. Экономическая и социальная география мира. — Москва: Юрайт, 2012. — 688 с.

Ромашова Т.В. География населения с основами демографии: практикум. — Томск: Издательский Дом ТГУ, 2014. — 99 с.

Симагин Ю.А. Территориальная организация населения и хозяйства: учебное пособие —

Москва: КНОРУС, 2017. — 380 с.

Социально-экономические проблемы развития регионов в условиях глобальной нестабильности / Под редакцией И.А. Родионовой. — Москва: РУДН, 2021. — 237 с


*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# Эл аралык статистикалык маалыматтар менен таанышууда пайдаланууу мүмкүн болгон веб-сайттар

**https://unstats.un.org/** — Бириккен Улуттар Уюмунун Статистика бөлүмү.
**https://www.undp.org/** — БУУнун Өнүктүрүү программасы.
**https://www.unido.org/** — БУУнун Өнөр жайды өнүктүрүү уюму (ЮНИДО).
**https://www.fao.org/statistics** —БУУнун Тамак-аш жана айыл чарба уюму (ФАО).
**http://uis.unesco.org/** — ЮНЕСКОнун статистика институту.
**http://www.prb.org/** — БУУнун Калкт боюнча маалымат бюросу
**https://data.worldbank.org/** — Дүйнөлүк Банк.
**https://www.imf.org/** — Эл аралык волюта фонду.
**https://www.wto.org/** — Эл аралык соода уюму.
**https://www.isi-web.org/** — Эл аралык статистика уюму.
**https://www.oecd-ilibrary.org/statistics** — Экономикалык кызматташтык жана өнүктүрүү уюму.
**https://ec.europa.eu/eurostat/** — Европа Комиссиясынын Евростат департаменти.
**https://www.opec.org/** — Нефть экспорттоочу өлкөлөрдүн уюму (ОПЕК).
**http://www.cisstat.com/** — Көз карандысыз Мамлекеттер Шериктештигинин мамлекеттер аралык статистикалык комитети.
**https://eec.eaeunion.org/** — Евразия экономикалык комиссиясы.
**https://www.bp.com/** — «British Petroleum» компаниясы.
**https://www.usgs.gov/** — АКШ Геологиялык кызматы.
**https://trendeconomy.ru/** — Эл аралык соода статистикасы.
**https://knoema.ru/** — Дүйнөлүк маалыматтар атласы.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



# Тиркеме

## ДҮЙНӨ МАМЛЕКЕТТЕРИ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ (2020)

| № | Мамлекет | Аймагы миң км² | Калкы млн киши | Башкаруу формасы | Борбору |
|---|---|---|---|---|---|
| | **ЕВРОПА** | | | | |
| 1 | Австрия | 83,8 | 8,9 | Республика | Вена |
| 2 | Албания | 28,7 | 2,8 | Республика | Тирана |
| 3 | Андорра | 0,4 | 0,08 | Монархия | Андорра-ла-Велья |
| 4 | Беларусь | 207,6 | 9,4 | Республика | Минск |
| 5 | Бельгия | 30,5 | 11,5 | Монархия | Брюссель |
| 6 | Болгария | 110,9 | 6,9 | Республика | София |
| 7 | Босния жана Герцеговина | 51,1 | 3,3 | Республика | Сараево |
| 8 | Ватикан | 0,0004 | 0,001 | Монархия | Ватикан |
| 9 | Венгрия | 93 | 9,8 | Республика | Будапешт |
| 10 | Германия | 357,4 | 83,3 | Республика | Берлин |
| 11 | Греция | 131,9 | 10,7 | Республика | Афина |
| 12 | Дания | 43,1 | 5,8 | Монархия | Копенгаген |
| 13 | Ирландия | 70,3 | 5 | Республика | Дублин |
| 14 | Исландия | 103 | 0,4 | Республика | Рейкявик |
| 15 | Испания | 504,8 | 47,6 | Монархия | Мадрид |
| 16 | Италия | 302,1 | 60,3 | Республика | Рим |
| 17 | Латвия | 64,6 | 1,9 | Республика | Рига |
| 18 | Литва | 65,3 | 2,8 | Республика | Вильнюс |
| 19 | Лихтенштейн | 0,16 | 0,04 | Монархия | Вадуц |
| 20 | Люксембург | 2,6 | 0,6 | Монархия | Люксембург |
| 21 | Мальта | 0,3 | 0,5 | Республика | Валлетта |
| 22 | Молдова | 33,8 | 3,5 | Республика | Кишинёв |
| 23 | Монако | 0,002 | 0,04 | Монархия | Монако |
| 24 | Нидерландия | 41,5 | 17,5 | Монархия | Амстердам |
| 25 | Норвегия | 324,2 | 5,4 | Монархия | Осло |
| 26 | Польша | 312,7 | 38,4 | Республика | Варшава |
| 27 | Португалия | 92,1 | 10,3 | Республика | Лиссабон |
| 28 | Россия | 17098,2 | 146,7 | Республика | Москва |
| 29 | Румыния | 237,5 | 19,2 | Республика | Бухарест |
| 30 | Сан-Марино | 0,06 | 0,03 | Республика | Сан-Марино |
| 31 | Сербия | 88,5 | 8,8 | Республика | Белград |
| 32 | Словакия | 48,8 | 5,5 | Республика | Братислава |
| 33 | Словения | 20,2 | 2,1 | Республика | Любляна |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


| № | Мамлекет | Аймагы миң км$^2$ | Калкы млн киши | Башкаруу формасы | Борбору |
|---|---|---|---|---|---|
| 34 | Түндүк Македония | 25,3 | 2,1 | Республика | Скопье |
| 35 | Украина | 603,5 | 41,8 | Республика | Киев |
| 36 | Улуу Британия | 243,8 | 67,2 | Монархия | Лондон |
| 37 | Финляндия | 338,1 | 5,5 | Республика | Хельсинки |
| 38 | Франция | 547 | 64,9 | Республика | Париж |
| 39 | Хорватия | 56,5 | 4 | Республика | Загреб |
| 40 | Черногория | 14 | 0,6 | Республика | Подгорица |
| 41 | Чехия | 78,8 | 10,7 | Республика | Прага |
| 42 | Швейцария | 41,3 | 8,6 | Республика | Берн |
| 43 | Швеция | 449,9 | 10,4 | Монархия | Стокгольм |
| 44 | Эстония | 45,2 | 1,3 | Республика | Таллин |
| | **АЗИЯ** | | | | |
| 45 | Азербайжан | 86,6 | 10,1 | Республика | Баку |
| 46 | Армения | 29,7 | 3 | Республика | Ереван |
| 47 | Афганстан | 652,8 | 38,9 | Республика | Кабул |
| 48 | Бангладеш | 144 | 169,8 | Республика | Дакка |
| 49 | Бахрейн | 0,8 | 1,5 | Монархия | Манама |
| 50 | Бириккен Араб Эмираттары | 83,6 | 9,8 | Монархия | Абу-Даби |
| 51 | Бруней | 5,8 | 0,5 | Монархия | Бандар-Сери-Бегаван |
| 52 | Бутан | 38,4 | 0,7 | Монархия | Тхимпху |
| 53 | Вьетнам | 329,5 | 96,2 | Республика | Ханой |
| 54 | Грузия | 69,7 | 3,7 | Республика | Тбилиси |
| 55 | Израиль | 22,1 | 9,2 | Республика | Тель-Авив |
| 56 | Индия | 3287,2 | 1400,1 | Республика | Дели |
| 57 | Индонезия | 1919,4 | 271,7 | Республика | Жакарта |
| 58 | Ирак | 437,1 | 39,7 | Республика | Багдад |
| 59 | Иран | 1648 | 84,2 | Республика | Тегеран |
| 60 | Йемен | 527,9 | 29,8 | Республика | Сана |
| 61 | Йордания | 89,4 | 10,7 | Монархия | Амман |
| 62 | Казакстан | 2724,9 | 18,7 | Республика | Астана |
| 63 | Камбоджа | 181 | 15,5 | Монархия | Пном-Пен |
| 64 | Катар | 11,6 | 2,8 | Монархия | Доха |
| 65 | Кипр | 9,2 | 1,2 | Республика | Никосия |
| 66 | Корея Республикасы | 100,2 | 51,8 | Республика | Сеул |
| 67 | Корея Эл Демократиялык Республикасы | 120,5 | 25,8 | Республика | Пхеньян |
| 68 | Кувейт | 17,8 | 4,7 | Монархия | Аль-Кувейт |
| 69 | Кыргыз Республикасы | 199,9 | 6,6 | Республика | Бишкек |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| № | Мамлекет | Аймагы миң км$^2$ | Калкы млн киши | Башкаруу формасы | Борбору |
|---|---|---|---|---|---|
| 70 | Кытай | 9599 | 1434,2 | Республика | Пекин |
| 71 | Лаос | 236,8 | 7,2 | Республика | Вьентян |
| 72 | Ливан | 10,4 | 6,8 | Республика | Байрут |
| 73 | Малайзия | 329,7 | 32,8 | Монархия | Куала-Лумпур |
| 74 | Мальдив Республикасы | 0,3 | 0,5 | Республика | Мале |
| 75 | Монголия | 1566,6 | 3,4 | Республика | Улан-Батор |
| 76 | Мьянма | 678,5 | 54,7 | Республика | Нейпидо |
| 77 | Непал | 140,8 | 30 | Республика | Катманду |
| 78 | Оман | 309,5 | 4,7 | Монархия | Маскат |
| 79 | Өзбекстан | 448,9 | 34,2 | Республика | Ташкент |
| 80 | Пакистан | 803,9 | 220,9 | Республика | Исламабад |
| 81 | Сауд Арабиясы | 2149,7 | 35 | Монархия | Ар-Рияд |
| 82 | Сингапур | 0,8 | 5,8 | Республика | Сингапур |
| 83 | Сирия | 185,2 | 19,4 | Республика | Дамаск |
| 84 | Тажикстан | 141,4 | 9,4 | Республика | Душанбе |
| 85 | Таиланд | 514 | 66,5 | Монархия | Бангкок |
| 86 | Түркия | 783,6 | 83,7 | Республика | Анкара |
| 87 | Түркмөнстан | 491,2 | 6 | Республика | Ашхабад |
| 88 | Филиппин | 299,7 | 109,6 | Республика | Манила |
| 89 | Чыгыш Тимор | 14,9 | 1,3 | Республика | Дили |
| 90 | Шри-Ланка | 65,6 | 21,9 | Республика | Коломбо |
| 91 | Япония | 377,9 | 126 | Монархия | Токио |
| | **АФРИКА** | | | | |
| 92 | Алжир | 2381,7 | 44,4 | Республика | Алжир |
| 93 | Ангола | 1246,7 | 32,5 | Республика | Луанда |
| 94 | Бенин | 112,6 | 12,2 | Республика | Порто-Ново |
| 95 | Борбордук Африка Республикасы | 623 | 4,8 | Республика | Банги |
| 96 | Ботсвана | 581,7 | 2,3 | Республика | Габороне |
| 97 | Буркина-Фасо | 274,2 | 20,9 | Республика | Уагадугу |
| 98 | Бурунди | 27,8 | 11,9 | Республика | Гитега* |
| 99 | Габон | 267,6 | 2,2 | Республика | Либревиль |
| 100 | Гамбия | 11,3 | 2,4 | Республика | Банжул |
| 101 | Гана | 238,5 | 31,1 | Республика | Аккра |
| 102 | Гвинея | 245,8 | 12,6 | Республика | Конакри |
| 103 | Гвинея-Бисау | 36,1 | 1,9 | Республика | Бисау |
| 104 | Джибути | 23,2 | 1 | Республика | Джибути |
| 105 | Египет | 1001,4 | 100,8 | Республика | Каир |
| 106 | Замбия | 752,6 | 18,4 | Республика | Лусака |
| 107 | Зимбабве | 390,6 | 14,9 | Республика | Хараре |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE


| № | Мамлекет | Аймагы миң км² | Калкы млн киши | Башкаруу формасы | Борбору |
|---|---|---|---|---|---|
| 108 | Кабо-Верде | 4 | 0,6 | Республика | Прая |
| 109 | Камерун | 475,4 | 26,6 | Республика | Яунде |
| 110 | Кения | 582,6 | 53,5 | Республика | Найроби |
| 111 | Комор аралдары | 2,2 | 0,9 | Республика | Морони |
| 112 | Конго | 342 | 5,5 | Республика | Браззавиль |
| 113 | Конго Демократиялык Республикасы | 2345,4 | 89,6 | Республика | Киншаса |
| 114 | Кот-д'Ивуар | 322,4 | 26,2 | Республика | Ямусукро |
| 115 | Лесото | 30,3 | 2,1 | Республика | Масеру |
| 116 | Либерия | 111,3 | 5,1 | Республика | Монровия |
| 117 | Ливия | 1759,5 | 6,9 | Республика | Триполи |
| 118 | Маврикий | 2 | 1,3 | Республика | Порт-Луи |
| 119 | Мавритания | 1030,7 | 4,6 | Республика | Нуакшот |
| 120 | Мадагаскар | 587 | 27,7 | Республика | Антананариву |
| 121 | Малави | 118,5 | 19,1 | Республика | Лилонгве |
| 122 | Мали | 1240 | 20,3 | Республика | Бамако |
| 123 | Марокко | 446,5 | 36 | Монархия | Рабат |
| 124 | Мозамбик | 801,6 | 31,2 | Республика | Мапуту |
| 125 | Намибия | 825,4 | 2,5 | Республика | Виндхук |
| 126 | Нигер | 1267 | 24,2 | Республика | Ниамей |
| 127 | Нигерия | 923,8 | 206,1 | Республика | Абужа |
| 128 | Руанда | 26,3 | 13 | Республика | Кигали |
| 129 | Сан-Томе жана Принсипи | 1 | 0,2 | Республика | Сан-Томе |
| 130 | Сейшель аралдары | 0,4 | 0,1 | Республика | Виктория |
| 131 | Сенегал | 196,2 | 16,7 | Республика | Дакар |
| 132 | Сомали | 637,6 | 15,9 | Республика | Могадишо |
| 133 | Судан | 1886 | 43,8 | Республика | Хартум |
| 134 | Сьерра-Леоне | 71,7 | 8 | Республика | Фритаун |
| 135 | Танзания | 948,1 | 59,7 | Республика | Додома |
| 136 | Того | 56,8 | 8,3 | Республика | Ломе |
| 137 | Тунис | 163,6 | 11,9 | Республика | Тунис |
| 138 | Түштүк Африка Республикасы | 1219,9 | 59,6 | Республика | Претория |
| 139 | Түштүк Судан | 619,7 | 11,2 | Республика | Джуба |
| 140 | Уганда | 236 | 45,7 | Республика | Кампала |
| 141 | Чад | 1284 | 16,9 | Республика | Нжамена |
| 142 | Экватордук Гвинея | 28 | 1,4 | Республика | Малабо |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| № | Мамлекет | Аймагы миң км$^2$ | Калкы млн киши | Башкаруу формасы | Борбору |
|---|---|---|---|---|---|
| 143 | Эритрея | 121,3 | 6,1 | Республика | Асмера |
| 144 | Эсватини | 17,3 | 1,1 | Монархия | Мбабане |
| 145 | Эфиопия | 1127,1 | 115 | Республика | Аддис-Абеба |
| | **АМЕРИКА** | | | | |
| 146 | Америка Кошмо Штаттары | 9519,4 | 329,9 | Республика | Вашингтон |
| 147 | Антигуа жана Барбуда | 0,4 | 0,1 | Монархия | Сент-Джонс |
| 148 | Аргентина | 2780,4 | 45,4 | Республика | Буэнос-Айрес |
| 149 | Багам аралдары | 13,9 | 0,4 | Монархия | Нассау |
| 150 | Барбадос | 0,4 | 0,3 | Республика | Бриджтаун |
| 151 | Белиз | 22,9 | 0,4 | Монархия | Бельмопан |
| 152 | Боливия | 1098,6 | 11,6 | Республика | Сукре* |
| 153 | Бразилия | 8515,7 | 211,8 | Республика | Бразилиа |
| 154 | Венесуэла | 916,4 | 28,6 | Республика | Каракас |
| 155 | Гаити | 27,7 | 11,4 | Республика | Порт-о-Пренс |
| 156 | Гайана | 214,9 | 0,8 | Республика | Джоржтаун |
| 157 | Гватемала | 108,9 | 18,1 | Республика | Гватамела |
| 158 | Гондурас | 112,1 | 9,9 | Республика | Тегусигальпа |
| 159 | Гренада | 0,3 | 0,1 | Монархия | Сент-Джоржес |
| 160 | Доминика | 0,7 | 0,07 | Республика | Розо |
| 161 | Доминикана Республикасы | 48,7 | 10,5 | Республика | Санто-Даминго |
| 162 | Канада | 9984,6 | 38,2 | Монархия | Оттава |
| 163 | Колумбия | 1138,9 | 51,3 | Республика | Богота |
| 164 | Коста-Рика | 51,1 | 5,1 | Республика | Сан-Хосе |
| 165 | Куба | 110,8 | 11,3 | Республика | Гавана |
| 166 | Мексика | 1972,5 | 127,8 | Республика | Мехико |
| 167 | Никарагуа | 129,5 | 6,6 | Республика | Манагуа |
| 168 | Панама | 78,2 | 4,3 | Республика | Панама |
| 169 | Парагвай | 406,7 | 7,3 | Республика | Асунсон |
| 170 | Перу | 1285,2 | 32,8 | Республика | Лима |
| 171 | Сальвадор | 21 | 6,5 | Республика | Сан-Сальвадор |
| 172 | Сент-Винсент жана Гренадин | 0,4 | 0,1 | Монархия | Кингстаун |
| 173 | Сент-Китс жана Невис | 0,26 | 0,05 | Монархия | Бастер |
| 174 | Сент-Люсия | 0,6 | 0,2 | Монархия | Кастри |
| 175 | Суринам | 163,8 | 0,6 | Республика | Парамарибо |
| 176 | Тринидад жана Тобаго | 5,1 | 1,4 | Республика | Порт-оф-Спейн |
| 177 | Уругвай | 176,2 | 3,5 | Республика | Монтевидео |
| 178 | Чили | 756,9 | 19,5 | Республика | Сантьяго |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE



| № | Мамлекет | Аймагы миң км$^2$ | Калкы млн киши | Башкаруу формасы | Борбору |
|---|---|---|---|---|---|
| 179 | Эквадор | 283,5 | 17,5 | Республика | Кито |
| 180 | Ямайка | 11 | 2,8 | Монархия | Кингстон |
| **АВСТРАЛИЯ жана ОКЕАНИЯ** | | | | | |
| 181 | Австралия | 7692 | 25,8 | Монархия | Канберра |
| 182 | Вануату | 12,2 | 0,3 | Республика | Порт-Вила |
| 183 | Жаңы Зеландия | 268,7 | 5 | Монархия | Веллингтон |
| 184 | Кирибати | 0,7 | 0,1 | Республика | Байрики |
| 185 | Маршалл аралдары | 0,18 | 0,06 | Республика | Мажуро |
| 186 | Микронезия Федеративдик Штаттары | 0,7 | 0,1 | Республика | Паликир |
| 187 | Науру | 0,02 | 0,01 | Республика | Ярен |
| 188 | Палау | 0,4 | 0,02 | Республика | Нгерулмуд |
| 189 | Папуа-Жаңы Гвинея | 463,8 | 9 | Монархия | Порт-Морсби |
| 190 | Самоа | 2,8 | 0,2 | Республика | Апиа |
| 191 | Соломон аралдары | 28,4 | 0,7 | Монархия | Хониара |
| 192 | Тонга | 0,7 | 0,1 | Монархия | Нукуалофа |
| 193 | Тувалу | 0,03 | 0,01 | Монархия | Фунафути |
| 194 | Фиджи | 18,2 | 0,9 | Республика | Сува |

Эскертүү.

1. Жадыбалда 1.01.2021-ж. абалына карата БУУга мүчө болгон 193 мамлекет жана Ватикан мамлекети жөнүндөгү маалыматтар берилген. Аймактын аянты жана калкынын саны мамлекеттердин БУУ тарабынан таанылган чек араларынын тегерегинде келтирилген.

2. Мамлекеттердин калкынын саны 1.07.2020-жыл абалына карата, БУУ малыматтары боюнча берилген. Булак: Population Reference Bureau. 2020 World Population Data Sheet.

* Бурунди Республикасынын борбору 2019-жылы Буджумбура шаарынан Гитега шаарына көчүрүлгөн.

**Сукре Боливиянын конституциялык борбору болуп саналат, амалдагы борбору болсо Ла-Пас шаары.



*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

*O‘quv nashri*

# Geografiya

*Umumiy o‘rta ta’lim maktablarining*
*10-sinfi uchun darslik*
*(Qirg‘iz tilida)*

*Которгон* Муртаз Сотволдиев

*Редактору* Гүлзада Шерматова

*Көркөм редактору* Сарвар Фарманов

*Техникалык редактору* Акмал Сулаймонов

*Сүрөтчү* Икбол Салохиддинов

*Дизайнер-беттөөчү* Илнур Караджаев

*Корректору* Айсулуу Тойчубаева

Басууга 00.00.2022-жылда уруксат этилди. Форматы 60×84 ⅛.
Arial гарнитурасы. Кегли 11. Офсеттик кагаз.
Шарттуу басма табагы 22,32. Басма табагы 18,87.
Тиражы _______ нуска. Буюртма № _____.

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE

Все учебники Узбекистана на сайте UZEDU.ONLINE

## Ижарага берилген окуу китебинин абалын көрсөтүүчү жадыбал

| № | Окуучунун аты, жөнү | Окуу жылы | Окуу китебинин берилгендеги абалы | Класс жетекчи-синин колу | Окуу китебинин тапшырылгандагы абалы | Класс жетекчи синин колу |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1. | | | | | | |
| 2. | | | | | | |
| 3. | | | | | | |
| 4. | | | | | | |
| 5. | | | | | | |
| 6. | | | | | | |

## Окуу китеби ижарага берилип, окуу жылынын аягында кайтарып алынганда жогорудагы жадыбал класс жетекчиси тарабынан төмөнкү баалоо критерийлеринин негизинде толтурулат:

| | |
|---|---|
| Жаңы | Окуу китебинин биринчи жолу пайдаланууга берилгендеги абалы. |
| Жакшы | Мукабасы бүтүн, окуу китеби негизги бөлүгүнөн ажыраган эмес. Бардык барактары бар, жыртылбаган, беттеринде жазуу жана сызыктар жок |
| Канааттан-дырарлык | Мукабасы эзилген, четтери жыртылган, окуу китебинин негизги бөлүктөн ажыралган абалы бар, пайдалануучу тарабынан канааттандырарлык даражада калыбына келтирилген. Кээ бир беттерине сызылган. |
| Канааттан-дырарлыксыз | Мукабага чийилген, жыртылган, негизги бөлүгүнөн ажыраган же бүтүндөй жок, канааттандырарлыксыз даражада калыбына келтирилген. Беттери жыртылган, барактары жетишсиз, чийип-боёп ташталган. Окуу китебин калыбына келтирүүгө болбойт. |

*Книга предоставлена исключительно в образовательных целях
UZEDU.ONLINE